КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА АЙМАКТЫК
ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ

**Абытов Байболот Капарович**
**Акбарали кызы Токтобүбү**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ: ТАРЫХЫЙ САРЕСЕП



*[illegible] - 1929-ж.*
*[illegible] 1978-ж.*
*Кыргыз Республикасынын Конституциясы - 1993-ж.*
*Кыргыз Республикасынын Конституциясы--2010-ж.*
*Кыргыз Республикасынын Конституциясы-2016-ж.*

Ош-2020

Конрт
67.4(2Ки)
А 17

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**ТҮШТҮК БӨЛҮМҮ**

**ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА АЙМАКТЫК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

***АБЫТОВ БАЙБОЛОТ КАПАРОВИЧ***
***АКБАРАЛИ КЫЗЫ ТОКТОБҮБҮ***

Н.

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ: ТАРЫХЫЙ САРЕСЕП

***Кыргыз АССРинин Конституциясы - 1929-ж.***

***Кыргыз ССРинин Конституциясы-1937-ж., 1978-ж.***

***Кыргыз Республикасынын Конституциясы - 1993-ж.***

***Кыргыз Республикасынын Конституциясы-2010-ж.***

***Кыргыз Республикасынын Конституциясы-2016-ж.***

***Ош – 2020***

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3
А 17

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан студенттер, магистранттар, аспиранттар, окутуучулук-профессордук курам, жалпы окурмандар жана чөлкөм таануучулар үчүн атайын адабият катары сунушталды.

**Рецензенттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Т.К. Кененсариаев,**
тарых илимдеринин доктору, профессор **Каана Айдаркул**

**Жооптуу редакторлор:** Маметибраим Жаныбеков
Алибекова Омуркан Балтабаевна

**Абытов Б.К., Акбарали кызы Токтобүбү**

**А 17 «Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсү: тарыхый сересеп»-** Ош, 2020. 187 б.

**ISBN 978-9967-18-630-9**

Китепте Кыргыз Республикасынын архивдеринен табылган көптөгөн тарыхый, саясий зор мааниге ээ расмий документтерди негизинде, кыргыз тарыхында биринчи жолу Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсүнө ар тараптан сарсеп салынып, биздин Конституциянын пайда болуусуна, аларды даярдаган конституциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгүнө, кабыл алууга сунушталган Конституциялардын долбоорлоруна, алардын бүткүл элдик талкуусуна, кабыл алынышына терең иликтөө жүргүзүлүп, хронологиялык жана логикалык ырааттуулукта Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсү жазылды. Изилдөөбүздө кыргыз элинин, мамлекетинин акыркы доорлорунда өлкөбүздүн өнүгүүсүнүн негизги өбөлгөсүн түзгөн Баш мыйзамдарыбыз ким тарабынан, качан, кантип даярдалганы, алардын элге сунушталып, кеңири талкууланышы, конкреттүү жылдагы Конституциянын кабыл алынышы, ошол бир нече жолку кабыл алынган Конституциялардын түзүү жоопкерчилигин мойнуна алган комиссиялар курамы аныкталып, такталып, алардын ишмердүүлүгү кеңири чагылдырылды. Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсүнүн бардык этаптары ар тараптан изилденди. Китеп студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга, илимий изилдөөчүлөргө, окутуучулук- профессордук курамга, чөлкөм таануучуларга жана Кыргыз мамлекетинин конституциялык өнүгүү тарыхына кызыккандарга сунушталат.

РБДЮ им. К. Баялинова
№ 489722

ISBN 978-9967-18-630-9
УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (2 Ки)

© Абытов Б.К., Акбарали кызы Токтобүбү, 2020.

МАЗМУНУ

**БАШ СӨЗ ОРДУНА** .......................................................................... 4

**I БАП. КЕНЕШ ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АЛГАЧКЫ КОНСТИТУЦИЯЛАРЫНЫН ПАЙДА БОЛУУСУНУН, ЖАЗЫЛЫШЫ-НЫН, ӨНҮГҮШҮНҮН ТАРЫХЫНА СЕРЕСЕП** .......................................9

1.1. КЫРГЫЗСТАНДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫНЫН НЕГИЗГИ ДООРЛОРУ................................................................................ 9

1.2. КЫРГЫЗ АССРинин АЛГАЧКЫ КОНСТИТУЦИЯСЫ КАЧАН, КИМ ТАРАБЫНАН ДАЯРДАЛЫП, КАНТИП КАБЫЛ АЛЫНГАН?.................... 38

1.3. КЫРГЫЗ ССРинин 1937-ЖЫЛДАГЫ КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН АТАЙЫН КОМИССИЯ ТАРАБЫНАН ИШТЕЛИП ЧЫГЫШЫ, ТАЛКУУЛАНЫШЫ ЖАНА КАБЫЛ АЛЫНЫШЫ.................................... 67

1.4. КЫРГЫЗ ССРИНИН 1978-ЖЫЛДАГЫ КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН ДОЛБООРУНУН ДАЯРДАЛЫШЫ, АНЫН БҮТКҮЛ ЭЛДИК ТАЛКУУЛАНЫШЫ ЖАНА КАБЫЛ АЛЫНЫШЫ ...................................... 96

**II БАП. ЭГЕМЕНДҮҮ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ КЫРГЫЗСТАНДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАЛАРЫНЫН ТАРЫХЫ**................................................................................ 118

2.1. Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык реформаларынын алгачкы этаптары .............................................. 118

2.2. 2010-ЖЫЛДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАНЫН ДАЯРДАЛУУ ТАРЫХЫ ........................................ 154

2.3. 2016-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗСТАНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМА ................................................ 169

**КОРУТУНДУ** ........................................................................ 184

# БАШ СӨЗ ОРДУНА

Кыргыздар - Борбордук Азия чөлкөмү эле эмес дүйнөдөгү байыркы элдердин бири экендиги талашсыз. Кыргыздардай этникалык аталышын, улуттук өзгөчөлүгүн жана менталитетин, өздүк маданиятын миңдеген жылдар бою тарыхый-саясий татаал жараяндарда жоготпой сактап келген калк сейрек кездешет. Кыргыздар жөн эле байыркы этнос эмес, байыркы доордогу **"Кыргыздардын ээлиги", "Гяньгунь мамлекети", "Хягас мамлекети", "Кыргыз го" - "Кыргыз падышалыгын"**, орто кылымдардагы **"Кыргыздардын Эне-Сай каганатын", "Кыргыздардын Улуу Дөөлөтүн"** түзгөн уюткулуу эл.

XX кылымдагы кыргыз мамлекетинин көп этаптуу ренессансы - кайра жаралуусунда кыргыздар алгач **Туркестан АССРинин** курамында болсо *(1918-ж.)*, толук ишке ашпай калган Туркестан АССРинин курамындагы **Тоолуу Кыргыз автономиялуу облусу** (1922-ж.), кийинчерээк РСФСРдин курамындагы **Кара кыргыз автономиялуу облусу** (1924-ж.), **Кыргыз автономиялуу облусу** *(1925-ж.)*, РСФСРдин курамындагы **Кыргыз АССРи** *(1927-ж.)*, 1936-жылы СССРдин курамындагы **Кыргыз ССРи** болуп түзүлгөн. 1990-1993-жылдары **Республика Кыргызстан**, 1993-жылдын 5-майында жаңы Конституция кабыл алынып, өлкөбүздүн расмий аталышы **Кыргыз Республикасы** – эгемендүү жана көз карандысыз өлкө катары бүт дүйнөгө таанылган.

Кыргыз эли, анын мамлекети көптөгөн кылымдарды басып өткөн узак, бай тарыхка ээ болсо да, Кеңеш дооруна чейин классикалык үлгүдөгү Конституцияны пайдаланган эмес. Тагыраак айтканда, биздин эл кылымдар бою Конституциясыз эле түптүүлүгүн, мамлекеттүүлүгүн, улуттун биримдигин жоготпой жашап келгендиги жалпыга белгилүү. Биздин ата-бабалардан уланып, муундан-муунга оозеки түрүндө өтүп келген салт-санаалардын, үрп-адаттардын, турмуштук эрежелердин күчү менен өз мамлекетин башкарып, эл тарыхын жаратып жашап келишкен. Оозеки түрдө калыптанган "адат", "эреже" түрүндөгү нормативдик-укуктук актылар мыйзам ордуна колдонулуп, аларды кынтыксыз аткарууга жалпы кыргыз коомчулугу милдеттүү болгон. Өткөн

доорлордо ал нормативдик-укуктук актылар Конституциянын ордуна пайдаланылып келгени да талашсыз көрүнүш болгон.

Биздин элде, Кыргыз мамлекетинде, **Конституция** классикалык түшүнүгү тарыхый, саясий маданият агымы менен салыштырмалуу жакында эле келген түшүнүк. Башкача айтканда, Конституция түшүнүгү XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында кыргыз элинин жерине, турмушуна орустардын келиши, кыргыз жерин орустардын колониалдаштыруу мезгилинде пайда болгон. Чынында орустардын өзүндө да Конституция XX кылымдын башында эле пайда болгон.

Демек, Кыргызстанга Конституция түшүнүгү, конституциялык түзүлүш Кеңеш бийлиги менен келген саясий, укуктук маданият. Кыргызстандын конституциялык өнүгүү этаптары негизинен, Кыргыз мамлекетинин өнүгүү жолу менен айкалышып, Кыргызстандын Кеңеш доорунун, эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин тарыхы менен тыгыз байланышкан.

Улуттук мамлекеттин өз Конституциясына ээ болушу, анын өнүгүү тарыхын ар тараптан изилдеп, окурмандарга жеткирүү өзгөчө татаал жана жоопкерчиликтүү иш. Ал эми биздин өлкөнүн алгачкыдан баштап акыркы Конституциясы качан, кимдер тарабынан, кантип түзүлүп, иштелип чыкканын, алардын калыптануу жараяны, ар түрдүү доордо кабыл алынган конституциялардын ар башка долбоорлорунун даярдалышы, ошол элге тартууланган, расмий түрдө кабыл алынган конституциялардын өзгөчөлүгүн, аларга жооптуу атайын комиссиялардын мүчөлөрүнүн ар бирин тактап чыгуу, алардын аты-жөнүн, ээлеген кызматтарын, улуттук курамын, азыркы жана келечек муунга жеткирүү өзүнчө бир чоң иш- аракеттин натыйжасы болду. Алардын аныкталышы, өз кезегинде, өлкөбүздүн Баш мыйзамдарынын даярдалышынын жоопкерчилиги кимге жүктөлгөнүн, ар башка мезгилдеги анын өнүгүү жараянын азыркы жаштардын жана келечек муундардын түшүнө билишине жол ачат. Ар бир өлкө өзүнүн өнүгүү жолундагы каармандарын билиши зарыл. Анткени мурда биздин ата-бабалардын тарыхында болуп көрбөгөн саясий маданиятты иштеп чыгып, алардын элге сиңип кетүүсүнө өбөлгө түзүп, жеткиликтүү деңгээлде из калтырып, элибиздин, улуттук мамлекетибиздин келечегине

ар тараптуу шарт түзгөн Баш мыйзамдарыбызды кимдер, качан, кантип даярдаганын элге жеткирүү биздин негизги милдеттерден болду. Биздин баамыбызда, тарыхыбыздын 1926-1929-жылдар аралыгында даярдалган биринчи Баш мыйзамыбыздын - Конституциябыздын 4 башка долбоору бар экенин, же 1937-жылдагы Конституциябыздын ич ара айырмачылыктары бар эки тилдеги эки долбоору болгонун баары эле эмес, көптөгөн адис тарыхчыларыбыз деле биле бербейт. Ал эми эң алгачкы Конституциябыз кимдер тарабынан даярдалгандыгын, өлкөнүн биринчи Конституциясынын долбоорлорун кыргыздар өздөрү жазганбы же ал бир тууган элдердин жардамында түзүлгөнбү, ошол Баш мыйзамды даярдаган атайын конституциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн канчоосу кыргыз, канчоосу мамлекеттик курулуш, түзүлүш жана негизги институттар боюнча адис-юристтер болгонун жаштар эле эмес, улуу муундун да көпчүлүгү билишпейт. Мындай тактоону талап кылган фактылардын аныкталышы биз үчүн абдан маанилүү.

Архивдик материалдарды таап, бизди кызыктырган маселелерди изилдөө аркылуу биз тарыхый чындыкты, Кыргызстандын Кеңеш доорундагы, ошондой эле эгемендүү, көз карандысыз Кыргыз Республикасынын конституциялык өнүгүү жараянын толук, ар тараптан иликтеп, тактап чыгууга жетиштик. Аталган маселелерди изилдөөгө биз эмне үчүн кызыктык? Себеби Кыргызстандын тарых илиминде Кеңеш доорунан баштап ушул күнгө чейин бир дагы тарыхчы биздин мамлекеттин тарыхындагы Баш мыйзамдардын тарыхын, өнүгүү жолун, алардын кимдер тарабынан, качан, кантип иштелип чыгышына, калыптанышына, жазылышына, даярдалышына, бүткүл элдик талкууланышына, кабыл алынышына, ар бир Конституциянын түзүлүшүнө, жалпы маани-маңызына жана өнүгүү жолуна байланышкан маселелерге тарыхчы иретинде кайрылган эмес. Биздин баамыбызда, көпчүлүк тарыхчылар бул юристтердин иши деп ойлогондуктан, кыргыз тарыхчылары тарабынан тиешелүү деңгээлде көңүл бурулбай калган. Ар бир Конституцияны өз мезгилине, коомдук, тарыхый, саясий шартына жараша даярдоо, бүткүл элдик талкуулоо, аларды кабыл алуу, ар түрдүү шартка жараша аларга өзгөртүүлөрдү, түзөтүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү тарыхы да аларга өбөлгө түзгөн

тарыхый булактарды ар тараптан иликтөө кыргыз тарыхы үчүн абдан маанилүү маселе экендиги талашсыз.

Кыргызстандын Конституцияларын укук таануучулардын көз караштарынын алкагында республикабыздын аттуу-баштуу юристтери да жеткиликтүү деңгээлде изилдешкенин белгилей кетишибиз абзел. Бирок юристтер, негизинен, тигил же бул Конституциянын маани-маңызына, укуктук негиздерине жана баалуулуктарына баа берип, Конституцияга ылайык мамлекеттик түзүлүштү, башкаруу ыкмасын, бийлик бутактарын, жарандардын укук жана милдеттеринин камсыздалышын жана башка маселелерди юрисируденция жаатынын көз карашында кеңири иликтөө менен бизди кызыктырган тарыхый маселелерге, дээрлик, көңүл бурушкан эмес. Ошентип, жогоруда бизди кызыктырган бир катар тарыхый маселелер көз жаздымда калып калганы да талашсыз факт. Өлкөбүздүн конституциялык өнүгүүсүнүн негизги этаптарын өзүнчө бөлүп кароого Кыргызстан тарыхындагы жасалган алгачкы аракетибиз маанилүү фактор болуп саналат.

Ошентип, биз Кыргызстандын конституцияларынын өнүгүү жолун ар тараптан изилдеп, конституциялык реформалардын негизги этаптарын тактап, аларды өз дооруна жараша бөлүп карадык. Иликтөөлөрүбүздүн натыйжасында, 1926-29-жылдары долбоору даярдалып, 1929-жылы кабыл алынган Кыргыз АССРинин биринчи, 1937-1978-жылкы Кыргыз ССРинин биринчи жана экинчи Конституицясы, эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасынын зор жетишкендиги болгон 1993-жылкы Баш мыйзам, олуттуу тарыхый-саясий окуялар – Март (2005-ж), Апрель (2010-ж.) элдик революцияларынан кийинки Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоорлорун качан, кантип, кимдер иштеп чыккан, аларга жооптуу Конституциялык кеңешмелердин, комиссиялардын бардык курамдарын аныктап тактадык. Дагы бир маанилүү жагдай, биз ошол ар бир Конституциянын долбоору даярдалып, тиешелүү комиссиялардын, расмий жетекчиликтин жактоосунан кийинки жалпы элдик талкууга коюлушун, республиканын калкы тарабынан ар бир Конституцияга Кыргызстандын эли, эмгек жамааттары, коомдук-саясий уюмдары тарабынан олуттуу да, омоктуу да, жүйөлүү да пикирлердин, сунуштардын, түзөтүүлөрдүн, толуктоолордун, өзгөртүүлөрдүн калк тарабынан айтылуусу жана

алардын расмий бийликтер тарабынан кабыл алуу жараянын да кеңири чагылдырууга аракет жасадык.

Натыйжада, биз өз изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыгы менен кыргыз тарых наамесинде алгачкылардан болуп, мамлекетибиздин Конституциясына, конституциялык өнүгүүсүнө байланыштуу мурда көз жаздымда калып кеткен, толук, ар тараптуу иликтенбей калган кээ бир маселелерди тактап, аныктап, өлкөбүздүн конституциялык өнүгүүсүнүн тарыхынын актай калган барактарын толтурдук. Негизинен, ойлогон оюбузга, көздөгөн максатыбызга жеттик десек болот.

## I БАП.

# КЕНЕШ ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АЛГАЧКЫ КОНСТИТУЦИЯЛАРЫНЫН ПАЙДА БОЛУУСУНУН, ЖАЗЫЛЫШЫНЫН, ӨНҮГҮШҮНҮН ТАРЫХЫНА САРЕСЕП

## 1.1. КЫРГЫЗСТАНДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫНЫН НЕГИЗГИ ДООРЛОРУ

Байыркы дүйнөдөгү, орто кылымдардагы жана жаңы доордогу кыргыз мамлекеттери, уюткулуу, түпкүлүктүү кыргыз эли кылымдар бою эч кандай Конституциясы жок эле, муундан-муунга өткөн, кынтыксыз аткарылган каада-салт, үрп-адаттар, ата-бабаларыбыздан калган турмуштук эрежелер боюнча жашап келгендиги белгилүү. Оозеки түзүлгөн салт-санаалар, турмуштук мыйзамдар улам жаңы муунга "адат", "эреже" түрүндөгү, кынтыксыз аткарылуучу укуктук нормативдерге айланып, бийлердин курултайларында толуктоолор, өзгөртүүлөр киргизилип турган. Кыргыздардын мамлекети түрдүү тарыхый, саясий кырдаалдарды башынан өткөргөнүнө карабай, биздин элге, өлкөгө Конституция түшүнүгү жакынкы аралыктагы тарыхый, саясий маданияттын келиши менен пайда болгон. Тагыраак айтканда, жергебизге орус бийликтеринин келиши аркылуу кошо келген.

Кыргызстанда Конституция жана конституциялык түзүлүш түшүнүктөрү Кеңеш бийлигинин келиши менен пайда болгону да талашсыз көрүнүш. Биздин өлкөнүн Конституциясы өзүнүн өнүгүү жолунда Кеңеш доорундагы Кыргыз мамлекетинин жана эгемендүү, көз карандысыз мамлекет мезгилиндеги этаптарды басып өттү. Коомдун да, мамлекеттин да тарыхын кандайдыр бир идеологиянын, саясий теориянын, партиянын же бир топ адамдардын пайдасы үчүн ондоп-түзүүгө, ага ылайыкташтырып жазууга жол берилбейт. Ошондуктан биз Конституцяның өнүгүү жараянын изилдөөдө, үйрөнүүдө өз учурунда марксисттик-лениндик теория менен жашаган мамлекет жана анын укуктук негиздеринен карманып, ашыкча идеологиялык боёктордон ажыратып каралышынын обьективдүү зарылдыгы бар деп эсептейбиз. Биздин өлкөнүн конституциялык өнүгүшүнүн тарыхы Кеңеш доорундагы жана эгемендүү, көз карандысыз кыргыз мамлекетинин өнүгүү

жолуна дал келет. Конституциялык реформалардын олуттуу бөлүгү эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасынын мезгилине таандык болду. Жогорудагыларды эске алуу менен Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсүн бир катар этаптарга бөлүп кароого болот.

Белгилей кетчү жагдай, кыргыздардын конституциялык өнүгүү жолу Кеңеш доорундагы ар кандай мамлекеттик бирикмелердин курамында, улуттук мамлекеттүүлүктүн татаал да, катаал да жолун басып, акырындык менен өз мамлекеттүүлүгүнө, Конституциясына жетишүүгө өбөлгөлөр түзүлүп, жаңы доордо өз алдынча мамлекеттүүлүккө, ага шайкеш эркин мамлекеттин Конституциясын кабыл алууга жетишкен. Бирок ошол даражага жетишүү жолунда кыргыз эли бир катар тоскоолдуктарга туш келгени да тарыхый факт.[1]

Конституция деген эмне экендигин, конституциялык укукту кантип пайдалануу жолун кыргыз эли РСФСРдин курамында түзүлгөн Туркестан АССРинин учурунда түшүнө баштагандыгы тарыхый чындык. Өз алдынча мамлекет болуп, ага жараша Конституция кабыл алганга чейин, кыргыз эли кайсыл мамлекеттин курамында болсок, ошол мамлекеттин Конституциясы менен жашап келгендигибиз да чындык. Кыргызстан Кеңеш доорунун алгачкы жылдары башка мамлекеттик түзүлүштүн, башкаруунун курамында, кийинчерээк чектелүү автономиялык статуста болгондуктан, биздин өлкөнүн аймагында бир эле учурда бир нече Конституция үстөмдүк кылган мезгилдер болгон. Мисалы, 1918-1924-жылдары кыргыз эли жана Кыргызстандын аймагы Туркестан АССРинин курамында болгон. Ошол эле кезде Кыргызстан РСФСРдин, андан соң, 1922-жылдан тартып СССРдин курамына кирген. Демек, тарыхый, саясий жана укуктук жактан караганда, 1918-1936-жылдары Кыргызстандын аймагы алгач Туркестан АССРинин, андан кийин РСФСРдин жана СССРдин курамында болуу менен, ошол мамлекеттердин Конституцияларынын алкагында болуп келгени талашсыз факт. Ошентип, өлкөбүздүн аймагы өз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө ээ болгонго чейин, Кеңеш доорунун башында ар башка

---

[1] *История национально-государственного строительства в СССР. В 2 томах. -М.: «Мысль»,1972. -Т.1. -С. 403-405; Образование Киргизской Автономной ССР; материалы и документы. Фрунзе, 1927. С. 263 Сборник законов Киргизской ССР и Указов Президиума Верховного Совета Киргизской ССР за 1938–1939 гг. Фрунзе, 1950. С. 53–54; Систематическое собрание законов РСФСР, указов Президиума Верховного Совета РСФСР и решений правительства РСФСР. М., 1967. Т. 1; Советская Киргизия. 1937. 12 марта; Абытов Б.К. «Государственность кыргызов: проблемы, признаки и этапы» (III в. до н.з. - Х в.). Авторский курс лекций. –Ош, 2003. -С.3.*

автономиялык жана өз алдынча мамлекеттик түзүлүштөрдүн курамына кирип, ага ылайык ар башка Конституциялардын алкагында жашаган. Демек, ошол мезгилдерде Кыргызстандын аймагында бир эле кезде Туркестан АССРинин, РСФСРдин, СССРдин Конституциясы аракетте болгон. Тагыраак айтканда:

• 1918-1924-жылдары Кыргызстан РСФСРдин алкагындагы Туркестан АССРинин курамында болгон, РСФСР аркылуу СССРге камтылган. Демек, аталган учурда бир эле кезде Кыргызстандын аймагында Туркестан АССРинин да, РСФСРдин да, СССРдин да Конституциясы (1924-ж.) аракетте болгон;

• 1924-жылдан РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз, 1925-жылдын май айынан баштап Кыргыз автономиялуу облусу пайда болгондон баштап, 1924-1927-жылдары Кыргызстанда РСФСРдин (1918, 1925-жж.), СССРдин (1924-ж.) Конституциясы Баш мыйзам катары үстөмдүк кылган;

• 1927-29-жылдары РСФСРдин курамындагы Кыргыз АССРи, убагында кабыл алынбай калган Конституциянын ордуна **"Кыргыз АССРинин мамлекеттик түзүлүшү жөнүндөгү Жобонун"**[1] негизинде мамлекеттик башкаруу жүзөгө ашырылган.[2] Бул мезгилде Кыргызстандын аймагында бир эле учурда РСФСРдин (1925-ж.) жана СССРдин (1924-ж.) Конституциялары аракетте болгон;

• 1929-1936-жылдары РСФСРдин курамындагы Кыргыз АССРи алгачкы жолу өздүк Конституциясына ээ болгон. Ошол эле кезде Кыргызстандын аймагында РСФСРдин да, СССРдин да Конституциялары өзүнүн үстөмдүк таасирин жоготкон эмес;

• 1937-1993-жылдары СССРдин курамындагы Кыргыз ССРи эки жолу өзүнүн Баш мыйзамын (1937,1978-жж.) кабыл алып, анын алкагында коомдук, саясий, социалдык-экономикалык турмушун баштан кечирген. Албетте, бул учурда Кыргыз ССРинин аймагында союздук республика катары өз Конституциясы менен катар эле СССРдин Конституциясы да үстөмдүк кылганы маалым.

---

*[1]Образование Киргизской Автономной... -С. 263; Абытов Б.К. «Государственность кыргызов... –С.35.*

*[2] Нурбеков К. Н. Преобразование Киргизской АССР в союзную республику//Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата юридических наук //Академия наук СССР. Институт права им. А.Я. Вышинского. -М.,1958. –С.7; История национально-государственного строительства в СССР. В 2 томах. -М.: «Мысль», 1972. -Т.1. -С.403-405; Образование Киргизской Автономной ССР: материалы и документы Фрунзе, 1927. -С. 263; Кыргызская государственность в XX веке.-Б., 2003. –б...*

• 1993-2020-жылдар арасында эгемендүү жана көз карандысыз мамлекет катары таанылган өлкөбүздүн 1993-жылдын 5-майында кабыл алынып, бир нече жолу реформага туш болгон өз Конституциясы аракетте болуп келүүдө.

Белгилей кетчү дагы бир жагдай, Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдары, жаңы Конституция даярдалып, кабыл алынганга чейин эски, 1978-жылкы Кыргыз ССРинин Конституция аракетте болгонун эске сала кетүү абзел. Бир топ мыйзамдык-нормативдик актыларга 1990-жылдын 15-октябрында кабыл алынган **"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Декларациясы"** жана 1991-жылы 31-августундагы **"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз каранды эместиги жөнүндөгү Декларация"** *(эки документтин орусча түп нускасында* ***"Республика Кыргызстан"*** *- деп жазылган – авт.)* аркылуу түзөтүүлөр киргизилген.

Өлкөбүздүн Конституцияларынын иштелип чыгышы, даярдалышы, түзүлүшү жана өнүгүшү боюнча архивдерден тапкан материалдарыбызды, расмий документтерди, саясий, тарыхый булактарды изилдеп чыгып, кыргыз мамлекетинин жогоруда көрсөтүлгөн, Кеңеш доорундагы жана эгемендүүлүк мезгилинде баскан жолунун, тарыхый өнүгүүсүнүн негизинде Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолун бир катар этаптарга бөлүп кароону ылайык таптык. Анткени өлкөбүздүн конституциялык өнүгүү жолунун ар бир этабы ошол учурда кабыл алынган Баш мыйзамга ылайык мамлекеттик өнүгүүнүн конкреттүү дооруна шайкеш келет. Конституциялык өнүгүү жараянын даректүү этаптарга бөлүп кароодо биз мамлекетибиздин өнүгүү жолунун ар бир этабына шайкеш келген Конституциянын маани-маңызына, өзгөчөлүгүнө жараша, аны иштеп, коомчулукка тартуулаган адамдар тобунун - конституциялык комиссия мүчөлөрүнүн аракетине, ар бир Баш мыйзамдын тарыхына таяндык. Биздин баамда, 1926-29-жылдардагы алгачкы конституциялык комиссиянын курамы менен 1978-жылдагы конституциялык комиссиянын курамын салыштырып кароого таптакыр болбойт. Ошондой эле 1937-жылдагы конституциялык комиссия менен 1993-жылдагы конституциялык комиссиянын сапаттык курамын салыштыруу да мүмкүн эмес. Албетте, белгиленген курамдардын мүчөлөрүнүн бардыгы кыргыз элинин, мамлекеттүүлүгүнүн келечеги, улуттук

мамлекеттин түзүлүшү, анын укуктук негиздерин камтыган өз заманынын талабына шайкеш Баш мыйзамдарды даярдап, иштеп чыгып, элдик талкууга алып чыккандан кийин, ал Конституциялар Кеңештердин курултайында, Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан кабыл алынган тарыхый, саясий салттык көрүнүш болгону да талашсыз.

Ошентсе да ар бир доордун, мезгилдин өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрүн, белгиленген комиссиялардын ишин чагылдырып, салыштырып, алардын ишмердүүлүгүн тарыхый тариздe изилдедик. Өлкөбүздүн өнүгүү жолунун тарыхы менен түздөн-түз байланышта болгон Кыргызстандын Баш мыйзамдарынын даярдалышы, талапка ылайык жазылышы жана иштелип чыгуусу, калыптануусу, түзүлүшү, тиешелүү органдарда жана бүткүл элдик талкуулануусу, кабыл алынуусу, укуктук түзүлүшү сыяктуу конституциялык өнүгүү тарыхына ушул күнгө чейин кыргыз тарыхчыларынан бир да адис кайрылбагандыгы, ар тараптан изилденбегендиги, биздин конституциялык өнүгүбүүздүн жолдорун этаптарга бөлүштүрүп кароодогу негизги факторлордун катарын толуктайт. Биздин көз карашыбызда, бул тарыхый маселелерди көпчүлүк адистер жалаң юристтерге тиешелүү маселе катары карап, ошого байланыштуу иликтеген маселелерге биздин кесиптештер, тарыхчылар таризинде көңүл бурушкан эмес.

Ал эми Кыргызстандын укук таануучулары, окумуштуу юристтери өз кезегинде, ар бир Конституциянын даярдалуу, калыптануу, түзүлүү, кабыл алуу жана өнүгүү жараянынын тарыхына кайрылышкан эмес. Юристтер негизинен Конституциялардын укуктук негиздерине, мазмунуна, маани-маңызына, андагы мамлекеттик түзүлүшүнө, башкаруу ыкмасына, жогорку бийлик бутактарына, сот, прокуратура органдарына, жарандардын укук жана милдеттерине жана башка бир топ маселелерди изилдеп келишет. Кыргызстандын беделдүү, белгилүү укук таануучулардан, окумуштуу юристтерден баштап, бүгүнкү күндөгү көптөгөн конституционалисттерине, юридика илимдеринин докторлору жана кандидаттарына чейин эч кимиси ошол Конституциялардын тарыхый өнүгүү маселелерине кызыгып көргөн эмес. Ошондуктан Кыргызстандын Баш мыйзамынын тарыхын ар тараптан иликтөө вазыйпасын биз аткарууга аракет кылдык.

Биздин баамыбызда, кыргыз мамлекетинин ар бир өнүгүү дооруна шайкеш келген Конституцияны качан, кимдер, кантип, кандай даярдагандарды аныктоо менен биз азыркы жана келечектеги муундарга ошол Консититуциянын даярдалышына, элибиздин, мамлекетибиздин келечегине жооптуу инсандарды, ар бир конституциялык комиссиянын курамын архивдик документтерден таап, алардын аты- жөнүн анык, так, курамдарын толук көрсөтүүгө да өзгөчө аракет кылдык.

Ырас, белгилеп кетчү жагдай, акыркы жылдары юридика илимдеринин доктору, профессор Н.Шерипов Кыргызстандын конституциялык өнүгүү тарыхына юридикалык өңүттөн кайрылып, өзүнүн жеке көз карашы боюнча, негиздүү беш этапка бөлүп карагандыгын адилеттик үчүн белгилей кетүү абзел. Бирок ошол эле учурда, ал өз ишинин экинчи бөлүгүндө Кыргызстандын жалпы конституциялык өнүгүү мезгилдеринде кайталанган эки этапты эске алуу менен (1993, 2010-жж.) жаңы 7 этапты кошот. Аталган автор, конституциялык өнүгүүнү эки чоң этапка: өлкөбүздүн Кеңеш жана азыркы эгемендүүлүк дооруна бөлүп карайт. Жыйынтыгында, аты аталган автор өлкөбүздүн конституциялык өнүгүү жолунун 10 этабын бөлүп карайт.[4] Албетте, ал Кыргызстандын Баш мыйзамдарынын өнүгүү этаптарын конституционалист-юрист катары бөлүштүргөн. Биринчи иретте, аталган автор Кыргызстандын Конституциялык өнүгүүсүнүн жолу Кыргыз мамлекетинин негизги этаптарына шайкеш экендигин баса белгилеп, конституциялык өнүгүүнүн төмөнкүдөй этаптарын бөлүп карайт:

1. Патриархалдык-феодалдык түзүлүштөн капитализмди аттапсоциализмге өткөн учурдагы Кыргыз мамлекетинин Конституциясы. Башкача айтканда, автономиялуу республика формасындагы Кыргыз мамлекетинин Конституциясы (1929-жыл).

2. Социалисттик түзүлүштүн бекемделишинин жана социалисттик курулуштун аяктоо мезгилиндеги Кыргыз мамлекетинин Конституциясы. Башкача айтканда, Кыргыз мамлекетинин союздук республика формасындагы Конституциясы (1937-жыл).

---

[4] *Шерипов Н. Конституционное развитие кыргызской государственности: советский этап// Акипресс. История Кыргызстана и кыргызов. 20 июня 2014 года.*

3. Өнүккөн социализм курулушун бекиткен Кыргыз мамлекетинин Конституциясы. Тагыраак айтканда, социализмдин андан ары өнүгүү жолундагы Кыргыз мамлекетинин Конституциясы (1978-жыл).

4. Эгемендүү, көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин Конституциясы (1993-ж.).

5. Кыргыз Республикасынын 2010-жылкы Конституциясы.[1]

Ошол эле кезде бизди кызыктырган дагы бир жагдай, Н.Шериповдун өлкөбүздүн эгемендүүлүк жылдарындагы конституциялык өнүгүүсүн укуктук жактан этаптарга бөлүп кароосу болуп эсептелет. Ал этаптар:[2]

**Биринчи этап** – 1993-жыл.

**Экинчи этап** – 1996-жыл.

**Үчүнчү этап** – 1998-жыл.

**Төртүнчү этап** – 2003-жыл.

**Бешинчи этап** – 2006-2007-жылдар.

**Алтынчы этап** – 21-октябрь 2007-ж

**Жетинчи этап** – 27-июнь 2010-ж.[3]

Эгерде, 1993-2010-жылдардын кайталанышын эске алсак, анда жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык өнүгүү жолунун 7 этабынан, болгону 5 этабы калат. Албетте, бул анын юрист катары көз карашы, анын укугу. Ошондуктан биз анын этаптарга бөлүштүрүүсүнө сый мамиле кылганыбыз кесиптик этикага шайкеш болот.

Дагы бир белгилүү юрист-конституционалист М.К.Укушов эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолунун этаптарына көңүл бурган. 1993-жылдагы алгачкы Конституциянын негизинде, Кыргызстанда масштабдуу постсоветтик мамлекеттик жана коомдук революциялык трансформациялоо жараяны орун алган. Бирок биздин коомдо 1993-жылдагы Конституцияда камтылган зор дараметти толук жүзөгө ашырууга жол берилген жок. Анткени көп өтпөй эле, жогорку бийлик эгедерлеринин кызыкчылыктарын көздөгөн конституциялык реформа башталган. Ошентип, өткөн кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымында,

---

[1] *Н.Шериповдун бул макаласы 2014-жылы, акыркы конституциялык реформанын жүрүшүнө чейин даярдалгандыгы эске алыныз// Шерипов Н. Конституционное развитие кыргызской государственности: современный этап// Акипресс. История Кыргызстана и кыргызов. 23 июня 2014 года. Н.Шериповдун бул макаласы 2014-жылы, акыркы конституциялык реформанын жүрүшүнө чейин даярдалгандыгы эске алынат*

[2] *Шерипов Н. Конституционное развитие кыргызской государственности: современный этап...*

[3] *2016-жылкы конституциялык реформанын камтылбаган себеби, автордун аталган эмгеги ага чейин жазылган.*

саясий, конституциялык, укуктук маселелерди чечүү, биринчи кезекте, Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн вазыйпалары менен ыйгарым укуктарын кеңейтүү, алардын кызыкчылыктарын колдоо максатында, аракеттеги Конституцияга өзгөрттүүлөрдү, түзөтүүлөрдү, толуктоолорду киргизүүнүн калпыс ыкмалары тандалып алынган. М.К.Укушовдун пикирине ылайык, эгемендүү Кыргызстандагы конституциялык реформалардын төмөнкүдөй этаптарга бөлүп кароого болот:[8]

**1.** Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык башталышына негиз салып, башаты болгон 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган биринчи Конституциясы.

**2.** 1996-жылдын 10-февралында бүткүл элдик референдумда кабыл алынып, Конституцияга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор. Ага ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши эки палатага бөлүнүп, кайра түзүлгөн – Мыйзам чыгаруу жыйыны жана Эл өкүлдөр жыйыны.

**3.** 1998-жылдын 17-октябрында өткөрүлгөн референдумга ылайык Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилип, алардын эң негизгилеринин бири өлкөдө жерге жеке менчик укугун киргизүү турмушка ашырылган.

**4.** 2001-жылдын 24-декабрында экинчи чакырылыштагы эки палаталуу Жогорку Кеңеш Конституциянын 5-беренесине өзгөртүү киргизип, анын натыйжасында орус тилине расмий тил статусун берүү чечими кабыл алынган.

**5.** 2003-жылдын 2-февралында бүткүл элдик референдум жолу менен 1993-жылдын 5-майындагы Конституциянын жаңы редакциясы кабыл алынган.

**6.** 2006-жылдын 8-ноябрында 3-чакырылыштагы Жогорку Кеңеш Конституциянын кезектеги жаңы редакциясын кабыл алды. Ошол эле учурда 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституцияны күчүн жоготту деп таанылды.

**7.** Эки айга жетпеген убакыт өтпөй, 2006-жылдын 30-декабырында Жогорку Кеңеш кайрадан ойлонуп, 1993-жылы кабыл алынган Конституцияны калыбына келтирип, анын жаңы редакциясын кабыл алды.

---

[8] *Укушов М.К. 25 лет кыргызской Конституции//ЦППИ 23.04.2018//https//center/kg › article*

**8.** 2007-жылдын 21-октябрында жаңы бүткүл элдик референдум өткөрүлүп, жаңы конституциялык өзгөрүүнүн натыйжасында, мамлекетте супер президенттик режим киргизилген.

**9.** 2010-жылдын 27-июнунда кайрадан бүткүл элдик референдум жолу аркылуу Конституциялык өзгөрүү-мамлекетти **парламенттик башкаруу формасы** (чындыгында аралаш парламенттик-президенттик башкаруу ыкмасы) киргизилген. Кыргыз Республикасынын кезектеги жаңы Конституциясы кабыл алынып, дагы бир жолу 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституция кайрадан күчүн жоготту деп табылган. Ошол эле кезде Убактылуу Өкмөт Конституциянын кабыл алынган 5-май күнүн-майрам күнү катары эсептөө чечимин кабыл алган.

**10.** 2016-жылдын 11-декабрында кезектеги бүткүл элдик референдум өткөрүлүп, Конституцияга бир катар жаңы өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул жолку өзгөртүүлөр 2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган Конституциядагы **"Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндөгү"** Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 4-беренесине ылайык, 2020-жылдын 1-сентябрына чейин Конституцияга өзгөртүү киргизүүгө чектөө, мораторий коюлганын карабай жүргүзүлгөн.[9]

Жогорудагы реформалардын бардыгы биздин коомдо укуктук нигилизмдин кеңири жайылышынын негизги себептеринин бири болду. Тагыраак айтканда, укукка, мыйзамдарга жасалган мамиледе формалдуулуктун күч алышына, эч нерсеге карабай, укуктук милдеттерди аткарбай, эч нерседен коркпой эле, "Жогорку бийликтин кызыкчылыктарын" коргогонго жол ачты.

Кандай болсо да, биз жогоруда белгиленген юристтердин көз караштарына, бөлүштүргөн этаптарына толук кошулгубуз келбейт. Анткени бизде алар айрым тарыхый учурларды эске албагандай сезим калтырат. Алардын көз караштары, конституциялык өнүгүүнү этаптарга бөлүштүргөндүгү, бизди тарыхчы катары толук канааттандыра албайт, биздин суроо - талаптарга толук дал келбейт деп эсептейбиз. Мисалы, Н.Шериповдун эмгегинде Кеңеш доорундагы, Туркестан АССРинин жана РСФСРдин курамындагы Кыргызстандын конституциялык өнүгүү

[9] *Укушов М.К. 25 лет кыргызской Конституции....*

РБДЮ им. К. Баялинова
В № 489722

жолунун алгачкы этабы эске алынган эмес. Ошондой эле кайсыл Конституцияга баш ийген мамлекеттик түзүлүштө жашагандыгыбыз тууралуу маалыматтар жок. Жогоруда белгиленген Н.Шериповдун этаптарында бул учурлар эске алынган эмес. Ошол эле кезде белгилүү юрист М.К.Укушов конституциялык өнүгүүнү этаптарга бөлүштүрүүдө Кыргызстандын Кеңеш доорундагы этаптарына көңүл бурган эмес.

Тилекке каршы, кыргыз тарыхчыларында юристтерге окшогон илимий иликтөөлөр жок. Мурдагы убактарда Кыргызстандын биринчи Конституциясы тууралуу жалгыз макала, ушул китептин авторлорунун бири, тарых илимдеринин доктору, профессор Б.К.Абытовго таандык болгон.[1] Анда автор биринчи Конституциянын долбоорун даярдаган конституциялык комиссиянын түзүлүшү, анын курамы, ишмердүүлүгү, алгачкы Баш мыйзамдын кабыл алынуусу тууралуу учкай кеп козгогон. Биз изилдеген темага кыйыр түрдө тиешеси бар эмгек, тарых илимдеринин доктору, профессор З.Галиеванын калемине таандык. Анда кыргыз тарыхчыларынын арасынан алгачкылардан болуп мамлекетибиздин жалпы өнүгүү концепциясынын алкагында конституциялык өнүгүүнүн негизги этаптарына кыйыр түрдө көңүл бурганын байкоого болот. Бирок аталган эмгектин биздин маселеге түздөн-түз тиешеси жок. Ошентип, жогоруда аталган автор, биздин тарыхчылардын ичинен алгачкылардан болуп Советтер Союзу кыйрап, эгемендүүлүккө жана көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки Кыргыз мамлекетинин өнүгүү жолуна баам салган. Ал мамлекеттик өнүгүүнүн жалпы контекстинин алкагында, Кыргыз мамлекетинин башкаруу формасын жана ар бир учурдун саясий режиминин эволюциясын эске алуу менен өнүгүүнүн негизги этаптарын бөлүп караганга аракет жасаган. Биздин темага кыйыр тиешеси болгон бул эмгекте автор эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин өнүгүү тарыхын төмөнкүдөй этаптарга бөлгөн:

1.1990-1993-жылдар бул мезгилдин негизги мазмунун демократиялык жараяндардын ыкчам өнүгүшү, Кыргызстандагы саясий бийликтин, жаңы институттардын түптөлүшү түзгөн.

2.1993-1995-жылдар – эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциянын кабыл алынышы, президенттик институттун акырындап бекемделиши.

---

[1]*Абытов Б.К. Первая Конституция Кыргызстана. Вестник КГЮА. Спецвыпуск. -Б.,2006. –С.28-34.*

**3.**1996-2005-жылдар аралыгы–авторитардык режимдин калыптанышы, бийликтин системалык кризисинин башталышы.

**4.**2005-2010-жылдар-Кыргызстандын тунгуч жана экинчи Президентинин авторитардык режимин кулаткан эки революция болуп өткөн учур.

**5.** 2010 жылдын апрели – бүгүнкү күнгө чейин.[11]

Макала кыргыз мамлекетинин өнүгүү жолундагы эгемендигине жана көз карандысыздыгына арналып, 2012-жылы жарык көргөндүгүн белгилей кетишибиз керек. Демек, конституциялык өнүгүүнүн акыркы учурундагы этаптарга мамлекеттин жалпы тарыхый өнүгүү жолу киргизилген эмес. Ошондой болсо да, ал биз карап жаткан маселеге кыйыр түрдө таасири бар деп эсептейбиз.

Мамлекеттик түзүлүшкө ылайык, улуттук мамлекеттин курулушуна коюлган максаттардын, милдеттердин негизинде, өзүнүн өнүгүү жолундагы ар кандай учурларда кыргыздар түрдүү мамлекеттик бирикмелердин Конституциясынын таасиринде жашагандыгын биз жогоруда белгиледик. Мына ушунун негизинде, ошондой эле ар башка конституциялардын таасириндеги өлкөбүздүн аныкталган өнүгүү этаптарынан биз Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолун окуп үйрөнүүгө бел байладык. Андан соң өлкөбүздүн конституциялык түзүлүшүнүн, өнүгүшүнүн жазылган тарыхын хронологиялык, логикалык ырааттуулукта иликтөөнү максат кылдык. Биз үчүн Баш мыйзамдар - Конституциялар ким тарабынан, качан, кантип даярдалгандыгына, конституциялык комиссиянын курамына кыргыз элинин өкүлдөрү канчалык деңгээлде киргизилгенине же киргизилбегендигине байланышкан маселелер абдан маанилүү болуп эсептелет. Мындай олуттуу маселелерди аныктоого киришүү алдында 1918-жылдан тартып, 2016-жылга чейинки өлкөбүздүн конституциялык өнүгүүсүнө тарыхый сересеп салып, ошол өнүгүүгө болгон жеке көз карашыбызды, авторлордун көз карашына ылайык бөлүштүргөн этаптарды сунуш кылабыз.

Өлкөбүздүн конституциялык өнүгүү жолу боюнча биз сунуштаган негизги этаптар жогоруда белгиленген юристтер бөлүштүргөн этаптардан бир аз айырмаланат. Авторлор изилдөөгө бел байлаган

[11] *Галиева З. Основные этапы современной кыргызской государственности//Материалы «Кыргызский каганат в контексте тюркской цивилизации: проблемы кыргызоведения», посвященной 1170-летию образования Великого Кыргызского каганата, прошедшей в г. Бишкек 15-16 ноября 2012 г.*

маселени иликтөөнүн жүрүшүндө, колдо бар тарыхый маалыматтарга, архивдик документтерге таянып, аталган маселелер боюнча өзүнчө жыйынтыкка келгенбиз. Кыргыз элинин, мамлекетинин тарыхый, коомдук, саясий түзүлүшүндөгү Кеңеш доорунун башталышынан тартып, ал учурдун өнүгүп-өскөн кезине чейинки убакыт аралыгын бир канча этаптарга бөлдүк.[1] Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолун ар бир конкреттүү этаптарга бөлүштүрүүдө - кыргыз элинин мамлекеттик өнүгүүсүнө шайкеш кароого аракет кылдык. Ошентип, биз кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн конституциялык өнүгүүсүн төмөнкүдөй тарыхый этаптарга бөлүп карадык:

**Биринчи этап** – 1918-1929-жылдардагы алгачкы этап. Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолу башында Кеңеш доорунун түзүлүшүндөгү башка мамлекеттик бирикменин курамында башталат. Кеңеш бийлиги орногон алгачкы жылдары кыргыз эли Туркестан АССРинин курамында болгонун эске алуу абзел (1918-1924-ж.ж.). Ошого жараша кыргыз эли Туркестан АССРинин Конституциясынын алкагында жашаган. Чындыгында ошол автономиялык мамлекеттин курамында жашаган Орто Азиянын көп сандагы эли саясий, укуктук оор абалда жашагандыгы маалым. Анткени Турк. АССРи буга чейин конкреттүү улуттардын, элдердин саясий, аймактык, социалдык-экономикалык, маданий кызыкчылыктарын таптакыр канааттандыра албаган мурдагы падышалык Россиянын Туркестан генерал-губернаторлугунун калкынын башын бириктирген автономиялык, Советтик Социалисттик Республика эле. Баса, ошол Турк. АССРинин элдери үчүн жогоруда белгиленген коомдук, саясий, социалдык-экономикалык, маданий турмуштун абдан маанилүү маселелери ошол учурда дагы эле толук чечилбей калып кеткен. Бул мезгилде кыргыз эли, анын улуттук элитасы, лидерлери Туркестан АССРинин Конституциясынын иштелип чыгышына, даярдалышына жана кабыл алынышына чындыгында катышкан эмес. Кыргыздардын жаңы мамлекеттик түзүлүшү, негизинен, РСФСРдин курамындагы Туркестан АССРинин, ошондой эле СССРдин курамындагы РСФСРдин

---

[1] *Абытов Б. К., Акбаралыкызы Токтобүбү. Основные этапы формирования государственности кыргызов и конституционного развития Кыргызстана//Вестник Бурятского государственного университета. Выпуск 4. -Улан-Удэ, 2019. -С.38-50*

Конституциялары аркылуу аныкталган. Ошентип, 1918-1929-жылдары кыргыз элинин өзүнө таандык Конституциясы болгон эмес.

**Экинчи этап** – 1929-1937-жылдарга туура келет. Бул этап Кыргыз АССРинин өзүнүн улуттук мамлекеттик Конституциясынын кабыл алынышы менен башталат. Бул зор саясий, тарыхый окуя Кыргызстандын конституциялык өнүгүү тарыхындагы маанилүү учур болуп калганы талашсыз. Ошентип, Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолу дал ошол 1929-жылдан башталат. Демек, экинчи этап кыргыз элинин алдынкы өкүлдөрүн камтыган конституциялык комиссия тарабынан, Кыргыз Автономиялык Советтик Социалистик Республикасынын Конституциясы 1926-29-жылдары иштелип чыгып, көрсөтүлгөн убакыт аралыгында кайра-кайра долбоорлору даярдалып, тиешелүү органдарда талкууланып, оңдоп-түзөтүүлөр киргизилгенден кийин кабыл алынганы белгилүү. Кыргыз АССРинин өздүк Конституциясынын долбоору Кыргыз автономиялуу облусу Кыргыз АССРи болуп кайра түзүлгөнгө чейин эле иштеле баштагандыгын адилеттик үчүн белгилей кетишибиз абзел. Чындыгында, Конституциянын алгачкы долбоору 1926-жылы даярдалган. Баса белгилей кетчү жагдай, алгачкы Кыргыз мамлекетинин – Кыргыз АССРинин алгачкы Конституциясынын долбоору 1926-1929-жылдары төрт башка долбоордо иштелип чыгып, партиялык жана мамлекеттик жогорку органдарга сунушталган. Тилекке каршы, алардын алгачкы үч долбоору мамлекетибиз курамына кирген РСФСР менен СССРдин жетекчилигин канааттандыра алган эмес. Ошондой себептерден улам, 1927-жылдагы курултайга Кыргыз АССРинин Конституциясы даяр болбой калган. Ага байланыштуу атайын конституциялык комиссия сунуш кылган долбоор кабыл алынган эмес. Республиканын автономиясы жактырылып, **"Кыргыз АССРинин түзүлүшү жөнүндөгү Декларация"** салтанаттуу жарыяланып, бирок республиканын Конституциясы толук иштелип чыкпагандыгына, даяр болбогондугуна байланыштуу деген сыяктуу, ар түрдүү шылтоо менен кабыл алынган эмес. Автономиясы жарыяланган, бирок Конституциясы жок мындай кырдаалдан чыгуу максатында, Кыргыз АССРинин укуктук жоболору 1925-жылдагы РСФСРдин Конституциясы, ошондой эле 1927-жылдын 21-мартындагы Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиуму жана РСФСРдин Эл Комиссарлар Кеңеши тарабынан

бекитилген убактылуу **"Автономиялык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшү жөнүндөгү Жобо"** аркылуу аныкталган.[1] Аталган Жобо 1927-1929-жылдар аралыгында Кыргыз АССРинде Баш мыйзам ордуна пайдаланылганы ырас. Ошентип, көрсөтүлгөн эки жыл аралыгында Кыргызстан жеке Конституциясы жок жашоону баштан кечирип, мамлекеттик башкаруу жогоруда көрсөтүлгөн убактылуу **"Жобого..."** таянган. Акыры 1929-жылы Кыргыз АССРинин Конституциясы кабыл алынып, анын 2-беренесинде: **"Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы жумушчулардан, дыйкандардан турган мамлекет катары автономиялуу республика болуп эсептелет жана федерациялык башталышта РСФСРдин курамына, ал аркылуу ССР Союзунун курамына кирет"** -деп баса белгиленген.[2]

**Үчүнчү этап** – 1937-1978-жылдарды камтыйт. Конституциялык өнүгүү жолунун бул этабы 1936-жылдагы СССРдин сталиндик Конституциясынын жана эга ылайык, 1937-жылы СССРдин курамында жаңы түзүлгөн Кыргыз ССРинин Конституциясынын кабыл алынышы менен башталат. Бул тарыхый жараянда Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлүшү жүзөгө ашырылган. Белгилүү юрист, кыргыз юриспруденциясынын көч башындагылардын бири К.Нурбеков, өз кезегинде, диссертациялык изилдөөсүндө: "...Кыргыз АССРи өзүнүн Конституциясына, мамлекеттик бийликтин жогорку органына, мамлекеттик башкаруусуна, өзүнүн мыйзамдарына жана жарандыгына, өзүнүн аймактарына, мамлекеттик бюджетине, өздүк сот бийлигине, укук коргоо органдарына ээ болгон. Башкача айтканда, өз алдынча Кеңештик улуттук мамлекет болуп саналган. Кыргыз АССРинин мамлекеттик аппаратын түзүүдө жергиликтүү калктын өкүлдөрүнө артыкчылык берилген. Иш кагаздары, сот өндүрүшү, агартуу системасы

---

*[1] КР БМА.-Ф.21. Оп.3. Д.141. -Л.27-53// Конституция (Основной закон) Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики; КР БМА.-Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.75-84// Конституция (Основной закон) Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики; Конституция (Основной закон) Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики. –Фрунзе, 1929; Нурбеков К. Н. Преобразование Киргизской АССР в союзную республику//Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата юридических наук //Академия наук СССР. Институт права им. А.Я.Вышинского -М.,1958.-С 7; История национально-государственного строительства в СССР. В 2 томах. -М.: «Мысль», 1972. -Т.1. -С.403-405; Образование Киргизской Автономной ССР: материалы и документы. Фрунзе, 1927. -С. 263; Кыргызская государственность в XX веке.-Б., 2003. -С.*

*[2] Образование Киргизской Автономной ССР: материалы и документы. Фрунзе, 1927. -С.263; Конституция (Основной закон) Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики. –Фрунзе, 1929: Беренени котормосу авторлор тарабынан эркин которулду*

Кыргызстандын аймактарында жашаган башка улуттардын кызыкчылыктарын эске алып, кыргыз тилинде жүзөгө ашырылган. Кыргыз АССРи эгемендүүлүккө ээ болгон эмес, бирок өз алдынча башкаруунун кенен укуктарын пайдаланган. Ал РСФСРдин тең укуктуу федералдык бөлүгү болуп саналып, коомдук, саясий, эл чарба жана маданий турмуштун бардык тармактарында кеңири ыйгарым укуктарга ээ болгон," – деп белгилеген. К.Нурбеков конкреттүү тарыхый кырдаалдарды кеңири анализдеп, ошол эле учурда Кыргыз АССРинин союздук республика болуп кайра түзүлүшүнүн төмөнкүдөй негизги жүйөлүү себептерин белгилеген. Алар:

1. Кыргызстанды ошол тарыхый шарттарда автономиялык республикадан союздук республика катары өзгөртүүгө зарыл болгон объективдүү үч себеп, белги болгон. ***Биринчиси,*** Кыргызстан Кытай менен чектешкен четтеги республика болуп, бардык тарабынан СССРдин аймактары менен курчалбаган. ***Экинчиси,*** советтик республикага аты берилген улут катары, тагыраак айтканда, кыргыздар республиканын калкынын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн. ***Үчүнчүсү,*** улуттук кыргыз мамлекетинин өз алдынчалуулугун жана мамлекеттин көз карандысыздыгын камсыз кылууга шарт түзгөн бир жарым миллион калкы болгон.

2. Кыргызстандын автономиялык статустан союздук республика болуп кайра түзүлүшүнө эл аралык фактор чоң мааниге ээ болгон. Мурдагы өз алдынча толук укукка ээ болбогон, колониялык эзүүдөгү кыргыз элинин эгемендүү советтик республика катары түзүлүшү, ошондой эле улуттук мамлекетти куруудагы кыргыз элинин жетишкен тажрыйбасы, али да эзүүдөн бошой элек колониялдык Азия жана Африка элдеринин улуттук боштондугу, тең укуктуулугу, көз карандысыздык жана эркиндик үчүн күрөшүүсүнө үлгү болуп саналган.

3. Автономиялык Кыргызстандын союздук республика болуп кайра түзүлүшүнө бир катар ички коомдук-саясий, чарбалык-маданий ж.б. факторлор негиз болгон. Алардын ичинен:

а) Кыргызстандын бардык коомдук жана чарбалык турмушуна ар тараптан тоскоолдуктарды жаратып, кыргыз элинин саясий, экономикалык, маданий турмушунун кайра жаралышына бут тосуп, кечеңдеткен феодалдык карым-катнаштардын калдыктарынын

жоюлушу. Бул ийгиликтерге агрардык реформаны жүргүзүү жолу аркылуу жетишкен;

б) Эзүүчү таптын, бай-манаптардын (кыргыз феодалдарынын) Кыргызстандын аймагынан алыс чыгарылышы, тап катары жоюлушу... Аларды көчүрүү эки этап менен ишке ашырылган;

в) Улуттук адистерди даярдоо. Мамлекеттик башкаруу аппаратын жергиликтүү калктын өкүлдөрү менен камсыздоо, толуктоо жолу аркылуу эгемендүү республиканы өз алдынча башкарууга жөндөмдүү улуттук адистер тобунун түзүлүшү. Кыргыз элинин советтик улуттук мамлекетин өнүктүрүү үчүн мамлекеттик аппараттын түпкүлүктүү калкка жеткиликтүүлүгү зарыл болгон. Ал үчүн жергиликтүү тилди түшүнө билген, эл чарбасынын ар кандай тармактарын башкарууга жөндөмдүү улуттук адистерди даярдоого талап күчтүү болгон. Түпкүлүктүү элдин өкүлдөрүн мамлекеттик башкаруу аппаратына тартуу, бардык тармактарды улутташтыруу, титулдук улуттун тилин мамлекеттик аппараттын иш кагаздарын жүргүзүүгө киргизүү, башкаруу аппаратына жергиликтүү калктын өкүлдөрүн кеңири тартуу, тил билбеген адистерге жергиликтүү элдин тилин үйрөтүү жана окутуу, мамлекетти өз алдынча башкарууга жөндөмдүү жергиликтүү улуттук адистерди даярдоо сыяктуу иш-чаралардын комплекстүү системасын көрсөткөн жана көрсөтөт;

г) Жайлоо Кеңештерин уюштуруу аркылуу, Кыргызстандын көчмөн райондорун кеңештештирүү, көчмөндөрдү отурукташтыруу. Кыргыз АССРи түзүлгөн кезде калктын жарымынан көбү көчмөн жана жарым көчмөн турмушунда жашаган. Ага байланыштуу Кыргыз АССРинин Өкмөтү 1926-жылдын декабрында көчмөн райондорду кеңештештирүү боюнча атайын иш-чараларды иштеп чыгуу максатында атайын комиссия түзгөн. Комиссия бир топ иштерди аткарып, көчмөн болуштуктардагы иштердин татаалдыгын көргөндөн кийин, көчмөн райондорду тейлөө үчүн атайын Кеңештин уюштурулушу зарыл деп тапкан. Ушундан улам Убактылуу Көчмөн Жайлоо Кеңештери кантондук Кеңеш укугунда түзүлүп, 1927-жылдан иштей баштаган;

д) Эгемен республикада өлкөнү индустриалдаштыруу, айыл чарбасын коллективдештирүү жолу менен экономикалык базанын түзүлүшүн камсыз кылган. Кыргызстан 1926-1936-жылдары автономиялык республика сапатында социалистик индустриалдык республиканы

түзүүдө, эл чарбасын реконструкциялоодо, айрым майда, өнүклөгөн чакан көчмөн мал чарбачылыгын бириктирип, ирилештирип, жогорку сапаттагы жамааттык ири чарбаларга айландырууда бир топ ийгиликтерге жетишкен. Кыска убакыт аралыгында көчмөндөр тарабынан каралбаган, кол тие элек табигый сансыз байлыктарга көңүл бурулуп, индустриалдык ишканалардын имараттары, фабрика-заводдор курулуп, ишке киргизилип, жөнөкөй машинаны элестетип көрбөгөн калк үчүн талааларда тракторлор, комбайндар жана башка айыл чарба машиналары иштей баштады.

Кыргызстанда өндүрүштүн бир топ жаңы тармактары: электрдик, металл иштетип чыгуу, машина куруу, түстүү металл, химиялык, кант өндүрүү, жыгач иштетүү, азык-түлүк өндүрүү, текстилдик, бут кийим, булгаары иштетүү сыяктуу революцияга чейин Кыргызстанда болуп көрбөгөн тармактар түзүлдү. Өнөр жай тармагынын, өндүрүштүн өсүшү жумушчу табынын өнүгүшүнө таасирин тийгизди. Социалисттик индустриалдаштыруу айыл чарбасынын социалисттик болуп кайра түзүлүшү үчүн материалдык негизди түзүп берди. Индустриалдаштыруунун натыйжасында, республикабыз дыйкан чарбаларын массалык түрдө колективдештирүүгө өткөрүү үчүн техникалык база боло турган көптөгөн тракторлорду, комбайндарды, молотилкаларды ж.б. айыл чарба машиналарын алууга жетишти. Кедей-кембагалдардын, орто дыйкандардын колхоздорго массалык түрдө өтүшү 1929-жылдын акырынан башталган. 1937-жылга карата Кыргызстандын жалпы чарбасынын 89,1 пайызы коллективдик чарбаларга кирген. Социалисттик индустриалдаштыруунун, коллективдештирүүнүн натыйжасында, көз карандысыз республиканын экономикалык таянычы түзүлүп, Кыргызстан автономиялык республикадан союздук республика катары кайра түзүлүшүнө негиз болгон;

е) Республикадагы маданий революциянын натыйжасында кыргыз элинин рухий кайра жаралуусу жүзөгө ашкан... Кыска мөөнөттө кеңештик Кыргызстанда чыныгы маданий революция турмушка ашырылган. Бул революциянын мазмунунда, баарынан мурда, агартуу тармагы ыкчам өнүгүп, илимий-изилдөө мекемелери түзүлө баштады, кыргыз жазмасы пайда болуп, басылмалар, басмаканалар түптөлүп, кыргыз акындары, жазуучулары, драматургдары жанданып, кыргыз адабияты өнүктү. Улуттук театр, Кыргыз мамлекеттик оркестри,

филармония түзүлдү. Булардын баары тең укуктуу, көз карандысыз Кыргыз Советтик Социалистик Союздук Республикасынын түзүлүшүнө жол ачты.

Жогоруда белгиленген факторлордун бардыгы автономиялык республикадан союздук республиканын түзүлүшүнө объективдүү өбөлгө, шарт түзүштү. 1936-жылдын 5-ноябрында СССРдин Конституциясынын долбоорунун жалпы элдик талкуусунун жыйынтыгын чыгарууга Фрунзе шаарына чогулган Бүткүл Кыргыз Кеңештеринин кезексиз чакырылган V курултайындагы эл өкүлдөрүнүн сөздөрү автономиялык Кыргызстандын союздук республика болуп кайра түзүлүшү жөнүндөгү кыргыз элинин эркин ачык чагылдырган. Бүткүл Кыргызстандын кезексиз чакырылган V курултайы СССРдин Конституциясынын долбоорун бир добуштан жактырып: "...киндик каныбыз тамган Кыргызстандын союздук республика катары кайра түзүлүшү жөнүндөгү кабарды Кыргызстандын бүткүл эмгекчилери болуп көрбөгөндөй зор кубаныч менен кабыл алат," – деген чечим кабыл алынган.[1]

Белгилүү, эмгеги сиңген бул юристтин эмгегиндеги тиешелүү текстти биз атайын сөзмө-сөз которуп киргиздик. Себеби биздин көз карашыбызда, ушул күнгө чейин юристтерден да, тарыхчылардан да, саясат таануучулардан да Кеңеш доорундагы окумуштуулардын позициясынан, ошондой эле саясий өңүттөн да эч ким мындай ишенимдүү, жеткиликтүү, туура негиздеп бере элек.

1936-жылдын декабрында кабыл алынган федеративдик мамлекеттин Конституциясына ылайык, 11 бөлүмдөн, 118 беренеден турган Кыргыз ССРинин Конституциясы 1937-жылдын 23-мартында Кыргыз ССРинин Кеңештеринин чукул чакырылган V курултайында кабыл алынганы белгилүү. Андагы 114 берене СССР менен РСФСРдин Конституциясынан сөзмө-сөз көчүрүлгөн.[2] Баш мыйзамдагы тексттердин мындай дал келип калышы саясий жана экономикалык системанын жалпылыгы, бийлик органдарынын структураларынын, милдеттеринин, максаттарынын бирдей экендиги менен

---

*[1] Нурбеков К. Н. Преобразование Киргизской АССР в союзную республику... –С.7-14. Пайдаланылган цитата авторлор тарабынан эркин которулду.*

*[2] Материалы о ходе обсуждения проекта Конституции Кирг. ССР»; Советская Киргизия. 1937 г. 24 марта: Конституция (Основной закон) Киргизской Советской Социалистической Республики. –Ф., 1937*

түшүндүрүлгөн. Ошого карабай, бул Конституция социализмдин курулушунун Конституциясы болуп калганын айта кетүү керек.

**Төртүнчү этап** – 1978-1993-жылдарды камтыйт. Бул этап 1978-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясынын кабыл алынышы менен башталат. Ага чейин эле 1977-жылдын июлунда Кыргызстан КП БКнын Бюросу Кыргыз ССРинин Конституциясынын - Баш мыйзамынын жаңы долбоорун иштеп чыгуу үчүн курамы Кыргызстан КП БКнын бөлүм башчыларынан, аппараттын компетенттүү кызматкерлеринен, Жогорку Советтин Президиумунан, Министрлер Кеңешинин, окумуштуу юристтерден, министерстволордун жана ведомстволордун өкүлдөрүнүн эсебинен 47 мүчөдөн турган Конституциялык комиссияны түзгөн.[17] 19 баптан, 10 бөлүмдөн, 172 беренеден турган Кыргыз ССРинин Конституциясы - Баш мыйзамы 1978-жылдын 20-апрелинде кабыл алынган. 1978-жылдагы Конституция ашыкча идеологияга сугарылгандыгына, көп көрсөткүчтөрү боюнча жасалмалуулугуна карабай, өзгөчө мааниге ээ болгон. Ал Конституция, баарынан мурда, кыргыз элинин улуттук мамлекетинин өнүгүү жолунда болуп өткөн сапаттуу өзгөрүүлөрдү Баш мыйзам катары бекиткен.

**Бешинчи этап** – 1993-2005-жылдар аралыгына туура келет. Бул этапты шарттуу түрдө конституциялык реформалардын акаевдик учуру же режими деп шарттуу түрдө атаганга болот. Бул этап эгемендүү, көз карандысыз Кыргызстандын 1993-жылдагы алгачкы Конституциясынын иштелип чыгышы жана кабыл алынышы менен белгилүү. 1990-жылдын 27-октябрында республиканын он экинчи чакырылышындагы Жогорку Кеңеши **"Кыргыз ССРинин Конституциясынын (Баш мыйзамынын) жаңы долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссияны түзүү жөнүндөгү токтомун"** кабыл алган.[18] Кийинки үч жыл ичинде Конституциянын жаңы долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссия коомчулук жана депутаттар менен биргеликте өлкөбүздүн Баш мыйзамынын жаңы вариантын иштеп чыгышты. Жаңыдан иштелип чыгып, 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын

*[17] КР БМА. -Ф. 1445. Оп. 17. Д. 1021. Л. 1–5, 12–24; 32–34; Д. 1023. -Л. 21–33 // Материалы о ходе обсуждения проекта Конституции Кирг. ССР»; «Предложения и замечания к проекту Конституции Кирг. ССР», «Заключения по предложению и замечанию к проекту Конституции Кирг. ССР», «Протокол № 1, 2, 3 заседаний комиссии по подготовке проекта Конституции Кирг. ССР и материалы к ним».*

*[18] КР БМА. -Ф. 1445. Оп.17. Д. 2490. -Л. 1–11, 13–18, 20–57, 64–66; Указ Президента Республики Кыргызстан «О введении в действия Конституции Кыргызской Республики» от 5 мая 1993 г. № 1186–XII; Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ведомосттору. Бишкек, 1993. № 7.*

Конституциясы эгемендүү, демократиялык, укуктук светтик, унитардык, социалдык мамлекет катары жаңы Кыргыз мамлекетинин түзүлүшүндөгү маанилүү этап болуп саналат.

1993-жылдагы Конституциянын негизги маанилүү учурлары болуп Кыргыз Республикасынын көз карандысыздык принциптери, сөз эркиндиги жана демократия эсептелет. Дал ушул Конституция укуктук мамлекеттин, коомдук өнүгүүнүн негизи, демократиянын түркүгү, азыркы Кыргызстандын экономикалык жана идеологиялык принциптеринин башаты болуп саналат.

Өлкөбүз конституциялык өнүгүүнүн бешинчи этабында, 2005-жылдын мартында болуп өткөн тарыхый, саясий окуяларга шартталган, логикалык ырааттуу конституциялык реформага ээ болгону белгилүү. Албетте, алгачкы конституциялык реформалар акаевдик режим учурунда болгон. Андай иш эгемендүү, көз карандысыз Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы кабыл алынгандан үч жыл өткөндөн кийин башталган эле. Коомдун андан кийинки өнүгүү этабында, саясий жетекчиликтин өзгөрүшү, өлкөдөгү жеке бийликтин күч алышы, белгилүү бир топтун же күчтүн кызыкчылыгын көздөп, конституциялык нормаларды өзгөртүүгө алып барган. Андай күчтөрдүн каалоо-тилеги конституциялык реформага алып бара турган шартка ылайыктап, коомдук-саясий мамилеге укуктук жактан таасир бере баштаган. Дүйнөлүк практикага ылайык, кандай гана конституциялык реформа болбосун, ал алдыга умтулуу, бир нече этаптуу, эволюциялык прогресс катары мүнөздөлөт. Бирок Акаев учурундагы Кыргызстандагы конституциялык реформа бир адамдын, анын айланасындагы жакын адамдарынын, тагыраак айтканда, президент А.Акаевдин гана кызыкчылыктарын көздөгөн. Өзүнүн бийлик абалын бекемдеп, ыйгарым укуктарын күчөтүп, бийликти жакын адамдарына бөлүштүрүү максатында, өз пайдасы үчүн бир эле А.Акаев үч жолку конституциялык реформага барган.

Эң кызыгы, ошол алгачкы реформалардын, өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун негизги демилгечиси дал ошол биздин тунгуч Президентибиз болгондугунда болууда. Президенттик архивде ошол кездеги А.Акаевдин 1995-жылдын 19-апрелинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотуна **“Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду**

**киргизүү жөнүндөгү"** мыйзамынын долбооруна өз тыянагын берүүсүн өтүнүп кайрылган документ сакталып турат. 24-апрелде Конституциялык Соттун карамагына жеткен. Тиешелүү документти ар тараптан изилдеп көрүп, Конституциялык Сот 1995-жылдын 9-ноябрында Президенттин кайрылуусу, негизинен, туура деп таап, аларды ар тараптан чечмелеп, ал сунуштаган өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү негиздүү деген чечимге келген. Чечимди өзгөртүүгө жана кайра кароого болбойт, аны аткарууга бардык мамлекеттик органдар жана жетекчилер милдеттүү деп тыянак чыгарган. Бул чечим Президентке, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жана Эл өкүлдөр жыйынына жиберилсин деген корутунду чыгарып беришкен.[19] Ошондой президенттин кызыкчылыгына карата чыгарылган мыйзамды Конституциялык соттун төмөнкү курамы чыгарып берген: **Ч.Т.Баекова** - төрайым, **П.Н.Дрыжак, А.С.Кененсариева, К.Осмонов, Ж.Тойгонбаева, К.Э.Эсеналиева, Э.Е.Токтомамбетова, П.С.Санаева**, тиешелүү өкүлдөр **Ф.Кулов, Н.Н.Бейшеналиева, М.Т.Каиыпов, А.М.Масалиев.**[20] Бул мыйзамдын долбоору да, Конституциялык Соттун чечими да коомчулукка анча белгилүү болбой, кеңири талкууга коюлбай эле, жең ичинен чыгарылган чечим болуп калганы да талашсыз көрүнүш. Кызыгы, Конституциялык Соттун чечиминен кийин гана кабыл алуу үчүн Жогорку Кеңешке жиберилип жаткандыгында. Ага анча деле таң калбаса болот, себеби ушуга окшогон укук коргоо органдарынын чечимдери аркылуу тунгуч Президентибиз конституциялык реформаларга, алар аркылуу өз укуктарын кеңейтүүгө жол ачуу аракеттерин баштаган кези эле.

Ошентип, ар түрдүү жолдор, ыкмалар менен камсыздалган конституциялык реформалар А.Акаевдин бийлигинин алгачкы жылдары эле башталган. Мындай конституциялык реформалар 1996-жылдын 3-январынан тартып, Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин мамлекеттик бийлик бутактарынын арасындагы ыйгарым укуктарды чектөө маселеси боюнча референдум өткөрүү жөнүндөгү жарлыгына ылайык жүргүзүлө баштаган. Ал референдум 1996-жылдын 10-февралындагы **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына**

---

[19] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви –Ф.1. Т.1. К.893. -Б.169-194.*
[20] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.893. -Б.170.*

**өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү"** кабыл алынган мыйзамы аркылуу жүзөгө ашырылган.

Белгилей кетчү жагдай, жогорудагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ар бир беренесине тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча конституциялык мыйзамдын атайын иштелип чыккан долбоорунун негизинде турмушка ашырылганын архивдик маалыматтар тастыктайт.[1]

Кийинки конституциялык реформа КР Президентинин 1998-жылдын 1-сентябрындагы **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү"** мыйзамдын долбоорун бүткүл элдик талкууга коюу жөнүндөгү №270 жарлыгына ылайык жүргүзүлгөн. Андан кийинкиси 1998-жылдын 1-октябрындагы **"1998-жылдын 17-октябры Кыргыз Республикасындагы референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жөнүндөгү"** Президенттин жарлыгы менен өткөрүлгөн. Референдумдун жыйынтыгы менен **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү"** мыйзам кабыл алынган.

Аталган мыйзам Конституцияга киргизилген толуктоолор жана өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киризүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү жөнүндөгү" жарлыгына ылайык турмушка ашырылган. Ошол эле жарлыкка ылайык, толукталган жана өзгөртүлгөн Конституциянын толук текстти 1998-жылдын 27-октябрында "Эркин-Тоо" газетасына жарыяланган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бир айлык мөөнөттө жаңыланган Конституциянын расмий текстин тийиштүү нускада басып чыгаруу жана таркатуу милдеттендирилген.[2] Ошентип, 1998-жылдагы Конституциянын жаңы редакциясына бир топ өзгөртүүлөр "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" мыйзамга ылайык киргизилген.[3] Алар жөнүндө толугураак маалыматтар кийинки тиешелүү бөлүктө кеңири баяндалат. 2002-жылдын акырында көп максатты көздөгөн,

---

[1] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.289. Б.4-13.*
[2] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.1011. Б.77-82.*
[3] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.987. Б.106-109.*

комплекстик мүнөздөгү жаңы конституциялык реформа башталган.[24] Кыргыз Республикасынын Президентинин, **"Кыргыз Республикасында Конституциялык реформага даярдык көрүү боюнча иш-чаралар жөнүндөгү"** жарлыгына ылайык, Конституциянын жаңы долбоору 2002-жылдын 17-октябрында бүткүл элдик талкууга коюлуп, талкуу эки жарым айга созулган.[25] 2003-жылдын 13-январында КР Президентинин ПЖ №-8 2003-жылдын февраль айында **"Кыргыз Республикасында референдум өткөрүү жөнүндөгү"** жарлыгы чыккан. 2003-жылдын 2-февралында өткөрүлгөн референдумдун натыйжасында, 2003-жылдын 18-февралында "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" мыйзам кабыл алынган.[26] Референдумда жарандардын басымдуу бөлүгү өлкөбүздүн Конституциясын өзгөртүүгө сунушталган мыйзамды жактап чыгышкан.

Ушул жерде алдын ала баса белгилей кетчү жагдай бар. Ал 2003-жылдын 27-январында АКШнын Эл аралык катнаштар боюнча Улуттук демократиялык институтунун программалык директору Эми Щульцтун Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратынын дарегине келип түшкөн атайын билдирүүсү болуп эсептелет. Анда аталган абройлуу эл аралык институттун Программалык директору ошол институттун таасын баасын билдирген. Анда мындай саптар бар:

**"...Акыркы убактардагы иш-аракеттер конституциялык реформанын жараянынын уңгусуна шек келтирди. Капыстан түзүлгөн жаңы конституциялык эксперттик топтун дайындалышы, коомчулук менен алдын ала кеңешпей туруп Конституцияга жаңы өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилиши, анын натый-жасында Президенттин укуктарынын кеңейтилиши, эки жума калганда референдумдун жарыяланышы Кыргызстанда демократиялык жараяндын потенциалына шек келтирет. Ошондуктан конституциялык реформага толук шарттар, өбөлгөлөр түзүлгөнгө чейин референдумдун мөөнөтүн жылдыруу зарылдыгын"** баса

[24] *Наша газета. 1998. 5 сентября; Сааданбеков Ж. Сумерки авторитаризма. -С. 233; Современные зарубежные Конституции. -М.: МЮИ, 1992. -С.172*
[25] *Указ Президента Кыргызской Республики от 26 августа 2002 года №УП-235 «О мерах по подготовке конституционной реформы в Кыргызской Республике».*
[26] *Указ Президента КР от 13 января 2003 г. УП № 8 «О проведении референдума в Кыргызской Республике». Закон «О внесении изменений и дополнений в Конституцию Кыргызской Республики» от 18 февраля 2003 г.*

белгилеген.[27] Тилекке каршы, ошол кездеги президенттик аппараттын жооптуу кызматкерлери да, ошол кездеги Президент да жогорудагы сунушка, каалоого тийиштүү көңүл бурушкан жок. Тагыраагы, аталган абройлуу институттун атайын өкүлчүлүгүнүн сунуштары суу кечпей калганын архивдик документтер тастыктап турат.[28] Бирок эске ала турган жагдай бар. Ошондой абройлуу эл аралык институттун өкүлчүлүгүнүн сунушун көңүл бурбай такыр эле таштап коюшкан эмес. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасындагы өкүлү, конституциялык эксперттик топтун жетекчисинин жана Президенттик аппараттын укук бөлүмүнүн башчысынын колу коюлган узак түшүндүрмөсү даярдалганы да талашсыз факт. Алар Конституцияга сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор, Президенттин укуктарынын кеңейтилиши зарыл экенин баса белгилешип, булар демократиялык принциптерди бузбай тургандыгын баса белгилешкенин да эске ала кетүү абзел. Аталган өзгөртүүлөр бир катар, тагыраагы, негизги беш милдетти чечээри белгиленген. Албетте, референдумду токтотууга жана мөөнөтүн жылдырууга негиз жок экени баса көрсөтүлгөн.[29]

Ошентип, бешинчи этапты конституциялык реформанын акаевдик режиминин этабы деп шарттуу түрдө атташты. Себеби Конституция төрт жолу оңдоп-түзөтүүдөн өтүп, акыры ал бийликтин, Акаевдин үй-бүлөлүк жана жакындарынын узурпациясына алып келди. Анын жыйынтыгы марттагы элдик революцияга, акаевдик режимдин, анын кланынын, жакын санаалаштарынын кыйрашына жеткирди. Жеке бийлигин, жакын санаалаштарынын артыкчылыктарын артыкча бекемдеген көптөгөн конституциялык реформалар акырында аны сактап кала алган жок. Турмуш чындыгы жана тарыхый-саясий окуялар ал же бул саясий ишмерди бийликке алып келүүгө болгон элдин үмүтүн, каалоо-тилегин, аракетин көзгө илбей коюуга болбой тургандыгын толук көрсөттү. Элдик кыймылды тоготпогондуктан улам, конституциялык өнүгүү жолунун жана реформанын кийинки этабынын даярдалышына шарт түзүлдү.

**Алтынчы этап** – 2005-2009-жылдар аралыгын камтыйт. Бул этаптагы конституциялык реформа Март революциясынан кийин,

---

[27] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.2681. Б.17-18, 20.*
[28] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. – Ф.1. Т.1. К.2681. Б.16,19.*
[29] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.2681. Б.22-26.*

К.Бакиевдин бийликке келиши менен башталган. Кыска убакыт аралыгында ошол кездеги президент 5 жыл ичинде эки ирет чуу коштогон конституциялык реформа өткөрүүгө жетишкен. Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолунун алтынчы этабы 2006-жылдын 9-ноябрындагы №180 **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү"**, 2007-жылдын 15-январындагы №2 **"Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү"** эки мыйзамдын кабыл алынышы менен байланышат.[1]Бул этап революциядан кийинки Кыргызстандын турмушунда, 2005-жылдагы саясий окуя – Март революциясынан кийин саясий бийликтин алмашканы менен мүнөздөлөт. Республикадагы революциядан кийинки кайра түзүү жолун издөө учуру болуп эсептелет. Анын негизинде, Конституцияга бир топ жаңылыктар киргизилген. Мисалы, Кыргыз Республикасынын парламенти 90 депутаттан туруп, анын кеминде 50 пайызы пропорциялык система боюнча шайланышы керек болгон; республикадагы сот адилеттиги боюнча Улуттук кеңештин сунушу аркылуу Президент Конституциялык Соттун, Жогорку Соттун судьяларынын талапкерлигин шайлоо үчүн парламентке сунуш кылган; мамлекеттик башкаруу системасына гендердик тең укуктуулук киргизилген; жарандардын кош жарандуулугу мамлекет тарабынан таанылган.

Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолунун алтынчы этабы 2007-жылдын 21-октябрында өткөрүлгөн референдумдун жыйынтыгында, 2007-жылдын 23-октябрында кабыл алынган №157 **"Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү"** мыйзамы менен тыгыз байланышта.[2] Анда конституциялык бир топ өзгөртүүлөр киргизилген: Президенттин негизги ролу белгиленип, Өкмөттүн түзүлүшүнө караганда Президенттин ыйгарым укуктары күчөтүлгөн, Өкмөттүн курамы аныкталып, Президенттин алдында өкмөттүн отчет берип туруушу аныкталган; Өкмөт курамына киргизүү үчүн премьер-министр Өкмөт мүчөлөрүнүн кызмат ордуна, коргоо жана коопсуздук маселелерине жооптуу адамдардын талапкерлигин сунуш кылышы көрсөтүлгөн; Президенттин ыйгарым

[1] *Закон "О внесении изменений и дополнений в Конституцию Кыргызской Республики» № 180 от 9 ноября 2006 г.; Закон «О новой редакции Конституции Кыргызской Республики» № 2 от 15 января 2007 г.*

[2] *Закон «О новой редакции Конституции Кыргызской Республики» № 157, от 23 октября 2007 г.*

Президенттин ыйгарым укуктарына премер-министр менен макулдашып, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу укугу кошулган; Президентке өкмөттүн жана аткаруу бийлигинин органдарынын нормативдик-укуктук актыларын кыскартуу укугу берилген.

**Жетинчи этап** – 2010-2016-жылдарда турмушка ашырылган. 2010-жылдагы конституциялык реформанын маңызына жана мазмунуна кийинки бөлүктөрдө кеңири токтолобуз. Конституциялык реформанын бул этабы да саясий жүрүштөр, бийликтин алмашышы Кыргыз Республикасынын саясий багытынын өзгөрүшү менен белгилүү. Кыргызстандагы конституциялык реформанын бул этабы 2010-жылдын 27-июнундагы референдум аркылуу кабыл алынган Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы менен өзгөчөлөндү. 2010-жылдагы Убактылуу Өкмөт №1-декрети менен Кыргыз Республикасында Конституциянын жаңы редакциясы кабыл алынганга чейин 2007-жылдын 21-октябрында кабыл алынган Конституцияны жарактуу - деп тапкандыгын белгилей кетишибиз керек. 2010-жылдын 21-апрелинде Убактылуу Өкмөт Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча референдумга даярдык көрүүгө жоопттуу тарап катары - Убактылуу Өкмөттүн төрайымынын орун басары кылып Ө.Текебаевди бекитишкен. Демек, конституциялык реформанын бул этабынын жоопкерчилиги Убактылуу Өкмөткө, конкреттүү Ө.Текебаевге жүктөлгөн. Ал жаңы Конституциянын иштелип чыгышына да зор салым кошкон, ошондон улам каймана түрдө ал 2010-жылдагы Кыргыз Республикасынын "Конституциясынын агасы" деп эсептелген.

2010-жылдын 19-майында Убактылуу Өкмөттүн төрайымы Р.Отунбаева 2010-жылдын 27-июнунда жаңы Конституция боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жөнүндөгү декретке кол койгон. 2010-жылдын 20-майында "Эркин Тоо" газетасына **"Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алуу жөнүндөгү"** мыйзамдын долбоору басылып чыккан.[1] Ал эми 2010-жылдын 27-майында ошол эле "Эркин Тоо" гезитинде **"Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алуу жөнүндөгү"** мыйзам долбооруна оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Убактылуу

---

[1] *Закон "О введении в действие Конституции Кыргызской Республики"//Эркин Тоо, 20 мая 2010 года. Спецвыпуск №42 (1962).*

Өкмөттүн декрети жарык көргөн.[1] Гезиттин бул эки номери тең атайын чыгарылыш катары даярдалган. Анда мамлекеттик тилде түзүлгөн негизги сөздөргө тиешелүү оңдоп-түзөтүүлөр көп кездешет. Орус тилиндеги тексттерден алынган сөздөрдөгү одоно каталар мында толук тазаланбагандыгы кийинчерээк белгилүү болду. Долбоордун оңдоп-түзөтүүлөр киргизилген толук нускасын Убактылуу Өкмөт референдумга чейин жарыялаган эмес. 2010-жылдын 18-июнунда "Эркин Тоо" гезити Кыргыз Республикасында референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жөнүндөгү Убактылуу Өкмөттүн башка декретин жарыялаган.[2] Бул документ июндагы каргашалуу окуяга байланыштуу өзгөчө абалдагы айрым аймактарда референдум өткөрүү маселесин жөнгө салган. Ошентип, 2010-жылдын 27-июнунда саясий кризистин, өлкөбүздүн түштүгүндөгү улуттар аралык кагылыштын күчөп турган учурунда Убактылуу Өкмөттүн жоопкерчилиги алдында, референдум жолу менен Кыргыз Республикасынын **жаңы Конституциясы** кабыл алынган.

Саясий татаал кырдаалга карабай, референдумдун жүрүшүндө ага катышуучулардын 90 пайызы Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын колдошкон. Убактылуу Өкмөттүн демилгесинде даярдалган Конституциянын дал ушул жаңы долбоору бүткүл элдик референдумда Кыргызстандын 1777339 жараны же шайлоочулардын 90,55 % добушу менен жактырылган. 2010-жылдын 1-июлунда БШК референдумдун жыйынтыгын чыгарып, өткөөл мезгилдин Президенти жөнүндөгү декретти жүзөгө ашырып, референдумдан тышкары Р.Отунбаеваны өлкөнүн Президенти катары каттаган токтом кабыл алган.[3] Жаңы Конституцияга ылайык, элдик бийликтин үстөмдүгү жана Жогорку Кеңешти, Президентти бүткүл элдик шайлоодоон өткөрүлүшүнүн камсыздалышы аныкталган; мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийлиги бутактарына бөлүштүрүлгөн; Президентке мамлекет башчысы жана арбитр ролу берилген. Президенттин ыйгарым укуктары кескин кыскарган. Жаңы Конституцияда - чечүүчү роль Жогорку Кеңешке берилип, саясий көп кырдуулук жана көп партиялуулукту тааныган парламенттик респуб-

[1] *Декрет Временного правительства о внесении поправок в проект закона "О введении в действие Конституции Кыргызской Республики"//Эркин Тоо, 27 мая 2010 года. Спецвыпуск.*
[2] *Декрет "О референдуме (всенародном голосовании) Кыргызской Республики"//Эркин Тоо,18 июня 2010 год*
[3] *Официальный сайт ЦИК КР. 1 июля 2010 года; Акипресс 25 октября 2015 года.*

лика катары башкаруунун жаңы формасы киргизилген. Ошондой эле Конституциянын ушул редакциясында биринчи жолу 2020-жылга чейин Конституция өзгөртүлбөй тургандыгы көрсөтүлгөн.[1] Тилекке каршы, 2020-жылга чейин Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана ондоп-түзөтүүлөрдү киргизүүгө коюлган бул мораторий өз вазыйпасын толук аткара албады. Апрель революциясынан кийин болуп өткөн өзгөрүүлөрдү ошол Баш мыйзам толук канааттандыра алган жок. Ошондон улам, коомдук-саясий турмушта келип чыккан кырдаалдар Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарылдыгы 2015-2016-жылы түшүнүктүү болду. Тагыраак айтканда, конституциялык реформанын жаңы зарылдыгы келип чыкты.

**Сегизинчи этап** – 2016-жылдан бүгүнкү күнгө чейинки убакытты камтыйт. Кыргыз Республикасынын бул конституциялык реформасы 2016-жылдын 11-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү бүткүл элдик добуш берүүдөгү референдуму аркылуу өткөн. Беш жыл аралыгында биз 2020-жылга чейин иштеп жаткан Конституцияга ондоо, түзөтүү киргизүүгө чектөө коюлган мурдагы конституциялык нормаларды карманып жашадык. Бирок өлкөбүздүн көпчүлүк коомдук, саясий багыттары 2010-жылы кабыл алынган Конституцияга карама-каршы келип калган. Өлкөбүздөгү коомдук, саясий кырдаал, мамлекеттик түзүлүштүн өзгөрүшү жана дагы көптөгөн башка себептер республиканын ошол кездеги жетекчилигин конституциялык жаңы реформага барууга аргасыз кылган. Ошентип, 2015-жылдын 22-майында **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү"** мыйзам коомдук талкууга чыгарылган. Өз кезегинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" мыйзам долбооруна негизделген шилтемелерди** берип, кезектеги конституциялык реформанын себептерин түшүндүргөн.[2] Конституциянын жаңы редакциясынын долбоорун талкуулоо 2016-жылдын 17-сентябрына чейин уланган. Анын акыркы редакциясы

[1] *Конституция (Основной закон) Кыргызской Республики. –Бишкек, 2010.*

[2] *Раздаточные материалы всенародного референдума 2016 г. «Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в Конституцию Кыргызской Республики» -С. 1-3// Из материалов референдума 2016 года; «Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений….»// Официальный сайт Жогорку Кенеша Кыргызской Республики//www.kenesh.kg 26 июля, 17 сентября 2016 года. –С.2-4.*

Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган.[1] 2016-жылдын 3-ноябрында "Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо жөнүндөгү" КР мыйзамына ылайык, 2016-жылдын 11-декабры референдум өткөрүү күнү катары дайындалган. Дал ошол күнү **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү"** мыйзам боюнча референдум болуп өткөн.[2] 2016-жылдын 22-декабрында КР Борбордук шайлоо комиссиясы "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" референдум болуп өттү, анын жыйынтыгы таанылсын деген токтом кабыл алган.[3]

Ошентип, 2016-жылдын 11-декабрындагы референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясына акыркы өзгөртүүлөр киргизилген. Өзгөртүлгөн Конституциянын расмий түп нускасы 2017-жылдын 27-январында республиканын Президентинин атайын жарлыгы менен жарыяланган.[4] 2016-жылдын декабрындагы Конституциянын бир нускасы Президенттик аппаратта сакталат деп ошондо жазылган. Биздин көз карашыбызда, 2010-жылдагы конституциясынын тексттинин түп нускасындагы жаңылыштык менен казустук талаш-тартыштан сактануу үчүн ошол кадамга барышкан. Ошол учурдан баштап, ушул күнгө чейин эгемендүү жана көз карандысыз жылдар аралыгындагы Конституциянын акыркы, сегизинчи редакциясынын алкагында жашап жатабыз. Бул жеткиликтүү иштелип чыккан акыркы конституциялык реформа деп айта албайбыз. Ошондой эле анын акыркы болушуна да эч ким кепилдик бере албайт. Анын акыры кандай болушун турмуш жана убакыт көрсөтөт.

Биздин көз карашыбызда, улуттук мамлекеттин жана укуктун бирдиктүү эволюциялык жараяны катары Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолунун аныкталыш маселесине кайрылгандыгыбыз - кыргыз тарыхындагы азыркы илимий принциптериндеги обьективдүүлүктү, тарыхый тактыкты талап кылган жаңы

---

*[1] «Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в Конституцию Кыргызской Республики» -С. 3-9// Из материалов референдума 2016 года; «Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений…..»//Официальный сайт Жогорку Кенеша Кыргызской Республики//www.kenesh.kg 26 июля, 17 сентября 2016 года. –С.3-9.*

*[2] Официальный сайт ЦИК КР. 22 декабря 2016 года.*

*[3] Официальный сайт ЦИК КР. 22 декабря 2016 года.*

*[4] Конституция Кыргызской Республики// Официальный сайт Президента Кыргызской Республики от 27 января 2017 года; Конституция Кыргызской Республики. –Бишкек, 2017.*

көз караштарыбызды жарыялоо, илимий коомчулукка сунуштоо. Экинчи жагы, кыргыз юриспруденция жааты үчүн да жогоруда айтылган көйгөйлүү илимий маселенин тарыхый таризде толукталышы, конституциялык өнүгүүнүн ар тараптан иликтөөлөрүнүн ачып берүүгө жасалган аракеттерибиз артыкчылык кылбайт.

Азыркы Кыргызстандын тарыхында, тарых наамесинде мындан башка этаптарга бөлүштүрүү аракети жок болгондуктан, биз ар тараптан салмактап, негиздеп конституциялык өнүгүүнү жогоруда көрсөтүлгөн этаптарга бөлүштүргөнүбүзгө тарыхчы кесиптештерибиз, кеңири окурмандар жана окумуштуу юристтер тарабынан каршы пикир болбойт деген ойдобуз. Кеп учуру келгенде айта кетели, биз башка окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн олуттуу, кайчылаш пикирлерин угууга дайым даяр экендигибизди баса белгилейбиз. Ошондой эле бул багытта жасалган аракетибиз акыркы жана жападан жалгыз илимий иш деп айткандан алыспыз. Келечекте ата мекендик тарыхчылардан башка көз караш, же башка кайчылаш пикирлер келип чыгышы толук ыктымал экендигин танбайбыз.

## 1.2. КЫРГЫЗ АССРинин АЛГАЧКЫ КОНСТИТУЦИЯСЫ КАЧАН, КИМ ТАРАБЫНАН ДАЯРДАЛЫП, КАНТИП КАБЫЛ АЛЫНГАН?

Азыркы дүйнөлүк тез өзгөрүү шарттарында тарых илимдеринин айрым тармактары жөнүндөгү түшүнүктөрдү, актай калган барактарын толуктоо башкы милдеттердин бири болуп калды. Учурдагы кыргыз тарыхындагы биз көтөрүп жаткан олуттуу маселенин терең, ар тараптан изилдениши тегин жерден эмес. Биздин баамыбызда, автордук көз карашыбызда, Кыргызстандын биринчи Конституциясынын текстин качан, ким тарабынан иштелип чыкканы, тиешелүү тарыхый, саясий, мамлекеттик деңгээлде даярдалуусу, ар тараптуу талкууга алынуусу, кабыл алынуу жараяны биздей тарыхчылар үчүн абдан маанилүү экени талашсыз. Анткени Кыргызстанда Кеңеш доорунан баштап ушул күнгө чейин алгачкы Кыргыз АССРинин Конституциясын эле эмес, Кыргыз ССРинин Конституциясынын (1937,1978-жж.), эгемендүү, көз карандысыз Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ар түрдүү долбоорлорун иштеп чыгуу үчүн атайын түзүлгөн конституциялык ко-

миссиялардын иштерине байланышкан маселелерди, алардын ишмердүүлүгүн конституциялык реформалардын өнүгүү жараянын кыргыз тарыхчыларынан эч ким изилдей элек. Дагы бир катар көйгөйлүү маселелер ошол кабыл алынган конституциялардын долбоорлорун иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн атайын комиссиялардын улуттук курамы, Кыргыз мамлекетинин Баш мыйзамын түзүү боюнча комиссиянын курамында канча кыргыз улутундагы жана укуктук билими бар адистер болгону эч качан изилденген эмес. Ошондуктан биз архивдик бай булактардын кең чөйрөсүнө жана көмөкчү тарыхый, саясий материалдарга таянып, максат кылган маселелерди ар тараптан изилдөөгө, аларга байланышкан кыргыз тарыхынын актай калган барактарын толуктоого аракет кылдык.

Белгилүү болгондой, Кеңеш доорунун алгачкы жылдарын кыргыз мамлекети өзүнө таандык Конституциясы жок турмушту баштан кечиргендиги белгилүү. Кыргыз элинин, Кыргызстандын аймагынын, бир туруп Туркестан АССРинин, бир туруп РСФСРдин курамындагы абалы, ошол шарттардагы мамлекеттик түзүлүшү кыргыз элине тиешелүү өзүнүн Конституциясын иштеп чыгууга да, кабыл алууга да жол берген эмес. Кыргыз элинин коомдук, саясий турмушуна Конституция саясий маданияттын жаңы үлгүсү катары РСФСРдин курамында улуттук автономияга ээ болгондон кийин гана киргени талашсыз факт. Кыргыз АССРинин 1929-жылдагы Конституциясы улуттук мамлекеттин өнүгүү жолунун тарыхындагы биринчи Конституция болуп калды.[1]

Кеңештик автономиянын бир формасы катары түзүлгөн кыргыз элинин улуттук-мамлекеттик түзүлүшү - Кыргыз Автономиялык облусу пролетариат диктатурасынын негизинде келип чыгып, Кеңештердин базасында негизделген. Ал кенештик федерациянын чегинде, улуттук эгемендүүлүктү камсыз кыла алган кыргыз элинин саясий жактан өзүн-өзү аныктоо формасы болуп саналган. Өз учурунда кыргыз юриспруденциясынын көч башындагылардын бири, ата мекендик көрүнүктүү юрист К.Нурбеков, ага улай эле биздин тарыхчылар кыргыз автономиялык облусу мамлекеттик эгемендүүлүккө, мамлекеттик негизги атрибуттарына ээ болбогон, бирок улуттук-мамлекеттик

---

[1] *КР БМА. -Ф. 21. Оп 3. Д. 141. -Л. 75-84//Конституция Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики; Нурбеков К. История государства и права Киргизской ССР. Ч.2. Фрунзе. 1970. С.73; Н.Шерипов Конституционное развитие кыргызской государственности: советский этап..*

түзүлүш катары мүнөздөлгөн мамлекеттин формасы катары аныкталгандыгын баса белгилешкен. Ал мамлекеттик функцияларды жүзөгө ашырууга жөндөмдүү болгон, белгилүү чектеги бийликтин ыйгарым укуктарын алган, саясий мүнөздөгү мекемелерге ээ мамлекеттик түзүлүш болгон. Кыргыз Автономиялык облусу өзүнүн аймактык ээлигине, ага байланыштуу чечимине, аймактык бийлик элементтерине, ачык-айкын бийликке, өз алдынча башкаруу администрациясына, сотко, СССРдин жогорку бийлик органдарында өзүнүн өкүлүнө ээ болгон. Мамлекеттик мекемелерде, сот өндүрүшүндө иш кагаздары, мектептеги билим берүү кыргыз тилинде жүргүзүлгөн.[2] Мына ушулардын бардыгы Кыргызстандын биринчи Конституциясынын негизинде жүзөгө ашырылган.

Айтмакчы, тактай кете турган маселе, көпчүлүк тарыхый жана юридикалык адабияттардын дээрлик баардыгында, ошондой эле интернет айдынындагы булактарда Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын - Баш мыйзамынын бир эле долбоору болгондугу, ал 7 баптан, 16 бөлүмдөн, 97 беренеден тургандыгы дайыма айтылат. Мисалы, фундаменталдык мүнөздөгү документтерди жана макалаларды камтыган "**Кыргызская государственность в XX веке" – "XX кылымдагы кыргыз мамлекеттүүлүгү"** аттуу жыйнакта айтылат.[3] Андагы алгачкы Баш мыйзамдын түзүлүшү тууралуу маалыматты **"Кыргыз АССРинин Конституциясынын"** обзору да тастыктайт. Ушундай эле маалыматты белгилүү интернет сайты да кайталап берет.[4] Кандай болгон күндө да Кыргызстандын биринчи Конституциясы кыйла талкуудан өтүп, оңдоп-түзөтүүлөр киргизилгенден кийин кабыл алынганы талашсыз. Ошол биринчи Баш мыйзамыбыз РСФСР менен СССРдин борбордук бийлик органдарынын, компартиянын тиешелүү уюмдарынын, партиялык, мамлекеттик жетекчилигинин катаал көзөмөлүнө карабай, бир канча редакциясы сунушталып, кыйла толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен бир нече жолку сунуштардын акырында, жогоруда сөз кылган редакциясы кабыл алынганын баса белгилөө абзел.[5]

---

[2] *Нурбеков К. История государства и права Киргизской ССР Ч. 2. Фрунзе, 1970. С.73.*
[3] *Кыргызская государственность... -С.262-263//Из истории Конституции Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики.*
[4] *https//ru.wikisource.org//Конституция Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики.*
[5] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. -Л.33-115; ЦГА КР –Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.1-90.*

Изилдөө ишибиздин жүрүшүндө, архивдик документтерден биздин биринчи Конституциябыздын 1929-жылда кабыл алынган акыркы редакциясына чейин Кыргыз АССРинин бийлик органдарына сунушталган бир катар варианттарын таптык. Алар 1926-29-жылдарга таандык болгон төрт вариант, бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин тиешелүү фонддорунда сакталып турат. Булар атайын түзүлгөн конституциялык комиссия тарабынан иштелип чыгып, тиешелүү органдардын талкуусуна да, бүткүл элдик талкууга да коюлган варианттар. Ошентип, биз КР БМА сакталып турган **"Кыргыз Автономиялык Социалистик Советтик Республикасынын Конституциясынын"** талкууга сунушталган биринчи долбоорун кенен, ар тараптан изилдедик.[1] Бул долбоорду 1926-жылы орус тилинде даярдалган, Кыргыз АССРи болуп кайра түзүлгөнгө чейин, Кыргыз Автономиялык облус кезинде алгачкы конституциялык комиссия сунуш кылган. Конституциянын долбооруна ылайык анын түзүлүшү төмөнкүдөй болгон:[2]

1. **Жалпы жоболор** – 1 бап 17 берене;
2. **Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө** – 4 бап 33 берене;
3. **Шайлоо укугу** – 3 бап 4 берене;
4. **Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу** – 1 бап 3 берене;
5. **Кыргыз АССРинин герби жана туусу жөнүндө** – 2 бап 3 беренеден турган түп нускасы түзгөн.

Ошентип, Кыргыз АССРинин Конституциясынын сунушталган биринчи долбоору 5 баптан, 11 бөлүмдөн 60 беренеден турганы аныкталды.[3] Аталган маанилүү документ хронология боюнча Кыргыз Автономиялык облусу Кыргыз АССРи болуп кайра түзүлгөнгө чейин сунушталган биринчи Конституциянын долбоору болгондугун тастыктайт. Анткени ал документ 1926-жылы даярдалган деп көрсөтүлгөн. Баса, Кыргыз АССРинин Конституциясынын жогорку алгачкы долбоорунун ар кандай беренелери боюнча ондон ашык атайын түшүндүрмөлөр, эскертмелер берилгендигин белгилей кетүү биздин милдет.[4] Мисалы, Кыргыз АССРинин Конституциясынын биринчи

---

[1] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л. 33-71.*
[2] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л. 33-71// Проект Конституции Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики.*
[3] *Ошол эле жерде.*
[4] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л.36, 39, 40, 42, 43.*

бөлүмүндөгү экинчи беренесине: "Конституцияга өзгөртүүлөр аны кабыл алган тартипте жүргүзүлөт" деген эскертме жазылган.[10] Үчүнчү баптын экинчи бөлүгүндөгү 23-беренесине: "Кыргыз АССРинин курултайында кабыл алынган толуктоолор жана өзгөртүүлөр жалпы Россия Кеңештеринин курултайында бекитүүгө киргизилет" деген түшүндүрмө, эскертме берилген.[11] Кыргыз АССРинин алгачкы Конституциясынын долбоорунун 4-бабынын 33-беренесине берилген дагы бир кызык эскертме бар: "Төраганы жана Эл Комиссарлар Кеңешинин мүчөлөрүн керек учурда алмаштыруу, дайындоо укугу Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетине берилет" деп белгиленет.[12] Кыргыз АССРинин Конституциясынын 4-бабындагы 37-беренеге берилген №2 эскертмеде: "Кыргыз Социалистик Советтер Республикасынын Эл Комиссарлар чөйрөсүнө кирген мамлекеттик башкаруунун айрым тармактарын түздөн-түз жетекчиликке алуу үчүн төмөнкүдөй 11 Элдик Комиссариаттар түзүлөт" деп 37-берене баса белгилейт *(автономиялык деген сөз көрсөтүлбөгөн, түп нускада басылбай калган – авторлор)*:[13]

**1. Эл чарбасынын борбордук Кеңеши;**

**2. Эмгек комиссариаты;**

**3. Каржы .................;**

**4. Соода сатык...............;**

**5. Юстиция.....................;**

**6. Ички иштер...................;**

**7. Агартуу .........................;**

**8. Саламаттыкты сактоо.......................;**

**9. Дыйканчылык ..............................;**

**10. Жумушчу дыйкандар инспекциясы.........................;**

**11. Социалдык камсыздандыруу комиссариаты.**

Баса, ушул эле беренеге 4 эскертме, түшүндүрмө тиркелген. Алардын ичинен 3-эскертмеде "саясий жана экономикалык контреволюцияга, тынчылыкка, бандитизмге каршы күрөшүү үчүн Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин алдында СССРдин бириккен мамлекеттик жана саясий башкармалыгынын органы түзүлөт"

---

*[10] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л.36, 39, 40, 42, 43*

*[11] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л.36.*

*[12] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. -Л.39*

*[13] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. - Л.39-40; 65-66.*

деп белгиленген.[1] Бул Эл Комиссариаттарында юстиция, ички иштер комиссариаттары болгонуна карабастан, биздин мамлекеттин алгачкы түзүлүшүндө республиканын Эл Комиссарлар Кеңешинин алдында саясий бандитизмге, контрреволюцияга, тынчылыкка, каршы күрөшүү үчүн атайын орган түзүлүшүнүн сунушталгандыгынан кабар берет. Ушундай калпыс органдын түзүлүшү, кийинчерээк контреволюцияга, бандитизмге жана тынчылыкка каршы күрөшүү багытын шылтоолоо менен бир далай кыргыз элинин ишенимдүү уул-кыздарын жок кылууга шарт түзгөнү да талашсыз.

Чындыгында, жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар, архивдик документтер Кеңеш доорундагы Кыргызстандын алгачкы Баш мыйзамынын кабыл алынбай калган биринчи долбоору болгон. Анын биринчи беренесинде: "Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы, Кеңештердин курултайында жарыялангандай Кыргызстан эмгекчилер массасынын эркине ылайык, жана РСФСРдин Конституциясынын 2-беренесинин негизинде улуттук кеңештик республика катары федеративдик башталышта РСФСРдин курамына кирет. Кыргыз АССРинде бийликтин бардык бутактары жумушчулардын, дыйкандардын жана кызыл армиянын депутаттарына таандык" - деп айтылат.[2] Биз үчүн өзгөчө кызыкчылыкты туудурган дагы бир 3-берене бар. Анда "Кыргыз АССРи РСФСРдин Конституциясында аныкталган чекте, өзүнүн мамлекеттик түзүлүшүн эркин тандоо укугунан пайдаланат. Бийлик органдарынын компетенциялары жана өз ара кызматташуусу РСФСРдин мыйзамдарында аныкталган," – деп айтылат. Бүгүнкү күндүн бийиктигинен караганда, бул абдан эле таң калыштуу көрүнөт.[3] Анткенибиздин себеби, бир тарабынан, мамлекеттик түзүлүштү өз алдынча аныктоого эркиндик берип жатат. Экинчи тарабынан, РСФСРдин мыйзамдарынын беренелерине баш ийдирүүгө аргасыз кылгандыгы болуп жатат. Башкача болуусу ошол кездеги абалыбызда мүмкүн эмес болчу. Кыргыз АССРинин Конституциясынын биринчи долбоорунда мындай учурлар абдан көп кездешет. Бирок ошого карабай, ал талкууга коюлуп, алгач жогорку бийлик органдары тарабынан да, партиялык органдар тарабынан да жактырылган. Ошондой болсо да,

---

[1] *Ошол эле жерде.*
[2] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л. 33.*
[3] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л. 33.*

биринчи Конституция катары 1927-жылкы Уюштуруу курултайында кабыл алынбай калган. Ошентип, баятан бери сөз кылып жаткан 5 баптан, 11 бөлүмдөн, 60 беренеден турган Баш мыйзам, Кыргыз АССРинин кабыл алынбай калган биринчи Конституциясынын алгачкы долбоору болгондугун дагы бир жолу белгилей кетүү абзел.

КР БМАнын фонддорунан биринчи долбоордон бир топ айырмаланган, Кыргыз АССРинин кабыл алынбай калган Конституциясынын экинчи долбоорун да таптык. Экинчисинин биринчи долбоордон болгон айырмачылыгы алардын мазмундук түзүлүшүнөн дароо эле байкалат. Тагыраак айтканда, **"Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын"** экинчи долбоору төмөнкүдөй мазмунда болгон:[17]

1. **Жалпы жоболор** - 1 бап 21 берене;
2. **Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө** - 5 бап 23 берене;
3. **Жергиликтүү бийлик жөнүндө** - 4 бап, 16 берене;
4. **Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу** - 1 бап 10 берене;
5. **Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө** – 1 бап, 17 берене;
6. **Шайлоо укугу** - 3 бап 9 берене;
7. **Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндө** -1 бап 4 беренеден турган.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөндөй, Кыргыз АССРинин Конституциясынын жаңыланган 1927-жылда түзүлгөн экинчи долбоору 7 чоң бөлүмдөн, 16 баптан, 103 беренеден турган. Негизи Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясына байланыштуу архивдик документтерде бул долбоор алгач 106 беренеден турганын да тактадык. Бирок кайра-кайра талкуулаган конституциялык комиссиянын акыркы редакциясында беренелердин саны 103 болуп кыскартылганы маалым болду.[18] Аталган документ Кыргыз АССРинин конституциялык комиссиясы тарабынан даярдалган акыркы долбоору болбогондугун архив материалдары тастыктайт.

Ошентсе да Кыргыз АССРинин Конституциясынын жаңыланган бул экинчи долбоорунда кандай жаңылыктар киргизилген? – деген

---

[17] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. -Л. 33.Ф. 21. Оп 3. Д.141. - Л. 54-74//Конституция Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики Проект.*
[18] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. --Л. 54-74.*

мыйзамдуу суроо туулат. Экинчи редакциядагы долбоорго төмөнкүдөй эки толугу менен жаңы бөлүктүн киргизилгендигин көрсөтүүгө болот:

4-бөлүм. **Жергиликтүү бийлик жөнүндө** - 4 бап, 16 берене;

5-бөлүм. **Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө** – 1 бап, 17 берене.

Булардан башка, биринчи бөлүктөгү **"Жалпы жоболорго"** бир бөлүм, 17 berененин ордуна кошумча төрт берене киргизилип, 21 беренеден түзүлгөн. Буга чейинки бөлүктө **"Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө. Негизги жоболор"** 4 бап, 33 беренеден турган болсо, Кыргыз АССРинин Конституциясынын экинчи долбоорунда бул бөлүк 1 бапка көбөйтүлүп, 23 беренеге чейин кыскартылган. **"Шайлоо укугу"** экинчи долбоордо өзгөртүлүп, мурдагы 3 бап, 4 беренени 3 бапы сакталып, беренелеринин саны тогузга чейин өскөн. **"Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу"** биринчи вариантта бир бап, 3 беренеден турган болсо, экинчи долбоордо 1 бөлүмү өзгөртүлбөй сакталып, беренелеринин саны онго чейин өскөн. Мурдагы **"Кыргыз АССРинин герби жана туусу жөнүндөгү"** 2 бап, 3 беренеден турган бешинчи бөлүк да өзгөрүүгө дуушар болгон. Бул экинчи долбоордо **"Кыргыз АССРинин герби жана туусу жөнүндөгү"**- аталыш менен 2 бап, 3 беренеден турган акыркы бөлүк да бир аз өзгөрүүгө дуушар болгон. Экинчи долбоордо бул бөлүк **"Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндө"** деп аталып – 1 бап 4 беренеден турган.

Ошентип, Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын экинчи долбоорунун мазмуну ушундай өзгөртүүлөрдөн туруп, жаңыланган экинчи долбоор 7 бөлүктөн, 16 баптан жана 103 беренеден турган.[1] Бирок архивдик документтер тастыктагандай конституциялык комиссия тарабынан сунушталып, бир катар тиешелүү органдардын талкууларынан өткөн бул долбоор да 1927-жылы Кыргыз АССРин түзүү жана жарыялоо курултайын утурлап сунушталганына карбастан бекитилбей калган. Ошентип, биринчи долбоордон кыйла айырмаланган Кыргыз АССРинин Конституциясынын өзгөртүлгөн экинчи долбоору да биздин биринчи Конституциябыз боло албай калган.

[1] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л. 54-74.*

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен биз Кыргыз АССРинин Конституциясынын 1928-жылда жаңыртылып, оңдолгон үчүнчү долбоорун да таптык. Бул атайын **"жаңыланган, өзгөртүлгөн орус тилинде жазылган"**[20] белгиси бар **"Кыргыз Автономиялык Советтик Социалистик Республикасынын Конституциясынын"**[21] долбоору кыйла башка мазмунда, беренелери жана түзүлүшү боюнча мурдагы варианттардан айырмаланып турган. Ошентип, сиздердин назарыңыздарга алгачкы Конституциянын ар тараптан өзгөртүлгөн үчүнчү долбоору сунушталат. Ал төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турган:[22]

1. **Жалпы жоболор** - 1 бап, 21 берене;
2. **Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө** – 1 бап, 21 берене;
3. **Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу** - 1 бап, 18 берене;
4. **Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө** - 5 бап, 29 берене;
5. **Жергиликтүү бийлик жөнүндө** - 4 бап, 16 берене;
6. **Шайлоо укугу** - 3 бап, 9 берене;
7. **Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндө** - 1 бап 4 берене.

Жогоруда белгиленгендей, архивдик документтер жаңыланып, толукталып өзгөртүлгөн биринчи Конституциянын 3-долбоору 7 бөлүктөн, 16 баптан жана 118 беренеден тургандыгын тастыктайт.[23] Бул долбоордогу жогоруда көрсөтүлгөн беренелерине кошумча 27 эскертме, түшүндүрмө тиркелгенин баса белгилей кетүүбүз абзел.[24] Биз тапкан архивдик документтердин жогорку сол бурчундагы **"Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары бириккиле"** деген жазуунун ордуна **"Оңдолгон, жаңы долбоор"** деп жазылышы, алгачкы конституциялык комиссиянын тиешелүү органдар үчүн талкууга даярдаган иш кагазы экендигин тастыктайт.

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин фонддорунан табылган Кыргыз АССРинин Конституциясынын үчүнчү

---

[20] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. - Л.27.*
[21] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. - Л.27-53.*
[22] *Ошол эле жерде.*
[23] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. -Л. 27-53.*
[24] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. -Л. 27-53.*

долбоорунун мазмунуна жана түзүлүшүнө жүргүзгөн салыштырма анализибиз беренелердин саны өзгөртүүлөрдүн натыйжасында 118 беренеге чейин өскөнүн, ал эми негизги бөлүктөрү жана баптар өзгөртүүсүз калтырылганын көрсөттү. Мисалы, биринчи бөлүк бир бап 21 беренеден түзүлүп, өзгөртүүсүз калтырылган.[1] **"Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндөгү"** экинчи бап конституциянын жаңы долбоорунда бешинчи бапка жылдырылып, анын ордуна экинчи бапка жаңы **"Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө"** 1 бап 21 беренеден турган түзүлүш киргизилген.[2] Буга чейин ал 1 бап, 17 беренеден түзүлүп 5 бөлүктө турган эле. Жаңы долбоордо белгиленген бапка 4 берене кошулган. Биринчи Конституциянын жаңы долбоорунун түзүлүшүнө ылайык, 3 бөлүккө - экинчи варианттын төртүнчү бөлүмүндө турган **"Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу"** жайгаштырылган. Бул бөлүк экинчи долбоордо 1 бап 10 беренеден турган болсо, жаңы долбоордо ал бир бөлүм 18 беренеден түзүлгөн. Тагыраак айтканда, анын беренелеринин саны 8 беренеге өскөн.[3] Мурдагы долбоордо 5 бап, 23 беренеден түзүлүп, экинчи бөлүктөн орун алган **"Кеңеш бийлигинин түзүлүшү"** үчүнчү долбоордун структуралык түзүлүшүнө карата төртүнчү бөлүккө жайгаштырылган. Бул учурда аталышы мурдагыдай калтырылганы менен, ал 5 баптан жана 29 беренеден турганы маалым. Тагыраак айтканда, анын беренелери кошумча 6 берене менен толукталган.[4] Жаңы долбоорго ылайык, **"Жергиликтүү бийлик жөнүндөгү"** 5 бөлүк 4 бап, 16 берене боюнча өзгөртүүсүз калтырылып, структуралык түзүлүшүнө карата жайгашкан орду алмаштырылган. Баштагы долбоордо ал үчүнчү катарда турган. Ушундай эле структуралык түзүлүшкө карата 3 бап 9 беренеден турган **"Шайлоо укугу жөнүндөгү"** алтынчы бөлүк өзгөртүүсүз калтырылган. 1 бап 4 беренеден турган **"Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндөгү"** 7-бөлүк мазмуну, беренелердин саны боюнча өзгөртүүсүз калтырылган.[5]

---

[1] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.27-30.*
[2] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.30-35.*
[3] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.35-40.*
[4] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.41-46.*
[5] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. -Л.47-50.*

Ошентип, Кыргыз АССРинин алгачкы Конституциясынын үчүнчү долбоору беренелеринин саны боюнча биринчи вариантка салыштырмалуу эки эсе, же алтымыштан 118 беренеге өскөнүн баса белгилей кетели. Ал эми биринчи Конституциянын экинчи долбооруна караганда 15 беренеге көптүк кылган. Биздин пикирде, дал ушул факт ар кандай талаш-тартыштарды, түрдүү көз караштарды жаратпай коюшу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, бул маселе тарыхчылар жана юристтер тарабынан кошумча изилдөөнү талап кылган көйгөйлүү маселе экендигинен шек саноого болбойт.

Атайын түзүлгөн конституциялык комиссия үчүнчү долбоорду сунуштап, борборго да, кыргыз элине жана мамлекетине да жага турган, тийиштүү органдарды ар тараптан канааттандырган Конституцияны иштеп чыгып өз вазыйпасын толук аткаргандай туюлат. Анткени биз аталган үчүнчү долбоор мурдагыдай эле бардык тиешелүү бийлик органдарынын талкуусунан өтүп, башында алардан колдоо таап, курултайда бекитүүгө сунушталган. Тилекке каршы, борбордун, Москванын өкүлдөрү, бийликтин жогорку эшалону тарабынан Кыргыз АССРинин Конституциясынын үчүнчү долбоору да кандайдыр бир деңгээлде колдоо таппай, Бүткүл кыргыз Кеңештеринин курултайынын күн тартибине алгачкы Конституциянын долбоору катары киргизилбей калган.

Акыры, 1929-жылдын февралына карата Кыргыз АССРинин Конституциясынын төртүнчү долбоору даярдалып, сунушталган. Биз Борбордук мамлекеттик архивдин фонддорунан 1929-жылдын 30-апрелинде Бүткүл Кыргыз Кеңештеринин курултайы тарабынан кабыл алынган биринчи Конституциянын акыркы төртүнчү долбоорунун акыркы иштелмесин таптык. Бул жаңы долбоор мурдагыдай эле 7 бөлүктөн, 16 баптан туруп, бирок беренелердин жалпы саны азайып, 97 берене болуп калган. Ошондой абалга жараша беренелердин маани-маңызында да бир топ өзгөрүүлөр болгон. Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын мурдагы долбоорлорунун иштелмелеринен кескин айырмаланып турат. Тагыраак айтканда, анын мазмуну жана структуралык түзүлүшүндө төмөнкүлөр камтылган:[30]

1. **Жалпы жоболор** – 1 бап, 21 берене;
2. **Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө** - 5 бап, 24 берене;

---

[30] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.75-64.*

3. **Жергиликтүү бийлик жөнүндө** - 4 бап, 16 берене;

4. **Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу** - 1 бап, 5 берене;

5. **Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө** – 1 бап, 18 берене;

6. **Шайлоо укугу** - 3 бап, 9 берене;

7. **Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндө** – 1 бап, 4 берене.

Ошентип, бул жолу структуралык түзүлүштө бир аз орун алмашуулар, кээ бир өзгөрүүлөр болгон. Мисалы, "**Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндөгү**" мурдагы 4-бөлүк мында 2-бөлүккө жылдырылып, беренелеринин жалпы саны 5 беренеге кыскартылган. "**Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу**" орун алмашуу менен мурдагыга салыштырганда 13 беренеге кыскартылып берилген. Ошол эле кезде "**Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндөгү**" бөлүк 3 беренеге кыскарган. Алардын натыйжасында 3-долбоордогу 118 берененин ордуна 97 берене калтырылган.[31]

Ошентип, Кыргыз Автономиялык облусу мезгилинде түзүлүп, кийин толукталган конституциялык комиссия тарабынан бир нече жолу оңдолуп, толукталып, өзгөртүлгөн биринчи Баш мыйзамдын 4-долбоору 1929-жылдын февралында даярдалган. Дал ушул долбоор ошол эле жылдын апрелинде республиканын биринчи Коснтитуциясы катары кабыл алынган.

Төмөндө биз бир таблица аркылуу алгачкы Баш мыйзамыбыздын бири-биринен айырмаланган төрт долбоорун, окурмандарга түшүнүктүү болсун үчүн, салыштыруу иретинде сунуш кылууну туура көрдүк.

[31] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.75-84.*

**"Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын" биринчи төрт долбоорувун мазмуну:[1]**

| №№ | Конституциянын 1926 –жылдагы долбоору | Конституциянын ын 1927-жылдагы долбоору | Конституциянын1 928-жылдагы долбоору | Конституциянын19 29-жылдагы акыркы долбоору |
|---|---|---|---|---|
| *Бөлүктөр* | 5 | 7 | 7 | 7 |
| *Баптар* | 12 | *16* | 16 | *16* |
| *Беренелер* | 60 | *103* | 118 | *97* |
| *Бөлүктөр_дүн аталышы. Баптардын, беренелердин саны .* | 1. Жалпы жоболор - 1 бап 17 берене; 2.Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө – 4 бап 33 берене; 3.Шайлоо укугу – 3 бап 4 берене; 4. Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу – 1 бап 3 берене; 5.Кыргыз АССРинин герби жана туусу жөнүндө – 2 бап 3 берене | 1.Жалпы жоболор -1 бап 21 берене; 2. Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө – 5 бап 23 берене; 3. Жергиликтүү бийлик жөнүндө - 4 бап, 16 берене; 4. Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу – 1 бап 10 берене; 5. Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө - бир бап, 17 берене; 6. Шайлоо укугу – 3 бап 9 берене; 7. Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндө – 1 бап 4 берене. | *1.* Жалпы жоболор - 1 бап 21 берене; 2. Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө - 1 бап, 21 берене; 3.Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу - 1 бап 18 берене; 4.Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө – 5 бап 29 берене; 5. Жергиликтүү бийлик жөнүндө - 4 бап, 16 берене; 6. Шайлоо укугу – 3 бап 9 берене; 7. Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндө – 1 бап 4 берене. | 1. Жалпы жоболор - 1 бап 21 берене; 2. Кеңеш бийлигинин түзүлүшү жөнүндө – бап 24 берене; 3. Жергиликтүү бийлик жөнүндө - 4 бап, 16 берене; 4. Кыргыз АССРинин бюджеттик укугу – 1 бап 5 берене; 5. Кыргыз АССРинин РСФСР жана СССРдин мыйзам жана башкаруу чөйрөсүндөгү кызматташтыгы жөнүндө бир бап, 18 берене; 6. Шайлоо укугу – 3 бап 9 берене; 7. Кыргыз АССРинин герби, туусу жана Өкмөтүнүн жайгашкан орду жөнүндө – 1 бап 4 берене. |

Таблица 1926-жылдан 1929-жылга чейин атайын конституциялык комиссия тарабынан даярдалган, иштелип өтөсүнө чыгарылган 4 долбоордун окшоштуктарын жана айырмачылыктарын ачык-айкын көрсөтүп турат.

---

[1] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. -Л. 33-71; -Оп. 3. Д.141. –Л. 27-53; 54-74; -Оп. 3. Д.141. –Л. 75-84.*

Ошентип, Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын төртүнчү долбоору 1928-жылдын экинчи жарымынан 1929-жылдын биринчи жарымында даярдалгандыгын баса белгилей кетишибиз керек. Буга далил иретинде Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин жана БАКтын иш башкармалыгынын 1928-жылдын 23-октябрындагы Крым АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин дарегине жазылган атайын Өкмөттүк катын келтирүүгө болот. Анда **"...Кыргыз АССРинин Конституциясы азыркы учурда өкмөттүк атайын комиссия тарабынан иштелип жатат. Анын иштелип бүтүшү жана кабыл алынышы боюнча маалымат сиздерге дароо жөнөтүлөт.** Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Эл Комиссарлар Кеңешинин иш башкармалыгы Эрлих" берген маалымат камтылган.[33] Дагы бир ирет БАКтын катчысы Зубовдун Бүткүл Союздук Борбордук шайлоо комиссиясынын дарегине, Улуттук бөлүмгө 1928-жылдын 30-декабрында жазган катында: **"Конституциянын долбоору атайын түзүлгөн комиссия тарабынан иштелип жатат..."** дегени бышыктайт.[34] Кыргыз Борбордук Аткаруу Комитетинин Уюштуруу бөлүмүнүн катчысы Живайкиндин жазган катында: **"...Кыргыз АССРинин Конституциясынын жаңы долбоору 27 басма табактан[35] турат"** – деп маалымдалат.[36]

Демек, бул каттар биздин республиканын алгачкы Конституциясынын даярдалышынын жүрүшүнөн эле кабар бербей, анын башка автономиялык республикалар үчүн үлгү катары пайдаланылышы мүмкүн болгондугун да ырастайт. Бул, албетте, аны иштеп чыккандардын эле кадырын көтөрбөй, жалпы биздин республиканын аброюн да көтөргөндүгүнөн кабар берет. Архивдик документтерге ылайык, дал ушул төртүнчү долбоор Кыргыз АССРинин БАКынын Президиуму бекиткенден кийин бардык массалык-маалымат каражаттарында жарыяланган *(архивдик иш кагаздардагы кеңешменин токтомунда дал ушундай көрсөтүлгөн – авторлор)*, андан соң Бүткүл кыргыз курултайында бекитилген.

---

*[33] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л. 87.*
*[34] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л. 80.*
*[35] Бул жерде катынын автору азыркы учурдагы бир басма табактын (18 барак) көлөмүндө эмес, баардыгы болуп 27 машинада басканын айтып жатат - авторлор*
*[36] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д 141. –Л. 80.*

1929-жылдын 25-30-апрель аралыгында Кыргыз АССРинин Кеңештеринин II курултайы болуп өткөн. Анын ишине 203 делегат чечүүчү добуш менен 17 делегат кеңеш берүүчү добуш менен катышкан. Алардын курамында 109 кыргыз, 53 орус, 58 делегат башка улуттун өкүлдөрүнөн болгон.[1] Дал ошол делегаттар Кыргыз Автономиялык Советтик Социалистик Республикасынын, кыргыз улуттук мамлекетинин биринчи Конституциясын кабыл алууга катышкан. Белгиленген курултай өз ишинин акыркы күнүндө Бүткүл Россиялык Кеңештердин III курултайында кабыл алынган **"Эмгекчилердин жана эзилген элдердин укугу тууралуу декларациянын"** негизги жоболоруна таянып, Кыргыз АССРинин биринчи Баш мыйзамын кабыл алган. Курултай ошол эле күнү, 1929-жылдын 29-апрелинде Кыргыз АССРинин Конституциясы жөнүндөгү доклад боюнча төмөнкүдөй чечим кабыл алган:[2]

**1. Сунушталган Кыргыз АССРинин Конституциясынын долбоору бекитилсин.**

**2. Республикалык Кеңештердин курултайы мындан ары 2 жылда бир чакырылышы зарыл деп эсептелсин. Бул маселе РСФСРдин Өкмөтүнө чечүүгө жиберилсин.**

**3. Кыргыз АССРинин Конституциясынын кабыл алынгандыгына байланыштуу Кыргызстандын эмгекчилерине Кеңештердин II курултайынын атынан атайын кайрылуу жарыялансын. Кайрылуунун сунушталган долбоору БАКтын Президиумуна редакциялап чыгуу жана басма сөз каражаттарынын беттерине жарыялоо үчүн тапшырылсын.**

**4. Конституциянын кабыл алынгандыгына байланыштуу, мындан ары 30-апрель күнү Кыргыз АССРинин Конуститутциясынын кабыл алынган күнү катары белгиленип, эмгекчилердин чогулуштарында, кеңешмелеринде салтанаттуу түрдө белгиленсин".**

Натыйжада ошол алыскы 1929-жылы кыргыз мамлекетинин биринчи Конституциясынын кабыл алынышына байланыштуу тарыхый акт мына ушундай жыйынтыкталган. Кийинчерээк алгачкы Баш

---

[1] *Кыргызская государственность ... –С.223*

[2] *Резолюции и постановления съезда Советов Киргизии (1925-37 гго). Под общей редакцией доктора историческо: анук профессора В.П. Шерстобитова. –Фрунзе, 1973 –С.73-80; Кыргызская государственность в XX веке. –Б., 2003. –С. 223.*

мыйзамдын кабыл алынгандыгы тууралуу расмий жараяндар акырына чейин иштелип чыккан. 1929-жылдын 6-июлунда катталган Кыргыз АССРинин БАКынын Президиумунун кеңешмесинин токтому биздин колубузда. Анда минтип жазылган:[39]

**4. Угулду: Республикалык Кеңештердин II курултайынын токтомуна ылайык, Кыргыз АССРинин Конституциясынын акыркы текстинин бекитилиши *(жол. Зубов).***

**4. Токтом кылат: Кыргыз АССРинин Конституциясынын төмөнкү акыркы тексти бекитилсин *(тиркелет).***

**Көчүрмө тастыкталган: БАКтын жана ЭККнын Иш башкармылыгынын катчысы Апполов.**

Эмки маселе, Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын бардык долбоорлорунун текстерин баштан аякка кимдер, качан, кантип даярдаганына байланыштуу болот. Биз Кыргызстандын алгачкы Баш мыйзамын кимдер даярдаган деген көйгөйлүү маселени ар тараптан иликтөөгө алып, аларды тактап, аныктап чыктык. Тилекке каршы, азыркы учурга чейинки тарыхый, укуктук илимий изилдөөлөрдө, Кыргызстандын классикалык маанидеги биринчи Конституциясынын бир катар долбоорун даярдап, кыргыз коомчулугунун назарына алып чыккан адамдар тууралуу маалыматтар юристтер арасында да, тарыхчылар арасында да дээрлик жокко эсе. Эң биринчилерден болуп бул маселеге колуңуздагы китептин авторлору гана алгачкы эмгектерди жаратышкан.[40] Негедир бул маселеге, аталаган авторлордон башка окумуштуулар тарабынан тиешелүү көңүл бурулбай келген. Албетте, көпчүлүк окумуштуулар, негизинен, конституционалист-юристтер республиканын биринчи Конституциясынын мазмуну, юридикалык мааниси, укуктук негизи, жалпы жоболору, ага ылайык мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө көп жазышканы кашкайган чындык. Бирок белгилей кетүүчү жагдай, алар өлкөбүздүн биринчи, андан кийинки Конституцияларынын даярдалуу тарыхын, конституциялык комиссиялардын, кеңешмелердин курамын тактоошу, андай

[39] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л. 75-84, 85.*

[40] *Абытов Б.К. Первая Конституция Кыргызстана//Вестник КГЮА. Спецвыпуск. -Бишкек,2006. –С.28-34; Абы-тов Б.К., Акпарали кызы Токтобубу. Как подготавливалась первая Конституция Кыргызстана// Наука. Новые технологии и инновации Кыргызстана. №12. –Бишкек, 2018. -С. 86-90; Абытов Б.К. Акпарали кызы Токтобубу.Основные этапы формирования государственности кыргызов и конституционного развития Кыргыз-ста-на//Вестник Бурятского государственного университета. Вып. 1., -Улан-Уде, 2019. -С.38-49; Акпарали кызы Токтобубу. Первая комиссия по выработке Конституции Кыргызской АССР// История и современное мировоззрение. Т.2. №2. –Москва, 2020. –С.35-61*

маселелерге көңүл бурган эмес. Ошол конституциялардын маани-маңызы үчүн кимдер жооптуу экендигин чагылдырышкан эмес. Ырасында, буга байланышкан бир топ көйгөйлөр абдан кызыктуу маселелерден болуп саналат. Биз алдыбызга койгон максатка ылайык, бул маселени төмөнкүдөй илимий милдеттерге жана практикалык мүнөздөрүнө карай бөлүп карадык:

- ***Кыргызстандын биринчи Баш мыйзамын иштеп чыгуу боюнча атайын конституциялык комиссия качан, кандай орган тарабынан түзүлгөн?***
- ***Алгачкы конституциялык комиссиянын курамына кимдер кирген жана ал курам кийин кантип кеңейтилип, кошумча кандай адамдар киргизилген?***
- ***Чынында эле юристтердин, тарыхчылардын көңүл чордонунун сыртында калып кеткен, кыргыз элинин, мамлекетинин тарыхындагы биринчи классикалык Конституциясын даярдоо вазыйпасы кимдерге тапшырылган, ошол комиссиянын персоналдык толук курамын аныктоо?***
- ***Биринчи Баш мыйзамды даярдаган конституциялык комиссиянын курамына кирген мүчөлөр кандай кызматтагы адамдар болушкан?***
- ***Ошол биринчи конституциялык комиссиянын курамында, кыргыз элинин чыгаан уулдары, улуттук мамлекетибиздин кызыкчылыгын коргогон нукура кыргыздар болгонбу, болсо алар кимдер эле?***
- ***Биринчи Конституцияны даярдаган атайын комиссиянын курамында мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча адис юристтер болгонбу же жокпу?***
- ***Кыргызстандын биринчи Конституциясын иштеп чыгууга большевиктер партиясынын Кыргыз обкомунун, республиканын ЭКК жетекчилери катышканбы?*** ж.б. маселелер.

Биз көтөргөн маселелердин изилдениши, алардын аныкталышы чындыгында, азыркы муун үчүн эле эмес, элибиздин улуу муундагылары үчүн да абдан олуттуу да кызыктуу да экендиги талашсыз. Анткени кыргыз эли Кеңеш бийлигинин түзүлүшү аркылуу, советтик доордун башталышында РСФСРдин курамында КАО, Кыргыз АССРи катары өз мамлекетине ээ болгондугу белгилүү. Улуттук мамлекетине ээ болуу жолунда республиканын өздүк Баш мыйзамынын иштелип чыгышы, даярдалышы, анын кабыл алынышы зарыл

болгондугу талашсыз. Ошондон улам, Кыргыз Автономиялык Облусунун жогорку бийликтеринин чөйрөсүндө, РСФСРдин Борбордук аткаруу комитетинин алдында ошол кыргыздардын Конституциясынын долбоорун ким, кантип даярдайт деген маселе турган. Кыргыздар өз күчү, өз мүмкүнчүлүгү менен республиканын Баш мыйзамынын долбоорун даярдай алабы? Республиканын Конституциясын иштеп чыгуу боюнча биринчи комиссиянын курамына кимдерди сунуштоого болот? – деген курч маселелер турган. Ошондуктан биз үчүн булар эң маанилүү маселелерден болуп эсептелет. Биз көптөгөн архивдик документтерди, маанилүү булактарды, ар түрдүү материалдарды изилдеп чыгып, алгачкы Конституцияны иштеп чыгуу боюнча биринчи конституциялык комиссиянын курамы качан түзүлүп, ага кимдер киргендигин аныктай алдык.

Ошентип, бул багыттагы биринчи кадам качан башталганын тактайлы. Ал иш 1926-жылдын 25-февралында башталган. Ошол күнү Кыргыз Областтык аткаруу комитети курамында Областтык Аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлары **Ж.Абдрахманов** жана **И.Фатьянов**, Кыргыз Областтык Кеңештин катчысы **К. Абрамов,** областтык соттун төрагасы **Л.Авербуг,** анын орун басары **Мавкиров** курамында турган атайын комиссия түзгөн. Демек, Кыргызстандын алгачкы конституциялык комиссиясынын курамында 5 адам болгон. Аталган комиссияга негизинен эки тарыхый, саясий, укуктук мааниге ээ документти даярдоо милдеттендирилген. Тагыраак айтканда, төмөнкү документти даярдоо вазыйпасы жүктөлгөн:

1. **Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү тууралуу Декларациянын долбоорун даярдоо.**
2. **Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын долбоорун даярдоо.**[41]

Кыргызстандагы белгилүү юристтердин бири Р.Тургунбековдун өз эмгектеринде Кыргыз Автономиялык Облусу Автономиялык Республика болуп кайра түзүлгөндөн кийин Кыргыз АССРинин Конституциясынын долбоорун даярдоого токтоосуз киришкен деген көз карашын эске алышыбыз керек. Окумуштуу 1926-жылдын 14-июнундагы Кыргыз АССРин түзүүгө байланыштуу маселени даярдоо боюнча атайын комиссиянын кеңешмесинде Конституциянын

---

[41] *Абытов Б.К. Первая Конституция ... –С.28-34.*

долбоорун иштеп чыгуу үчүн курамы 4 адамдан турган чакан комиссия түзүлгөнүн, алар 1926-жылдын 1-июлунда долбоорду көрсөтүшү керек экендигин жазат. Тилекке каршы, Р.Тургунбеков биринчи Конституцияны иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн чакан комиссиянын курамына кимдер киргенин так көрсөткөн эмес.[1] Архивдик документтер ал төрт адамдын аты-жөнүн издеген аракетибизге натыйжа берген жок. Биринчи Конституциянын долбоорун иштеп чыгууга түзүлгөн, жогоруда белгиленген чакан комиссиянын аты-жөнү архивдик фонддордун биринен чыгышы мүмкүн, азырынча табылган жок. Кандай болгон учурда да, өлкөбүздүн биринчи Баш мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча атайын комиссия түзүлгөнү чындык.

Биз болгон дараметибизди жумшап, архивдик документтерди талыкпай иликтөөнүн натыйжасында дал ошол биринчи конституциялык комиссиянын курамын толук тактап, аныктап чыктык. Алар бардыгы болуп 7 адамдан турган алгачкы конституциялык комиссия болгон. Анткени, жогоруда көрсөтүлгөн 5 адамдан турган конституциялык комиссиянын курамына бир аз убакыттан кийин жаңы шайланган Кыргыз областтык аткаруу комитетинин төрагасы **А. Орозбеков,** комиссиянын катчысы катары **Зубов** киргизилген. Ошентип, Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын биринчи Конституциясынын долбоорун даярдай турган комиссиянын курамы кеңейтилип, алар төмөнкүлөр болгонун чечкиндүү айтууга болот:

1. **А.Орозбеков** – Кыргыз областтык аткаруу комитетинин төрагасы, биринчи конституциялык комиссиянын төрагасы;

2. **Ж.Абдрахманов** - Кыргыз областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, комиссиянын мүчөсү;

3. **И.Фатьянов** - Кыргыз областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, комиссиянын мүчөсү;

4. **К.Абрамов** – Кыргыз областтык Кеңешинин катчысы, комиссиянын мүчөсү;

5. **Л. Авербуг** - Кыргыз областтык сотунун төрагасы, комиссиянын мүчөсү;

---

[1] *Тургунбеков Р.Т. Конституционный строй Кыргызской Республики. Издание второе переработанное и дополненное. –Бишкек, 1996. –С.52*

6. **Манкиров** – Кыргыз областтык сотунун төрагасынын орун басары, комиссиянын мүчөсү;

7. **Зубов** – катчы, комиссиянын мүчөсү.

Эми байкап көрүнүздөр, улуттук республика Кыргыз болгон АССР-инин биринчи Конституциясынын долбоорун даярдай турган 7 адамдын **5 кыргыз улуунан болгон эмес**. Ошол кошулган 2 кыргыздын да атайын укуктук жогорку билими тургай, толуккандуу орто билими да болгон эмес. Ушундай шартта кыргыз элинин Конституция боюнча улуттук кызыкчылыктары канчалык деңгээлде корголооруна ким кепилдик бере алат? Аталган конституциялык комиссия мүчөлөрүнүн бардыгы мамлекеттик ишмерлер, ар түрдүү кызмат ээлери болуп, мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча адистер дээрлик жок болгон. Албетте, укук тармагына жакын эки адам болгону талашсыз, бирок алардын конституциялык түзүлүш боюнча адис экенине анча ишеним жок.

Балким, ошондуктан биринчи Конституциялык комиссия мүчөлөрү өз алдыларына коюлган милдетти толук аткара алышпай, өз убагында Кыргыз АССРинин Конституциясынын долбоорун иштеп чыга албай калган. Ошол себептүү алгачкы Баш мыйзамдын долбоорун талкуулоо 1927-жылы болбой калган. Коюлган милдеттин өз убагында аткарылбай калуусунун себептери: ***биринчиден,*** комиссия мүчөлөрүнүн конституциялык укук маданиятынын жаатында иш тажрыйбасы болгон эмес. ***Экинчиден,*** комиссия мүчөлөрүнүн арасында мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча жана юриспруденция жаатындагы квалификациялуу адистер жок болгон. ***Үчүнчүдөн,*** биринчи Конституциянын долбоорун жазууда мурда мамлекеттик, конституциялык түзүлүш боюнча иш алып барган, жеткиликтүү дарамети, теориялык, практикалык даярдыгы бар адистер камтылган эмес. Ошолордон улам, биздин көз карашыбызда, биринчи долбоор борбордогулардын, Москванын көз карашы боюнча ***"көптөгөн принципиалдуу жетишпестиктерден, мүчүлүштүктөрдөн"*** улам курултайдын күн тартибине кирбей калган. Ушул себептен биринчи Конституциянын долбоору 1927-жылдагы уюштуруу курултайына даярдалбай калган, анын ордуна 1927-29-жылдары **"Кыргыз АССРинин мамлекеттик түзүлүшүнүн Жобосу"** негизги укуктук документ болуп калган.

Ошентип, Кыргыз АССРинин Конституциясынын биринчи долбоору кабыл алынбай калгандан кийин Конституциялык комиссиянын курамы, шартка жараша кеңейтилгенин кыйыр түрдө аныктай алдык. Биз таянган документ **«Протокол №1 заседании комиссии по рассмотрению проекта дополнений к инструкции по перевыборам Советов о категории лиц, подлежащих к лишению избирательных прав, применительно к местным условиям в Кыргызской Автономной области»** деп аталат. Жыйынга Ж.Абдрахманов төрагалык кылып, катчысы Лунев болгон.[1] Баса, дал ошол документте жыйынга катышкан адамдардын, комиссия мүчөлөрүнүн тизмеси берилген. Ага ылайык комиссиянын курамында: Ж.Абдрахманов, Абрамов, Манкиров, Ж.Садаев, Т.Худайбергенов,[2] Уразбеков *(иш кагазында ушундай көрсөтүлгөн, ырасында ал А.Орозбеков – авт.)* Текеев, Толенов, Аманбаев, Алиев, Чонбашев, Иманов, Тыныстанов, Кулумбаев, Бостенов, Джиенбаев, Зульфибаев, Баишев, Турсунов, Буранов болгон.[3] Айтмакчы, кеңешмеге катышуучулардын аты-жөнү архивдик иш кагазында түзүлгөн токтомго ылайык берилген. Албетте Кыргыз АССРинин БАКтын Президиумунун төрагасы А.Орозбеков, Кыргыз АССРинин биринчи конституциялык комиссиясынын төрагасы болгондугун тарых тактаган.

Алгачкы Конституциянын биринчи долбоору ийгиликсиз бүткөндөн көп өтпөй конституциялык комиссиянын курамы Кыргыз АССРинин жоопкерчиликтүү кызматкерлери менен толукталган. Эгерде комиссия мүчөлөрүнүн ээлеген кызмат орду боюнча тартипке келтирсек, анда конституциялык комиссиянын төмөнкү курамын көрөбүз:[4]

1. **А.Орозбеков** - конституциялык комиссиянын төрагасы, Кыргыз областтык аткаруу комитетинин төрагасы;

2. **Ж.Абдрахманов** - комиссиянын төрагасынын орун басары; Кыргыз АССРинин Өкмөт башчысы;

3. **И.Фатьянов** - комиссиянын төрагасынын орун басары, Кыргыз областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары;

---

*[1] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. –Л. 1-83, 82-85, 115.*
*[2] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. -Л. 115.*
*[3] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. -Л. 115.*
*[4] КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. Д.17. -Л. 115; Ошол эле жерде. -Л. 82.*

4. **К.Абрамов** - комиссиянын мүчөсү, Кыргыз областтык Кеңешинин катчысы;

5. **Л.Авербуг** - комиссиянын мүчөсү, Кыргыз областтык сотунун төрагасы;

6. **Манкиров** - комиссиянын мүчөсү, Кыргыз областтык сотунун төрагасынын орун басары;

7. **Зубов** - комиссиянын мүчөсү, катчы;

8. **Ж.Саадаев** - комиссиянын мүчөсү, партиянын Кыргыз обкомунун жооптуу катчысы, 1928-30-жж. Москвадагы марксизм-ленинизм курстарынын угуучусу;

9. **Т.Худайбергенов** - комиссиянын мүчөсү, Кыргыз АССРинин юстиция эл комиссары жана прокурору;

10. **И.Текеев** - комиссиянын мүчөсү, сот, прокуратура органдарынын жетекчиси, Москвадагы юстиция курстарынын угуучусу, Наркоземдин бөлүм башчысы;

11. **С.Толенов** - комиссиянын мүчөсү, партиянын кыргыз обкомунун мүчөсү;

12. **Аманбаев** - комиссия мүчөсү;

13. **О.Алиев** - комиссиянын мүчөсү, Кыргызстандагы "Коммунист" журналынын редактору, Москвадагы коммунисттер университетинин угуучусу;

14. **С.Чонбашев** - комиссиянын мүчөсү, Кыргыз АССРинин Суу чарба башкармалыгынын башчысы, 1927-30-жж. Москвадагы соода академиясынын жана Эл чарба институнун аяктоочусу;

15. **Д.Иманов** - комиссиянын мүчөсү, кыргыз алфавитин араб графикасынан латын графикасына которуу боюнча Кыргыз АССРинин БАК комиссиясынын төрагасы;

16. **К.Тыныстанов** - комиссиянын мүчөсү, Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссары;

17. **К.Кулумбаев** - комиссиянын мүчөсү, партиянын Кыргыз обкомунун Пишпек окружкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, обкомдун мүчөсү;

18. **Бостенов** - комиссиянын мүчөсү;

19. **Х.Джиенбаев** - комиссиянын мүчөсү, Колхозцентрдин төрагасы;

20. **Д.Зулфибаев** - комиссиянын мүчөсү, Кыргыз АССРинин БАК областтык аткаруу комитетинин жер башкармалыгынын башчысы,

Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар Кеңешинин төрагасынын орун басары, СССР БАК мүчөсү;

**21. Баишев** - комиссиянын мүчөсү;

**22. Б.Турсунов** - комиссиянын мүчөсү, "Кошчу" союзунун мүчөсү;

**23. Б.Буранов** - комиссиянын мүчөсү, комсомолдук активист, айылдык Кеңештин төрагасы.

Байкалып тургандай, аталган комиссиянын 23 мүчөсүнүн он сегизи кыргыз жергиликтүү, титулдук улуттан - кыргыздардан болушкан. Алардын ичинен 3-4 эле жогорку билимге ээ же атайын жогорку курстарды аяктагандар болгон. Дагы бир жагдай, аталган комиссия мүчөлөрүнүн арасында атайын юридикалык жогорку билими бар адистер өтө эле аз болгон. Аталган комиссиянын курамына кыргыздардан башка улуттун өкүлдөрү да киргизилгенин байкадыңыздар. Алар славян ж.б. улуттагылардын өкүлдөрү: И. Фатьянов, К.Абрамов, Л.Авербуг, Манкиров, Зубов болушкан. Булар Кыргызстандын Конституциясын даярдоо боюнча комиссиянын курамына Орто Азия бюросунун тажрыйбалуу партиялык-мамлекеттик кызматкерлери катары РСФСРдин жана СССРдин, ВКП (б), Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин атайын жөнөтүлгөн адистери эле. Экинчи жагынан, мындай кадам борбордук бийликтер тарабынан кыргыз элинин мамлекеттүүлүк жолундагы алгачкы жылдары адистер маселесин чечүүнүн ишенимдүү жолу катары каралганы талашсыз. Биздин өлкөгө келгенден кийин, бул адамдар "борбордун" көрсөтмөсү боюнча тигил же бул мамлекеттик органдардын ишмердигин көзөмөлгө алып, көп учурда аларды жетектеп келишкен. Албетте, алар өз ишмердүүлүгүндө Москванын, "борбордук" бийликтердин кызыкчылыгын коргоп, алардын саясатын жүргүзүп келишкени да талашсыз. Ошондуктан алар Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын долбоорун иштеп чыгууда сыртта калган эмес, конституциялык комиссиянын мүчөлөрү катары өз вазыйпаларын аткарышканы да талашсыз көрүнүш. Белгилей кетчү жагдай, дал ошол республикабыздын өнүгүү жолунда "борбордун" жөнөткөн өкүлдөрүнүн айрымдары өз чексиз салымдарын кошушту. Ошол учурда мамлекетибиз өтө муктаж болуп турган улуттук адистерди, мамлекеттик, партиялык ишмерлерди тарбиялап өстүрүүгө өз салымдарын кошушту. Ал учурдагы конституциялык комиссияга кир-

ген мүчөлөрдүн баары ошол кездеги областтык, автономиялык, республикалык аткаруу комитетинин, областтык партиялык уюмдун, ар түрдүү элдик комиссариаттардын жетекчилери болушкан. Демек, булар биринчи конституциялык комиссиянын курамына саясий максаттар менен киргизилген.

Алдын ала баса белгилей кетели, атайын укуктук билимдери болбосо да дал ошолор элибиздин, кыргыз мамлекетинин келечегин ойлоп, улуттук мамлекеттин уңгусун түптөп, анын негизи болгон биринчи Конституцияны кыйынчылыктар менен иштеп чыгып, бир катар талкууларды уюштурушуп, кайра-кайра оңдоо, түзөтүүлөрдү киргизишкен. Дал ушул адамдар, кыргыз элинин 20-30-жылдардагы чыгаан уулдары, кыргыз улуттук мамлекетинин негиздөөчүлөрү, көрүнүктүү саясий, партиялык, мамлекеттик ишмерлери, ошол кайчылаш, кыйын-кезең жылдарда РСФСРдин Конституциясынын негизинде иштелип чыкккан Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын долбоорун даярдашып, калың элдин катмарына жеткиликтүү түшүндүрүшүп, алардын назарына коюшкан.

Дагы бир баса белгилей кетчү жагдай, дал ушул курамдагы Кыргыз АССРинин конституциялык комиссиясы кайра-кайра иштеп, оңдоп, толуктап, өзгөртүп алгачкы Баш мыйзамыбыздын 1-2-3-4-долбоорлорун даярдашып, акыры 1929-жылы кабыл алынган Кыргызстандын биринчи Конституциясынын түзүүчүлөрү катары тарыхта калышты.

Ошентип, биз архивдик документтерди, көптөгөн материалдарды изилдеп, өткөн учурларда актай калган тарых барактарын толуктап, дагы бир маселенин өтөсүнө чыга алдык. Биз үчүн өзгөчө маанилүү болуп саналган, Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн атайын комиссия курамынын аты-жөнүн толук калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук. Анын натыйжасында биздин замандаштарыбыз, ар түрдүү муундардын өкүлдөрү кыргыз элинин тарыхында зор бурулуш, чоң тарыхый, саясий маданияттын үлгүсү болгон Кыргыз АССРинин биринчи Баш мыйзамын даярдаган, ошол Конституция аркылуу кыргыз элинин, улуттук мамлекетинин келечегине кенен да, терең да фундамент түзгөн адамдардын аты-жөнүн толук биле алышат деген пикирдебиз.

Дагы бир олуттуу маселе, ошол биринчи конституциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү 20-30-жылдарда кыргыз элинин

белгилүү саясий жана мамлекеттик ишмерлер болгондугу маалым. Кеңеш доорунун башталышында дал ушул чыгаан инсандар кыргыз элинин улуттук мамлекетин түптөшүп, мамлекеттик кайра жаралуу жараянын башатында турушкан. Ошол Кыргызстандын биринчи Конституциясын иштеп чыккан саясий ишмерлер өз учурунда бири-бирине саясий оппоненттер болушуп, бир катар маселелер боюнча бири-бирине карама-каршы турушкандарына көңүл бурбай кете албайбыз. Себеби кыргыз элинин улуттук мамлекетинин түзүлүш жолунда, Кыргыз Автономиялык Облусу болуп турган кезде, элибиздин белгилүү саясий, мамлекеттик ишмерлеринин ортосунда, айрым саясий топтордун ортосунда бийликке жетүү үчүн катуу күрөш жүргөн. Ошол келишпес саясий күрөштүн бир тарабында - А.Сыдыков, Ж.Абдрахманов, И.Арабаев жана башкалар жетектеген топ турган. Экинчи жагында – кыргыз тектүү Р.Худайкулов баштаган, Д.Бабаханов, Ж.Саадаев сыяктуу көрүнүктүү саясатчылар турушкан.[1] Болочок комиссиянын мүчөлөрү дал ошол жогоруда көрсөтүлгөн эки карама-каршы топтун курамында болушкан. Үчүнчү топтогу адамдар нейтралдар деп аталып, эки жакка тең кошулбаган, ортолукта жүргөндөр болгон.

Тарых илимдеринин доктору, профессор З.К.Курмановдун изилдөөлөрүнө ылайык, конституциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн бир бөлүгү убагында А.Сыдыковдун тарапташтары болгон. Алардын катарын: комиссиянын төрагасы А.Орозбеков, Ж.Абдрахманов, Т.Худайбергенов, И.Текеев, Толенов, С.Чонбашев, Д.Иманов, Д.Зульфибаев, К.Кулумбаевдер толуктаган.[2] Ошол эле комиссиянын экинчи бөлүгүндө Худайкуловдун тарамдаштарынын өкүлдөрү: Ж.Садаев, Б.Турсуновдор түзгөн. Нейтралдардын атынан конституциялык комиссиясынын курамына К.Тыныстанов менен О.Алиев кирген.[3] Албетте, алар саясий келишпестиктерин өткөн чакка калтырып, өз элинин жана мамлекетинин келечеги, мамлекет катары өнүгүүсүнө укуктук негизди түзүү максатында, бир бүтүндүккө, бир конституциялык комиссияга биригишкен.

Баса, мамлекетибиздин өнүгүү жолунун башатында, кыргыз элинин улуттук мамлекетинин түзүлүшүндө жана өнүгүүсүндө обьективдүү жана субьективдүү себептерден улам, негизги ролду институт катары

---

[1] *Курманов З.К. Первый учредительный // Вестник времени -1990. №1. –С.8.*
[2] *Курманов З.К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. –Б., 1997. –С. 262-274*
[3] *Курманов З.К. Политическая борьба .. -С.259-261; 274-277*

мамлекеттик органдар эмес, большевиктер партиясынын уюмдары ойногондугун эстен чыгарбашыбыз керек. Ошондон улам, тарых илимдеринин доктору, профессор А.Ж.Жуманалиев коммунисттик партия коомдун саясий системасынын жетектөөчү элементтеринин бири болгондугун баса белгилейт.[4] Бул тарizден караганда, РСФСРдин курамына кирген Кыргызстан, ал аркылуу СССРден курамынан да сыртта калган эмес.


Ошентип, үч жылдан ашык убакытта - 1926-29-жылдары төрт жолу долбоору даярдалып, кайра-кайра иштелип, өзгөртүлгөн, кошумчаланган, өркүндөтүлгөн төртүнчү долбоор 1929-жылдын 19-февралында ВКП (б)нын Кыргыз обкомунун аткаруу бюросуна сунушталып, талкууланып, ар тараптан каралган. Ал долбоор бюро тарабынан жактырылып, бир жумалык мөөнөттө акыркы редакциясын даярдоо сунушу милдеттендирилген. 1929-жылдын 16-апрелинде ВКП (б)нын Кыргыз обкомунун аткаруу бюросу Конституциянын даярдалган акыркы редакциясын жактырып, 1929-жылдын 25-апрелинде ачыла турган Бүткүл Кыргыз Кенештеринин курултайына кароого жөнөткөн. Курултайдын негизги маселеси Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясын талкуулоо жана кабыл алуу болгон.

Дал ошол курултайда Баш мыйзам кабыл алынып, ага удаа эле ошол биринчи Конституциянын 94-96-беренелерине ылайык Кыргыз АССРинин мамлекеттик символдору **герб жана туу** бекитилген. Кыргыз АССРинин гербинин сүрөтүн биз азырынча таба албадык, тилекке каршы, анын сүрөтү сакталбай калыптыр. Бирок биринчи Конституциянын 95-беренесинде Кыргыз АССРинин герби тууралуу төмөнкүлөр айтылган: **"Кыргыз АССРинин герби кызыл түстүн алкагындагы алтын түстүү күндүн нуру, кайчылашкан орок жана балка, кармагычтары төмөн жагында жайгаштырылган, дан эгиндердин башы менен чырмалган, кыргыз жана орус тилиндеги а) Кыргыз Автономиялуу ССР жана б) Бүткүл дүйнөнүн пролетариаттары бириккиле"** деген жазуу камтылган деп айтылат.[5]

[4] *Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. –Б., 2005. –С.166*

[5] *КР БМА –Ф. 21. -Оп. 3. -Д.141. –83-84-б.*

Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын 96-беренесине шайкеш биздин республиканын биринчи туусу сиздердин назарыңыздарга сунушталат.[52]




Ошентип, Кыргызстандын биринчи конституциялык комиссиясы көптөгөн кыйынчылыктар, тоскоолдуктар, талаш-тартыштар менен даярдап, калктын назарына койгон Кыргыз АССРинин алгачкы Конституциясы 1929-жылдын 30-апрелинде кабыл алынган. РСФСРдин Конституциясынын негизинде түзүлүп, кабыл алынган Баш мыйзам, Кыргыз улуттук мамлекетинин өткөөл мезгилдеги – феодализмден социализмге өтүүсүн камсыз кылган. Ошол Баш мыйзам аркылуу РСФСРдин курамындагы кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн укуктук негиздери аныкталган. Аталган Баш мыйзам пролетариаттын диктатурасына таянып, социализмдин негизин куруу шартына ылайыкташтырылган.

Эске ала турган жагдай, ошол учурда РСФСР менен СССРдин Конституциясында белгиленген чекте кыргыз мамлекетине, автономиясына өзүнүн мамлекеттик түзүлүшүн өз алдынча аныктоо укугу берилген.

Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясына ылайык, союздук автономиялык республика катары кыргыз эли мамлекеттик эгемендүүлүккө ээ болгон эмес, бирок айрым өз алдынча башкаруу

---

*[52]КР БМА –Ф. 21. -Оп. 3. -Д.141. -84-б.*

укугунан пайдаланган. Кыргыз АССРи Конституциясына ылайык, өзүнүн мамлекеттик жогорку бийлиги, башкаруусу, мыйзам актылары, жарандыгы, аймактары, мамлекеттик бюджети жана сот органдары болгон. Булардын бардыгы Кыргыз АССРининин Баш мыйзамынын өзгөчөлөнгөн артыкчылыктары менен шартталган. Албетте, ал Кыргыз АССРинин учурундагы биздин биринчи Конституциябыз болгон.[1]

Белгилей турган дагы бир учур бар. Мамлекеттик ушундай маанилүү саясий, укутук, тарыхый документте – Баш мыйзамдын долбоорлорунда бардыгына милдеттүү болгон жогорку оң жак бурчунда **“Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары бириккиле”** деген жазуу коюлган эмес.[2] Мындай жазуу Кыргыз АССРинин 1929-жылдагы бүткүл элдик талкуудан өтүп, бекитилген Конституциянын акыркы долбоорунда гана коюлган.[3] Архивдик документтерге ылайык, дал ушул вариант Кыргыз АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин Президиуму бекиткенден кийин бардык массалык маалымат каражаттарына жарыяланган *(архивдик иш кагаздарындагы кеңешменин токтомунда ушундай көрсөтүлгөн – авт.)*. Муну Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун 1929-жылдагы кеңешмесинин токтому тастыктайт.[4] Бул иш кагазда үч жылдан ашык убакыт аралыгында иштелип, жаңы толуктоолор киргизилип, жакшыртылган долбоор ВКП (б)нын Кыргыз Обкомунун аткаруу бюросу тарабынан 1929-жылдын 19-февралында каралгандыгын ырасталат. 1929-жылдын 30-апрелинде кабыл алынган биздин биринчи Конституциянын бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Алар:

- республиканын экономикасынын көп түрдүүлүгү – көп укладдыгы;
- өлкөнүн экономикасында социалисттик укладдан башка майда өндүрүштүк жана жеке чарбалык укладдын болушу;
- жогорудагыларга байланыштуу коомдо дагы эле башкалардын эмгегин эксплуатациялаган байлар, манаптар жана кулактар катмарынын сакталышы;
- демократиялык шайлоо системасынын орнотулушу.

---

[1] *Абытов Б.К. Первая Конституция Кыргызстана...*
[2] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 18. –Д.17. –Л.33, 59;–Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.1, 14, 27, 54.*
[3] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л.75*
[4] *КР БМА. -Ф. 21. Оп. 3. Д.141. –Л. 85.*

Белгилей кетчү жагдай, жогорку бийлик органдарына жумушчу табы дыйкандарга салыштырганда көп сандагы делегаттар аркылуу кеңири тартылган. Баарына бирдей тең укуктуу шайлоо укугу аныкталган эмес. Калктын кээ бир категориялары - эксплуатациялоочу же биреөнүн эмгегин колдонгон, эмгек кылуудан баш тарткан катмарлар шайлоо укугунан ажыратылган.[1] Мыйзам актыларынын бардыгы, бийлик органдары тарабынан чыгарылган декреттер, токтомдор, чечимдер жана башка нормативдик актылар, бир эле учурда кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турган.

Негизинен, кыргыз эли үчүн мамлекеттүүлүктүн автономиялык республикалык формасы маанилүү роль ойногон. Кыргыз мамлекети өнүгүүнүн жаңы, ыкчам жолуна түшкөн. Анын натыйжасында: чарбалык жана маданий турмушу кескин, зор өзгөрүүлөргө дуушар болгон; өндүрүштүн мурда жок жаңы тармактары, техника, транспорт, байланыштар түзүмдөрү пайда болду; айыл чарбасы техникалар менен жабдылды; өлкөдө жазуу, газета, китеп чыгаруу пайда болду; билим берүү, илимий мекемелердин саны өстү. Кыргыз элинин, мамлекетинин коомдук, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий турмушунда мурда болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөр, жаңылыктар болду. Акырындык менен Кыргыз АССРинен СССРдин курамындагы союздук республика катары кайра түзүлүшүнө тиешелүү өбөлгөлөр толугу менен түзүлгөнүн баса белгилейбиз. Демек, дал ошол Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясы, анын алкагындагы өлкөбүздүн өнүгүүсү, кийинки кадамдарга барууга, тагыраагы, автономиялык республикадан союздук республика болуп кайра түзүлүүгө бардык шарттарды түзгөн.

[1]Сооронбеков С.С., Укушев М. К. Конституционное право Кыргызской Республики: (Общая и Особенная части). – Б.: 1999. С. 92-93; Нурбеков К. История государства и права Киргизской ССР. -Ч. 2. -Фрунзе, 1970. -С.73.

## 1.3. КЫРГЫЗ ССРинин 1937-ЖЫЛДАГЫ КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН АТАЙЫН КОМИССИЯ ТАРАБЫНАН ИШТЕЛИП ЧЫГЫШЫ, ТАЛКУУЛАНЫШЫ ЖАНА КАБЫЛ АЛЫНЫШЫ

Бүткүл кыргыз Кеңештеринин чукул чакырылган V курултайы Кыргызстан эли үчүн өзгөчө зор тарыхый-саясий окуя болуп калды. Курултайдын негизги маселеси СССРдин Конституциясынын жана жаңы союздук республика Кыргыз ССРинин Баш мыйзамынын долбоорун талкуулоо болгон. Андыктан курултай эки этапта: 1936-жылдын 5-6-ноябрында жана 1937-жылдын 20-23-мартында болуп өткөн.[6]

***Биринчи этапта,*** 1936-жылдын 5-ноябрында алгачкы жыйын Бүткүл кыргыз Кеңештеринин чукул чакырылган V курултайы М.Л.Белоцкий, Б.Исакеев, А.Орозбеков, Х.Джиенбаев, В.Н.Четвертаков, Э.Эсенаманов ж.б. жетекчилик кылган, курамы 54 адамдан турган курултайдын Президиумун шайлашкан.[7] Баса, буга чейинки адабияттарда, илимий изилдөөлөрдө өлкөбүздүн эстен кеткис бул курултайына башка республикалардын өкүлдөрү катышкандыгы тууралуу сөз болгон эмес. Ырасында, алар курултайга жөн гана катышпай, анын Президиумуна да шайланышкан. Алардын арасында: С.Сайфулин – казак, А.Ниязов – тажик, И.Исхаков – өзбек делегациясынын өкүлү, Мирзоян *(мындан ары, токтомдо аты-жөнү толук көрсөтүлгөн эмес адамдардын фамилиясы эле жазылат – авт.)* – Казах крайком ВКП (б)нын катчысы, Исаев - Казах АССРинин ЭКСнин төрагасы, Попок – Түркмөнстандын КП(б) БКсынын катчысы, Атабаев - Түркмөнстан БАКтын төрагасы, Шалунц - Тажикстан КП(б) БКнын катчысы, Рахимбаев – Тажикстан ЭККинин төрагасы, Шотемир – Тажикстан БАКтын төрагасы, Икрамов – Өзбекстан КП(б) БКнын катчысы, Ф.Ходжаев – Өзбекстан ЭККнин төрагасы, Ахунбабаев – Өзбекстан БАКтын төрагасы, Алиев - ВКП(б) нын Кара-Калпак ОК катчысы, Курбанов – Кара-Калпак ЭККнин төрагасы, Сапаров – Кара-Калпак БАКтын төрагасы ж.б. болушкан.[8] Ошол эле жыйында И.Сталин,

---

[6] *К вопросу государственного строительства советского Киргизстана. 1924-1937 гг. Сборник документов. - Фрунзе, 1974. –С.245-272.*
[7] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.3. –Л.1-3.*

[8] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.3. –Л.2.*

В.Молотов, Л.Каганович, М.Калинин жана башка СССРдин жогорку бийлигинин өкүлдөрү башында тургандарды Бүткүл кыргыз Кеңештеринин чукул чакырылган V курултайынын ардактуу Президиумуна шайлашкан. Алардын ичинде 20 адам чет өлкөлөрдүн коммунисттик кыймылынын белгилүү жол башчылары болушкан. Алар Э.Тельман - Германия, Г.Д.Димитров - Болгария, Х.Лиас, Долорес Ибаррури - Испания өкүлдөрү эле.[9] Курултайдын Президиумуна коңшулаш өлкөлөрдүн өкүлдөрү тажрыйба алмашуу үчүн кошулган болсо, чет өлкөлүк өкүлдөрдүн ардактуу Президиумга кандай максатта кошулганы бүгүнкү күндүн муундарына таптакыр түшүнүксүз. Биздин пикирде, саясий пропаганда, пиар үчүн кошулушу ыктымал.

Ошол эле отурумда мандаттык комиссиянын мүчөлөрү, катчылыгы, курултайдын жооптуу котормочуларынын курамы да шайланган. Күн тартибине: **"ж.ж. Исакеев менен Гарагаштын СССРдин Конституциясынын жаңы долбоору жөнүндөгү доклады"** киргизилген. Архивдик документтерде Исакеев менен Гарагаштын ССР Союзунун Конституциясынын жаңы долбоору жөнүндөгү докладдары боюнча атайын токтом 1936-жылдын 6-ноябрында кабыл алынгандыгы, ага курултайдын төрагасы А.Орозбеков, курултайдын катчысы Н.Зубов кол койгондугу тууралуу маалымат сакталып калган.[10] Кыргыз АССРинин Бүткүл кыргыз Кеңештеринин чукул чакырылган V курултайы 1936-жылдын 6-ноябрында СССР Кеңештеринин кезексиз чакырылган VIII курултайына делегаттарды шайлаган. Алардын катарына биздин республиканын жетекчилери М.Л.Белоцкий, А.Орозбеков, Б.Д.Исакеев, Х.Джиенбаев ж.б. башында турган 15 делегат киргизилген.[11]

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин фонддорунан биз Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясын иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн комиссия мүчөлөрүнүн толук курамын таптык. Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиуму 1936-жылдын 19-июлунда СССРдин жаны Конституциясынын бүткүл элдик талкуусунун катарында **"Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу үчүн атайын комиссия түзүү жөнүндөгү"** токтомду кабыл алганы белгилүү. Конституциялык комиссия 21 адамдан турган. Бул комиссия республика БАКынын

---

[9] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.3. –Л.3.*
[10] *КР БМА. -Ф.21. Оп.11., Д.3. –Л.4.*
[11] *КР БМА. -Ф.21. Оп.11., Д.3. –Л.4.*

алдында түзүлгөнүнө карабай, комиссиянын төрагалыгына ВКП (б)нын Кыргыз ОК биринчи катчысы М.Белоцкий дайындалган. Ошол кездеги бардык эрежелер жана мыйзам актылары боюнча, Кыргыз ССРинин Баш мыйзамынын жаңы долбоорун иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн атайын конституциялык комиссиянын төрагалыгына кызмат ордуна ылайык, Кыргыз АССРинин БАК Президиумунун төрагасы А.Орозбеков дайындалышы керек болчу. Бирок иш жүзүндө андай болгон эмес. Анткени ал учурда А.Орозбековдун үстүнөн "эл душманынын" кара булуту айланып, республиканын партиялык жетекчилеринин да, москвалык борбордун да ишениминен чыгып бараткан кези эле.

Архивдик фондунан табылган иш кагаздарда 1936-жылдын 7-июлунда болуп өткөн конституциялык комиссиянын №1 кеңешмесинин токтомуна ылайык, Кеңеш доорундагы Кыргыз мамлекетинин тарыхындагы экинчи конституциялык комиссиянын курамынын тизмесин аныктадык. Алар төмөнкүлөр болгон:[12]

1. **М.Л.Белоцкий** - жалпы комиссиянын төрагасы;
2. **Б.Исакеев** - чакан комиссиянын(подкомиссиянын) төрагасы ;
3. **Х.Джиенбаев** - чакан комиссия төрагасы ;
4. **М.Туганбаев** - чакан комиссия төрагасы;
5. **А.Уразбеков** - чакан комиссиянын төрагасы;
6. **М.Е.Гарагаш** - комиссия мүчөсү;
7. **К.Юлдашев** - комиссия мүчөсү;
8. **К.Камбаров** - комиссия мүчөсү;
9. **Е.Л.Лайт** - комиссия мүчөсү;
10. **М.Д.Лордкипанидзе** - комиссия мүчөсү;
11. **К.Назаров** - комиссия мүчөсү;
12. **И.Г.Смирнов** - комиссия мүчөсү;
13. **И.Е.Кулагин** - комиссия мүчөсү;
14. **Ф.Е.Фирсов** - комиссия мүчөсү;
15. **М.М.Стамблер** - комиссия мүчөсү;
16. **Р. Касымов** - комиссия мүчөсү;
17. **К.Ильчинов** - комиссия мүчөсү;
18. **А.Токомбаев** - комиссия мүчөсү;
19. **И.Оторов**- комиссия мүчөсү;
20. **Н.Н.Туткин** - комиссия мүчөсү;
21. **С.Сарманов** - комиссия мүчөсү.

---

*[12] КР БМА. -Ф.22. Оп.11. Д.6. –Л.3.*

11-мартында Кыргыз АССРинин БАКтын Президиумунун кеңешмесинде талкууланып, анын катышуучуларынын толук колдоосуна ээ болгон. Унутулгус ушул кеңешме төмөнкүлөрдү белгилеп, **"Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоору жөнүндө"** атайын токтом кабыл алган. Анда:

"1. Кыргыз АССРинин БАКтын комиссиясы тарабынан даярдалып, сунушталган долбоору бекитилсин жана Кыргыз АССРинин Бүткүл кыргыз Кеңештеринин чукул чакырылган V курултайына бекитүүгө сунушталсын.

3. Кыргыз АССРинин Бүткүл кыргыз Кенештеринин чукул чакырылган V курултайы 1937-жылдын 20-мартынан кечиктирилбей өткөрүү белгиленсин деп айтылган. Ошентип, 1937-жылдын 23-мартында Кыргыз ССРинин Бүткүл кыргыз Кенештеринин чукул чакырылган V курултайы Конституция жөнүндө токтом кабыл алган *(токтом 1937-жылдын 23-мартында эрте мененки кеңешмеде кабыл алынган).* Курултай жаңы Конституция жөнүндөгү докладды угуп, талкуулагандан кийин токтом чыгарган. Бул чечимде:

1. Кыргыз ССРинин БАКтын конституциялык комиссиясы сунуштаган Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоору жактырылсын жана негизинен кабыл алынсын.

2. Кыргыз ССРинин Конституциясын карап чыгып, оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизип, акыркы тексттин аныктоо үчүн курамы 101 адамдан турган редакциялык комиссия түзүлсүн.

3. Конституциянын акыркы тексттин курултайда кароо үчүн сунуш кылууга редакциялык комиссияга тапшырылсын."[1]

Эми ошол бекитилген Конституциянын долбоору кандай талкуулангандыгына, жаңы Кыргыз ССРинин атуулдары, Кыргызстандын эли кандай оңдоп-түзөтүүлөрдү, толуктоолорду киргизгендигине токтоло кетели. Чындыгында Кыргыз ССРинин Конституциясынын жаңы долбоорунун талкуусуна республиканын калкы, кыргыз эли активдүү катышканын белгилей кетишибиз керек.[2] Демек, республикабыздын экинчи Конституциясынын долбоорун талкуулоо жараяны СССРдин 1936-жылдагы Конституциясын талкуулоо менен катар уюштурулган. Ошондуктан экинчи

---

[1] *«Советская Киргизия». 1937г. 24 марта*

[2] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.1-77; Там же. Д. 93. –л.1-3, 10-12, 116-118, 131-133; Д.67. -Л.13-32.*

Конституциябыздын 118 беренесинин 114 беренеси түздөн-түз СССР менен РСФСРдин Конституцияларынан көчүрүлүп алынганын эске алсак, талкуу да ойдогудай активдүү жүргөн деп айтууга болот. Баш мыйзамдардын, дээрлик, бардык беренелеринин окшоштугу саясий жана экономикалык түзүлүштүн жалпылыгы, максаттарынын бирдиги, мамлекеттик түзүлүшүнүн, башкаруу бийлик органдарынын окшоштугу, милдеттеринин жана түзүлүшүнүн жалпылыгы менен түшүндүрүлгөн. Башкача айтканда, бул жерде "азайта да албайсың, көбөйтө да албайсың" деген учур болгон.

Конституциянын жаны долбоорун талкуулоого Кыргызстан элдери абдан активдүүлүк менен жигердүү катышканын баса белгилөө керек. Айрыкча, талкуу мезгилинде бир эле беренеге бир нече сунуштар келип түшкөнүн айтпай коюуга болбойт. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивиндеги документтерден биз **"Фрунзе шаарындагы мекеме-уюмдардын Конституциянын долбоорун талкуулоосун (кошумчаларын, сунуштарын, өзгөртүүлөрүн)"** камтыган кенири маалыматтарды таптык.[1] Талкуулар бир эле убакта СССРдин жана Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбооруна карата болгону эске сала кетели.

Республиканын калкынын, активдүү агуулдардын, эмгек жамааттарынын көптөгөн сунуштары, кошумчалары жана ондоп-түзөтүүлөрү болгондугу талкуу маалыматтарынын архивде сакталган **"№1,2,3,4,5-жыйынтыктоочу маалыматтары"** далилдеп турат.[2] Ошондой эле биз архивдик фонддон **"Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбооруна өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү"**тууралуу жалпыланган жыйынтыктоочу иш кагаздарын таптык.[3] Калк тарабынан болгон сунуштар, өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген тартиби боюнча, биз тапкан архивдик иш кагаздардын иретинде төмөндө көрсөтүлгөн.

Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорунун бүткүл элдик талкуусун камтыган архивдик документтерге таянып, биз өз изилдөөбүздө, алардын мазмунуна жараша бир катар багыттарга бөлүп кароону туура көрдүк. Алар:

---

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. - Л.13-32.*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.1-77.*
[3]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.6. –Л.4-15.*

• **республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү, мамлекеттик түзүлүшү жана республиканын аталышы жөнүндө;**

• **бийлик органдары жөнүндө;**

• **жарандардын укуктары жөнүндө.**

Ошентип, талкуунун жүрүшүндө республиканын эли Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбооруна абдан кызыктуу, айрым учурларда өздөрү үчүн да, айланасындагылар үчүн да опурталдуу сунуштарды, олуттуу толуктоолорду, чечкиндүү өзгөртүүлөрдү сунуш кылышкан. Биздин пикирде, алар өз доорунун адамдары катары, жеке көз караштарына, мезгил талабына ылайык сунуштарды, толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү айтышкан.

**Республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү, мамлекеттик түзүлүшү жана республиканын аталышы** тууралуу төмөнкүдөй ондоп-түзөтүүлөр же толуктоолор киргизилген. Мисалы, Куршаб районунун жалпы чогулушунун катышуучулары бул Конституциянын 1-беренесине, ошол Баш мыйзам өлкөнү кандай жолго алып бара тургандыгын**“...коммунизм жолуна”** толуктоо катары киргизүүнү сунуш кылышкан.[1] Киров аскер комиссариатынын кызматкери Брицкий Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорунун 29-беренесине “...Кыргыз ССРи Түштүк Кыргызстан жана Түндүк Кыргызстан облустарынан турат. Мындай бөлүштүрүү экономикалык көз карашка негизделген (пахта базасы түштүктө, кызылча, нан, була өсүмдүктөрү түндүктө” - деп өзгөртүүнү сунуштаган.[2] Интергельпо конторасынын кызматкерлери Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорунун 29-беренесине “...Кыргыз ССРинин курамы эки облустан - Түндүк Кыргыз облусу жана Түштүк Кыргыз облусунан турат. Башкача айтканда, Кыргызстан болжолдуу 1500 км. табигый тоо массиви менен бөлүнүп турат. Климаттык шарты боюнча Түндүк Кыргызстан мелүүн алкакка, континенталдык климатка кошулат. Бул тарапта чарбачылыктын негизги багыты: дан, кызылча жана мал чарбачылыкка жумшалат. Ал эми Түштүк Кыргызстан ысык алкакка, ысык климатка кошулат. Чарбачылыктын негизги багыты: пахта, жибек, ошондой эле өндүрүш да мыкты өнүккөн” деген толуктоону сунуш кылышкан.[3]

---

*[1]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.93. –Л.12.*
*[2]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.15;-Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.40.*
*[3]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.16, Д.79. –Л.41.*

Ак терек айыл кеңешинин жашоочусу Мамбетов ошол эле 29-беренеге "... Кыргызстан боюнча эки облус уюштурулсун: түндүктүн борборуна Фрунзе шаары, түштүктүн борборуна Ош шаары дайындалсын" деген сунушту берген. Ушундай эле сунушту Беловодский районунун Петровский айылдык кеңешинин жашоочулары берген. Дагы бир жаран – М.Федеренко Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбооруна: "Кыргыз ССРи - Түштүк Кыргызстан жана Түндүк Кыргызстан деген эки облусту түзүлүшүн киргизиши керек. Мындай бөлүштүрүү түндүк райондорунан айыл чарбасы жана өндүрүшү аркылуу экономикасы айырмаланган түштүк райондорунун жетекчилигин жакшыртат. Түштүктүн облустук борбору Ош же Жалал-Абад болушу мүмкүн" деген түзөтүүнү сунуш кылган.[1]

Конституциянын долбоорун талкуулоонун жүрүшүндө Кыргыз АССРинин УНКВДсынын жамааттык чогулушунда Зайцев жогоруда көрсөтүлгөн беренеге "...Кыргыз республикасында 10 райондон турган эки облус – Түштүк жана Түндүк облустары аныкталышы керек. Жетекчилик менен ыкчам байланышты камсыз кылыш үчүн борбор Рыбачье болушу зарыл"- деген сунуш киргизген.[2] Фрунзе шаардык Кеңешинин депутаттар тобу долбоорго: "...Кыргыз ССРи Түштүк жана Түндүк эки облусуна бөлүнсүн" деген өзгөртүүнү сунуш кылышкан.[3] Жалпысынан, эки облуска бөлүнсүн деген ушундай эле сунушту Фрунзе шаарынын жашоочулары агроном Михальевич менен жер бөлүштүрүүчү Цыгунов да айтып чыгышкан.[4] Жумгал районундагы Сары-Камыш айыл кеңешинин жашоочусу Аттокуров менен Шапак айыл кеңешинин жашоочусу Лопухов: " Кыргыз ССРинде эки облус – борбору Ош шаары болгон Ош облусу, борбору катары Каракол шаары таанылып, Каракол облусу түзүлсүн," - деген эч кимге окшобогон кызык сунушту беришкен.[5] Ушул эле сунушту Лопухов Шапак айыл кеңешинин жалпы жыйынында киргизген.[6]

Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорунун 29-беренесине ылайык, административдик-аймактык бөлүштүрүүгө мындан башка дагы бир топ сунуштар түшкөн. Алсак, Фрунзе шаарындагы

---

[1]*КР БМА. -Ф 21. Оп. 11., Д.79. –Л.69; Советская Киргизия. №187. От 14 августа 1936 г*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.18*
[3]*Ошол эле жерде. -С. 29*
[4]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.31*
[5]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.3.*
[6]*Ошол эле жерде.*

метеостанциясынын баш бухгалтери Ромодин "Кыргыз ССРи Түндүк кыргыз жана Түштүк кыргыз деген эки облуска бөлүнсүн. Болбосо оор абалдагы транспорттук жана почта байланышы район жетекчилигине татаалдыкты жаратат. Мындан тышкары, түштүк райондору түндүк чарбаларына салыштырмалуу аракетчилдиги менен айырмаланат," - деген түзөтүүнү киргизүүнү сунуштаган.[1] Ал эми Чырак айылдык кеңешинин жашоочусу Нарботоев "...Кыргызстанда 3 облус: Тянь-Шань борбору Каракол шаары, Түндүк облусу борбору - Фрунзе шаары, Түштүк облусу борбору - Ош шаары менен уюштурулсун," - деген сунушун берген. Кочкор районунун тургундары "Кыргыз ССРи үч облуска: борбору Ош шаары менен Түштүк Кыргызстан, борбору Таласта аныкталган Чүй өрөөнү жана Талас, Түндүк Кыргызстан – Тянь-шань райондору, Ысык-Көл өрөөнү борбору Каракол шаары болсун,"[2]- деген сунуш киргизишкен. Ушундай эле сунушту 2-атчандар артилериялык дивизиондун курсанты С.Айдарбеков да берген.[3]

Кыргыз ССРинин Конституциясынын бул долбооруна башка дагы бир топ сунуштар түшкөн. Маселен, Кыргыз АССРинин УНКВД жамаатынын талкуусунда Коротков "...болочок Кыргыз ССРинин курамында Түштүк Автономиялык Республикасы уюштурулсун," - деген сунушун айткан.[4] Мындан башка дагы кескин айырмаланып турган сунуштар айтылган. Алардын катарында Янги-Ноокат пленуму "Түштүк кыргыз облусу түзүлсүн,"-деген сунушту көтөргөн.[5] Жумгал районундагы Сары-Камыш айылдык кеңешинин тургуну Намазов долбоорго "...Кочкор, Жумгал, Ат-Башы, Нарын, Тогуз-Торо райондору бир облуска бириктирилип, борбору Кочкор айылы болсун,"-деген сунушту көтөрүп чыккан.[6]

Кыргыз АССРинин УНКВД жамааты 60-беренеге "Чүй өрөөнүнө тиешелүү, Кыргыз Республикасынын анык аймагы болгон Кыргыз жана Казак республикаларынын чек арасы кайра каралып чыксын. Казах АССРинин аймагынын бөлүгү деп эсептелген Ворошилов айылынан Кордай ашуусуна чейинки аймак, экономикалык жана аймактык жактан жакындыгына карап, райондук борбору Фрунзе шаары болгонун эске

---

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. - Л.48, 68.*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.68*
[3]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.68*
[4]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.18*
[5]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.18*
[6]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.18*

алуу менен Кыргыз АССРинин курамына киргизилсин," деген түзөтүүнүн, толуктоонун киргизилишин сунуштаган.[1]Казахстан менен болгон чек араны кайра карап чыгуу жөнүндө ушундай эле сунушту Кыргыз АССРинин УНКВДсынын кызматкери Галиев да көтөргөн.[2] Казах АССРи менен болгон чек арага байланыштуу Кант райаткомдун төрагасы Арзамасцевдин "...Чу дарыясы Казахстандын чек арасын бойлоп агат. Анын эки жээгинде тең дунган колхоздору жайгашкан. Алардын ичинен үчөө биздин райондо турат. Ал эми Кыргызстандын аймагында алардын саны - 6. Үч-төрт колхоз Чу дарыясынын Казахстан тарабында, ушуга байланыштуу дунган колхозчуларынын көпчүлүгү дунган районун түзүп, аны республикалардын бирине (Кыргызстанга же Казахстанга) өткөрүп берүүнү суранышат," - деген сунушу түшкөн.[3]

Буларга окшогон сунуштар биздин республика менен Өзбек ССРинин чек арасына байланыштуу түшкөн. Мисалы, 2-атчандар артилериялык дивизиондун курсанты Айдарбеков "...Кыргызстан менен Өзбек ССРинин ортосундагы чек аранын көп жерлери өзгөртүлүшү керек. Өзбекстандын Андижан районунун калкынын 75 пайызын кыргыздар (кыпчактар) түзөт. Болгону Андижан шаарынын калкынын басымдуу бөлүгү өзбектер. Ошондуктан шаарын калтырып, Андижан району Кыргызстандын курамына киргизилиши керек. Ушундай эле кадамды чындыгында Кыргызстандын аймагында жайгашкан Чимион нефти рудннгине жана калкынын басымдуу бөлүгү кыргыздардан турган Шахимарданга карата жасап, ал жерлер Кыргыз ССРине каратылышы керек,"-деген сунушту алып чыккан.[4]

Жаңы баш мыйзамды талкуулоо учурунда Кыргыз педтехникумунда эмгектенишкен Трифонов менен Шмидт 1-беренедеги "...эмгекчилердин мамлекетинин" ордуна"...жумушчулардын, дыйкандардын жана эмгекчилердин мамлекети," - деген сунуш киргизилишин айтышкан.[5] Ушундай эле идеяны айыл чарба банкынын кызматкери Путалов колдоп, 1-берененин редакциясын "...эмгекчилердин мамлекети,"-деп өзгөртүлүшүн сунуш кылган.[6] Фрунзе шаарынын мамлекеттик план тармагынын кызматкерлери Конституциянын долбоорун талкуулоо

---

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.26.*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.19.*
[3]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.69; Советская Киргизия. №178, от 3 августа 1936 г.*
[4]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. - Л.69, Советская Киргизия. №201, от 30 августа 1936 г.*
[5]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.13-14.*
[6]*Ошол эле жерде. –С.22.*

тармагынын кызматкерлери Конституциянын долбоорун талкуулоо боюнча чогулган жыйынында 1-берененин редакциясына "...эмгекчилердин социалистик мамлекети,"-деп өзгөртүлүшүн сунуштап чыгышкан.[1] Ошол эле учурда Фрунзе шаарындагы эт комбинатынын жумушчулары Скляров менен Колосмац ошол долбоордун 1-беренесине "...жумушчулардын, дыйкандардын мамлекети," "...эмгекчилердин мамлекети" киргизилсин деп чыгышкан.[2] Кара-Колдун жашоочусу Сайдуллаев жалпы чогулушта: "Кыргыз Республикасы аталышынын ордуна Кыргызстан Республикасы деп аталсын. Себеби, көпчүлүк эмгекчилер Кыргызстан деген аталышты колдонушат," - деген оюн билдирген.[3]

Ошондой эле талкуу кезинде СССРдин жоболорунда аныкталган нормативдик актыларга такыр ылайык келбеген сунуштар да айтылган. Мисалы, Кыргыз аскердик комиссариатынын кызматкери Брицкий 17-беренеге "...союздук республиканын ССР союзунан чыгуу маселеси республиканын бардык эмгекчилеринин добуш берүүсүнө коюлушу керек. Ошол учурда, ССР Союзунан чыгуу маселесине республика эмгекчилеринен ¾ бөлүгүнөн аз эмес добуш алганда гана маселе чечилди деп эсептелет," - деп толукталышын сунуштаган.[4]Фрунзедеги кыргыз живтрестинин эмгекчилеринин чогулушунун катышуучулары ошол эле союздук республикалардын СССРдин курамынан чыгуу жөнүндөгү 17-беренеге "...бүткүл элдик плебисциттин добушу менен, союздук республиканын ¾ төн кем эмес жарандарынан добуш алганда гана чыгуу кабыл алынат," - деген оюн билдиришкен.[5] Фрунзе шаарындагы № 1-башталгыч мектептин мугалимдери 17-беренеге "... ал же бул республиканын чыгышы (СССР курамынан – авт.) бүткүл элдик талкууга коюлат," - деген сунушту киргизишкен.[6]

Каракол районундагы Дзержинский атындагы колхоздон жаран Борисенко ошол эле 17-беренеге: " ...СССРдин курамына чыгуу жокко чыгарылат жана ССР Союзунан чыгууга тыюу салынат. Себеби СССР курамынан чыккан республика көптөгөн мыйзам бузууларга барышы мүмкүн," - деген кызык сунушун айтат. 145-беренеге бир гана

[1] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.24*
[2] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.24.*
[3] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.2*
[4] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.15.*
[5] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.24.*
[6] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.21*

Решетников "... ССР Союзунун борбору Сталин деп аталсын," - деген сунушун берет.[1]

Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорун талкууда **бийлик органдары жөнүндө** дагы түрдүү толуктоолор, өзгөртүүлөр, ондоп-түзөтүүлөр сунушталган. Мисалы, Кыргыз педтехникумунун кызматкери Пономарева 57-беренеге " союздук республикалардын Жогорку Кенешин(Верховный Совет) союздук республикалардын Башкы Кеңеши (Высший Совет) деген өзгөртүү киргизилишин,[2] ал эми автономиялык республикалардын Жогорку Кенешин автономиялык республиканын Башкы Кенеши деп киргизилишин" сунуштаган.[3]

Долбоордогу жергиликтүү бийлик органдарына шайлоо тууралуу талкуу мезгилинде Куршаб районунун өкүлдөрү жалпы чогулушта жергиликтүү бийлик органы жөнүндөгү 36-беренеге "... шайлоолор төрт жылда эмес, беш жылдык мөөнөттө өткөрүлсүн," - деген сунушту, ошондой эле 58, 90-беренелерге сунуштар киргизилген. Бул жерде да жергиликтүү бийлик органдарынын 4 жылдык мөөнөттөгү шайлоосу жөнүндө айтылат. Кемин районунун Төрт-Көл айылдык кеңешинин жашоочулары "...Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши 5 жылдык мөөнөткө шайлансын" сунушунун киргизилишин айтышкан.[4]Кемин районунун Кайынды колхозунун төрагасы А.Жумабаев долбоордун 29-беренесине "...Жогорку Кеңеш 7 жылга эмес, 4 жылдык мөөнөткө шайлансын," - деген сунуш киргизген.[5] Кемин районундагы МТСтин катчысы Зламин 134-беренеге "...айылдык кеңештин төрагалары пленумдарда эмес, эл тарабынан түздөн-түз шайлоо жолунда шайлансын," - деген түзөтүүнү киргизүүнү сунуштаган. Ал эми Ак-Терек айылдык кеңешинин жашоочусу Каримов " шайлоо жыйындары жабык эмес, ачык түрдө өткөрүлсүн," - деген оюн сунуш кылган.[6] Конституциянын долбоорунунун талкуусунун жүрүшүндө Үч-Урук айылдык кеңешинин төрагасы Мамырбаев 8-бөлүмдөгү 95-беренеге "...автономиялык, облустук, округдук, райондук жана айылдык кеңештер 3 жылдык мөөнөткө шайлансын," - деген сунушту айткан.[7] Ноокат районундагы

---

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп 11., Д.67. –Л.16.*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.13*
[3]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.6.*
[4]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.4.*
[5]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.4.*
[6]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.17.*
[7]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.6.*

Янги-Ноокат пленуму "...жогорку сот 2 жылдык мөөнөткө шайлансын," - деп сунуш кылышкан.[1] Куршаб районунун жалпы чогулушунда 109-беренеге "...район сотторун шайлоо 3 жылдык эмес, 2 жылдык мөөнөт менен жүзөгө ашырылсын," - деген толуктоону, өзгөртүүнү 116-беренеге киргизүүнү кабыл алган. Дагы, 114-беренеге "...прокурорлор 7 жылдык эмес, 5 жылдык мөөнөткө дайындалсын," - деп өзгөртүүнү сунуш кылган.[2] Ушундай эле сунуш Жети-Өгүз районундагы Барскоон айылдык кеңешинин тургуну Байболотовдон түшкөн.[3]Кемин районундагы МТСтин катчысы Түгөлбаев 114-беренеге "...прокуратура органдары дайындалбай, түздөн-түз добуш берүү жолу менен шайлансын," - деген толуктоо киргизген.[4] Долбоордун мындай талкуулары, ыштиктүү сунуштары, орундуу толуктоолору, олуттуу түзөтүүлөрү Кыргызстандын бардык чөлкөмдөрүндө, эмгек жамаатарында уюштурулган. Мисалы, Баш мыйзамдын долбоору боюнча ушундай кызуу талкуулар Чүй,[5] Кетмен-Төбө,[6] Кара-Балта,[7] Каракол ж.б. райондорунда болуп өткөн.[8]

Кыйыр түрдөгү дагы бир мисал, атеизмди күчөтүү, мамлекеттин динге болгон саясатын ачык көрсөтүү максатында долбоордун 124-беренесине да кескин мүнөздөгү сунуш айтылганын белгилей кетүү абзел. Мисалы, Железнодарожный мектебинин кызматкерлери Волик менен Комиссарчук "...Кыргызстанда чиркөө жана мечиттердин бардыгын биротоло жаап, алар маданият үйлөрүнө айландырылсын," - деген өзгөчө сунушту киргизишкен.[9]

Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорун ар тараптан талкууда **жарандардын укуктары** жөнүндө да эл тарбынан кеңири сунуштар, толуктоолор, кошумчалар жана өзгөртүүлөр айтылган. Мисалы, Кыргыз педтехникумунун кызматкери Пономарева 120-беренеге"...карылык курагы аялдар үчүн 55 жаштан, эркектерге 60 жаштан белгиленсин," - деген өзгөрүү киргизилишин сунуш кылган.[10] Жарандар Денисенко, Красовский 120-беренеге "...СССРдин жарандары

---

*[1]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.6.*
*[2]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.13; Ошол эле жерде. -Д.93. –Л.1.*
*[3]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.13; Ошол эле жерде. -Д.93. –Л.1.*
*[4]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.13; Ошол эле жерде. -Д.93. –Л.1.*
*[5]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.93. –Л.2-3.*
*[6]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.93. –Л.2-3.*
*[7]КР БМА -Ф.21. Оп. 11., Д.93. –Л.2-3.*
*[8]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.93. –Л.2-3.*
*[9]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.23*
*[10]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. -Л.13.*

материалдык жактан камсыздандырылууга аялдар 55 жаштан, эркектер 60 жаштан укуктуу," - деген толуктоо киргизилишин сунушташкан.[1] Интергельпонун металлдык цехинин жамааты долбоордун 130-беренесине "...жарандар курак-жашына карабай билим алууга укуктуу," - деген сунушту киргизишкен.[2]УНКВДнын жамааты 121-беренеге ар бир жаран "...жети жылдан кем эмес билим алууга милдеттүү," - деген түзөтүүлөрүн киргизишкен.[3] Фрунзедеги № 2-поликлиниканын кызматкери Кумарин 127-беренеге "...40 жаштан жогорку жарандарга кечки мектептер уюштурулсун," - деген толуктоо киргизилишин сунуштаган.[4] Кемин районундагы Кара-Булак айылдык кеңешиндеги Лубзаводдун жамааты "...ата-энеси картайган учурда, ошондой эле ооруп калганда жана эмгекке жарамсыз болуп калганда аларды материалдык жактан камсыз кылууга уул-кыздары тартылсын," - деген кызыктуу да, керектүү да сунушун киргизишкен.[5]Ал эми Беловодский районундагы Полтавский айылдык кеңешинин жараны Кузьмин 120-беренеге " ... эмгекке жарамдуу балдар майып ата-энелерин өзүнүн эмгек акысынан күнүмдүктүн минимум өлчөмүндө бөлүп берүү жолу менен камсыз кылууга милдеттүү," - деген түзөтүүнү сунуштаган.[6] Беловодский айыл кеңешинин тургундары 10-баптын 118-беренесине "...колхозчуларга 8 сааттык иш күнү белгиленсин," - деп түзөтүү киргизүүнү айтышкан. Покровский айылдык кеңешинин тургуну Павлов "...колхозчуларга кезектеги эмгек өргүүсү белгиленсин," - деген сунушту берген. Ошол эле айылдык кеңешинин тургундары дагы "...ар жыл сайын кезектеги эмгектик өргүү бир айдан кем эмес убакытка берилсин, анын ичинде мамлекеттик жана социалдык камсыздандыруунун эсебинен курортко жөнөтүлсүн," - деген сунушту жолдогон. Ушундай эле сунуш Барскоон айылдык кеңештин колхозчусу Эстебесовдон түшкөн.[7] Өз кезегинде Беловодский, Покровский айылдык кеңешинин жашоочулары жана Кемин районундагы МТСтин жамааты Конституциянын долбооруна"...колхозчуларга камсыздандыруу жумушчулар менен бирдей

---

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.16.*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.14.*
[3]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.17*
[4]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.17.*
[5]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.10*
[6]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.11.*
[7]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.8.*

жүргүзүлсүн, колхозчуларга социалдык камсыздандыруу киргизилсин," - деген толуктоо жана өзгөртүү киргизилишин сунушташкан.[1]

Конституция долбоорунун 119-беренесиндеги эс алуу укугу жумушчуларга көрсөтүлгөндүгүнө ылайык, "...орточо эмгек акысын сактоо менен кезектеги эмгектик өргүүсү колхозчуларга дагы каралсын. Анткени алар дагы жыл бою иштешет," - деген түзөтүүнү 123-артилериялык полктун курсанты Дж.Муратов киргизген.[2] Жети-Өгүз районундагы Ак-Терек айылдык кеңешинин колхозчулары долбоорго "...иштөөдөн баш тарткан эмгекке жарамдуу жарандар шайлоо укугунан ажыратылсын," - деген толуктоону сунуш кылышкан.[3] Түп районундагы Крупская атындагы колхоздун колхозчусу Кукин "...кастык таптык элементтерине ээ болгондор жана укуктары чектелгендерге СССРдин жарандыгына жол берилбесин. Мындай наамды биздин өлкөбүздүн чынчыл, мекенине берилген гана жарандары алып жүрүшү керек," - деген өзгөртүү сунушун киргизген.[4]

Шайлоо укугунун алкагында Төрт-Көл айылдык Кеңешинин тургуну Белекбаевден "...депутаттардын 40 пайызы аялдардан шайлансын," - деген сунуш берилген.[5] Кара-Кол районундагы Дзержинский атындагы колхоздун колхозчусу Усатов 135-беренеге: "...айылдык кеңеш тарабынан шайлоо укугунан ажыратылган кулактар, дин кызматкерлери, мурдагы жандармдар жана актардын укугу калыбына келтирилбесин жана Кеңештерге кирүүгө жол берилбесин. Алар азыр да Кеңеш бийлигине жана анын иш- чараларына каршы чыгууга даяр турушат," - деген сунушун айткан.[6] Шаардык жашылдандыруу курулушунун депутаттык тобу 135-беренеге "...бардык дин кызматкерлеринен шайлоо укугу ажыратылсын" деген өзгөртүүнү киргизүүнү сунуштаган.[7]Балыкчы районундагы мамлекеттик кемечилик ишканасынын жумушчулары жана кызматкерлеринин чогулушу долбоордун 136-беренесине ылайык "....эмгек кирешеси менен жашабагандар, дин кызматкерлери, мурдагы контрреволюционерлер шайлоо жана шайлануу укугунан ажыратылсын," - деген сунушту колдошкон. Жогорудагылардын укугуна чектөө киргизилишин төмөнкү Чүй Кеңешинин пленумунун катышуучулары да көтөрүшкөн.[8] Дин кызматкерлерин - молдолорду, попторду, бай-манаптарды, кулактарды шайлоо укугунан ажыратуу жөнүндө Конституция долбоорунун

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.10.*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.72; Советская Киргизия. №187, от 14 августа 1936 г.*
[3]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.2.*
[4]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.3.*
[5]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.13.*
[6]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.17.*
[7]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.29.*
[8]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.18.*

беренелерине ылайык, Токмок шаарынын "Ударник" артелинин жашоочулары, Жети-Өгүз районундагы Ак-Терек айылдык кеңешининин тургундары, Кемин районундагы Жаңы-Жол колхозунун жашоочулары жана башкалар сунуш кылышкан.[1]

Өз кезегинде жумушчу Фомичева долбоордун 132-беренесине "...аялдар Кызыл Армиянын катарына алынсын," - деген толуктоону киргизүүнү сунуштаган. Каракол районунунан Питюренко 133-беренеге " билимине карабай, ЖДКА *(РККА –авт.)* катарында кызмат өтөөнү каалаган аялдарга Кызыл Армияда кызмат кылууга жол берилсин," - деген сунушту билдирген. Ал эми Жел-Колот айылдык Кеңешинин жыйыны ошол эле 133-беренеге "... мыйзам актыларында аялдардын жалпы аскерге жарамдуулугу, чакырылуусу каралышы керек," - деген түзөтүүнүн киргизилишин сунуш кылышкан.[2]

Фрунзе шаардык кеңешинин депутаттык аялдар тобу 132-беренеге "ЖДКА катарына чакырылууга ден соолугу жакшы, физикалык жактан мыкты аялдарга жол берилсин" деген түзөтүү, толуктоо киргизилишин сунушташкан.[3]Сары-Камыш айылдык кеңешинин тургундары Конституция долбоорунун аялдар укугуна карата " кош бойлуу аялдарга (колхозчуларга) 4 айлык өргүү – төрөгөнгө чейин 2 ай, төрөгөндөн кийин 2 ай берилсин," - деген толуктоо, киргизилишин сунуштаган.[4]

Түзөтүү, толуктоо, сунуш киргизүүдө кыздардын никеге туруу укугуна өзгөчө көңүл бурулган. Мисалы, Ноокат районундагы Янги-Ноокат айылдык кеңешинин пленуму Баш мыйзамдын 122-беренесине "...18 жашка жете элек кыздарга никеге турууга жол берилбейт," - деген сунушун берген. Корумду колхозунун колхозчусу Карабеков 122-беренеге "...кандай гана шартта болбосун, 18 жашка жете элек кыздарды турмушка берүүгө жол берилбейт, мажбур түрүндө турмушка берүүдө мыйзамдын катаал чегинде жазаланат," - деген толуктоону сунуштаган.[5] Ошол эле учурда долбоорго мыйзамга ылайыксыз сунуштар да айтылган. Мисалы, Жети-Өгүз районундагы Ак-Терек айылдык кеңешинин тургуну Мамутов 122-беренеге " 16 жашка жеткен кызга турмушка чыгууга жол берилсин," - деген сунушту айткан.[6] Дархан

---

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л 18.*
[2]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л 13*
[3]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.42; ЦГА КР. –Ф.21. Оп. 11., Д.67. –Л.27.*
[4]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л 10*
[5]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л 12.*
[6]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.12.*

айылдык кеңешинин төрага орун басары Мамбетов ошол эле 122-беренеге "... көп аял алууга жана калыңга тыюу салынсын," - деген толуктоону сунуш кылган. Талкуунун жүрүшүндө Кочкор районунун жашоочулары 130-бере-неге "үй-бүлөнүн бузулушуна жана көп аял алууга, ошондой эле аялдардын көп күйөөлүү болушуна ылайык мамлекеттик жоопкерчилик белгиленсин," - деген түзөтүүнү жана толуктоону киргизүү сунуш кылышкан.[1] Конституция долбоорунун 120-беренесине А.Григорьева "...өкмөттүн бойдон алдырууга тыюу салуу жөнүндөгү мыйзамына ылайык, көп балалуу үй-бүлөлөргө материалдык камсыздандыруу, көп балалууларга жардамдар ж.б.у.с. белгиленсин," - деген кызык сунушун берген.[2] Интергельпо кызматкери Феер "...кайсыл курак жашка чейин эмгекке жарамдуу деп эсептелгендигин" 120-бере-неге толуктап көрсөтүүнү сунуштаган.[3]

Куршаб районунун жалпы чогулушунда катышуучулар 8-берене боюнча талкууну улантып, "айыл жеринде жашаган жумушчулар жана кызматкерлер ашыкча жерин колхозчунун нормасынан ашпаган чеңде, аны иштетүүгө башкалардын эмгегин жумшабай, жеке пайдасына огород катары пайдаланууга укуктуу," - деген толуктоону сунуш кылышкан.[4]

Ошентип, 1936-жылдын 15-ноябрына катара Кыргыз ССРинин Баш мыйзамынын долбоорун талкуулоо боюнча көптөгөн архивдик материалдарды изилдеп, биз төмөнкүдөй көрүнүштү аныктадык: 468 айылдык кеңештерди камтыган Кыргыз АССРинин 36 району жана Фрунзе шаары боюнча, ошондой эле Сүлүктү, Кызыл-Кыя поселоктук кеңештеринде 600 пленум жана секциялар өткөрүлүп, алардын ишине 242136 адам катышып, талкууланган Конституциянын долбооруна 524 толуктоолор, өзгөртүүлөр жана кошумчалар сунушталган. Тагыраак айтканда, бул жалпы чогулуштарда долбоорго 247 өзгөртүү сунушталган болсо, алардын ичинен 116 сунуш жеке тартипте берилген. Жалпысынан, Баш мыйзамдын долбооруна өзгөртүү киргизүү боюнча 865 сунуш берилген.[5] Бир эле Каракол районунда райаткомдун жооптуу катчысы Сарыбаевдин жана райондук маалымат берүүчүсү

---

[1] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.16.*
[2] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.73; Советская Киргизия. №201, от 30 августа 1936 г.*
[3] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. –Л.73; Советская Киргизия. №201, от 30 августа 1936 г*
[4] *КР БМА. -Ф.21 Оп. 11., Д.93. –Л.1.*
[5] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.93. –Л.116.*

Поспеловдун жазган статистикалык отчетунда бүткүл элдик талкуунун жүрүшү төмөнкүдөй көрүнөт:[1]

| №№ | *Иш чаралардын аталышы* | *Өткөрүлгөн иш чара саны* |
|---|---|---|
| *1.* | Долбоорду талкуу боюнча өткөрүлгөн Кенештердин жана аткаруу комитеттеринин пленумдары | 69 |
| *2.* | Баш мыйзамдын долбоорун талкуулоо боюнча өткөрүлгөн секция жана депутаттык топтордун жыйындары. | 29 |
| *3* | Кенештердин жана аткаруу комитеттеринин пленумдарына катышкан Кенештердин мүчөлөрү жана кандидаттары. | 2150 |
| *4* | Конституциянын долбооруна өзгөртүүлөр, толуктоолор тууралуу сунуштар. | 38 |
| *5* | Долбоорду талкуулоо боюнча ишканаларда, колхоздордо ж.б. жактарда өткөрүлгөн чогулуштардын баардыгы. | 226 |
| *6* | Чогулуштарга катышкандардын жалпы саны. | 22507 |
| *7* | Конституция долбооруна жеке тартипте түшкөн сунуштар | 16 |
| *8* | Баш мыйзамдын долбооруна толуктоо, түзөтүү,өзгөртүү киргизүү боюнча түшкөн бардык сунуштар | 54 |

[1] *КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.93. -Л.131.*

Албетте, бул бир эле райондун көрсөткүчтөрү, мындай массалык түрдөгү иш- чаралар бардык райондордо өткөрүлгөн. Алар төмөнкү архивдик документтерде кенири чагылдырылган:[1]

| №№ | *Райондордун аталышы* | *Райондогу айылдык кеңештер-дин саны* | *Кеңештердин жана аткаруу комитеттер-дин өткөргөн пленумдары* | *Жыйындардын жана жеке жактардын Баш мыйзамдын долбооруна толуктоолорунун, кошумчаларынын, сунуштарынын, өзгөртүүлөрүнүн жалпы саны* |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Алай-Гүлчө району | 16 | 16 | 9 |
| 2. | Балыкчы району | 7 | 11 | 15 |
| 3 | Баткен району | 8 | 26 | 24 |
| 4 | Беловодский району | 14 | 28 | 20 |
| 5 | Жалал-Абад району | 10 | 9 | 11 |
| 6 | Жети-Өгүз району | 17 | 34 | 307 |
| 7 | Жумгал району | 9 | 13 | 11 |
| 8 | Ысык-Көл району | 11 | 11 | 10 |
| 9 | Кант району | 23 | 36 | 9 |
| 10 | Кара-Балта району | 16 | 18 | 3 |
| 11 | Кара-Суу району | 6 | 11 | 16 |
| 12 | Кемин району | 8 | 9 | 23 |
| 13 | Кетмен-Төбө району | 16 | 18 | 32 |
| 14 | Кочкор району | 10 | 27 | 10 |
| 15 | Масы району | 7 | 7 | 2 |
| 16 | Нарын району | 10 | 12 | 8 |
| 17 | Ноокат району | 13 | 7 | 10 |
| 18 | Ош району | 13 | 15 | 18 |

[1]*КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.93. –Л.116.*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 19 | Рыковский району | 19 | 39 | 19 |
| 20 | Түп району | 16 | 38 | 5 |
| 21 | Чүй району | 17 | 44 | 82 |
| 22 | Фрунзе | 5 | 2 | 206 |
| 23 | Сүлүктү поселоктук кеңеши | 1 | 1 | 14 |
| 24 | Кызыл-Кыя посел-к кеңеши | 1 | 1 | 10 |
| | **Жалпы** | 273 | 433 | 874 |

Жогоруда белгиленгендей, СССРдин жана Кыргыз ССРинин Конституцияларынын долбоорлорунун талкуусу параллелдүү түрдө, республиканын ар кандай эмгек жамааттарында көп учурда бирге талкуулангандыгын дагы бир жолу белгилеп кетишибиз керек. Мисалы, архивдик иш кагаздарга таянып аталган Конституциялардын долбоорлорунун бүткүл элдик талкуусунда Кыргыз ССРинин Баш мыйзамынын долбоорундагы жалпы беренелеринин ичинен, бир эле 71-беренесине 435 түзөтүү, толуктоо, өзгөртүү сунушталганы аныкталды. Мындай абалды жогорку бийликтин расмий түрдө түзгөн статистикалык отчету тастыктайт.[1]

Республикабыздын Баш мыйзамынын долбооруна эмгекчилер жамаатынын чогулуштарында, ММКда сунушталган өзгөртүүлөр, түзөтүүлөр жана толуктоолор жалпылаштырылып, республиканын Констиуциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча атайын комиссияга жөнөтүлгөн. Бардыгы болуп талкуунун натыйжасында долбоордун 49 беренесине өзгөртүүлөр, түзөтүүлөр жана толуктоолор киргизилгени көрсөтүлгөн.[2]

Кыргызстан эл массасы, эмгек жамааттары тарабынан сунушталган өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду эске алып, долбоорду иштеп чыгуу боюнча атайын комиссиянын кеңешмеси өзүнүн №3-протоколу менен 1936-жылдын 8-августунда: **"Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоору биринчи редакциясында бекитилсин"** деген токтом кабыл алган.[3]

*[1]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.79. -Л 31-33*
*[2]КР БМА. -Ф.22. Оп. 11., Д.6. -Л.3-9,12*
*[3]КР БМА. -Ф.22. Оп. 11., Д.6. -Л.10.*

Бүткүл элдик кызуу талкуудан кийин, тиешелүү бийлик органдары республиканын Конституциясынын сунушталган долбоорун кабыл алууга киришкен. Ошентип, 1937-жылы өтүп жаткан курултайдын экинчи бөлүгүнүн, экинчи күнү ошол курултайдын **"Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын Конституциясын (Баш мыйзамын) бекитүү жөнүндөгү токтому"** чыккан. 1937-жылдын 23-мартындагы курултайдын кечки кеңешмесинде Кыргыз ССРинин Кенештеринин чукул чакырылган V курултайы: **"Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын Конституциясынын (Баш мыйзамынын) долбоорунун редакциялык комиссияга сунушталган редакциясы бекитилсин"** деп токтом чыгарган.[1]

Кыргыз элинин улуттук мамлекетинин, Кыргызстандын экинчи Конституциясы 1937-жылы кабыл алынганы тарыхый факт. Ачыгын айтканда, биринчи Конституция кыйла демократиялык жол менен кабыл алынса, тагыраак айтканда, сунушталган төрт башка долбоорго ээ болсо, экинчи Конституция бүткүл эл талкуулаган, ММК орус тилинде жарыяланган, бир эле вариантта болгон.

Кыргыз ССРинин экинчи Баш мыйзамынын мазмуну, түзүлүшү биринчи Конституцияга салыштырмалуу бир аз башкача түзүлгөн. Демек, 1937-жылдын 23-мартында Кыргыз ССРинин Кенештеринин чукул чакырылган V курултайында бекитилген республикабыздын Конституциясы (Баш мыйзамы) төмөнкүдөй мазмунда болгон*(орус тилиндеги долбоордун котормосу – авт.)*:

**I бап. Коомдук түзүлүш** - 12 беренеден турган.

**II бап. Мамлекеттик түзүлүш** - 7 берене.

**III бап. Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын жогорку мамлекеттик бийлик органдары** - 19 берене.

**IV бап. Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдары** -15 берене.

**V бап. Мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары** - 19 берене.

**VI бап. Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын бюджети** - 4 берене

---

[1]*«Советская Киргизия». 1937 г. 24 марта; Конституция (Основной) закон Киргизской Советской Социалистической Республики. –Фрунзе, 1937.*

**VII бап. Сот жана прокуратура** - 12 берене.

**VIII бап. Жарандардын негизги укуктары жана милдеттери** - 16 берене.

**IX бап. Шайлоо системасы** - 10 берене.

**X бап. Герб, туу, борбор** - 3 берене.

**XI бап. Конституцияны өзгөртүү тартиби** - 1 берене.

Кыргызстандын экинчи Конституциянын долбоору башталышында 5 багытта иштеле баштаган болсо, ал акырындап эки эсеге көбөйүп, Баш мыйзамдын кабыл алына турган учурунда 11 бап, 118 беренеден турган.


Экинчи Конституцияда республиканын статусунун өзгөргөнүнө жараша биринчи Баш мыйзамда жок жаңы бөлүмдөр, баптар, беренелер пайда болгон. Мисалы, 1937-жылкы Конституцияда мурдагы Баш мыйзамда болбогон: **"Коомдук түзүлүш", "Мамлекеттик түзүлүш", "Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлигинин жогорку органдары", "Кыргыз ССРинин мамлекеттик башкаруу органдары", "Сот жана прокуратура", "Жарандардын негизги укуктары жана милдеттери"** сыяктуу жаңы структуралары киргизилген. Ошондой эле **"Кыргыз ССРинин Конституциясын өзгөртүү тартиби"** жөнүндөгү жаңы бап пайда болгон. Анда "Кыргыз ССРинин Конституциясын өзгөртүү Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин чечимине ылайык, анын үчтөн, экиден кем эмес көпчүлүк добушу менен кабыл алынганда өзгөртүлө тургандыгы" айтылат.[1]

Белгилей кетчү дагы бир жагдай, өлкөбүздүн 1937-жылкы Баш мыйзамы СССРдин Конституциясынын негизги принциптерине ылайык иштелип чыгып, кабыл алынгандыгында болуп турат. Ошол эле кезде Кыргызстандын союздук, улуттук республика катары өзгөчөлүгүн чагылдырган кээ бир өзгөчөлүктөрү да бар. Мындай өзгөчөлүктөр кабыл алынган Конституциянын жаңы бөлүмдөрүндө берилген.

КР МБА фонддорунун иш кагаздарынын арасынан, биз Кыргызстандын жалпы өнүгүүсүнө өзгөчө өбөлгө түзгөн, 1937-жылдагы өлкөбүздүн экинчи **Конституциясынын латын алфавитинде** жазылган **кыргызча долбоорун** таап чыктык.

---

[1] *«Советская Киргизия». 1937 г. 24 марта; Конституция (Основной) закон Киргизской Советской Социалистической Республики. –Фрунзе, 1937.*



**Аталган документтин расмий аталышы - "Кыргызстан Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясы (Негизги закон). Долбоор"***(түп нускада дал ушундай берилген – авт.)* деп аталат.[1] Кыргыз тилиндеги долбоордун айрым баптарында, беренелеринде орус тилиндеги долбоорго дал келбеген учурлары өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Мисалы, республиканын аталышы көзгө урунат. Баш мыйзамдын орус тилиндеги долбоорунда **"Конституция Киргизской Советской Социалистической Республики"** деп көрсөтүлсө, кыргыз тилиндеги долбоордо **"Кыргызстан Советтик Социалисттик**

---

[1] *КР БМА -Ф.21. Оп. 11., Д.64. –Л.145-169.*

**Республикасынын Конституциясы (Негизги закон)"** деп белгиленген.

Ошол экинчи Конституциябыздын орус жана кыргыз тилиндеги долбоордун негизги бөлүктөрдөгү, баптардагы жана беренелердеги айырмачылыктар төмөнкү таблицадан байкалат:[1]

| *Кыргыз ССРинин 1937-жылдагы Конституциясы, орус тилинде.* | | | *Кыргыз ССРинин 1937-жылдагы Конституциясы кыргыз тилинде (латын алфавитинде)* | | |
|---|---|---|---|---|---|
| *Главы* | *Названия глав* | *Кол-тво статей* | *Баптар* | *Баптардын аталышы* | *беренелердин саны* |
| **I.** | **Общественное устройство** | *12* | **I.** | **Коомдук түзүлүш** | *12* |
| **II.** | **Государственное устройство** | *7* | **II.** | **Мамлекеттик түзүлүш** | 11 |
| **III.** | **Высшие органы государственной власти Киргизской Советской Социалистической Республики** | *19* | **III.** | **Кыргызстан Советтик Социалисттик Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары** | 19 |
| **IV.** | **Органы государственного управления Киргизской Советской Социалистической Республики** | *15* | **IV.** | **Кыргызстан Советтик Социалисттик Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдары** | 15 |
| **V.** | **Местные органы государственной власти** | *19* | **V.** | **Мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары** | 17 |
| **VI.** | **Бюджет Киргизской Советской Социалистической Республики** | *4* | **VI.** | **Сот жана прокуратура** | *12* |
| **VII.** | **Суд и прокуратура** | *12* | **VII.** | **Жарандардын негизги укуктары жана милдеттери** | 16 |
| **VIII** | **Основные права и обязанности граждан** | *16* | **VIII** | **Шайлоо системасы** | 9 |
| **IX.** | **Избирательная система** | *10* | **IX.** | **Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын бюджети** | 14 |
| **X.** | **Герб, флаг, столица** | *3* | **X.** | *бөлүмдүн номери жана аталышы жок. ал эми үч берене IX бөлүмгө кошулган.* | - |
| **XI.** | **Порядок изменения Конституции** | *1* | **XI.** | **Конституцияны өзгөртүү тартиби** | 3 |
| **11** | | **118** | **10** | | **128** |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, Конституциянын орус тилиндеги долбоору менен кыргыз тилиндеги долбоорунун ортосундагы дал

[1]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.64. –Л.145-169; ЦГА КР. –Ф.21. Оп. 11., Д.6. –Л.42-70

келбестиктер беренелердин саны боюнча 10 беренеге айырмаланат. Талкуунун жүрүшүндө биз көрсөткөн долбоорлор бири-бирин толуктап турганын изилдөөбүз көрсөттү.

Биз КР БМА фонддорунун иш кагаздарынан **"Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбооруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү"** жөнүндөгү дагы бир топ материалдарды таптык.[1] Аларда бир катар өзгөртүүлөр жана толуктоолор катталып, долбоордун кыргыз, орус тилдерине киргизилген. Мисалы, 13-беренедеги орус тилинде жок нерселер ошол беренин кыргыз тилиндеги текстине жазылып, бекитилген. Тагыраак айтканда, ошол 13-беренеде: "Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы союздук мамлекет-Советтик Социалисттик Республикалык Союзундагы советтик социалисттик республикалар РСФСР, Украина ССРи, Белорус ССРи, Азербайжан ССРи, Грузин ССРи, Армян ССРи, Түркмөн ССРи, Өзбек ССРи, Тажик ССРи, Казах ССРи менен **тең укукта өз эрки менен бириккен, эгемендүү мамлекет"** деп белгиленген.[2] Кыргыз тилиндеги долбоордон дагы бир мисал, 14-беренеде: **"Кыргызстан ССРи СССРден өз эрки менен чыгуу укугун сактайт. Бул укук жалпы элдик добуш берүү менен ишке ашырылат"**-деп жазылган. Ал эми орус тилиндеги долбоорунда: **"Киргизская Советская Социалистическая Республика сохраняет за собой право свободного выхода из СССР"**- деп белгиленген.[3] Буга улай эле үчүнчү мисалды келтирели, кыргызча долбоордун 123, 124-беренелеринде "Кыргызстан Советтик Социалисттик Республикасынын герби, желеги, борбору" чечмеленген эмес. Ал эми орусча долбоордун X атайын бөлүмүндө Кыргыз ССРинин герби, туусу жөнүндө кеңири жазылып, республиканын борбору белгиленген.[4]

Мына ушулардын баарын атайын түзүлгөн конституциялык комиссия өз ишинин жүрүшүндө үзгүлтүксүз өзгөртүп, толуктап, оңдоп-түзөтүп кайра-кайра иштеп, акыры алардын ишинин натыйжасы Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынгандыгы бышыктайт. Кыргыз ССРинин 1937-жылдагы экинчи Конституциясы кыргыз элинин 1924-жылы улуттук мамлекетине ээ болгон күндөн тартып жетишкен ийгиликтерин чагылдырып, автономиялык облус

---

*[1]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.6. -Л.67-70.*
*[2]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.64. –Л.147-148;–Ф.21. Оп. 11., Д.6. –Л.67.*
*[3] КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.6. –Л.44;–Ф.21. Оп. 11., Д.64. –Л.148.*
*[4]КР БМА. -Ф.21. Оп. 11., Д.6. -Л.66;–Ф.21. Оп. 11., Д.64. –Л.169.*

формасындагы мамлекеттин өнүгүшү, ССР Союзунун курамындагы федерациянын толук кандуу субъектиси катары (эгемендиги кыйла кыскартылгандыгына карабай), союздук республикалар менен тең укуктагы союздук республика фомасындагы улуттук мамлекеттин түзүлүшүнө жетишкендигин бышыктады. Албетте, бул биздин эл үчүн зор тарыхый, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий жетишкендик болгон. Кыргыз ССРинин Конституциясы социализмдин курулушуна негиз түзгөн, аны бышыктоо, жыйынтыктоо учурундагы Кыргыз мамлекетинин чыныгы Баш мыйзамы болгондугун баса белгилей кетишибиз керек. Бул биздин эл үчүн баа жеткис тарыхый, саясий жана юридикалык факт.

Кыргызстандын 1937-жылы кабыл алынган экинчи Конституциясынын өзгөчөлүгүнө, жаңылыгына, артыкчылыгына төмөнкүлөрдү кошсо болот:

- ал тарыхый, саясий, укуктук жактан кыргыздардын улуттук мамлекетинин өнүгүү жолундагы жаңы баскычты Кыргыз Советтик Социалисттик Республика катары ынанымдуу, туруктуу бекитти;
- республикабыздын жаңы Конституциясы, ошол мезгилдин ыргагына, социалдык-экономикалык талаптарына шайкеш келген улуттук мамлекеттин – Кыргыз ССРинин жаңы статусун, жаңы аталышын бышыктады.
- Кыргыз ССРинин 1937-жылдагы Конституциясына ылайык, "экономикалык жана саясий багыт боюнча өз ара жардамдашуу, ошондой эле коргонуу максатында Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы өз ыктыяры менен тең укукта Советтик Социалисттик Республикалар Союзундагы башка советтик социалисттик республикалар: РСФСР, Украина ССРи, Белорус ССРи, Азербайжан ССРи, Грузин ССРи, Армян ССРи, Түркмөн ССРи, Өзбек ССРи, Тажик ССРи, Казах ССРине өз эрки менен бириккен. Ушундан улам Кыргыз ССРи СССРдин, анын жогорку бийлик органдарына жана мамлекеттик башкаруу органдарына СССРдин Конституциясынын 14-беренесинде аныкталган укуктарды камсыз кылат. СССРКонституциясынын 14-беренесинин чегинен тышкары Кыргыз ССРи өз эгемендик укугун толук сактап, мамлекеттик бийликти өз алдынча жүзөгө ашырат".[1]

---

[1]*Конституция (Основной) закон Киргизской Советской Социалистической Республики. –Фрунзе, 1937. –С.3*

• Республика расмий түрдө мыйзам алдында баары бирдей укукка ээ болгон көп улуттуу өлкө болуп калды. Анткени республикада кыргыздардан башка орустар, өзбектер, украиндер, казактар, тажиктер, дунгандар ж.б. элдердин өкүлдөрү да жашашкан. Мунун өзү Кыргызстан улуттук курамы боюнча көп улуттуу республика экендигин тастыктайт.

• Кыргызстандын экинчи Конституциясы кыргыз элинин жаңы мамлекеттик курулушун тастыктап, республика өз Баш мыйзамына ылайык унитардык мамлекет болуп калганын аныктады.

• 1937-жылкы Конституция республиканын бардык өкүлчүлүк органдарынын жаңы, жөнөкөйлөшкөн демократиялык системасын уюштурууну бекиткен.

• Кеңеш доорундагы Кыргыз мамлекетинин тарыхында биринчи жолу, экинчи Конституция мамлекеттик бийлик органдарынын жана аларды башкаруу, аткаруу органдарынын вазыйпаларын, ортосундагы компетенцияларын так, ачык-айкын бөлүштүрүп белгилеген;

• Аталган Баш мыйзамга ылайык, мамлекеттик башкаруу органдарынын тиешелүү Кеңештерге баш ийүүсүнүн ырааттуу принциптери киргизилген;

• 1937-жылкы Баш мыйзамда биринчи жолу жогорку өкүлчүлүк органдын ишмердүүлүгүнүн сессиялык формасы белгиленген. Анын натыйжасында мурдагы мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү менен бир эле учурда бир нече органдар – Кеңештердин курултайы, Кеңештердин Борбордук Аткаруу Комитети, БАК Президиуму, Эл Комиссарлар Кеңеши алектенген абал биротоло жоюлду. Мыйзамдардын эффективдүүлүгүн, туруктуулугун камсыз кылуу максатында, мындан ары мыйзам чыгаруу вазыйпасы бир гана республиканын Жогорку Кеңешине берилген.

• Кыргызстандын 1937-жылкы Баш мыйзамында республикада биринчи жолу башка нормативдик актылардын алдында мыйзамдардын артыкчылык принциби бекитилип, 22-беренеде "Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши Кыргыз ССРинин жалгыз мыйзам чыгаруучу органы"[1] - деп баса белгиленген;

[1]*Конституция (Основной) закон Киргизской Советской Социалистической Республики. - Фрунзе. 1937 –С.4.*

• Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясына ылайык, республика СССРдин курамына кирүү менен өз эгемендүүлүгүн сактаары баса белгиленген. Мамлекеттик эгемендүүлүктү алып жүрүүчү Баш мыйзамга ылайык республиканын Жогорку Кенеши болуп эсептелген;

• 1929-жылдагыга салыштырганда 1937-жылдагы Конституциянын бир айырмачылыгы мамлекеттик бийлик органы болгон жумушчулардын, дыйкандардын, кызыл аскерлердин депутаттарынын Кеңешин Эмгекчи депутаттардын Кеңеши болуп өзгөртүлгөндүгү болгон. Саясий, укуктук мамиледе, карым-катнашта мындай өзгөртүү таптык негизде түзүлгөн Кеңештердеги өкүлчүлүк, жаңы баш мыйзамга ылайык эмгекчилердин бардык өкүлдөрүн бириктирген уюмга айланганын көрсөткөн. Конституция баардык бийлик элге, эл өкүлдөрүнүн – эмгекчилердин депутаттар Кеңешине таандык экенин бекиткен. Бул бир эле биздин эл үчүн эмес, жалпы СССР эли үчүн зор жаңылык болгон.

Акырында дагы кошумчалай турган маалымат, ошол экинчи Конституцяны кабыл алган курултайда Кыргыз ССРинин жаңы Баш мыйзамынын долбоору жөнүндө докладга, ээлеген кызмат абалы боюнча чыга турган Кыргызстан БАКтын төрагасы А.Орозбековдун ордуна, ВКП (б)нын Кыргыз обкомунун экинчи катчысы Х.Джээнбаевдин чыгып сүйлөгөндүгү болду. Анын доклады СССР Кеңештеринин чукул чакырылган VIII курултайындагы Сталиндин докладын кайталагандыгын белгилебей кетүүгө болбойт. Айта кетсек, ал учурда республиканын башка жетекчилеринин, кыргыз элинин чыгаан уулдарынын катарында А.Орозбеков да ишенимден тая баштагандыгына байланыштуу эле. Ошол себептен бул миссияны аткаруу ага берилбегендигин айтпай кетүүгө болбойт.

Ошентип, Кыргызстандын экинчи Конституциянын долбоорун талкуулоо мезгилдин, элдин сыноосунда өтүп, 1937-жылдын 23-мартында бекитилип, кабыл алынган Конституциянын акыркы текстти 1937-жылдын 24-мартында ошол кездеги республикалык расмий газеталарга жарыяланган.[1]

Негизинен айтканда, 1937-жылдагы Кыргыз ССРинин Баш мыйзамы чындап эле мурда болбогон көптөгөн тарыхый, саясий, социалдык-экономикалык жана укуктук чөйрөдөгү жетишкендиктерди бекиткен.

---

[1] *Советтик Кыргызстан. 24-март. 1937-ж.; Советская Киргизия. 24 марта 1937 г.*

Дал ошол экинчи Конституциянын алкагында кыргыз эли, улуттук мамлекетинин өнүгүү жолунда бир катар чоң ийгиликтерге жетишкен. Кеңеш доорундагы 1937-1978-жылдардагы ийгиликтерге, бийиктиктерге биздин эл, кыргыз мамлекети да ушул, Кыргызстандын экинчи Конституциясы аркылуу жетишкен.

Дагы бир жагдай, ошол экинчи Баш мыйзамыбыз өлкөбүздүн тарыхындагы эң узак өкүм сүргөн Конституция болгондугун да белгилей кетүү абзел. Анткени биз ага 1978-жылга чейин иштетилген 31 жыл аралыгында бир дагы өзгөртүү, толуктоо же түзөтүү киргизилген эмес. Албетте, ошол кездеги тарыхый, саясий, укуктук абал, социализмдин өнүгүү жолундагы мезгил талабы, Конституцияга кандайдыр өзгөртүүлөрдү киргизүү эмес, ошондой кадамга баруу тууралуу ойлорго кескин тыю салып, андай эркин ой жүгүртүүгө таптакыр тыю салып келгенин да белгилей кетели. Албетте, Кыргызстандын экинчи Баш мыйзамынын негизинде, биз өзүнүн эгемендүүлүгүнө жана көз карандысыздыгына жеткен республикага айландык. Белгилей кетчү жагдай, ортодо кыска убакыт аралыгында, кийинки бөлүктө айтыла турган, Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы Конституциясы 1993-жылга чейин иштеген.

Ошентип, кыргыз эли 20-30-жылдарда Кенеш доорундагы мамлекеттик курулуштун, түзүлүштүн, улуттук автономиянын үч формасын ийгиликтүү басып өттү: Кыргыз Автономиялык Облусу, Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы жана Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы. Кыргыз элинин, улуттук мамлекетинин коомдук-саясий турмушунда, мамлекеттик түзүлүшүндө зор ийгиликтерге жетишкени тарыхый чындык. Алардын натыйжасында келечектеги эгемендүүлүккө жана көз карандысыздыкка жетүүнүн татаал жолунда кыргыз мамлекети бир топ алгылыктуу ийгиликтерге жетишкени талашсыз көрүнүш. Ошондуктан биз көтөргөн тарыхый-саясий жана укуктук маселелердин, тагыраагы, Кыргызстандын конституциялык өнүгүү тарыхы, ар тараптуу, айрым учурларда бир жактуу изилдөөлөрдү талап кылат.

## 1.4. КЫРГЫЗ ССРИНИН 1978-ЖЫЛДАГЫ КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН ДОЛБООРУНУН ДАЯРДАЛЫШЫ, АНЫН БҮТКҮЛ ЭЛДИК ТАЛКУУЛАНЫШЫ ЖАНА КАБЫЛ АЛЫНЫШЫ

Кеңеш доорунун идеологиясына, негизги багытына жараша СССРдин, анын курамына кирген Кыргыз ССРинин саясий, коомдук, социалдык-экономикалык, маданий абалында экинчи Конституциясы кабыл алынгандан бери кескин алга жылуулар, чоң өзгөрүүлөр, зор жетишкен ийгиликтер болгон. Белгилүү болгондой, 1936-жылдагы СССРдин сталиндик, 1937-жылкы Кыргыз ССРинин Баш мыйзамы кабыл алынган учурдан бери негизинен, социализмдин негизи түптөлүп, анын курулушу акырына чыгып калган эле. Кеңеш өлкөсүндөгү революциядан кийинки кыска убакыт аралыгында - 20 жыл ичинде, өлкөнүн бардык борбордук жана чет жакалардагы аймактарында коомдук, саясий, социалдык-экономикалык, маданий чоң, кескин жана терең өзгөрүүлөр болуп өткөнү талашсыз. Жарандык согуштан кийинки кыска мөөнөттө эл чарбасы калыбына келтирилип, ага катар эле өлкөнү индустриалдаштыруу, айыл чарбасын коллективдештирүү, маданий революция ишке ашырылган. Мындай жетишкендиктер, СССРдин чет жакасындагы, айрыкча, Кыргызстан сыяктуу улуттук республика үчүн абдан маанилүү эле. Акырындык менен Кеңеш доорундагы коомдун социалдык көрүнүшү түп тамыры менен өзгөрдү, өз мезгилинде туруктуу бир социалдык тектүү коомдун статусуна ээ болду. Бул өз кезегинде, пролетариаттын диктатурасынын негизинде пайда болгон мамлекет, жалпы элдик мамлекетке айланып, жумушчу, дыйкандардын жана интеллигенциянын социалдык-экономикалык жана саясий абалы теңдештирилди. Коомдун жана мамлекеттин ар тараптуу өнүгүүсүнө терең таасирин тийгизген бул өзгөрүүлөр Кыргыз ССРинин жаңыланган үчүнчү Конституциясында кеңири чагылдырылышы абзел эле.

Ошентип, республикабыз үчүнчү Баш мыйзамын даярдап, кабыл алууга кам көрө баштады. Андыктан биз үчүн Кыргызстандын ошол үчүнчү Конституциясы качан, ким тарабынан, кандай даярдалгандыгы, бүткүл элдик талкуусу, кантип кабыл алынгандыгы тууралуу маселелер ар тараптуу кызыгууну туудурат.

Биз Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин фонддорунун документтеринин арасынан Кыргыз ССРинин Конституциясынын (Баш мыйзамдын) долбоорун даярдоо боюнча комиссиясынын төрагасы Т.У.Усубалиевдин сөзүнө байланышкан тиешелүү иш кагаздарды таптык. Ал иш кагаздарында эсеп боюнча Кыргызстандын үчүнчү, Кыргыз ССРинин экинчи Конституциянын долбоорун иштеп чыгуу үчүн 1977-жылдын июлунда Кыргызстан КП БКнын бюросу курамы 21 адамдан турган редакциялык чакан комиссия жана курамы 17 адамдан турган редакциялык комиссиясынын катчылыгынын түзүлгөндүгү баяндаган. Конституциялык комиссиянын курамындагы 17 адам Кыргызстан КП БК бөлүм башчыларынан, окумуштуу-юристтерден тургандыгына токтолгон. Бул маанилүү ишке ошондой эле Кыргызстан КП БК аппаратынын, Жогорку Кеңештин Президиумунан, министрлер Кеңешинин, министерстволордун жана ведомстволордун компетенттүү кызматкерлери да тартылгандыгын билдирген. Өз сөзүндө ал каралып жаткан Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясынын долбоору чоң жамааттын, конституциялык комиссиянын зор эмгегинин натыйжасы болуп эсептелээрин баса белгилеген. Кыргызстан КП БК катчылыгы жаңы Конституциянын долбоорун кыргыз тилине которуу боюнча да атайын комиссия түзүлгөндүгүн белгилей кеткен. Анткени ал кез үчүн бул маселе да өзгөчө мааниге ээ болчу.[1]

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин атайын конституциялык комиссиясынын Баш мыйзамынын долбоорун даярдоо боюнча 1978-жылдын 10-февралындагы №1 кеңешмесинин токтому жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды тастыктайт. Ошол кеңешменин күн тартибинде: **"Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Конституциясынын (Баш мыйзамынын) долбоору жөнүндөгү"** маселе болгон.[2] Бул документ жаңы конституциялык комиссиянын төрагасы Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Т.У.Усубалиев болгондугун ырастайт. Башкача болушу мүмкүн эмес эле, партиялык идеология, квота боюнча Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы кызмат орду боюнча конституциялык комиссияны башкарууга милдеттүү болгон. Партиялык уюмдардын жетекчилеринин мындай

---

*[1]КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17, Д.1021. –Л.2.*
*[2]КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17, Д.1021. –Л.1-5.*

абалы бизде эле эмес, борбордо да кадимкидей көрүнүш эле. Ошондон улам, республикабыз ал тартиптен сыртта калган эмес. Чындыгында мыйзам боюнча же ээлеген кызмат орду боюнча республиканын конституциялык комиссиясын жетекчиси Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы жетектеши керек болчу. Тилекке каршы, андай болгон эмес.

Дагы бир маанилүү документ, КР БМА фондунда сакталып турган ошол конституциялык комиссиянын 1978-жылдын 14-мартындагы кеңешмесинин токтому. Мында Кыргыз ССРинин конституциялык комиссиясынын төрагасы Т.У.Усубалиев комиссиянын жалпы 47 мүчөсүнөн 41 мүчөсү катышып жаткандыгын, алардын алтоо жүйөлүү себептерден улам катыша албагандыгын белгилеген. Дал ушул документтин негизинде, биз Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы конституциялык комиссиянын курамынын тизмесин таап, алардын ар биринин аты-жөнү, ээлеген кызмат орду аныкталды. Негизинен, алардын баары республикага белгилүү адамдар - партиялык, мамлекеттик ишмерлер, мекеме-уюмдардын, мамлекеттик түзүмдөрдүн жетекчилери, коомдук жана маданий ишмерлер, окумуштуулар, коомчулуктун өкүлдөрү болушкан. Биз тарыхый чындыктан тайбас үчүн ошол архивдик документте көрсөтүлгөндөй, конституциялык комиссиянын толук курамын камтыган түп нусканы келтирүүнү туура таптык. Алар:[1]



---

[1]КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17, Д.1021. –Л.32-34.

[illegible] - заведующий отделом организационно-партийной работы ЦК КП Киргизии

[illegible] - [illegible] Киргизской ССР

[illegible] - председатель исполкома [illegible] областного Совета народных депутатов

[illegible] - секретарь ЦК КП Киргизии

[illegible] - [illegible] им. В.И.Ленина

[illegible] - [illegible] г.Пржевальска

[illegible] - [illegible]

[illegible] - секретарь ЦК КП Киргизии

[illegible] - председатель исполкома [illegible] областного Совета народных депутатов

[illegible] - председатель Президиума Верховного Совета Киргизской ССР

[illegible] - первый секретарь ЦК ЛКСМ Киргизии

[illegible] - первый секретарь [illegible] ЦК КП Киргизии

[illegible] - [illegible] района

[illegible] - председатель Совета Министров Киргизской ССР

[illegible] - председатель правления Союза [illegible] Киргизской ССР

[illegible] - председатель исполкома [illegible] областного Совета народных депутатов

[illegible] - министр [illegible] Киргизской ССР

[illegible] - министр финансов Киргизской ССР

[illegible] - народный поэт Киргизской ССР

[illegible] - редактор газеты "Советская Киргизия"

[illegible] С. - министр сельского хозяйства Киргизской ССР

[illegible] Т.У. - первый секретарь ЦК КП Киргизии


[illegible] - председатель ЦК [illegible]

[illegible] - второй секретарь ЦК КП Киргизии

[illegible] - заместитель председателя Совета Министров Киргизской ССР

[illegible] - [illegible]

Ошентип, 1978-жылкы Кыргызстандын жаңы Конституциясынын долбоорун даярдаган конституциялык комиссиянын курамы толугу жогоруда көрсөтүлдү. Ошол эле кезде Кыргыз ССРинин жаңы конституциясынын долбоору талкуулаган кеңешмеге Кыргызстан КП БКнын, Жогорку Кенешинин Президиумунун чакырылган жооптуу кызматкерлери катышканын белгилей кетүү абзел. Мисалы, 1978-жылдын 14-мартындагы конституциялык комиссиянын кеңешмесине төмөнкү тараптар чакырылган:[1]



---

[1]КР БМА. -Ф.1445. -Оп.17. Д.1021. –Л. 34-35.

Жогоруда көрүнүп турандай, Кыргызстандын үчүнчү, жаңы Конституциясынын долбоорун даярдоо боюнча түзүлгөн конституциялык комиссиясынын курамы ошол кездеги партиялык жетекчилерден, мамлекеттик ишмерлерден, министрликтердин, жумушчу, дыйкандардын өкүлдөрүнөн түзүлүп, көп кырдуу курамды көрсөткөн. Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматка таянып. бул жолку конституциялык комиссияга партиялык жетекчилерден 10, аткаруу бийлигинин ар башка баскычынын өкүлдөрүнөн 13, Жогорку Кеңештин Президиумунан 1 өкүл киргизилгенин баамдоого болот. Баса, ошол кездеги Жогорку Кеңештин Президиумунун төрагасы Т.Кулатов конституциялык комиссиянын курамына киргизилген эмес. Мүмкүн, анын жаш курагы комиссияга кирүүгө жолтоо болушу мүмкүн деген пикирдебиз. Булардан башка конституциялык комиссияга прокуратурадан жана соттон 2 өкүл, чыгармачылык союздардан 3 өкүл, коомдук мекеме-уюмдардан 2 өкүл кошулган. Ошондой эле аталган комиссиянын курамына колхоз, совхоз, завод, фабрика жетекчилеринен 2, жумушчу, дыйкан, интеллигенция өкүлчүлүгүнөн 5 адам киргизилген. Эң кызыгы, ошол конституциялык комиссияга окумуштуулардын өкүлчүлүгү баарынан аз болгону 2 окумуштуу, экөө тең юрист эмес. Алар Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын президенти жана вице-президенти болушкан. Ошентип, 1978-жылдагы конституциялык комиссияда бир дагы юрист, мамлекет таануучу, конституционалист болгон эмес. Ал кездеги белгилүү юристтер - юридика илимдеринин доктору, профессор Р.Тургунбеков, юридика илимдеринин кандидаттары, доценттер С.Сатыбеков менен Л.И.Левитин 23 кошумча чакырылган тараптардын катарын эле толукташкан.[1]

Натыйжада, жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз ССРинин конституциялык комиссиясынын мүчөлөрү республикабыздын жаңы Баш мыйзамынын долбоорун даярдап, бүткүл элдик талкууга коюшкан. Талкуунун жүрүшүндө конституциялык комиссиянын төрагасы тарабынан: "...биздин комиссия жаңы Конституциянын долбоорун иштеп чыгууда КПСС БКнын Май, Октябрь пленумдарынын (1977-ж.), СССР Жогорку кеңешинин кезексиз чакырылган 7-сессиясынын чечимдерин жетекчиликке алды. Республиканын жаңы Конституциясынын долбоорунда СССР Конституциясынын маанилүү,

[1]КР БМА. -Ф.1445, -Оп 17, Д.1021. –Л. 35.

принципиалдуу жоболорунун бардыгы, ошондой эле республиканын компетенциясы, өзгөчөлүгү чагылдырылат; аны менен катар эле Кыргыз ССРинин азыркы Конституциясы менен байланышты камсыздалат. Республикалык Конституциянын структурасы, бөлүмдөр, бөлүктөр боюнча материалдардын жайгаштырылышы жана беренелер союздук конституциянын негизине ылайыкташтырылган. СССРдин Конституциясынан айырмаланып, Кыргыз ССРинин Конституциясында преамбула киргизилбей, кыскача кириш҇үү бөлүгү берилет. Анда: "Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында жана коммунисттик партиянын жетекчилигинде өлкөбүздүн эмгекчилери тарабынан Кеңеш бийлигинин орнотулушу аркылуу социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр жүзөгө ашырылып, социализмдин жеңиши үчүн талбаган күрөштүн натыйжасында өнүккөн социалисттик коом – эмгекчил элдин чыныгы эркин коому түзүлдү. Анын негизинде элдин жашоо жыргалчылыгы, маданияты өсүп, кубаттуу өндүрүштүк тармактар түзүлдү, жумушчу таптын, колхоз дыйкандарынын, элдик интеллигенциянын бузулгус биримдиги бышыкталууда. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы – кеңеш элинин мамлекеттик биримдигин көрсөткөн, коммунизмди куруу үчүн бардык элдерди жана улуттарды бириктирген, Советтик Социалистик Республикалар Союзунун курамындагы тең укуктуу республика. Коммунизмдин бийик идеяларын жетекчиликке алып, СССРдин саясатын, коомдук түзүлүшүнүн негизин бекитип, жарандардын укуктарын, эркиндигин, милдеттерин, социалисттик жалпы элдик мамлекеттин максаттарын, уюштуруу принциптерин белгилеген СССРдин Конституциясына (Баш мыйзамына) ылайык, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын эли ушул Конституцияны салтанаттуу жарыялайт" - деп айтылат. Кыргызстандын Конституциясынын долбооруна кириш҇үү бөлүгү биринчи жолу киргизилгенин баса белгилей кетишибиз керек. Өзүңүздөр баамдагандай, бул жерде өлкөбүздөгү жаңы коомдун курулушунун жыйынтыктарын кыска, бирок баарын камтып ачып берген.

Октябрь революциясынын натыйжасындагы бийликке келген Коммунисттик партиянын жетекчилигиндеги алтымыш жылда элибиз басып өткөн бардык этаптардын татаал жолунун ажыратылгыс байланышы көрсөтүлөт. Кеңеш доорунун жылдарында кыргыз эли социалдык-

экономикалык, маданий өнүгүү жолунда болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишти. Элдин турмуш деңгээли жогорулап, өз тагдырынын кожоюну болуп калды. Кыргыз эли өз тарыхында Кеңеш өкмөтүнүн бардык элдеринин бирдиктүү, тең укуктуу союзу катары өз улуттук мамлекетин түзө алды.

Белгилей кетчү жагдай, Кыргыз ССРинин 1978-жылкы Конституциясында республиканын коомдук-саясий жана экономикалык түзүлүшүн, мүнөзүн, маани-маңызын көрсөткөн беренелер толугу менен СССРдин Конституцясынын беренелерине ылайык түзүлгөн. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы жумушчулардын, дыйкандардын жана интеллегенциянын, республикада жашаган бардык улуттардын, элдердин өкүлдөрүнүн, эмгекчилеринин эркин жана кызыкчылыгын чагылдырган жалпы элдик социалисттик мамлекет катары аныкталган. Элдик бийлик принциптери баса белгиленген. Кыргыз ССРинде бардык бийлик элге таандык болгон. Мамлекеттик бийлик органдарынын шайланышы, эл тарабынан алардын көзөмөлгө алынышы, эл алдында маалымат бериши; коомдук жана мамлекеттик башкарууга жарандардын түрдүү формада катышуусу сыяктуу демократиялык борборлоштуруу (централизм) принциби бекемделген. Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорунда элдик бийликтин органы, социализм жана коммунизмдин курулушунун куралы катары советтик мамлекеттин социалдык ролу баса белгиленген....[1] Төраганын сөзүнө шайкеш, конституциялык комиссиянын башка мүчөлөрү да ушундай эле маани-маңызда сүйлөшкөн. Анткени, алар партия койгон чектен чыга алышкан эмес.

Депутаттардын санын 350гө жеткирүү жөнүндөгү маселе абдан кызык. Депутаттардын бул саны Кеңеш доорундагы Жогорку Кеңеште 1978-93-жылдарга чейин, ошондой эле эгемендүү, көз карандысыз Кыргызстандын алгачкы жылдарында да сакталган. 350 депутат тууралуу бул сан 1978-жылдагы Кыргызстандын жаңы Конституциясынын долбоорунун талкуулоо кезинде сунушталганын айта кетели. Ошентип, 1978-жылдын 14-мартында Кыргыз ССРинин конституциялык комиссиясынын кеңешмесинде, белгиленген долбоордун талкуусунун жүрүшүндө комиссиясынын төрагасы Т.У.Усубалиев төмөндөгүлөрдү сунуш кылган:

---

[1] *КР БМА. -Ф.1445. -Оп.17. Д.1021. –Л. 2-5.*

"...Белгилүү болгондой, 1963-жылы республиканын Жогорку Кеңешинин 339 депутаты болгон. Жалпы калктын саны 2.368.900 адамды түзсө, анын ичинен шайлоочулар 1.250.978 адам сандык көрсөткүчүндө эле. 1977-жылга республикада 3.443.000 адам жашаган. Шайлоочулардын саны өсүп, 1977-жылдын июнуна карата 1707033 адамга жеткен. Ошентип, бул учурда республиканын калкынын саны бир миллиондон көбүрөөк адамга өссө, шайлоочулардын саны 500 минден ашык адамга көбөйгөн. Азыркы учурда республикада 340 шайлоо округу бар. Акыркы жылдары республикада калктын жана шайлоочулардын санынын өскөндүгүнө байланыштуу эки жаңы облус, үч шаар, сегиз район кошумча түзүлдү. Бул мезгил аралыгында эл чарбасында иштеген калктын саны дээрлик 400 миң адамга өскөн. Мына ушулардын бардыгы республиканын Жогорку Кеңешинде эл өкүлчүлүгүн көбөйтүүнү талап кылат. Демек, азыр 340 адамдан турган Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаттарынын курамын кийинки чакырылышка 350 адам санында белгилөө максатка ылайык келет. Албетте, бул оптималдуу сан. Республиканын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын санын мындан ашык көбөйтүү максатка ылайык келбейт жана ага жол берилбейт. Менимче, бир тууган республикалар дагы депутаттарынын санын бир аздан көбөйтүүгө барышат. Сиздер үчүн маалымат катары айта кетейин, азыркы учурда РСФСРдин Жогорку Кеңеши – 904 депутаттан, Украин ССРи – 570, Беларус ССРи – 430, Өзбек ССРи – 470, Казах ССРи - 490, Грузин ССРи -400, Азербайджан ССРи - 400, Литва ССРи – 320, Молдавия ССРи – 330, Латвия ССРи – 310, Кыргыз ССРи – 340, Тажик ССРи - 325, Армян ССРи – 315, Түркмөн ССРи, Эстония ССРи – 200 депутатка ээ экендигин айта кетишибиз керек. Өзүңүздөр көрүп тургандай, республикабыздын парламентиндеги депутаттардын саны салыштырмалуу жогору".[1]

Мындай сунуш комиссиянын көпчүлүк мүчөлөрү тарабынан, дээрлик, бир добуштан колдоо таап, кабыл алынган. Ошентип, 1978-жылдагы жаңы Конституциянын кабыл алынышы менен Жогорку Кеңеште эл өкүлдөрүнүн саны 350 депутатка жеткирилген. Өз кезегинде 12-чакырылыштагы акыркы эл өкүлдөрү Жогорку Кеңештин депутаттары эгемендүү, көз карандысыз Кыргызстандын алгачкы жылдары "легендарлык парламент" катары тарыхта калды. Талкуунун

---

[1]*КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17, Д.1021. –Л. 38-39.*

жүрүшү конституциялык комиссиянын кеңешмесинде да, башка бийлик органдарында, эмгек жамааттарында да салыштырмалуу түрдө зор энтузиазмда, кызуу талаш-тартыш менен өткөнүн белгилей кетишибиз керек. 1978-жылдын 15-мартында Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун атайын жыйынында жаңы Конституциянын долбоору каралып, негизинен, жактырылган. Андан кийин долбоор бүткүл элдик талкууга коюлуп, республикалык, жергиликтүү расмий массалык-маалымат каражаттарында жарым миллион нускада кыргыз, орус, өзбек тилдеринде басылып чыккан.[1]

Кыргыз ССРинин Конституциясынын бул жолку долбоорунун бүткүл элдик талкуусу чынында эле массалык мүнөзгө ээ болгон. Биз архивдик документтерден төмөнкүдөй маалыматтарды таап чыктык. Долбоор ММКга жарыялангандан күндөн кийин, 1978-жылдын 21-27-мартында чейин жаңы Баш мыйзамдын талкуусу төмөнкүдөй жүргөн: Ош облусунда 41672 адам катышкан 290 жыйын өткөрүлсө, Ысык-Көл облусунда 9665-85, Нарын облусунда 2434 - 66, Фрунзе шаарында 16474 - 46, Кара-Балта шаарында - 635 - 12, Талас шаарында – 3418 - 15, Токмок шаарында - 448 - 5, Калинин районунда - 3048 - 34, Ысык-Ата районунда - 2230 - 15, Кемин районунда - 2396 - 19, Ленинпол районунда - 712 - 22, Москва районунда - 1520 - 18, Панфилов районунда - 2200 - 14, Сокулук районунда – 7 - 636, Талас районунда-560 - 17, Чүй районунда-560 - 4, Кант районунда - 1475 адам катышкан 11 жыйын болгон. Көрсөтүлгөн кезде Конституциянын долбооруна Ош облусу боюнча - 27, Нарын облусунан - 11, Ысык-Көл облусу боюнча 5 сунуштар түшкөн. Ал эми массалык-маалымат каражаттарына Кыргыз ССРинин 1978-жылдагы Конституциясынын долбоору боюнча Ош облусунан - 22, Ысык-Көл облусунан - 25, Нарын облусунан - 38, андан кийинки облус, райондордун көрсөткүчтөрү көп деле эмес, материалдар жарыяланган.[2]

Мына ушунун өзү эле республиканын жаңы Конституциясынын талкуусуна биринчи күндөн баштап Кыргызстандын калкы активдүү катышканын көрсөтөт. 1978-жылдагы жаңы Баш мыйзамдын долбоорунун бүткүл элдик талкуусунун башталганынан 20 күн

*[1] Тургунбеков Р. Т. Государственность и Конституция Советского Кыргызстана в период развитого социализма. -Фрунзе, 1980. -С.47; Шерипов Н.Конституционное развитие кыргызской государственности: советский этап..,*
*[2]КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17, Д.1023. –Л.66-67.*

өткөндөн кийин талкууга катышкан элдин активдүүлүгү күчөгөнү байкалган. Аны биз Борбордук мамлекеттик архивинен тапкан төмөндөгү архивдик маалыматтар ачык, айкын чагылдырып турат:[1]

| №№ | *Талкуу өткөрүлгөн облустар, райондор* | *Өткөрүлгөн чогулуштар* | *Катышкандардын саны* | *Сүйлөгөндөр* | *Сунуш киргизилген* | *ММКга жарыяланган материалдардын саны* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ош облусу | 872 | 106149 | 3635 | 62 | 140 |
| 2 | Ысык-Көл облусу | 427 | 69300 | 1354 | 91 | 99 |
| 3 | Нарын облусу | 501 | 28916 | 1772 | 64 | 121 |
| 4 | Фрунзе шаары | 174 | 40771 | 655 | 8 | 3 |
| 5 | Кара-Балта шаары | 49 | 2308 | 108 | 1 | 2 |
| 6 | Талас шаары | 62 | 7018 | 163 | 1 | 3 |
| 7 | Токмокшаары | 87 | 16669 | 342 | - | 7 |
| 8 | Аламүдүн району | 105 | 8288 | 414 | 12 | 2 |
| 9 | Ысык-Ата району | 41 | 5110 | 102 | - | 4 |
| 10 | Калинин району | 110 | 742 | 445 | 2 | 33 |
| 11 | Кант району | 61 | 8770 | 186 | 1 | 9 |
| 12 | Кемин району | 81 | 5835 | 252 | - | 13 |
| 13 | Киров району | 59 | 5278 | 321 | 9 | 1 |
| 14 | Ленинопол району | 60 | 3272 | 242 | 9 | - |
| 15 | Москва району | 73 | 6020 | 227 | 2 | 11 |
| 16 | Панфилов району | 68 | 12400 | 183 | 3 | - |
| 17 | Сокулук району | 71 | 13629 | 263 | 2 | 5 |
| 18 | Талас району | 81 | 4716 | 204 | 12 | - |
| 19 | Чүй району | 77 | 6080 | 221 | - | 4 |
| | **жалпы республика боюнча** | 3059 | 362171 | 11095 | 282 | 461 |

[1] *КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17 Д.1023. –Л. 56-57*

Таблицада көрсөтүлгөндөй, 20 күндүн ичиндеги талкууда эле республика боюнча эмгек жамааттарда, мекеме-уюмдарда, ар түрдүү коомдордо 362171 адам катышкан 3059 чогулуш өткөрүлүп, жаңы Конституциянын долбоорундагы беренелерге ылайык, өзгөртүү, толуктоо жана түзөтүү боюнча 282 сунуш берилген. Ошондой эле массалык-маалымат каражаттарында Баш мыйзамдын долбооруна тиешелүү 461 материал жарыяланган.

Талкуу башталагандан бир айдан кийин, 1978-жылдын 17-апрелинде, республиканын шаарлары, облустары, райондорунун бардыгында атайын чогулуштар өткөрүлүп, талкууда келечектеги Конституцияга оңдоп-түзөтүүлөр, толуктоолор массалык түрдө киргизилген. Буларды архивдик иш кагаздарында сакталган долбоорду талкуу боюнча жыйынтыктоочу маалыматтар тастыктайт:[1]

| №№ | *Чогулуш өткөрүлгөн облустар, райондор* | *өткөрүлгөн жыйындар* | *катыш-кандар* | *сүйлө-гөндөр* | *киргизилген сунуштар* | *ММКга жарыяланган материалдар* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ош облусу | 33664 | 522068 | 15927 | 283 | 475 |
| 2 | Ысык-Көл облусу | 915 | 130281 | 4028 | 147 | 140 |
| 3 | Нарын облусу | 844 | 71596 | 2899 | 95 | 170 |
| 4 | Фрунзе шаары | 1038 | 284562 | 7212 | 701 | 16 |
| 5 | Кара-Балта шаары | 155 | 10450 | 338 | 8 | 17 |
| 6 | Талас шаары | 102 | 7835 | 296 | 5 | 15 |
| 7 | Токмок шаары | 155 | 28708 | 657 | 11 | 20 |
| 8 | Аламүдүн району | 319 | 25403 | 1278 | 45 | 12 |
| 9 | Ысык-Ата району | 106 | 9480 | 226 | 27 | 8 |
| 10 | Калинин району | 177 | 27185 | 623 | 5 | 72 |
| 11 | Кант району | 246 | 36100 | 793 | 16 | 15 |
| 12 | Кемин району | 155 | 14502 | 538 | 14 | 27 |
| 13 | Киров району | 103 | 17134 | 511 | 14 | - |
| 14 | Ленинополь району | 177 | 12697 | 933 | 22 | 3 |

[1]*КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17. Д.1023. –Л.31-32.*

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 15 | Москва району | 195 | 10378 | 625 | 11 | 21 |
| 16 | Панфилов району | 115 | 21700 | 394 | 15 | - |
| 17 | Сокулук району | 373 | 55468 | 1078 | 54 | - |
| 18 | Талас району | 169 | 14891 | 711 | 50 | - |
| 19 | Чүй району | 110 | 12918 | 351 | 8 | 19 |
| | **Жалпы республика боюнча** | **9118** | **1322356** | **39418** | **1531** | **030** |

Жогоруда белгиленген маалыматтардан тышкары жашаган жерлери боюнча 193367 адам катышкан 1676 жыйын өткөрүлүп, алар да талкууланып жаткан жаңы Конституциянын долбооруна оңдоп-түзөтүү, толуктоо, өзгөртүү боюнча 178 сунуш киргизишкен. Ошол эле учурда бригадалар, цехтер, участкалар боюнча 599677 адам катышкан 9655 чогулуштар өткөрүлүп, алардан 550 сунуш түшкөн.[1] Архив фонддорунан табылган, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасынын орун басары А.Бусс кол койгон республиканын жаңы Конституциясынын долбоорунун талкуусунун жыйынтыгындагы **"Чарбалык, социалдык-турмуштук жана башка маселелер, ошондой эле мындан ары Кеңештердин жана чарбалык органдардын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча түшкөн жарандардын так сунуштары, сын-пикирлери, даттануулары жөнүндөгү маалыматтар"**[2] тууралуу билдирүүдө төмөнкүлөр камтылган:

| *№№* | *Киргизилген сунуштардын багыттары* | *Алардын жалпы саны* |
|---|---|---|
| 1. | турак жай маселеси боюнча | **118** |
| 2. | коммуналдык чарба жана үй тиричилиги кызматы боюнча | **206** |
| 3. | саламаттыкты сактоо, элдик агартуу, соода-сатык боюнча | **168** |
| 4. | Кеңештердин жана чарбалык органдардын иштери боюнча | **128** |
| 5. | басылмалар, радио, телевидение боюнча | **5** |
| 6. | башка маселелер боюнча | **10** |
| | жалпы республика боюнча | **635** |

*[1] ЦГА КР. -Ф.1445. -Оп.17. Д.1023. –Л.31-32*
*[2] Там же. –Л.29,31,33.*

Талкууланып жаткан жаңы Конституциянын долбоорунун жогоруда көрсөтүлгөн багыттары боюнча республиканын эмгекчи эли, жарандары тарабынан 635 сунуш берилгени байкалып турат. Биз архивдик фонддордогу иш кагаздардан, документалдык материалдардан 1978-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорунун бүткүл элдик талкуусунун жыйынтыгы жөнүндөгү аныктаманы таптык. Анда төмөнкүдөй маалыматтар берилген:[14] 1978-жылдын 7-апрелинде долбоорго жалпысынан 382 сунуш, түзөтүүлөр жана сын - пикирлер түшкөн. Алар, негизинен, долбоордун төмөнкү бөлүктөрүнө, баптарына жана беренелерине тиешелүү. Биринчи бөлүк боюнча **"Кыргыз ССРинин коомдук түзүлүшүн жана саясатынын негизине"** - 113, анын ичинен баптар боюнча **"Саясий системага"**- 4; **"Экономикалык системага"** - 30; **"Социалдык өнүгүү жана маданият"** - 76; **"Тышкы саясий ишмердүүлүк жана Ата Мекенди коргоо"** - 3. Экинчи бөлүк боюнча **"Мамлекет жана инсан"** - 211, анын ичинде баптар боюнча: 5. **"Кыргыз ССРинин жарандыгы. Жарандардын тең укуктуулугу"** - 34; 6. **"Кыргыз ССРинин жарандарынын негизги укуктары, эркиндиктери жана милдеттери"** - 177. Үчүнчү бөлүк боюнча **"Кыргыз ССРинин улуттук-мамлекеттик жана административдик-аймактык түзүлүшү"** – 8, анын ичинен баптар боюнча: 7. **"Кыргыз ССРи – СССРдин курамындагы союздук республика"** - 3; 8. **"Кыргыз ССРинин административдик-аймактык түзүлүшү"** - 3. Төртүнчү бөлүк боюнча **"Кыргыз ССРинин элдик депутаттарынын Кеңеши жана аларды шайлоо тартиби"** - 26, анын ичинде бап боюнча: 9. **"Эл депутаттар Кеңешинин принциптеринин системасы"** - 8; 10. **"Шайлоо системасы"** - 6; 11. **"Элдик депутат"** - 12. Бешинчи бөлүк боюнча **"Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлигинин жогорку органдары жана башкармалыктары"** - 4, анын ичинде бап боюнча: **"Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши"** – 2; **"Кыргыз ССРинин министрлер Кеңеши"** - 2. Алтынчы бөлүк боюнча **"Кыргыз ССРинин мамлекеттик жергиликтүү бийлик органдары"** - 11, анын ичинде бап боюнча **"Эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңеши"** - 4; **"Эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңешинин аткаруу комитеттери"** - 7. Жетинчи бөлүк боюнча **"Кыргыз ССРинин экономикалык жана социалдык өнүгүү боюнча мамлекеттик планы"**, **"Кыргыз ССРинин мамлекеттик бюджети"** - 5: Сегизинчи бөлүк боюнча "Сот адилеттиги , арбитраж жана прокурордук көзөмөл" - 3, анын ичинде бап боюнча: **"Сот жана арбитраж"** - 1; **"Прокуратура"** - 2. Тогузунчу бөлүк боюнча **"Кыргыз ССРинин герби, туусу, борбору"**-1. Онунчу

[14] *КР БМА. -Ф.1445, -Оп.17, Д.1023. -Л.20-24.*

бөлүк боюнча **“Кыргыз ССРинин Конституциясынын иштеши жана аны өзгөртүү тартиби”** - жок. Көп эмес сандагы сунуштар жана сын пикирлер төмөнкү беренелерге тиешелүү: Жарандардын ак ниеттүүлүк менен иштешин жана эмгек тартибин сакташын жөнгө салган 58 - беренеге - 62 сунуш; эмгек укугу жөнүндөгү 38-беренеге - 30 сунуш; жарандардын жеке саясий эркиндигин кепилдикке алган 48-беренеге - 21 сунуш; жарандардын социалисттик менчигин коргоо жана бекемдөө милдеттери жөнүндөгү 59-беренеге - 22; жарандардын балдардын тарбиясына камкордугу жөнүндөгү 64-беренеге - 22; жаратылышты коргоо боюнча жарандардын милдеттерин белгилеген 65-беренеге - 23; жарандардын башка тараптын укугун жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сыйлоо, коомдук тартиптин сакталышына салым кошуу милдетин аныктаган 30-беренеге - 22 сунуш.

Бардык сунуштар менен сын пикирлер жалпылаштырылып, негизинен, төмөндөгүлөрдү камтыган:

- конституциянын долбоорунда социалисттик мыйзамдардын принциптеринин кеңири, деталдуу түрдө бекитилиши;
- эмгек жамаатындагы инсандын ролунун жана жоопкерчилигинин жогорулатылышы жөнүндө; мекемелердин, ишканалардын, уюмдардын жана алардын жетекчи кызматкерлеринин жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузган учурларында аларга юридикалык жоопкерчилик илиниши жана жаратылышты коргоо объектисинин чөйрөсүнүн кеңейтилиши; ишкана, мекеме, уюмдардын мамлекеттик мүлктү ыкчам пайдаланышы; мамлекеттик пландык тартиптин бекемделиши жөнүндө;
- эмгек акы төлөмүн анын өндүрүштүк сапатынын жогорулашынын негизинде жүзөгө ашырылышы; эмгек стажын толук эске алуу багытындагы пенсиялык камсыздандырууну жүзөгө ашыруу; аялдардын пенсия курагын төмөндөтүү жана Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарына жеңилдиктерди берүү жөнүндө;
- аялдарга тең укуктуулуктун берилишинин кепилдиги жөнүндө;
- эмгек тартиби менен эмгекчилердин милдеттеринин, эмгекти моралдык жана материалдык жактан колдоонун тыгыз байланышынын конституцияда толук чагылдырылышынын, колхозчулардын эс алуу укугунун бекитилишинин зарылдыгы жөнүндө;
- турак-жай фондунун адилет бөлүштүрүлүшү жана рационалдуу пайдаланылышы жөнүндө, турак-жайлардын бузулушуна жоопкерчиликтин күчөтүлүшү тууралуу;

- коомго карпы келген мүнөздү алып жүргөн дин ишмердигине тыюу салуу жөнүндө;
- балдардын тарбиясына ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө;
- чарбакерсиздиги жана социалисттик мүлккө, элдин кең пейилдигине кыянатчылык кылып, коомдук пайдалуу эмгектен качкан тараптардын, ошондой эле эмгектик жана өндүрүштүк тартипти системалуу түрдө бузган тараптардын жоопкерчилигининин күчөтүлүшүнүн конституцияда бекемделиши жөнүндө;
- советтик мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоодогу жарандардын милдеттеринин конституцияда толук бекемделиши жөнүндө;
- шайланган депутаттардын укуктук абалынын Конституцияда деталдуу түрдө регламенттештирилиши, депутаттын шайлоочулар менен байланышынын бекемделиши.

Негизинен 1978-жылдын 17-апрелинде атайын түзүлгөн конституциялык комиссиянын 47 мүчөсү катышкан Кыргыз ССРинин Баш мыйзамынын долбоорун даярдоо боюнча жыйындын №3 токтомунун мазмуну ушуларды толук бышыктайт. Жыйында комиссиянын төрагасынын түшүндүрмөсүнө караганда пропагандага 20.000 саясий докладчы жана саясий маалымат берүүчүлөр, 50 миңге жакын үгүтчү, бардык басылмалар, телевидение, радио, китепканалар, клубдар иш алып барышкан. Басылмаларда Конституциянын долбоору боюнча миңден ашык макалалар жарыяланган. Республиканын партиялык уюмдарында, эмгек жамааттарында, калк жашаган жерлерде 9 миңге жакын чогулуш болуп, ал жыйындарда 40.000 адам чыгып сүйлөгөн.[1]

1978-жылдын 17-апрелиндеги Кыргыз ССРинин Баш мыйзамынын долбоорун даярдоо боюнча өткөрүлгөн Жогорку Кеңештин комиссиясынын жыйынында республиканын Конституция боюнча даярдык иштери акырына чыгууга жакындап калгандыгы айтылган. 18-апрелде бүткүл элдик талкуунун жыйынтыгын эске алып, долбоорду караган Кыргызстан КП БКнын Пленуму болгон. Ошол эле күнү конституциялык комиссия Баш мыйзамдын долбоорунун талкуусунун жыйынтыгы боюнча Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумуна билдирген. 19-апрелде жаны Конституция республиканын Жогорку Кеңешинин кезексиз чакырылган сессиясында

---
[1] *КР БМА. -Ф.1445. -Оп.17. Д.1021. –Л. 4-5.*

республиканын Жогорку Кеңешинин кезексиз чакырылган сессиясында бекитилиши белгиленген.[1] Ал толугу менен СССРдин Конституциясынын жоболоруна, принциптерине шайкеш келтирилген. Аны менен бирге эле республиканын өзгөчөлүгүнүн тарыхын, анын улуттук мамлекет катары түзүлүшүндөгү тажрыйбаларды чагылдырып, 1937-жылдагы Конституциянын негизги жоболору менен болгон байланышы камсыздалган. Баса, Кыргызстандын 1978-жылдагы Баш мыйзамына баштагыдай эле альтернатива болгон эмес, болушу да мүмкүн эмес эле. Анткени ошол убактагы саясий система жаңы Конституцияга альтернатива сунуш кылууга жол бермек эмес.

Ошентип, 1978-жылдын 20-апрелинде кабыл алынган Кыргыз ССРинин Баш мыйзамы түзүлүшү жана мазмуну боюнча 10 бөлүктөн, 19 баптан, 172 беренеден түзүлгөн:[2]

**I. КЫРГЫЗ ССРинин КООМДУК ЖАНА САЯСИЙ ТҮЗҮЛҮШҮНҮН НЕГИЗДЕРИ.**

**1-бап. Саясий система** - 9 беренеден турган.

**2-бап. Экономикалык система** -19 берене.

**3-бап. Социалдык өнүгүү жана маданият** - 9 берене.

**4-бап. Тышкы саясий ишмердүүлүк жана социалисттик ата мекенди коргоо** – 3 берене.

**II. МАМЛЕКЕТ ЖАНА ИНСАН**

**5-бап. Кыргыз ССРинин жарандыгы. Жарандардын тең укуктуулугу** - 6 берене.

**6-бап. Кыргыз ССРинин жарандарынын негизги укуктары, эркиндиктери жана милдеттери** - 31 берене.

**III. КЫРГЫЗ ССРинин УЛУТТУК-МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШҮ.**

**7-бап. Кыргыз ССРинин СССРдин курамындагы союздук республика - 8 берене.**

**8-бап. Кыргыз ССРинин административдик-аймактык түзүлүшү – 2 берене.**

---

[1] *КР БМА. -Ф.1445. -Оп.17, Д.1021. –Л. 20.*

[2] *Конституция (О закон) Киргизской Советской Социалистической Республики. -Фрунзе, 19768*

**IV.КЫРГЫЗ ССРинин ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН КЕҢЕШИ ЖАНА АЛАРДЫ ШАЙЛОО ТАРТИБИ.**

**9-бап. Эл депутаттар Кеңешинин ишмердигинин системасы жана принциптери** - 6 берене.

**10-бап. Шайлоо системасы** - 8 берене.

**11-бап. Элдик депутат** - 5 берене.

**V. МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН ЖОГОРКУ ОРГАНДАРЫ ЖАНА КЫРГЫЗ ССРин БАШКАРУУ.**

**12-бап. Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши** - 18 берене.

**13-бап.Кыргыз ССРинин министрлер Кеңеши** - 9 берене.

**VI. МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ОРГАНДАРЫ ЖАНА КЫРГЫЗ ССРин БАШКАРУУ.**

**14-бап. Эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңештери** - 8 берене.

**15-бап. Эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңештеринин аткаруу комитеттери** - 7 берене.

**VII. КЫРГЫЗ ССРинин ЭКОНОМИКА ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ПЛАНЫ. КЫРГЫЗ ССРинин МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТИ**

**16-бап. Кыргыз ССРинин экономикалык жана социалдык өнүгүү боюнча мамлекеттик планы** - 6 берене.

**17-бап. Кыргыз ССРинин мамлекеттик бюджети**- 5 берене

**VIII. СОТ АДИЛЕТТИГИ, АРБИТРАЖ ЖАНА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ.**

**18-бап. Сот жана арбритраж** - 13 берене.

**19-бап. Прокуратура** - 4 берене.

**IX. КЫРГЫЗ ССРинин ГЕРБИ, ТУУСУ, БОРБОРУ** - 4 берене.

**X. КЫРГЫЗ ССРинин КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН ИШТЕШИ ЖАНА АНЫ ӨЗГӨРТҮҮ ТАРТИБИ** - 2 беренеден турат.

Кыргыз ССРинин 1978-жылы кабыл алынган үчүнчү Конституциясынын (Баш мыйзамынын) негизги мазмуну ушундай.

Кыргызстандын үчүнчү Конституциясынын тарыхый-саясий өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүлөрдү баса белгилесек болот:

- Кеңеш коомунун бардык саясий системаларын бекемделиши, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын (мамлекет, КПСС, коомдук уюмдар, эмгек жамааттары) жыйындысы катары бекитилиши, алар аркылуу республика элинин бийлигинин жүзөгө ашырылышы;

• саясий система түшүнүгү биринчи жолу киргизилип, мамлекеттик бийликтеги өкүлчүлүк органынын ролун жогорулатуу зарылдыгынын чагылдырылышы;

•элдик депутат жөнүндөгү атайын бөлүмдүн биринчи жолу киргизилиши;

•өлкө жарандарынын укуктарынын, эркиндигинин, милдеттеринин кеңейтилиши;

• Кыргыз ССРинин эгемендүү советтик социалисттик мамлекет катары, өз ыктыярынын негизинде башка советтик республикалар менен тең укукта ССР Союзуна биригишинин белгилениши;

• 1978-жылдагы Конституция жашыруун добуш берүү принцибин колдонууну бекитип, жалпы тең укуктагы түз шайлоо принциптерин камсыз кылган.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз ССРи СССРдин курамындагы эгемендүү мамлекет болуп эсептелүү менен өз алдынча мамлекеттик бийликти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон бардык ыйгарым укуктарга жетишкендигин баса белгилесек болот. 1978-жылдагы Баш мыйзамда коомдук жана мамлекеттик турмуштун ар кандай чөйрөсү боюнча бардык ыйгарым укуктар деталдаштырылып бекитилген. Бирок мамлекеттик, экономикалык, социалдык, маданий курулуш чөйрөсүндө кенен укукка ээ болгону менен Кыргыз ССРи акча жана кредит системасында, же тышкы соода-сатык иштерин турмушка ашыруу укугуна ээ боло алган эмес.

1978-жылдагы Кыргызстандын үчүнчү Конституциясы идеологияга ашыкча сугарылгандыгына, көп параметрлери боюнча жасалмалуулугуна карабай, чоң тарыхый, саясий мааниге ээ болгону талашсыз. Баарынан мурда, ал кеңештик доордогу кыргыз элинин улуттук мамлекетинин өнүгүү жолундагы сапаттуу өзгөрүүлөрүн мыйзамдуу түрдө бекитүү жаатында иштегени талашсыз көрүнүш.

Демек, биз иликтөөлөрүбүздүн натыйжасыда биринчи бап боюнча төмөнкүдөй корутундуларга жана жыйынтыктарга келдик:

• кыргыз тарыхында биринчи жолу Кыргызстандын Конституциясынын өнүгүү тарыхынын негизги этаптары, тиешелүү негиздемелерге таянып аныкталды;

• конституциялык өнүгүү жараянынын ар бир этабын, өнүгүү доорун, анын өзгөчөлүгүн, башкалардан айырмасын тактоого аракет жасалды;

• изилдөөбүздүн эң негизги маселеси болгон Кыргыз АССРинин биринчи Баш мыйзамы качан, ким тарабынан даярдалып, кантип кабыл алынганы тарыхый жактан толук иликтенди;

• ошол Кыргызстандын биринчи Конституциясынын долбоорун даярдоо үчүн түзүлгөн атайын конституциялык комиссияны А.Орозбеков жетектегени, анын курамына кирген алгачкы 7, кийинки 23 адамдан турган мүчөлөрү толугу менен аныкталып, алардын ээлеген кызмат абалы, улуттук курамы, адистиктери такталып, тарыхый илимий айлампага биринчи жолу киргизилди;

• архивдик документтерди ар тараптан иликтөөлөрүбүздүн натыйжасында, Кыргыз ССРинин 1937-жылдагы Конституциясынын долбоорун даярдоо боюнча түзүлгөн, М.Л.Белоцкий жетектеген, 21 адамдан турган атайын конституциялык комиссиянын толук курамы, алардын ишмердүүлүгү, комиссия тарабынан долбоордун иштелип чыгышы, талкууланышы жана кабыл алынышы ар тараптуу иликтенди;

• мурда белгисиз болгон, Кыргызстандын 1937-жылга таандык латын алфавитинде, кыргыз тилинде жазылган Баш мыйзамдын долбоорун архивден таап, тарыхый илимий айлампага киргизип, анын маани-мазмунунун орус тилинен айырмасы такталды, алгачкы жолу илимий айлампага киргизилди;

• Кыргыз ССРинин 1978-жылкы Конституциясынын даярдоо боюнча Т.У.Усубалиев жетектеген, курамы 47 адамдан турган конституциялык комиссиянын толук курамы такталды. Изилдөөдө алардын кызмат абалы, кесиби, таптык өкүлчүлүгү, тактап айтканда, конституциялык комиссиянын канчоосун партиялык уюмдардын жетекчилери, аткаруу бийликтеринин өкүлдөрү, колхоз, совхоз, завод, фабрика жетекчилери, жумушчу, дыйкан, интеллигенция өкүлдөрү экендиги аныкталды;

• Кыргызстандын 1978-жылдагы Конституциясынын долбоорунун даярдалышы, анын тиешелүү органдарда жана бүткүл элдик талкууланышы, ММК жарыяланышы, алардын натыйжасы жана жаңы Баш мыйзамдын кабыл алынышы терең, ар тараптан иликтенди;

• Кеңеш доорундагы улуттук Кыргыз мамлекетинин конституциялык өнүгүүсүн камсыз кылган, атайын конституциялык комиссиялардын курамында окумуштуу укук таануучулардын, мамлекеттик курулуш, түзүлүш боюнча адистердин жана конституционалист окумуштуулардын болбогондугу аныкталды.1-2-конституциялык

комиссияда эле эмес, 1978-жылдагы конституциялык комиссияда бир дагы юрист-мамлекет таануучу, конституционалист болгон эместиги такталды.

• биз болочок муундар үчүн Кыргызстандын Кеңеш доорундагы Конституцияларынын долбоорун даярдап, элге тартуулап, кыргыз мамлекетинин өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн Баш мыйзамдарды даярдаган атайын конституциялык комиссиялардын персоналдык курамын төмөндө таблица иретинде берүүнү туура көрдүк. Мындай кадамыбыздын дагы бир себеби Кыргызстандын келечек муундары аларга чейинки кыргыз мамлекетинин Баш мыйзамдарын кимдер даярдап, долбоорун жазган, ошол Конституциялар үчүн кимдер жооптуу экенин билсин деген таризде ушул таблицаны сунуштап жатабыз.

- **Кеңеш доорундагы Конституциялык комиссиялардын курамы:**

| | | |
|---|---|---|
| 1926-жылы түзүлгөн Конститутуциялык комиссиянын алгачкы курамы | • А.Орозбеков -комиссиянын төрагасы;<br>• Ж.Абдрахманов – комиссиянын мүчөсү;<br>• И.Фатьянов - комиссиянын мүчөсү;<br>• К.Абрамов - комиссиянын мүчөсү;<br>• Л.Авербуг - комиссиянын мүчөсү;<br>• Манкиров - комиссиянын мүчөсү;<br>• Зубов – комиссиянын катчысы.<br>(комиссиянын курамы 7 адамдан турган) | |
| 1929-жылкы Конституциялык комиссия (кеңейтилген курам) | • А. Орозбеков – төрага<br>• Ж.Абдрахманов-төраганын орун басары.<br>• Фатьянов – төраганын орун басары.<br>• К.Абрамов-мүчө;<br>• Л.Авербуг - мүчө;<br>• Манкиров - мүчө;<br>• Зубов - мүчө;<br>• Ж. Садаев- мүчө;<br>• Т.Худайбергенов-мүчө;<br>• И.Текеев- мүчө;<br>• Толенов мүчө; | • Аманбаев- мүчө;<br>• О. Алиев- мүчө;<br>• С. Чонбашевмүчө;<br>• Д. Иманов- мүчө;<br>• К.Тыныстанов- мүчө;<br>• К.Кулумбаев- мүчө;<br>• Бостенов - мүчө;<br>• Х.Джиенбаевмүчө;<br>• Д.Зулфибаев-мүчө;<br>• Баишев - мүчө;<br>• Б.Турсунов - мүчө;<br>• Буранов - мүчө.<br>(23 адам) |
| 1937-жылкы Конституциялык комиссиянын курамы | • М.Л.Белоцкий - төрага,<br>• М.Стамблер- мүчө;<br>• К.Юлдашев - мүчө;<br>• Сторов - мүчө;<br>• К.Камбаров- мүчө; | комисс-нын төрагасы;<br>• К.Назаров- мүчө;<br>• А.Токомбаев- мүчө;<br>• М.Туганбаев- подк ньын төрагасы;<br>• И.Е.Кулагин- мүчө;<br>• И.Г.Смирнов-мүчө; |

| | | |
|---|---|---|
| | • Б.Исакеев- подкомисси төрагасы;<br>• Апльчинов - мүчө;<br>• Е.Л.Лайт - мүчө;<br>• И.Г.Фирсов - мүчө;<br>• М.Е.Гарагаш-мүчө;<br>• С.Сарманов - мүчө;<br>• Х.Джиенбаев - под | • А.Уразбеков-под-комисс-нын төрагасы;<br>• М.Д.Лордкипанидзе- мүч<br>• Р.Касымов - мүчө;<br>• Н.Н.Туткин – мүчө.<br>(21 адам) |
| 1978-ж. Конституциялык комиссиянын курамы | • Т.У.Усубалиев - төрага;<br>• Абакиров Э.- мүчө;<br>• Абдраев К.- мүчө;<br>• Аскаров Т.- мүчө;<br>• Акназаров К.- мүчө;<br>• БегалиевС.- мүчө;<br>• БегматоваС.- мүчө;<br>• БуссА.А.- мүчө;<br>• ВаккерЯ.Я.- мүчө;<br>• ДемичевМ.Л.- мүчө;<br>• Жамашев З.- мүчө;<br>• ЖумабаевМ. - мүчө;<br>• ДмитриевА.И - мүчө<br>• Дуйшеев А. - мүчө;<br>• Кабанов М.Ф.- мүчө<br>• Каракеев К. - мүчө;<br>• Кошоев Т.К. - мүчө;<br>• Королева Е.Н.- мүчө<br>• Кулматов К.- мүчө;<br>• Лебедева Р.И.- мүчө; | • Маматов З. - мүчө;<br>• Масалиев А. – мүчө<br>• Медеров О.А.- мүчө;<br>• Минич Н.Г. - мүчө;<br>• Рысмендиев А.-мүч<br>• СавитахуновА.- мүчө<br>• СулаймановаК.– мүчө<br>• Суюмбаев А. - мүчө;<br>• Садыков Т. - мүчө;<br>• Сыдыков М. - мүчө;<br>• Табышалиев С.- мүчө<br>• ТокталиевА.– мүчө<br>• Токомбаев А. - мүчө;<br>• Турсунов Д.Д. - мүчө<br>• Турсунов С. - мүчө;<br>• Усенбеков К. - мүчө;<br>• Фомченко К.Е.- мүчө<br>• Ходос П.М. – мүчө;<br>• Чыныбаев К. - мүчө;<br>(39 адам) |

Натыйжада, биз бул бапта алдыбызга коюлган бардык максаттарыбызга жетип, милдеттерибизди толугу менен аткара алдык десек болот.

## II бап

# ЭГЕМЕНДҮҮ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ КЫРГЫЗСТАНДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАЛАРЫНЫН ТАРЫХЫ

### 2.1. Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык реформаларынын алгачкы этаптары

Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы олуттуу окуялардын алгачкылары болуп, Кыргыз ССРинин 12-чакырылыштагы Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган, тарыхый, саясий зор мааниге ээ документтер: 1990-жылдын 15-декабрында кабыл алынган **"Кыргыз Республикасынын[1] мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Декларациясы"[2]** жана 1991-жылы 31-августундагы **"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз каранды эместиги жөнүндөгү Декларация"[3]** болуп эсептелет. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы өлкөбүздүн коомдук, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий турмушундагы өзгөрүүлөр, жаңыдан пайда болгон көз каранды эмес мамлекеттин жаңы талаптары, жаңы шарттары күн тартибинде өлкөнүн жаңы Конституциясынын долбоорун даярдоо зарылдыгын алып чыкты. Анткени жаңы шарттагы коомдук, саясий жана мамлекеттик түзүлүш, пайда болгон жаңы институттар эгемендүү жана көз карандысыз кыргыз мамлекетинин жаңы Баш мыйзамын иштеп чыгуу талабын ошол учурдун негизги талабы катары алып чыкты. Дагы бир жагы, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары мурда, 1978-жылы кабыл алынган Кыргыз ССРинин Конституциясы, көз карандысыз мамлекет катары жаңы Кыргызстандын бет алган багытына, койгон максаттарына жана милдеттерине, саясий, социалдык-экономикалык реформаларына, мамлекеттик түзүлүшүнө, коомдук жана мамлекеттик турмуштун демократиялашуусуна, кыргыз мамлекетинин өнүгүүсүнүн жаңы

---

*[1] Документтин орус тилиндеги түп нускасында Республика Кыргызстан деп турат, биз аны азыркыга үндөш кылып Кыргыз Республикасыдеп которлук, сөзмө-сөз которгондо Республика Кыргызстан эле болуш керек .*

*[2] Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР. -Фрунзе, 1990, №21. –С. 318.*

*[3] КР БМА. –Ф.1445. -Оп.17. –Ед.хр. 2394. –Л.184-185; Кыргызская государственность в ХХ веке. –Бишкек, 2003. –С. 460-461.*

талаптарына дал келбей калган. Ошондон улам жаңы Баш мыйзамды иштеп чыгуу зарылчылдыгы келип чыккан.

Жогорудагыларды эске алуу менен, 1990-жылдын 27-октябрында республиканын он экинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңеши **"Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясынын (Баш мыйзамынын) долбоорун иштеп чыгуу боюнча атайын комиссия түзүү"** жөнүндө токтом кабыл алган.[4] Белгилей кетчү жагдай, ал учурда мамлекеттин аталышы расмий түрдө өзгөртүлө элек болчу. Бирок бул конституциялык комиссия алгылыктуу иштей алган эмес. Коомдук, саясий турмуштагы кескин өзгөрүүлөр, өлкө ичиндеги пайда болгон жаңы кырдаал, мамлекеттик курулуштун негизги багыттарынын өзгөрүшү жаңы талаптарды коюп, таптакыр башка, мурдагы конституциялык тажрыйбалардан кескин айырмаланган долбоорду иштеп чыгуу, Баш мыйзамга жаңыча мамиле кылуу маселесин алып чыкты.

Көп өтпөй эле, 1990-жылдын 14-декабрында жаңы шарттарда Кыргызстандагы конституциялык реформанын ишке ашыруу максатында ошол эле Жогорку Кеңеш **"Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлик органдарын жана башкаруу системасын өзгөртүп түзүү жана Кыргыз ССРинин Конституциясына өзгөртүү-лөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү"** мыйзамды кабыл алды.[5] Дал ушул мыйзам эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык реформаларынын башаты болуп калды десек болот. Анткени, жаңы түзүлгөн кырдаалга байланыштуу жаңы маани-маңыздагы, мазмундагы, мүнөздөгү, башкача түзүлүштөгү жаңы Баш мыйзам даярдоо зарылдыгы пайда болгон эле. Ошондон улам биз үчүн эгемендүүлүктүн башатындагы, эркин Кыргызстандын биринчи Конституциясын (Баш мыйзамын) ким тарабынан, качан, кантип иштелип чыгып, кандай даярдалгандыгы, кимдер тарбынан кайсы убакта кабыл алынгандыгы биз үчүн өтө маанилүү маселе экенин баса белгилейбиз.

Ошентип, 1991-жылдын апрелинде республиканын жаңы Баш мыйзамын иштеп чыгуу жараяны башталды. Баса белгилей кетчү жагдай, долбоорду даярдоо боюнча жалпы конституциялык

---

[4] *Борубашев Б., Газиева З. История отечественного государства и права Кыргызской Республики. –Б.. 200; Н.Шерипов Конституционное развитие кыргызской государственности: советский этап. Акипресс. 20.06.2014.*

[5] *Ведамости Верховного Совета Киргизской ССР, 1990. №21.*

комиссиянын иши башталганга чейин, ошол иштин башатында чакан жумушчу топ, жаңы Баш мыйзамдын көп кырдуу маселелери боюнча алгылыктуу иш алып барганы тарыхый чындык. Ошол чакан жумушчу топтун, кийинчерээк жаңы долбоордун авторлорунун бири, республикадагы белгилүү юрист М.Укушевдин эскерүүсүндө, өлкөнүн биринчи Президентинин де-милгеси боюнча, эч кандай буйрук же жарлыгы жок эле республиканын Юстиция министрлигинин алдында **жарыя болбогон чакан жумушчу топ** түзүлгөнүн айтат. Тымызын түзүлгөн бул чакан жумушчу топтун курамына республиканын Юстиция министри **У.Мукамбаев**, ошол эле министрликтин жетектөөчү адиси – **С.К.Косаков, К.Э.Эсенканов** (ал кийинчерек судьялыкка шайланып, топтон чыгарылган), **М.К.Укушев, М.Ш.Чолпонбаев** киргизилгендигин бышыктайт. Мына ушул тажрыйбалуу беш юрист жаңы Кыргызстандын жаңы Конституция-сынын долбоорунун иштелип чыгышынын башында турушкан. Тилекке карты, ушундай маанилүү ишке жетекчилик көзөмөлдү мамлекет башчысынын кеңешчиси, юрист, профессор **Л.И.Левитин** жүргүзгөн.[1] Биздин пикирде, биринчи Президентибиз бул маанилүү маселенин – улуттук мамлекеттин Баш мыйзамынын даярдалышы титулдук улуттун өкүлдөрү тарабынан жетектелип, турмушка ашырылышына ишенген эмес. Албетте, биринчи Президент профессор Л.И.Левитин келечекте анын эмне каалаганын так аткарат деп алдын ала ишенимде болушу да толук ыктымал. Кандай болгон күндө да, ошол түзүлгөн чакан жумушчу топ алгач Кыргызстандын жаңы **Конституциянын концепциясын** даярдоого киришкен.

Кийинчерээк жаңы Конституциянын концепциясынын долбооруна *(байкаңыздар жаңы Конституциянын долбоору эмес, концепциянын долбоору – авт.)*, расмий легитимдүүлүк берүү максатында 1991-жылдын июнунда Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун атайын токтому менен **кеңейтилген жумушчу топ түзүлүп**,[2] анын курамына юстиция министрлигинин кызматкерлери, КМУнун юридика факультетинин жана Илимдер Академиясынын окумуштуу укук таануучулары, мамлекеттик башка органдарынын өкүлдөрү киргизилген. Конституциялык концепциянын долбоорун

---

[1] *Укушов М.К. 25 лет кыргызской Конституции//ЦППИ 23.04.2018//https//center/kg › article*

[2] *Тилекке каршы автор ошол кеңейтилген жумушчу топко кимдер киргенин көрсөткөн эмес - авторлор.*

түздөн-түз иштеп чыгууга дал ушул кеңейтилген жумушчу тобу киришкен.[1] 1991-жылдын ноябрынын башында даяр болгон конституциялык концепция Жогорку Кеңештин - "легендарлуу парламенттин" кароосуна коюлган. Албетте, жаңы Баш мыйзамдын концепциясы Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан жетиштүү деңгээлдеги оң реакция тапкан эмес, бул абдан таң калыштуу. Айрыкча, депутаттардын тан калуусун туудуруп, алар мурда укпаган, көрбөгөн, республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Декларациянын негизине ылайыкталып киргизилген, ошол депутаттар ойлогондой "буржуазиялык" сыпаттагы *(ошол кездин түшүнүгү боюнча - авт.)* концепциядагы башкы принциптер: **укуктук мамлекет, бийликтин бөлүштүрүлүшү, саясий плюрализм, жарандардын жеке менчик укугун таануу** ж.б. түшүнүктөр депутаттардын көбүн түшүнбөстүктөргө, коммунисттик идеологияга сугарылган эски көз караштагылардын каршы чыгуусуна алып келди. Концепцияда Конституцияда Жогорку Кеңештин бөлүнбөгөн бийлигине каршы туруп, аны жоюу, **"тең салмаксыздыкты токтотуу" системасын** *(систему "сдержек и противовесов" – авт.)* жоготуу, эл депутаттар Кеңешини системасын борборлоштуруудан ажыратуу *(децентрализация Советов – авт.)*, Президенттик жана өкмөттүк институттарды күчөтүү, аларды өкүлчүлүк бийлик органдарынын эби жок, майда кийлигишүүлөрүнөн бошотуусу каралган. Булардын баары - КПССтин жетектөөчү ролу жоюлгандыгына байланыштуу, республикадагы **мамлекеттик бийликтин жогорку органына айланган Жогорку Кеңешке, анын депутаттарына жаккан эмес.** Ошондон улам, жаңы конституциянын концепциясы Жогорку Кеңеште каралып, 1992-жылдын 6-мартындагы атайын токтому менен бүткүл элдик талкууга чыгарылган.[2] Бул жаңы Баш мыйзамдын долбоору эмес, ошол конституциялык концепциянын, Кыргызстан элдеринин назарына коюлган долбоору эле.

1992-жылдын майында Президенттик Аппараттын жана республиканын Юстиция министрлигинин жетектөөчү кызматкерлеринен турган Кыргызстандын жаңы Конституциясынын

---

[1] *Укушов М.К. 25 лет кыргызской Конституции...*

[2] *Слово о Конституции 1993 года: тернистый путь конституционного развития Кыргызстана//https://elgezit.kg/2020/05/04/slovo-o-konstitutsii-1993-goda-ternistyj-put-konstitutsionnogo-razvitiya-kyrgyzstana/04.05.2020*

долбоорун иштеп чыгуу үчүн атайын жумушчу топ түзүлгөн. Анын курамына төмөнкүлөр кирген:

1. **Левитин Л.И.** – мамлекет башчысынын кеңешчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор, жумушчу топтун жетекчиси;

2. **Нарымбаев Д.И.** – Президентик Аппараттын укук бөлүмүнүн башчысы;

3. **Косаков С.К.** – Юстиция министринин биринчи орун басары;

4. **Укушов М.К.** – Юстиция министрлигинин башкармалыгынын начальниги;

5.**Чолпонбаев М.** – Юстиция министрлигинин башкармалыгынын начальниги.

Дал ушул адамдар эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясынын долбоорун иштеп чыккан конституциялык комиссиянын нукура адистик негизин түзүшкөн. Ушул жумушчу топ кыска мөөнөт аралыгында, талкуунун жүрүшүндө түшкөн сунуштарды жана конституциянын концепциясынын негиздерин эске алып, 1992-жылдын июнунун орто ченинде жаңы Конституциянын долбоорун иштеп чыгышкан.

Баса, булар ошол биринчи Баш мыйзамыбыздын долбоорун даярдаган адистердин тар чөйрөсү, негизги иштеп чыгуучулары болгондугун баса белгилей кетишибиз керек. Негизги топ, көз карандысыз Кыргызстандын биринчи конституциялык комиссиясынын кеңейтилген курамы кийинчерээк түзүлгөн. Алгачкы конституциялык комиссияны тунгуч Президент өзү жетектеген. Президенттин жетекчилигиндеги конституциялык комиссиянын курамына 50 адам кирген **"Республика Кыргызстандын жаңы Конституциясынын (Баш мыйзамынын) долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссиянын"** кеңейтилген курамы түзүлгөн. Биз тарыхый тактык үчүн, комиссия мүчөлөрүнүн аты-жөнү менен тиркелген, ошол эгемендүү Кыргызстандын биринчи Конституциянын долбооруна макулдук берип, ага өз колдорун койгон тизменин түп нускасынын көчүрмөсүн берүүнү туура таптык:[1]

---

[1] *КР БМА. –Ф.1443. – Оп.17. Д.2490. -Л.64-66.*

[illegible]

[illegible]

[illegible]

[illegible]

[illegible]

[illegible]

[illegible]

[illegible]

[illegible]

[illegible]

Байкалып тургандай, комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгү өз учурудагы жана кээ бирлери азыркы күндүн көрүнүктүү партиялык, мамлекеттик жана коомдук ишмерлери, Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин депутаттары болушкан. Тилекке каршы, бул ирет дагы окумуштуу юристтер – конституционалисттер, мамлекеттик түзүлүш боюнча адис укук таануучулар өтө эле аз санда кошулган. Конституциялык комиссиянын курамындагы 50 адамдын болгону 8 мүчөсү эле практик юристтер жана окумуштуу укук таануучулар болушкан. Алар **М.Абдылдаев, Ч.Баекова, Ф. Кулов, С.Косаков, Л. Левитин, У.Мукамбаев, Ө.Текебаев, М. Чолпонбаев.** Жалпы практикага ылайык мына ушулар, адистер катары жаңы Конституциянын долбооруна олуттуу да, омоктуу да, жүйөлүү да, конкреттүү да сунуштарды бериши, ар бир беренени бышыктаашы жана негиздеши мүмкүн эле. Ал эми калганынын көп жылдык партиялык, мамлекеттик жетекчилик жумушта зор тажрыйбалары болгону менен мамлекеттик, конституциялык түзүлүштө алар чабал эле болушканы да чындык.

Баса алдын ала белгилей кетчү дагы бир жагдай бар. Жогорку түп нуска документтен көрүнүп тургандай, көз карандысыз Кыргызстандын биринчи Конституциясы талкуудан өткөндөн кийин жана аны кабыл алууда жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык комиссиянын мүчөлөрү бүтүндөй мамлекет үчүн маанилүү болгон тарыхый, саясий документке – Баш мыйзамдын жыйынтыктоочу түп нускасына макулдугун берип, толук курамы менен кол коюшкан эмес. Тагыраак айтсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясын кабыл алуу жөнүндөгү атайын токтомдо комиссиянын 50 мүчөсүнүн ичинен 5 мүчөсү – **О.Абакиров, А.Мамыров, Ж.Саадanбеков, Б.Сыдыков, В.П.Чистяков,** бизге белгисиз, ар кандай себептерден улам кол коюшкан эмес. Ал эми **А.Жумагулов** Конституция 1993-жылдын 5-майында кабыл алынгандыгына карабай, негедир, ошол жылдын 26-майында кол койгон.[1] Биздин пикирде, кол койбоонун негизги себептери конституциялык комиссиянын долбоорду даярдоо, талкуулоо мезгилинде ошол Баш мыйзамдын айрым бөлүктөрү, беренелери менен алар макул болбогондон улам, чуусу жок үнчүкпаган наразычылык билгизип, ушундай кадамга барган болушу мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын акыркы жыйынтыктоочу

---

[1] *КР БМА. -Ф.1445. -Оп.17. Д.2490. -Л.64-66..*

тексттине, буга чейинки талкуулардын бардыгына катышкандыгына карабай, алардын кол коюудан баш тартышына караганда башка дагы олуттуу себептер болушу мүмкүн.

Ошентип, 1992-жылга эгемендүү Кыргызстандын жаңы Конституциясынын долбоору даярдалып, ишенимдүү, ынанымдуу жана тиешелүү эл аралык экспертизадан өткөрүлгөн. Бул максатта Россиянын белгилүү окумуштуу укук таануучусу, беделдүү конституционалист, юридика илимдеринин доктору, профессор, мурдагы СССРдин конституциялык көзөмөл комитетинин төрагасы С.С.Алексеев баштаган орус окумуштуулары чакырылып, биздин алгачкы Баш мыйзамдын долбоорун экспертизадан өткөрүп, өздөрүнүн ынанымдуу сунуштарын, маани-маңыздуу пикирлерин айтышып, жакшы тыянагын беришкен. Эл аралык экспертизанын корутундусунан кийин, жаңы Конституциянын долбоору Президент А.Акаев жетектеген конституциялык комиссиянын назарына, талкуусуна коюлган.

Биз архивдик фонддордун документтеринин арасынан 1992-жылдын 12-15-августунда, Жогорку Кеңештин төрагасы М.Ш.Шеримкуловдун төрагалыгы астында өткөн, конституциялык комиссиянын **"Республика Кыргызстандын жаңы Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссиянын атайын кеңешмесинин токтомун"** таптык. Болуп өткөн кеңешме *(катышуучулардын аты-жөнү жазылган тизме токтомдо тиркелет – авт.)* төмөнкүдөй токтом кабыл алган:

"1. Президент А.Акаевдин төрагалыгы астында Республика Кыргызстандын жаңы Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча конституциялык комиссия тарабынан даярдалган долбоордун алкагында жүргүзүлгөн иштер улантылсын.

4. Республика Кыргызстандын жаңы Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кеңешмесинде айтылган сын - пикирлерди, сунуштарды жалпылоо үчүн курамы 7 адамдан турган жумушчу топ түзүлсүн *(жумушчу топтун курамы Юстиция министринин биринчи орун басары С.К.Косаковдун төрагалыгы алдында аты-жөнү менен токтомго тиркелген – авт.)*.[2]

[2] *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин архиви (мындан ары КР ЖК архиви – авт.). -Дело №01-5. Стенограммы заседаний Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. -Л. 355-356.*

Конституциялык комиссиянын ушул кеңешмесинин чечимине ылайык, долбоорду толугу менен иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн комиссияга келип түшкөн сын-пикирлерди, сунуштарды жалпылаштыруу, ага байланыштуу долбоордун акыркы тексттин иштеп чыгуу үчүн эки жумушчу топко бөлүнүп иштешкен. Ар бир жумушчу топтун оңдоп-түзөтүүлөрү, өзгөртүүлөрү, толуктоолору **"Республика Кыргызстандын Конституциясын иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн комиссиясына келген сын пикирлерди, сунуштарды жалпылаштыруу боюнча түзүлгөн жумушчу топтун 1992-жылдын 12-13-августундагы №1-токтомунда"** чагылдырылган. Бул топтун курамынынын төрагасы С.К.Косаков, мүчөлөрү М.Ш.Чолпонбаев, Э.Ж.Бейшембиев, П.Н.Дрыжак, Д.С.Калканова, Н.Б.Чоботова, Ч.А.Аманалиева болушкан.[1] Көрсөтүлгөн жумушчу топ долбоордогу Конституциянын кириш сөзүнүн, долбоорду иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн комиссияга толуктоо, өзгөртүү, толуктап иштеп чыгуу боюнча сунуштар түшкөн 1,4,6,7,8,10-19,23,24-27,34,45,46,47 беренелердин үстүндө иштешкен.[2]

Дагы бир архивдик документ 1992-жылдын 18-23-августуна таандык **"Республика Кыргызстандын Конституциясын иштеп чыгуу боюнча комиссиясына берилген сын пикир, сунуштарды жалпылаштыруу боюнча түзүлгөн №2-жумушчу топтун токтому"**. Бул топтун төрагасы да С.К.Косаков, ал эми мүчөлөрү М.Ш.Чолпонбаев, Э.Ж.Бейшембиев, О.Ч.Текебаев, К.К.Бердалиев, Топчубек Тургуналы болгон.[3] Аталган жумушчу тобу тарабынан 48-беренеден баштап, Конституция долбоорунун экинчи бөлүгү каралган. Натыйжада, 50,51,53-62,67,68,70-73,75,77,80,82-85,90-94,97,100-104,113,116-беренелерине алар тарабынан оңдоп-түзөтүүлөр, өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген.[4] Архивдик документтер көрсөткөндөй, конституциялык комиссиянын мүчөлөрү Ө.Ч.Текебаев менен Топчубек Тургуналы долбоордун "Конституциялык кепилдик" мазмунундагы IX бөлүмгө толуктоону сунуш кылышкан. Жумушчу топ

---

[1] *КР ЖК архиви. Дело №01-5... –Л.358.*
[2] *КР ЖК архиви. Дело №01-5... –Л.358-369*
[3] *КР ЖК архиви. Дело №01-5... –Л.348.*
[4] *КР ЖК архиви. Дело №01-5... –Л.348-353.*

115-119-беренеси менен "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту" тууралуу беренени кабыл алышкан.[1]

Жогорудагы конституциялык комиссиянын талкуусу, толуктоо, түзөтүүлөрү жана тийиштүү сунуштарынан кийин Баш мыйзамдын долбоору Жогорку Кеңештин талкуусуна жиберилген.

Албетте, Жогорку Кеңеште долбоордун талкуусу абдан кызуу, талаштуу, катуу жана оор өткөн. Анткени жогоруда айтылгандай жаңы Баш мыйзамда мамлекеттик түзүлүш, мамлекеттик бийлик органдары, башкаруу ыкмасы толугу менен өзгөртүүсү, экономикалык системаны реформалоо түп тамыры менен башка нукка буруу, менчик маселесин өзгөртүү ж.б. маанилүү сунуштар камтылган эле. Жогорку Кеңештин көпчүлүгүн түзгөн, мурдагы Кеңеш өкмөтүнүн жана компартиянын идеологиясына сугарылып, ага биротоло берилген, өз доорунун стереотиптеринде калыптанган, жаңы шарттарга жараша ийкемдүү боло албаган, бирок ошол кездеги эл өкүлдөрү болуп олтурган, партиялык, мамлекеттик жетекчилерге сунушталып жаткан өзгөртүүлөрдү кабыл алуу абдан кыйынга турганын да баса белгилөө абзел. Анткени "легендарлуу парламент" деп аталган ошол жолку Жогорку Кеңеш, негизинен, партиялык, советтик жана чарбалык номенклатура өкүлдөрүнөн – партиялык уюмдардын катчыларынан, жергиликтүү Кеңештердин жана алардын аткаруу комитеттеринин төрагаларынан, колхоздордун башкармаларынан, совхоздордун жана завод-фабрикалардын директорлорунан тургандыгыда тарыхый чындык. Мындан улам парламенттеги жаңы Баш мыйзамдын долбоорун талкуулоо абдан көп талаш-тартышты, тирешүүнү жараткан. Натыйжада, эл өкүлдөрү бир бүтүмгө келишип, Жогорку Кеңештин 1992-жылдын 12-декабрындагы атайын токтому менен жаңы Кыргызстандын биринчи Баш мыйзамынын долбоорун бүткүл элдик талкууга коюу, чечими кабыл алынган.

Бүткүл элдик талкуунун жүрүшү массалык-маалымат каражаттарында кеңири чагылдырылып, Президенттин Аппаратынын социалдык-саясий маалымат бөлүмү жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан көзөмөлгө алынып турган.[2] Жаңы Конституциянын долбоору боюнча маанилүү деп табылган сунуштар, толуктоолор жана өзгөртүүлөр бир катар республикалык гезиттерге: **"Конституциянын долбоору: жан дүйнөбүз эн тамгага ширелбейт",**[3]

---

[1] *КР ЖК архиви. Дело №01-5..... –Л.348-353-354*

[2] *КР ЖК архиви. Дело №01-5...-Л.204-218.*

[3] *Слово Кыргызстана. 16 января 1993 г.*

**"Элдин эрки"[1] "Шашылбайлы: бүргө тутпай, Конституция кабыл алып жатабыз",[2] "Эксперт "окей" дейт, бирок бизге белгилүү",[3] "Эмне куруп атабыз",[4] "Дасторкон четиндеги түзөтүүлөр",[5] "Кимдин пайдасына?",[6] "Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу",[7] "Бүткөн ишти талкуулап",[8] "Соттор жана конституциялык Палата",[9] "Жеке менчик",[10] "Адам: укук, эркиндик",[11] "Долбоорго альтернативанын эмне кереги бар?",[12] "Адам укугу жөнүндө унутпагыла",[13] "Аксакалдар сотунун статусу жөнүндө",[14] "Баары үчүн бирдей деген жалпы түшүнүк",[15] "Статистиканы унутушту"[16]** ж.б.у.с. ар түрдүү аталыштардагы материалдар жарыяланган.

Ошентип, үч айлык бүткүл элдик талкуунун жүрүшүндө келип түшкөн сын - пикирлерди, толуктоолорду, түзөтүүлөрдү, сунуштарды эске алып, конституциялык комиссия Баш мыйзамдын долбоорун дагы бир жолу толугу менен карап чыгып, республиканын Жогорку Кеңешине жиберген. Бул жолку талкуу эки этап менен, тагыраагы, 1993-жылдын 12-19-апрелинде жана 3-5-майында өткөн 12-сессиянын кароосуна коюлган. Албетте, мурдагыдай эле ар бир беренелер боюнча жүргөн талкуу оңой болгон эмес. Айрыкча, бийликтин аткаруу жана мыйзам чыгаруу бутактарынын ар бири "өз көмөчүнө күл тарткан", бийликтин жамынчысын ар кимиси өзүнө тарткан, көптөгөн талаш-тартышты жараткан. Кээ бир учурларда абдан драмалуу, татаал кырдаал пайда болуп, келечектеги жаш кыргыз мамлекетинин Конституциясыз калуу коркунучун да пайда кылган. Көпчүлүк депутаттардын көз карашында, Баш мыйзамдын долбоору "буржуазиялык", башка дагы бир тобунун пикиринде - "социалисттик" болгондугун, ошол жаңы Конституциянын долбоорунун авторлорунун бири, белгилүү юрист М.К.Укушев ырастайт. Талкуу учурунда Президентти чексиз бийликке

---

[1] *Слово Кыргызстана. 16 января 1993 г.*
[2] *Слово Кыргызстана. 16 января 1993 г.*
[3] *Слово Кыргызстана. 30 января 1993 г.*
[4] *Слово Кыргызстана. 30 января 1993 г.*
[5] *Слово Кыргызстана. 30 января 1993 г*
[6] *Слово Кыргызстана. 30 января 1993 г.*
[7] *Слово Кыргызстана. 30 января 1993 г*
[8] *Слово Кыргызстана. 30 января 1993 г*
[9] *Бишкек шамы. 29-январь 1993-ж.*
[10] *Бишкек шамы. 29-январь 1993-ж.*
[11] *Бишкек шамы. 29-январь 1993-ж.*
[12] *Бишкек шамы. 29-январь 1993-ж*
[13] *Бишкек шамы. 29-январь 1993-ж.*
[14] *Бишкек шамы. 29-январь 1993-ж.*
[15] *Бишкек шамы. 29-январь 1993-ж.*
[16] *Слово Кыргызстана. 5 февраля 1993 г*

ээ болгусу келүүдө, аны бардык бийликти бир колго – мамлекет башчысына берүүнү көздөп жатат деген айыптоолор да коштогон. Бирок Баш мыйзамды кабыл алуу жараянында А.Акаев, М.Шеримкулов, Ч.Баекова, Ф.Кулов, Ө.Текебаев ж.б. сыяктуу "легендарлуу парламенттин" депутаттарынын саясий чеберчилиги, токтоолугу жана сабырдуулугу, прогрессивдүү ой жүгүртүүлөрү жана чечкиндүү кадамдары, аларга каршы турган консервативдик көпчүлүктү жеңип, эгемендүү Кыргызстандын биринчи Конституциясын – Баш мыйзамын 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин документалдык фондунда 1993-жылдын 5-майындагы **"Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы жөнүндөгү мыйзамы"** сакталып турат. Анда: **"...Кыргыз Республикасынын Жогоку Кеңеши токтом кылат: конституциялык комиссиясы тарабынан көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору, негизинен, кабыл алынсын. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жылдын 5-майынан тартып ишке киргизилсин.**

**Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев**

*Бишкек шаары, 1993-жылдын 5-майы №1185-XII".*[1] деп айтылган.

Ошол эле күнү дагы бир маанилүү документ 1993-жылдын 5-майында №1186-XII өлкө Президенти кол койгон **"Кыргыз Республикасынын Конституциясын ишке киргизүү жөнүндөгү"** мыйзам күчүнө киргизилген.[2] Анда: "Бардык бийлик органдарынын, аткаруу бийлигинин жетекчилеринин Кыргыз Республикасынын сотторунун ыйгарым укуктары алар шайланган мөөнөт аралыгында сакталат," - деп белгиленген. Ошондой эле бул жерде **"Кыргызстандын 1978-жылдагы Конституциясы кезектеги өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 1993-жылдын 5-майынан тартып, өз күчүн жоготту деп таанылсын"** – деп айтылат.[3]

Ошентип, 1993-жылдын 5-майында Республика Кыргызстандын он экинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин XII сессиясында көз

[1] *КР БМА. -Ф. 1445. -Оп.17. –Д.2490. –Л.13*
[2] *КР БМА. -Ф. 1445. -Оп.17. –Д.2490. –Л.61-63.*
[3] *КР БМА. -Ф. 1445. -Оп.17. –Д.2490. –Л. 63.*

карандысыз Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы кабыл алынган.[1]Ошол күндөн тартып, Кыргыз мамлекетинин расмий аталышы **Кыргыз Республикасы** деп аталып, Кыргыз ССРинин 1978-жылда кабыл алынган Конституциясы күчүн жоготкон.

Бул жолку Баш мыйзам кыргыздардын эгемендүү жана көз карандысыз мамлекеттин тарыхында биринчи жолу Кыргыз Республикасына таандык, буга чейин болбогон, ал турсун, ойго келбеген мамлекеттик түзүлүштү, башкарууну, жаңы саясий институттарды камтыган бөлүмдөр, баптар жана беренелердин мазмунун камтыган жаңы Конституциясы пайда болгон. Ошол Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасы эгемендүү, унитардык, демократиялык, укуктук, светтик, социалдык мамлекет деп жарыяланган.. Кыргыз Республикасынын алгачкы Баш мыйзамы сегиз бөлүм, он эки бап, 97 беренеден турган:[2]

**Кириш сөз (Преамбула).**

**I бап. Кыргыз Республикасы** -1-бөлүм **"Жалпы принциптер"** – 6 берене; 2-бөлүм **"Мамлекеттин түзүлүшү жана ишмердүүлүгү"** - 6 беренеден турат.

**II бап. Жарандар** - 1-бөлүм **"Атуулдук"** - 2 берене; 2-бөлүм **"Адам укуктары жана эркиндиги"** – 6 берене; 3-бөлүм **"Атуулдардын укуктары жана милдеттери"** - 21 берене.

**III бап. Президент**-1 берене, 1-бөлүм **"Президентти шайлоо"** - 3 берене; 2-бөлүм **"Президенттин ыйгарым укуктары"** 8 берене.

**IV бап. Жогорку Кеңеш.** 1-бөлүм **"Жогорку Кеңешти шайлоо"** 4 берене; 2-бөлүм **"Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары"** 6 берене; 3-бөлүм **"Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү"** – 5 берене.

**V бап. Аткаруу бийлиги.** 1 берене, 1-бөлүм **"Өкмөт"** 7 берене; 2-бөлүм **"Жергиликтүү мамлекеттик администрация"** 2 берене.

**VI бап. Сот жана сот адилеттиги** - 12 берене.

**VII бап. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу** - 5 берене.

---

*[1]КР БМА. -Ф. 1445. -Оп.17. -Д.2490. –Л.14-57; Конституция (Основной закон) Кыргызской Республики. –Б., 1993*

*[2]КР БМА. -Ф. 1445. -Оп.17. -Д.2490. –Л.14-16, 17-57; Конституция (Основной закон) Кыргызской Республики. –Б., 1993*

**VIII бап. Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү тартиби** - 2 беренеден турат.

Натыйжада Кыргыз мамлекетинин баш мыйзамынын тарыхында биринчи жолу **"Биз, Кыргызстандын эли..."** деген сөз менен башталган Кириш сөз (Преамбула) өлкөбүздүн Конституциясында пайда болду.[1] Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы Баш мыйзамынын түп нускасында аталган бөлүк өзүнчө бетке бөлүнүп жазылгандыгын белгилей кетүү абзел. Дал ошол даярдоо жараянында, талкуулардын бардык татаалдыктарынан, катаал электөөнүн этаптарынан өтүп, көптөгөн өзгөртүүлөрдүн, толуктоолордун, ондоп-түзөтүүлөрдүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 1993-жылдын 5-майында эгемендүүлүктүн биринчи Баш мыйзамын кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын алгачкы Конституциясынын бир катар өзгөчөлүктөрү болгон. ***Биринчиси,*** мурдагы кыргыз элинин улуттук мамлекетинин курулушундагы конституциялык тажрыйбалары жалпылаштырылып, жыйынтыкталган. ***Экинчиси,*** жаңы шарттагы мамлекеттик курулуштун жаңы талаптарына шайкеш келе турган, жаңы мазмундагы конституциялык тажрыйбалар менен байытылган. ***Үчүнчүсү,*** бүт дүйнө жүзүнө Кыргыз мамлекетинин жаңы аталышы - **Кыргыз Республикасы** жарыя болду. Дал ушундай аталышта Кыргыз мамлекети дүйнөлүк, эл аралык карым-катнаштардын субъектиси катары таанылган. ***Төртүнчүсү,*** анда адам укуктары жана эркиндиги, адамдардын ажыратылгыс укугу катары жеке менчик укугу биринчи жолу бекитилген. ***Бешинчиси,*** жаңы Конституция Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийликти **мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигине** бөлүштүрүү принцибин негиздеп, бекемдеген. Бул мурдагы Баш мыйзамдардагы бүт бийликтер Кеңештердин колунда деген принципти биротоло жойгон. Дал ушунусу менен 1993-жылдагы Конституция мурдагы Баш мыйзамдардан айырмаланып турган. ***Алтынчысы,*** буга чейин бөлүнбөгөн коомдо Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы үстөмдүк кылган бир партиялуулук принцибин биротоло жоюп, жаңы **көп партиялуулук** системаны бекиткен. ***Жетинчиси,*** жарандардын укуктары жана эркиндигинде жеке, эркиндикке басым жасалып, мамлекеттин инсандын жеке

[1] *КР БМА. -Ф. 1445. -Оп.17. –Д.2490. –Л. 17.*

ишмердүүлүгүнө жана чыгармачылык активдүүлүгүнө кийлигишпөөсүнө, тоскоол болбошуна кепилдик берилген. *Сегизинчиси,* мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун бөлүнүшү каралган.

Бул иштиктүү кадамдарды, Кыргызстандын жаңы, көз карандысыздык доорундагы конституциялык реформанын башталышы болгон деп ынанымдуу мүнөздөөгө болот. Ал эми конкреттүү өлкөлөрдө конституциялык реформа кадимкидей эле көрүнүш экени талашсыз. Коомдун жана мамлекеттин өнүгүү жараяны, алардын конституциялык үзгүлтүксүз өнүгүүсүнө тиешелүү шарттарды, өбөлгөлөрдү түзө алат. Эгерде коомдун белгилүү бир өнүгүү этабында конституциялык нормалар коомдук мамиледеги өз ара укуктук таасир этүү талаптарынын обьективдүү орун алмашуусунан артта калган болсо, анда конституциялык реформалар үчүн өзүнөн-өзү тиешелүү өбөлгөлөр түзүлөт. Конституциялык реформа коомдун өнүгүшүн камсыз кылууга багытталып, коомдук турмуштун прогресске жол алган тенденцияларын бышыктоочу күчтүн катарына кирээри эреже катары эсептелет. Конституциялык реформа мамлекеттик институттардын жана укуктук системалардын кайра түзүлүшүндөгү революциялык, радикалдык күчтөргө каршы туруп, акырындык менен, этаптар боюнча жүзөгө ашырыла турган эволюциялык жараян катары мүнөздөлөт. Мындай реформа социалдык системада жашаган оң натыйжадагы баалуулуктарды талкалабай, бирок бүтүндөй жана айрым институттарды, алардын структураларынын кайра түзүлүшүн жүзөгө ашырган конструктивдүү күч экендигин белгилей кетишибиз керек. Ушу өзгөчөлүктөрдүн бардыгы 1990-жылдын акырында Кыргызстанда жүргүзүлгөн конституциялык реформада толугу менен сакталган.

Албетте, конституциялык реформа өнүгүү, прогресске умтулган коомдун өсүшүн камсыз кылууга багыт алат. Кандай гана конституциялык реформа болбосун, ал этаптар менен өнүгүүчү эволюциялык жараян, прогрессивдүү өсүү катары мүнөздөлөт. Муну чечмелеп түшүндүрүүгө биздин өлкөбүз мисал боло алат.

Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасынын доорунда биз бир канча конституциялык реформаларды баштан өткөрдүк. Кыргызстанда 90-жылдардын башында башталган

конституциялык реформа бир канча этаптарды басып өткөндүгү тарыхый, саясий факт.

Ошентип, **биринчи этап**,1990-1993-жылдарды камтыйт. Бул этап мамлекеттик курулуштун, түзүлүштүн кескин өзгөртүлүшү менен мүнөздөлөт. Кыргыз элинин, мамлекетинин тарыхында биринчи жолу Президенттик институт киргизилип, бийликтин бутактары – мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигине бөлүнгөн. Өлкөдө демократиялаштыруу жараяны башталып, баштагы мамлекеттик бийлик органдарын жана башкаруу системасын **демократизациялоо, десоветизацияло, дендеологизациялоо, департизациялоо, деформациялоо** жараяны турмушка ашырылып, мамлекеттин саясий жана экономикалык системасында конкреттүү өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн. Мамлекеттик курулуштун, түзүлүштүн мурдагы Кеңештик формасынан биротоло баш тартылган. Мына ушулардын шарданында эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын биринчи Баш мыйзамы 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган.

**Экинчи этап** 1996-жылга туура келет. Кыргыз Республикасынын бул жолку конституциялык реформасы Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин 1996-жылдын 3-январындагы мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосундагы ыйгарым укуктарынын чегин ажыратуу боюнча референдум өткөрүү максатында **“Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү”** жарлыгына шайкеш өткөрүлгөн. Аталган мыйзамга ылайык, 1996-жылдын 10-февралында бүткүл элдик референдум өткөрүлгөн. Ага жараша, конституциялык реформанын экинчи этабы төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизген:

- 1994-жылдын октябрында элдин эрки менен өзгөртүлгөн эки палаталуу парламенттин ыйгарым укуктарын аныктоо, так бөлүштүрүү жана ажыратуу;
- мыйзам чыгаруу органдары, президент жана аткаруу бийлигинин ортосундагы өз ара кызматташууну тактоо жана аныктоо;
- Президент менен КР ЖК ыйгарым укуктарын аныктап, биринчисинин таасирин күчөтүү каралган. Тагыраак айтканда, мамлекеттик жогорку бийлик кызматтарынын бир бөлүгүнө (министрлер, элчилер, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары ж.б.) дайындоо Президентке ыйгарылган.Мамлекеттик

органдардын жетектөө кызматынын бир бөлүгү парламент палаталары же алар-дын макулдугу менен дайындалган;

• Конституцияда белгилүү учурларда парламенттин бир же эки палатасын тең таркатуу укугу президентке ыйгарылган, ошондой эле белгилүү учурда Президентти кызмат ордунан четтетүү жөнүндөгү маселенин парламентте каралышы да Конституцияда белгиленген;

• парламент өкмөттү толук отставкага кетире алган эмес, бирок премьер-министрге ишенбөөчүлүк көрсөтүү укугу берилген; премьер-министрдин отставкасынын кабыл алынышы өкмөттүн бардык мүчөлөрүнүн отставкасын талап кылган;

• Өкмөткө бир топ өз алдынчалуулук берилген ж.б.

Жогорудагылар эгемендүү Кыргызстандын конституциялык реформасынын экинчи этабындагы өзгөртүүлөр болгону тарыхый, саясий чындык.

**Үчүнчү этап,** бул конституциялык реформа Президенттин 1998-жылдын 1-сентябрындагы №270 **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү"** жана **"Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорунун бүткүл элдик талкуусу жөнүндөгү"** жарлыгынын кабыл алынышы менен ишке ашырылган. Андан соң Президенттин жарлыгына ылайык, 1998-жылдын 17-октябрында республикадагы референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жөнүндөгү мыйзамга шайкеш өлкө калкы референдумга чакырылган. Референдумда жарандардын басымдуу бөлүгү сунушталган Баш мыйзамдын кабыл алынышын колдой тургандыгын билдиришкен. Ошентип, бул жолку референдумда да Конституциянын жаңы редакциясына бир топ өзгөртүүлөр киргизилген:

• депутаттык кол тийбестик иммунитетин алууга мүмкүнчүлүк берилди;

• эл өкүлдөр жыйынынын депутаттарына шайланган аймагында 3жылдан кем эмес туруктуу жашоосун талап кылган ценз киргизилди. Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттыгына талапкер өзүнүн шайлоо округунда жашап, өзүнүн аймагындагы көйгөйлөрдү жатка билишин камсыз кылуу үчүн, шайланып жаткан аймакта 3 жылдан кем эмес туруктуу жашагандыгы тууралуу ценз каралган;

• депутаттын ыйгарым укугун мөөнөтүнөн мурда кыскартуу жана алып салуу маселелери кеңири жөнгө салынган;

• ЖК палатасынын структураларын оңдоп түзүү – алардын санын өзгөртүү жүргүзүлүп, Мыйзам чыгаруу жыйынын санын 60 депутатка, Эл өкүлдөр жыйынын – 45 депутат санында бекитүү сунушталган. Бул учурда мыйзам чыгаруу жыйынын 15 оруну жалпы сандын 20 пайызынан көбүрөөгүн түзгөндүктөн, шайлоочулардын минималдык 5 пайыздык ишеним тосмосуна же босого баллга жеткен саясий партияларга ал орундарды берүү каралган;

• депутаттык кол тийбестик институту (парламенттик иммунитет) киргизилген;

• конституциялык тартипте менчик формаларынын тизмеси аныкталып, жер жана табигый ресурстар жеке менчик, мамлекеттик, коммуналдык, ж.б. менчик формасында болушу каралган.

Бүткүл элдик талкуунун жыйынтыгын эске алып, конституциялык принциптердин негизинде, Кыргызстан эли эгемендүү мамлекеттин ээси жана мамлекеттик бийликтин жалгыз булагы болуп саналаары баса белгиленген.

Ошентип, бул жолку референдумда өлкө жарандардарынын басымдуу көпчүлүгү сунушталган Баш мыйзамдын жаңы редакциясынын кабыл алынышын колдогондугун билдиришкен. Албетте, ошол кездеги күчөп келе жаткан үй-бүлөлүк акаеадик режимдин убагында башкача тыянак күтүлүшү да мүмкүн эмес эле.

**Төртүнчү этап**, республикадагы конституциялык реформанын бул этабы 2002-жылдын акырында башталган. Ушул жолку республикада башталган конституциялык реформа көп максаттуу, комплекстүү мүнөзгө ээ болгон. Парламенттик жана парламенттик эмес оппозициялардын кысымы алдында, аларды колдогон өлкөнүн экономикалык оор абалына наразы болгон ар кандай социалдык топ-тордун наразылык митингдери, демонстрацияларынан улам, А.Акаев жана анын айланасындагы жакын санаалаштары 2002-жылдын июлунда оппозициялык саясий күчтөрдүн ортосунда жалпы улуттук тегерек стол өткөрүшкөн. Ошол эле 2002-жылдын сентябрында Конституцияга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн Конституциялык кеңешмеге чогулушкан.[1]

---

*[1]Наша газета. 1998. 5 сентября; Сааданбеков Ж. Сумерки авторитаризма. -С. 233; Современные зарубеж-ные Конституции. -М.: МЮИ, 1992. -С.172.*

Калыстык үчүн баса белгилеп айта кетчү нерсе, ошол Конституциялык кеңешмеге Конституциянын жаңы редакциясын даярдаган эксперттик топтун курамын толугу менен архивдик документтерден таап чыктык. Аталган эксперттик топ ошол кездеги Президенттин 2003-жылдын 2-январындагы "Кыргыз Республикасынын Конституциясына түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча бүткүл элдик талкуулоону жыйынтыктоо боюнча" Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясын даярдоо үчүн атайын эксперттик топ түзүү тууралуу Жарлыгынын негизинде түзүлгөн. Бул топ 2-январдан 13-январга чейинки мөөнөттө жалпы элдик талкуудан кийинки Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясын даярдоо вазыйпасын аткаруу керек эле. Ошондуктан, 2-январда эксперттик топ түзүлсө, эртеси эле же 3-январда ошол атайын эксперттик топ өз ишин баштаганы тууралуу анын жыйынынын №1 протоколу тастыктайт. Протоколго ылайык, 2002-жылдын 18-октябрынан баштап 2003-жылдын 2-январына чейин Кыргыз Республикасынын атуулдарынан, эмгек жамааттарынан, коомдук бирикмелерден, саясий партиялардан жана мамлекеттик уюмдардан бардыгы болуп колдоого алынган 1186 сунуш түшкөн. 1911 сунушта Конституциянын тигил же бул жобосу, тиешелүү беренеси тууралуу көз караштар айтылса, 1162 сунушта Конституцияга киргизилген кээ бир нормалар колдоого алынган эмес. Албетте, алар секретариат, эксперттик топ тарабынан расмий сунушка кайчылаш көз караштар, пикирлер, сунуштар катары колдоого алынып, кабыл алынган эмес.[2] Ошентип, 2003-жылкы конституциялык реформаны даярдаган эксперттик топтун толук курамы: **Ч.И.Арабаев** – топтун жетекчиси, мүчөлөрү **Л.Ч. Сыдыкова, С.С.Сооданбеков, Е.Т.Бельковская, Н.П.Векуа, А.Д.Дюйшембиев, Б.Р.Зулпиев, Б.И.Исаев, А.К.Исмаилова, Г.Т.Искакова, К.Т.Конгантиев, С.К.Косаков, Г.А.Мукамбаева, Ш.М.Мусакожоев, Э.Э.Молдоев, Т.О.Ожукеева, О.А. Тогусаков.**[3] Дал ушул эксперттик топ кыска мөөнөттө өз корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясын ар бир сунушталган, өзгөртүлгөн беренелер боюнча даярдап, Президенттик Аппараттын жалпы бөлүмүнө жиберишкенин архивдик документтер тастыктайт. Сунуш-

---

*[2]Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.2944. Б.1-3.*
*[3]Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.2944. Б.2,4,7,12,15,19,23,27.*

талган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын тексттинин акырында Ч.И.Арабаев жетектеген жогоруда аты аталган эксперттик топтун ар биринин колу коюлуп, макулдугу тастыкталган документтер Президенттик архивде сакталып турат.[1] Президенттик архивде ошол 2003-жылы сунушталган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97 беренеден турган жаңы редакциясынын толук салыштырмалуу текстти: ***биринчи графада*** Конституциянын мурдагы текстти, ***экинчи графада*** Конституциялык кеңешме сунуштаган толуктоолор, өзгөртүүлөр, ***үчүнчү графада*** ошол беренелердин жаңы вариантынын оңдолгон, толукталган текстти түзүлүп, Президент А.Акаевге жиберилген. Ошол документке таянып, Президент 2003-жылдын 2-февралына референдумду коюу тууралуу визасын койгон запискасы архивде сакталып турат.[2]

Конституциялык оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгынын негизи – "коомдук пикирлерди, арыз-даттанууларды, саясий партиялардын, өкмөттүк эмес уюмдардын кайрылууларын, жарандык институттардын "коомдук мамилеге, мамлекеттик аппараттардын ишмердигин жүзөгө ашырууга", "аткаруу бийлигинин структуралык органдарынын ишмердигине коомдук көзөмөлдүн эффективдүүлүгүнүн жогорулашына "позитивдүү күчтүү таасирлеринин изилденишине" шыл-таңган **"Кыргыз Республикасында конституциялык реформага даярдануу боюнча иш -чаралар жөнүндөгү"** Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы болгон.[3]Белгилей кетчү нерсе, конституциялык кеңешме кабыл алган долбоор 2002-жылдын 17-октябрында бүткүл элдик талкууга коюлган. Ушул максат үчүн атайын түзүлгөн конституциялык кеңешменин катчылыгы жарандар тарабынан, жарандык бирикмелер, кызыккан бардык тараптардан жана мекеме-уюмдардан берилген сын- пикирлерди, сунуштарды кабыл алып турган. Талкуунун мөөнөтү Президенттин жарлыгы менен эки жолу узартылып, 2002-жылдын 18-ноябрынан 2-декабрына чейин, 2-декабрдан 2003-жылдын 2-январына чейин жүрүп, эки жарым айга уланган.[4]

---

*[1]Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.2944. Б.31-62.*
*[2]Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. –Ф.1. Т.1. К.2944. Б.64-166*
*[3] Указ Президента Кыргызской Республики от 26 августа 2002 года №УП-235 « О мерах по подготовке конституционной реформы в Кыргызской Республике».*
*[4] Указы Президента Кыргызской Республики от 17 октября 2002 года №УП-278 «Об общенародном обсуждении поправок Конституции Кыргызской Республики».*

"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" мыйзам 2003-жылдын 2-февралында болуп өткөн референдумдун жыйынтыгы менен 2003-жылдын 18-февралында кабыл алынган. 2003-жылдын 2-февралында болуп өткөн референдумдун жыйынтыгы боюнча республика калкынын басымдуу көпчүлүгү 1993-жылдагы Конституциянын жаңы редакциясын жактырышканы белгилүү болгон.

Ошол 2003-жылдагы Кыргызстандагы конституциялык реформа төмөнкүлөрдү жаңылык катары киргизген:

- 1994-жылы республиканын парламенти эки палатага бөлүнгөн болсо, 2003-жылы алар кайра бириктирилген бир палаталуу парламент болуп калды;
- 1998-жылы депутаттык иммунитет алынып салынган болсо, 2003-жылы аны кайра калыбына келтиришкен;
- 1996-жылы Өкмөт мүчөлөрүнө парламенттин макулдугун берүү талабы алынып салынган, 2003-жылы ал тартип кайра калыбына келтирилген;
- Президент тарабынан мурдагы чегинүүсүнө карабай, 2003-жылдагы Конституция мамлекет башчынын бийлигин андан ары күчөтүү тенденциясын сактаган. Президентти ветодон ажыратуу мүмкүнчүлүгү төмөндөп, мыйзам күчүнө ээ болгон жарлык чыгаруу жөнүндөгү жобо дээрлик өзгөртүлбөй калган;
- референдумдар Президент тарабынан дайындалышы жана парламентти таркатуу үчүн негизге чек коюлбаган жобо сакталган;
- Өкмөттүн отставкасы жөнүндөгү маселени киргизүү Президентте калды;
- Өкмөттүн ишмердигине мурдагыдай эле ыйгарым укукка толук ээ болбогон премьер-министр жооп берет;
- Конституциянын жаңы редакциясынын нормаларына ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери кыйла кеңейтилген, алардын жөнгө салынышы деталдуу берилип, кепилдиги так аныкталган.

**Бешинчи этап**, Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолундагы өзгөчө этап болуп калды. Анткени бул жолку реформа, кыска убакыт аралыгында 2006-жылдын 30-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган 2006-жылдын 9-ноябрындагы №180 **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана**

**толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү"** жана 2007-жылдын 15-январындагы №2 "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү" мыйзамдардын кабыл алынышына байланыштуу болгон (Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун чечими менен 2007-жылдын сентябрында жокко чыгарылган).

Бул этаптагы реформа 2005-жылдагы Март революциясынын алкагында жана андан кийинки саясий бийликтин алмашкандыгынын натыйжасында жүзөгө ашырылгандыгын белгилей кетүү керек. Бул мезгил жаңы изденүүлөр, саясий туруксуздук, революциядан кийинки республиканын кайра түзүлүшү менен коштолгон. 2005-жылдын Март революциясынан кийин болуп өткөн коомдук-саясий жараяндар республикада кезектеги конституциялык реформа өткөрүү зарылдыгын далилдеди. Мындай кадамдар Кыргыз Республикасындагы саясий-укуктук системаларды реформалоо зарылдыгын айкын көрсөтө алды. Өлкөбүздүн Конституциясына киригизилген бардык өзгөртүүлөр бир топ натыйжаларга алып келди. Ал бийликтин баарын бир адамдын колуна, тагыраак айтканда, Президентке гана топтоштуруп берген мыйзамдуу жобону четке какты, биротоло жойду.Жогорудагыдай абалдан саясий элита, башка атуулдук коомдордун өкүлдөрү менен биргеликте конституциялык реформа жараянына катышууга аракет жасашкан.

2005-жылдын 25-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши **"Кыргыз Республикасында конституциялык кеңештин түзүлүшү жөнүндөгү жана конституциялык реформа өткөрүү жөнүндөгү токтомду"** кабыл алган.[1] Бул токтомго ылайык, конституциялык Кеңеш түзүлүп, анын төрагалыгына Жогорку Кеңештин төрагасы Ө.Ч.Текебаев шайланган. Конституциялык кеңештин курамына 114 мүчө киргизилип, алардын 57 мүчөсү жарандык коомдон, 37 мүчө Жогорку Кеңештин депутаттарынан, 10 мүчө аткаруу бийлигинин өкүлдөрүнөн, 10 мүчө сот органдарынын өкүлдөрүнөн турган. Ошол эле учурда токтомго ылайык жаңыдан түзүлгөн конституциялык Кеңеш өз ишин 2005-жылдын 28-апрелинен баштап, өлкөнүн конституциясын өзгөртүү боюнча өз ишмердүүлүгүн ошол жылдын 15-июнунда жыйынтыкташы белгиленген. Өз ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары конституциялык Кеңеш

[1] *КР БМА. –Ф.1445. ОП.1. –Д.1. –Л.161-162*

тарабынан "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү" токтом дарярдалышы керек болгон. Бул иш алар тарабынан өз мөөнөтүн, толугу менен аткарылган. Ошентип, 2005-жылы конституцияга негизги өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Ө.Ч.Текебаевдин башчылыгындагы конституциялык Кеңеш даярдап, тиешелүү талкуулардан өткөрүп, ишке киргизген.[9]

Баса белгилей кетчү дагы бир жагдай, Март революциясынан кийинки өзгөргөн кырдаалга, качкын Президент А.Акаевдин ордуна, экинчи, болочоктогу кандуу, качкын К.С.Бакиевдин президенттик кызматка расмий киришкендигин эске алуу менен Жогорку Кеңештин 2005-жылдын 1-сентябрындагы №449-111 "Конституциялык Кеңештин төрагасы жөнүндө" атайын токтому чыккан. Бул токтомго ылайык: "...Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2005-жылдын 25-апрелиндеги №181-111 токтому менен түзүлгөн Конституциялык Кеңештин иштеп чыккан Кыргыз Республикасынын Конституциясына түзөтүүлөрдү, өзгөртүүлөрдү бүткүл элдик талкуулоо боюнча жалпы мамлекеттик иш-чараларды андан ары жайылтуунун жана активдештирүүнүн зарылчылдыгына негизденип, конституциялык түзөтүүлөрдүн айрым жоболору боюнча жетишилген конституциялык реформаны жана макулдашууну иреттүү түрдө жүзөгө ашыруу тууралуу Кыргыз Республикасынын Президенти менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ортосундагы өз ара милдеттенмелердин шарттарын эске алып, мамлекеттик органдардын эл алдындагы жоопкерчилигинин принциптеринин көбелбестигине, алардын ишинде өз ара сабырдуулукту жана тең салмактуулукту сактоонун иштиктүү механизмин түзүү максатында мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосунда конституциялык ыйгарым укуктарды ойдогудай жана жеткиликтүү бөлүштүрүүгө негизденип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Президенти К.С.Бакиев Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2005-жылдын 25-апрелиндеги №181-111 токтому менен түзүлгөн Конституциялык Кеңештин төрагалыгына шайлансын...".[10] Андан ары ыйгарым төрага катары анын ыйгарым укугу аныкталган. Ошентип, Конституциялык Кеңештин

---

[9] *КР БМА. - Ф.1445. ОП.1. –Д.1. –Л. 162.*

[10] *Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. –Ф.1. Т.2. К.4021. Б.33-33-беттин арты.*

жетекчилигине мурдагы төрагасы, Жогорку Кеңештин төрагасы О.Ч.Текебаевдин ордуна жаңы шайланган Президент К.Бакиев шайланып, ал дагы тез эле Конституциядан өзүнө ылайык жылчык издегенге өткөнү маалым. Натыйжада ошол эле сентябрь айында мурда, апрель айында түзүлгөн Конституциялык кеңешменин төрагасы эле алмашпастан, кошумча ар түрдүү мамлекеттик органдар, 24 коомдук уюм жана 50 саясий партия тарабынан сунушталган деген шылтоо менен бир топ жаңы адамдардын эсебинен дагы толукталган.[1] Ошентип, 2005-жылкы элдин, мамлекеттин тагдырын чечкен конституциялык реформага жооптуу, ошол кездеги Президенттин талабына жараша өз вазыйпасын аткарган Конституциялык кеңешменин бардык 277 мүчөсү төмөнкү архивдик документтерде чагылдырылган.[2]

Тиркеме
Кыргыз Республикасынын Президентинин
2005-жылдын 6-октябрындагы № 445
Жарлыгы менен бекитилген

**Конституциялык Кеңештин**
**КУРАМЫ**

| № | Ф.А.Ж. | Иштеген жери, кызмат орду |
|---|---|---|
| 1 | К.С.Бакиев | Кыргыз Республикасынын Президенти, Конституциялык кеңешменин төрагасы |
| 2 | А.А.Сасыкбаев | "Интербилим" борбору, Конституциялык кеңешменин төрагасынын орунбасары |
| 3 | А.Т. Керимкулов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Конституциялык кеңешменин төрагасынын орун басары |
| 4 | Б.Р.Зулпиев | Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын юридикалык бөлүмүнүн башчысы, Конституциялык кеңешменин жооптуу катчысы |
| 5 | И.Абдразаков | Коомдук ишмер |
| 6 | А.Абдрасулова | "Кылым шам" коомдук фонду |
| 7 | Ө.Абдрахманов | Бишкек ишкер клубу |
| 8 | И.Э.Абдурасулов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 9 | Н.Т.Абдылдаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 10 | Н.К.Абдымажитов | Чүй областынын губернаторунун биринчи орунбасарынын кеңешчиси |
| 11 | Н.А.Аблова | Адам укугу жана мыйзамдуулукту сактоо боюнча бюро |
| 12 | Р.Авазбеков | "Эл аралык толеранттуулук үчүн" фондунун Баткен филиалынын директору |
| 13 | К.Ажибекова | Коммунисттик партия |

[1] *Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. –Ф.1. Т.2. К.4021. Б.48-66.*
[2] *Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. –Ф.1.Т.2.К.4021.Б.7-19.*

| | | |
|---|---|---|
| 14 | Б.Э.Ажикеев | "Вектор" ЖЧКнын директору |
| 15 | Н.Азимжанов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьясы |
| 16 | Ж.К.Азылов | Нарын областтык мамлекеттик администрациясынын башчысынын милдетин аткаруучу |
| 17 | Д.И.Аильчинова | Көз карандысыз журналист |
| 18 | И.Р.Айдаралиев | Талас областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы – губернатору |
| 19 | С.А.Айжигитов | Баткен абласттык мамлекеттик администрациясынын башчысынын - губернаторунун милдетин аткаруучу |
| 20 | Т.С.Айтбаев | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасы |
| 21 | К.Айтикеев | "БАТА" коомдук бирикмеси |
| 22 | А.Акматалиев | Нарын мамлекеттик университетинин ректору |
| 23 | Н.Ж.Алиев | Нарын областтык айыл чарба департаментинин директору |
| 24 | Э.Алиев | "Ар-Намыс" партиясы |
| 25 | А.Алишева | Региондук изилдөөлөр институту |
| 26 | А.Т.Алыбаев | Кыргызстан биримдик патриоттук партиясынын" төрагасы |
| 27 | Э.Ж.Алымбеков | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орунбасары |
| 28 | Т.Аидашев | "Алтын жээк" коомдук бирикмесинин төрагасы |
| 29 | А.А.Арабаев | Кыргыз мамлекеттик юридикалык академияга караштуу мыйзам чыгаруу жана салыштырмалуу укук таануу Институтунун директору |
| 30 | А.Арзиев | Юрист |
| 31 | Б.Арстанбекова | "Акыйкат жолу" коомдук бирикмесинин төрагасы |
| 32 | О.М.Артыкбаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 33 | С.Артыкбаев | "Эл биримдиги" коомдук бирикмесинин төрагасы |
| 34 | А.А.Артыков | Ош областтык мамлекеттик администрациясынын башчысынын - губернаторунун милдетин аткаруучу |
| 35 | Ж.Асаналиев | К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин тарых кафедрасынын окутуучусу |
| 36 | А.Атамбаев | Кыргыз Республикасынын Экономикалык өнүктүрүү, тышкы соода жана өнөр жай министринин милдетин аткаруучу |
| 37 | Ашыркул уулу Гокторбек | Адвокат |
| 38 | С.Ашырбеков | Адвокат |
| 39 | Ө.Т.Бабанов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 40 | Ч.Т.Баекова | Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун Төрагасы |
| 41 | К.К.Байболов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 42 | А.Б.Байбураева | "Балдарды сактайлы" фонду, долбоордун координатору |
| 43 | Ж.Байгуттиев | "Толубай" банкы |
| 44 | В.М.Баймлер | "ОРМЗнын" директору, Аламүдүн району, Чүй областы |
| 45 | Э.Байсалов | "Демократия жарандык коом үчүн" ӨЭУ коалициясы |
| 46 | А.Б.Байтиков | "Кыргызстан биримдиги патриоттук партиясы" саясий партиясы |
| 47 | Б.М.Байходжаев | "Ысык-Көл Инвест" банкы |
| 48 | О.Бакиев | Курулуп жаткан ГЭСтердин башкы директору |
| 49 | А.З.Бакиров | Журналист |
| 50 | А.К.Бакыев | Кыргызстан жаштар партиясы |

| | | |
|---|---|---|
| 51 | Р.Ш.Баратов | ООНдун улуттук волонтеру, жергиликтүү өзалдынча башкаруу боюнча адис, Талас шаары |
| 52 | К.Б.Бекмуратов | Педагог |
| 53 | Т.Н.Беков | Агробизнестин атаандаштыгы Борборунун директору |
| 54 | К.А.Бектемиров | Укук коргоочу |
| 55 | С.Белеков | БМЗнын директорунун орун басары |
| 56 | К.Бердалиев | Дыйкан чарбасынын жетекчиси, Бакай ата району |
| 57 | А.Бердыев | "Адамдын укугу жана демократия боюнча борбор" ӨЭУнун директору |
| 58 | Ж.Биримкулов | "Борбордук Азия тынчтык үчүн" фонду |
| 59 | А.Биялинов | Политолог |
| 60 | Б.Ү.Бозгорпоев | Ысык-Көл областтык кеңешинин төрагасы |
| 61 | М.А.Борбиев | "Тегирмен" ЖЧКнын директору |
| 62 | Т.Боромбаева | "Эл мурас" партиясы |
| 63 | Р.Бостонов | Ишкер |
| 64 | Н.А.Вовнейко | №4 орто мектептин директору, Майлуу-суу шаары |
| 65 | З.Вудженьо | "Панацея" коомдук бирикмесинин төрагасы, Александровка айылы |
| 66 | И.Т.Ганиткулов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 67 | А.Гафаров | Дыйкан чарбасы, Ноокат |
| 68 | Л.В.Гутниченко | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы |
| 69 | А.А.Давлетов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасынын биринчи орунбасары |
| 70 | А.Жекшенкулов | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министри |
| 71 | Ж.Жолдошев | "Курманжан датка" фонду |
| 72 | М.К.Жураев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 73 | Ж.А.Жээнбеков | Жалал-Абад областтык мамлекттик администрациясынын башчысынын губернаторунун милдетин аткаруучу |
| 74 | В.И.Диль | Кыргызстан калкы Ассамблеясы |
| 75 | Г.Доморбекова | № 5 орто мектептин мугалими, Таш-Көмүр шаары |
| 76 | Ж.Д.Досматов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Төрагасынын биринчи орун басары |
| 77 | И.Досонов | Аксы аймактык ооруканасынын хирургу |
| 78 | О.Дүйшеев | Коммунисттер партиясы |
| 79 | А.А.Дүйшөмбиев | Көз карандысыз илимпоз юристтер ассоциациясы |
| 80 | К.С.Дыйканбаев | Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттар Конгрессинин вице-президенти |
| 81 | З.И.Жамалдинов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 82 | А.Жаманкулов | Ишкер |
| 83 | З.Жамашев | Коомдук ишмер |
| 84 | Н.Б.Жангараев | Кыргыз Республикасынын ИИМдин басма сөз кызматынын начальниги |
| 85 | Д.Жандаралиев | Көз карандысыз юрист |
| 86 | Ж.Жандаралиев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун аппаратынын жетекчиси |
| 87 | А.Ү.Жапаров | Кыргыз Республикасынын Финансы министринин милдетин аткаруучу |
| 88 | С.Ш.Жээнбеков | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 89 | Ж.Жекшеев | Коомдук ишмер |
| 90 | В.Г.Житенова | "Акниет күчтөрдүн союзу" ӨЭУ |

| | | |
|---|---|---|
| 91 | К.Жолдошбаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 92 | I.Жолмухамедова | журналист |
| 93 | Т.А.Жоробеков | Ош шаардык кеңешинин депутаты |
| 94 | Т.Жумабаева | "Көк Теңир" коому |
| 95 | Д.И.Жусупов | "Жетиген ынтымак" үй куруучулар кыймылы |
| 96 | Р.Жусупова | "Эркайым аялдардын коомдук бирикмеси" |
| 97 | З.А.Зажигаева | Фомова атындагы калкты социалдык жактан коргоо коомдук бирикмесинин төрагасы |
| 98 | Н.Имакеев | Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо Агенствосу (АРИС) |
| 99 | К.К.Имаралиев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 100 | Э.Иманкожоева | "Карек" ӨЭУ |
| 101 | Ж.Исаков | Ош шаарынын мэри |
| 102 | И.И.Исаков | Кыргыз Республикасынын Коргоо министри |
| 103 | К.А.Исаков | Ош мамлекеттик университетинин проректору |
| 104 | Э.Исаков | Кыргызстан жергиликтүү жамааттар жана дыйкандар (фермерлер) партиясы |
| 105 | Э.А.Исаков | Ысык-Ата аймактык ооруканасынын башкы врачы |
| 106 | И.И.Исамидинов | Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректорунун милдетин аткаруучу |
| 107 | Б.Исмаилов | "Ала-Тоо" коомдук бирикмеси |
| 108 | Т.К.Исмаилова | "Жарандар коррупцияга каршы" укук коргоо борбору |
| 109 | А.Исраилов | "Чоң казык" кредиттик союзунун төрагасы. Кара-Кулжа району |
| 110 | К.Каамытов | Кыргызстан укук коргоочулар кыймылы |
| 111 | А.Кадырова | Көзкарандысыз журналист |
| 112 | Б.К.Кадыркулов | Токмок шаардык кеңеши |
| 113 | Р.Кадырова | "Эл аралык толеранттуулук үчүн" коомдук фонду |
| 114 | М.Т.Каипов | Кыргыз Республикасынын Юстиция министри |
| 115 | А.А.Калыбаева | Социалдык адвокатура коомдук фонду |
| 116 | К.А.Каниметов | Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын экономикалык саясат бөлүмүнүн башчысы |
| 117 | Э.С.Каптагаев | "Улуу биримдик" улуттук-демократиялык партиясы |
| 118 | Э.Ө.Карабаев | Коомдук ишмер |
| 119 | У.С.Каратаева | ЦГСЭН башкы врачынын орунбасары, Ош шаары |
| 120 | С.С.Касманбетов | КР Жогорку Кеңешинин Аппаратынын жетекчисинин орунбасары |
| 121 | А.Касымбаев | Ош областынын Базар-Коргон райондук ардагерлер кеңешинин төрагасы |
| 122 | К.Касымбеков | Бакай ата райондук кеңеши |
| 123 | А.Касымов | "Педагогдор жарандык коом үчүн" коомдук бирикмеси |
| 124 | А.К.Келдибеков | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 125 | Т.Кененсариев | Ош мамлекеттик университетинин биринчи проректору |
| 126 | А.Ш.Кенжетаев | Кыргыз Республикасынын маалыматтык ресурстар, технологиялар жана байланыш Улуттук агенттигинин директору |
| 127 | Д.Кенжетаев | Ишкер |
| 128 | К.Керезбеков | Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын ректору |
| 129 | Т.К.Койчуев | Экономикалык жана социалдык реформалар борборунун |

| | | |
|---|---|---|
| | | директору |
| 130 | С.Колдошева | Алабука райондагы "Сергектик жана кайрымдуулук" коомдук бирикмесинин жетекчиси |
| 131 | К.Т.Конгантиев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 132 | Х.З.Коркмазов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 133 | А.К.Кочкоров | Баткен областтык кеңешинин өкүлү |
| 134 | А.Кочкорбаев | Фермер, Арашан айылы, Талас району |
| 135 | Р.Кошмуратов | "Алмаз" радиосу |
| 136 | А.Ш.Кошобеков | "Акмарал" фирмасы |
| 137 | А.Б.Красин | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүктүрүү боюнча агентиктин директору |
| 138 | Ш.Кудабаева | "Ынтымак" партиясы |
| 139 | Т.И.Калмурзаев | Чүй областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатору |
| 140 | Ф.Ш.Кулов | Кыргыз Республикасынын Премьер-министри |
| 141 | Э.Кулупбаев | "Кыргызстан келечеги" партиясынын координатору |
| 142 | Т.Курманалиев | "Жаз толкун" коомдук бирикмесинин төрагасы |
| 143 | А.Т.Курманов | Чүй райондор аралык сотунун төрагасы |
| 144 | З.К.Курманов | "Менин өлкөм" партиясы |
| 145 | С.Кушубаков | "Шамшыкал" агрокурулуш фирмасынын президенти |
| 146 | М.Лисицына | Жаштардын укук коргоо тобу |
| 147 | С.Маатов | Ош шаардык сотунун төрагасы |
| 148 | А.К.Мадумаров | Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри |
| 149 | Ш.Ю.Майчиев | Юристтер ассоциациясы |
| 150 | К.Макеев | "Кыргызстан келечеги" партиясынын Нарын областы боюнча өкүлү |
| 151 | К.Макенбаева | "Психикалык саламаттык жана коомдук" коомдук фонду |
| 152 | Ю.Максимов | Адвокат |
| 153 | Ж.Максимова | "Сары-Өзөн" Чүй телерадиокомпаниясынын төрагасы |
| 154 | Б.Малабаев | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын мүчөсү |
| 155 | О.А.Малеванная | Коомдук ишмер |
| 156 | М.Т.Мамасаидов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 157 | А.Мамасалиев | "Келкел" тынч каршы туруу жарандык компаниясы |
| 158 | К.Мамбеталиев | Нарын областтык үй бүлөлүк дарыгерлер тобунун башкы врачы |
| 159 | К.И.Мамбеталиев | "Журналисттер" коомдук уюму |
| 160 | О.Ш.Мамаюсупов | Коомдук ишмер |
| 161 | Э.А.Мамыркалиев | Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министринин кеңешчиси |
| 162 | Б.М.Мамытов | Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын юридикалык бөлүмүнүн башчысы |
| 163 | Б.Марипов | "Эл үнү" партиясы |
| 164 | И.М.Масалиев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 165 | К.Масиров | Чүй областынын Москва райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы |
| 166 | С.Медеров | "Марка Аудит" компаниясы |
| 167 | Ш.Медетбеков | Кыргыз Республикасынын агрардык партиясы |
| 168 | М.М.Миррахимов | Демократиялык коопсуздук кеңеши |
| 169 | К.М.Молдобаев | Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору |

| | | |
|---|---|---|
| 170 | К.С.Молдогазиева | "Древо жизни" өнүктүрүү борбору |
| 171 | К.Молдокасымов | Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадио берүү корпорациясынын президенти |
| 172 | М.О.Мукашев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 173 | М.Мураталиев | "Бак Доолот" коомдук бирикмеси |
| 174 | Р.М.Мурзалимов | СПС долбоору |
| 175 | Б.Мурзубраимов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 176 | Б.Назаралиев | "Кыргыз ордо" гезитинин башкы редактору |
| 177 | А.А.Назаров | "Жакшылык" дыйкан чарбасынын жетекчиси, Сокулук району |
| 178 | Д.И.Нарымбаев | Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктуу өкүлү |
| 179 | М.Ниязакунов | Нарын областынын Ак-Талаа районундагы куртка айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 180 | М.Ж.Ниязов | Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы |
| 181 | А.Н.Ниязова | Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги гендердик өнүктүрүү боюнча атайын өкүлү |
| 182 | А.Ногоев | Бишкек шаарынын мэри |
| 183 | Нур уулу Досбол | Кыргыз Республикасынын Билим берүү министри |
| 184 | А.Нургазиев | Кыргызстан үй куруучулар партиясы |
| 185 | Р.М.Нурматов | "Алга, Кыргызстан" биримдик жана өнүктүрүү партиясы |
| 186 | Д.Нусупов | "Асаба" партиясы |
| 187 | С.Нышаналиев | "Аксы" коому |
| 188 | К.Б.Өмуралиев | Кыргызстан эркин күрөш боюнча курама командасынын машыктыруучусу |
| 189 | Э.К.Өмуралиев | Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын башчысынын – губернатору-нун милдетин аткаруучу |
| 190 | И.Ш.Өмүркулов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 191 | Р.Ооолбеков | "Кыргызстан биримдик патриоттук партиясы" саясий партиясы |
| 192 | Б.А.Орел | Чүй областынын Аламүдүн районундагы «Ветка» айыл чарба кооперативинин төрагасы |
| 193 | А.Ормонов | «Интербилим-Алавида» долбоорунун машыктыруучу-консултанты |
| 194 | Э.Осмоналиева | Кыргызстан студенттеринин Союзу |
| 195 | А.Осмонов | Экономист |
| 196 | К.Э.Осмонов | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрагасы |
| 197 | О.М.Панкратов | Ысык-Көл областынын ишкерлер Союзунун төрагасы |
| 198 | К.Райымбеков | "Аксы" коому, аткаруучу директору |
| 199 | К.Райымкулов | «Эне тилим -ыйык мурасым» улуттук кыймылы |
| 200 | М.Рустамбеков | "Кыргызстан келечеги" партиясы |
| 201 | А.О.Рысбекова | Кыргызстан элдик кыймылы |
| 202 | А.Рыскулова | Кыргыз Республикасынын Миграция жана калкты иш менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасы |
| 203 | Б.Р.Рыскулова | Аялдар жана үй-бүлө үчүн «Сезим» кризистик психологиялык борбору |
| 204 | Д.М.Сабиров | Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 205 | А.Сагындыков | Кыргызстан ишкерлер Союзу |
| 206 | Садык Шер-Нияз | Омбудсмен институту |

| | | |
|---|---|---|
| 207 | Садыр уулу Жумагазы | «Арыш» коомдук бирикмеси |
| 208 | Д.Садырбаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 209 | К.Садыров | Сокулук районунун аргоенөр жай комплексинин кесиптик бирлик комитетинин төрагасы |
| 210 | Б.Сайдылдаев | Кыргыз Республиекасынын Жогорку Сотунун референти |
| 211 | Р.А.Салиев | Бишкек шаардык сотунун төрагасы |
| 212 | К.С.Самаков | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 213 | А.С.Сапарбеев | Кыргыз калкынын Ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн төрагасы |
| 214 | Т.А.Сариев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 215 | Д.И.Сарыгулов | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы |
| 216 | Ж.Ж.Сатыбалдиев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 217 | Б.Сатыбалдиева | Карабуура районундагы Субанбек атындагы орто мектептин мугалими |
| 218 | Т.Сеитов | «Жаңы Кыргызстан» партиясынын областтык бөлүмүнүн жетекчиси |
| 219 | Г.Г.Семененко | Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык жактан коргоо министри |
| 220 | Г.А.Скрипкина | Адвокат |
| 221 | А.Ф.Султанбеков | Кыргыз Республиккасынын Президентине караштуу Башкаруу академиясынын ректору |
| 222 | М.А.Султанов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты |
| 223 | М.А.Суталинов | Кыргыз Республикасынын ички иштер министри |
| 224 | И.Сыдыков | Адвокаттар ассоциасиясы |
| 225 | К.Сыдыкова | «Эл-эне» аялдар партиясы |
| 226 | Б.Б.Табалдиев | Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун милдетин аткаруучу |
| 227 | Р.Т.Тагаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 228 | М.Тазабеков | Экономикалык иш институту |
| 229 | К.Талиева | Жалалабат областык мамлекеттик администрациясынын башчысынын орунбасары |
| 230 | Д.Ташбулатов | «Эл журту» ассоциациясы |
| 231 | К.К.Ташиев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты |
| 232 | С.Ташматов | "Элдик биримдик" элдик-патриоттук партиясы" саясий партиясы |
| 233 | О.Ч.Текебаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты |
| 234 | К.Т.Темирбаев | Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин биринчи орунбасары - уюштуруу иштер жана малекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнүн башчысы |
| 235 | Г.Темирбекова | Талас шаарындагы жарандык демилгени өнүктүрүү борбору |
| 236 | М.Тилебалиева | Кризисттик борборлор ассоциациясы |
| 237 | А.М.Товмаш | Ош шаарындагы № 61 «Журавушка» балдар бакчасынын башчысы |
| 238 | О.А.Тогусаков | Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун директору |
| 239 | Ю.Ж.Тойчубеков | «Манас-Ата» коомунун президенти |
| 240 | И.Н.Токоев | Кыргыз калкынын Ассамблеясынын төрагасы |
| 241 | Г.А.Токомбаев | Республикалык элдик партия |

| | | |
|---|---|---|
| 242 | М.Токомбаева | Кара-Балта шаарындагы укук жана техника техникумунун директору |
| 243 | Э.Токтомамбетов | Чүй облусттук сотунун төрагасынын орунбасары |
| 244 | М.Токтомушев | Көрөөн шаарынын аксакалдар сотунун төрагасы |
| 245 | Э.Токторов | ОшМУнун юридикалык факультетинин деканы |
| 246 | Б.Г.Түгөлбаева | «Диамонд» ассоциациясы |
| 247 | Б.Түлөбаев | "Кыргызстан келечеги" партиясынын төрагасы |
| 248 | Т.Т.Тургуналиев | "Эркиндик" партиясы |
| 249 | М.Т.Түркменов | Токмок шаарындагы № 34 ДЭПтин начальниги |
| 250 | А.А.Турсунбаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 251 | К.К.Турсунбаев | Талас областынын Манас аймактык ооруканасынын врачы |
| 252 | Турсунбек Акун | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу адам укугу боюнча комиссиясынын төрагасы |
| 253 | Ч.Турсунбеков | Бишкек ишкерлер союзу |
| 254 | К.Турумбеков | «Кайран эл» партиясы |
| 255 | Б.А.Тухтаматова | Бабур атындагы Ош өзбек академиялык музыкалык-драма театрынын директору |
| 256 | Б.Тыналиев | Фермер, Ананьево айылы, Ысык-Көл областы |
| 257 | Э.С.Үметалиев | Туроператорлор ассоциациясы |
| 258 | С.И.Урмаиаев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 259 | Т.У.Усубалиев | Коомдук ишмер |
| 260 | Ш.Үтөбаев | Коомдук ишмер |
| 261 | В.П.Хон | Кыргызстан экономикалык кайра жаралуу партиясы |
| 262 | В.П.Цой | "Инсайт" акционердик коомунун директору |
| 263 | Д.Чотонов | «Ата Мекен» партиясы |
| 264 | А.И.Чудиов | юрист |
| 265 | Р.Чымыбаев | "Кыргызстан келечеги" партиясынын төрагасынын орунбасары |
| 266 | Р.Шаботоев | "Элдик биримдик" элдик-патриоттук партиясы" саясий партиясы |
| 267 | А.А.Шадиев | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 268 | Т.Шайхутдинов | «Бирге» жаштар кыймылы |
| 269 | Ч.Б.Шамшиев | Көз карандысыз экономист |
| 270 | В.И.Шаповалов | Ж.Баласагын атындагы КУУнун илим боюнча проректору |
| 271 | С.Шаршеев | Адвокат |
| 272 | М.Шеримкулов | Коомдук ишмер |
| 273 | Б.Э.Шерниязов | Кыргыз Республикасынын ЖогоркуКеңешинин төрагасынын орунбасары |
| 274 | А.Э. Эркебаев | Коомдук ишмер |
| 275 | З.С.Эсенаманов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| 276 | А.К.Эстебесов | "Даанышман" кайрымдуулук фонду |
| 277 | М.А.Эшимканов | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |

Дал ушул Конституциялык кеңештин мүчөлөрү 2005-жылдагы Март революциясынан кийинки саясий, коомдук, тарыхый шартта жаңы Кыргызстандын жаңы Конституциясын иштеп чыгышкан, анын ар бир беренесине макул болуп, кол койгон, элибиздин, мамлекетибиздин

келечегинин дагы бир тепкичине көтөрүүгө өбөлгө түзгөн адамдар болуп калышты.[13]

Кыргызстандын Конституциясынынжаңы редакциясы күчүнө кирген. Ошентип, бул жолку конституциялык реформанын жыйынтыгында, кыргыз мамлекетинин Конституциясынын жаңы редакциясына төмөнкүдөй олуттуу жаңылыктар киргизилген:

• мамлекет күчтүү Президент, күчтүү парламент, күчтүү Өкмөттү көрсөтө турган **президенттик-парламенттик** башкаруу формасына өттү.

• Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 90 депутаттан туруусу аныкталды, буга чейин алардын саны 75 болчу, шайланган мөөнөтү беш жыл жана алардын 50 пайыздан кем эмеси пропорционалдык системадан шайланып келиши белгиленди;

• республиканын сот адилеттиги иши боюнча Улуттук кеңештин сунушу боюнча Президент Конституциялык Соттун, Жогорку Соттун судьясы кызматына талапкерлерди шайлоо үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине көрсөтөт. Судьялардын иштөө мөөнөтү узартылып, алардын көз карандысыздыгы күчөтүлдү. Мындан ары судьяларды тандоо, алардын талапкерлигин бекитүү үчүн Президентке жана депутаттарга киргизүү иши менен Президенттик администрация эмес, сот адилеттиги боюнча атайын түзүлгөн Улуттук кеңеш алектенет;

• мамлекеттик башкаруу органдарына гендердик тең салмактуулук киргизилди;

• жарандардын укуктары кеңейтилди, республикада өлүм жазасы жоюлду;

• орус тилинин расмий тил катары статусу сакталып калды;

• мамлекет тарабынан жарандардын кош жарандуулукка ээ болушу таанылды;

• учурдагы турмушту жеңилдетүү үчүн, баарынан мурда, кыргыздардын эмгек мигранттарынын жашоосуна жеңилдиктерди алып келүү үчүн кош жарандуулук институту киргизилди;

---

*[13] Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын 2005-жылдын 6-октябрындагы №445 материалдары.–Ф.1.Т.2.К.4021.Б.1-32.*

- бардык цивилизациялык өлкөлөрдө кабыл алынгандай эле өкүм соттун чечими боюнча жүргүзүлөт. Буга чейин бул ыйгарым укук прокуратурада болгон;
- Конституциянын жаңы редакциясы боюнча мамлекет ар бир жаранын мамлекеттик тилде жана эки чет тилинде окутууга миллеттүү болгон;
- Өкмөттү пропорцианалдык система боюнча шайланган депутаттардын санынан 50 пайызынан көбүнөн добуш алган саясий партия түзөт. Ошондой эле ал премьер-министрдин талапкерлигин бекитүүгө Президентке сунуш киргизет. Эгерде, партиялардын эч бири шайлоодо 50% добуш ала албаган болсо, анда жеңүүчү партияны Президент өзү аныктап, ага Өкмөттү түзүүнү жана премьер-министрдин талапкерлигин көрсөтүүнү тапшырат;
- парламент Өкмөткө ишеним көрсөтпөй коюшу мүмкүн. Өкмөт парламенттен колдоо таппай калган учурда – Президент арбитр катары кирише алат. Өкмөттүн отставкага кетишин же парламенттин таркатылышын ал өзү чече алат;
- парламентте ошондой эле Өкмөттүн айрым мүчөсүнө ишеним көрсөтпөй коюу укугу жаралды. Мурдагы Конституцияларда мындай норма болгон эмес. Өкмөт мүчөлөрүнүн баары кеткен же арасынан бирөөнө ишеним көрсөтүлбөй калган эмес.

Ошентип, бул жолку реформада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясына ылайык, баарынан мурда, оппозиция менен бийликтин ортосундагы көптөн бери күттүргөн компромисске жетишүү таанылган. Айрым тараптардын көз карашы боюнча, мында көп иштин маңызы боюнча мамлекеттик курулуштун туруктуу модели, мамлекеттик-укуктук өнүгүү жолунун оптималдуу жолу табылган. Конституциянын жаңы редакциясынын кабыл алынышы өлкөдөгү саясий, экономикалык, административдик, башкаруу, социалдык реформалардын негизин түзгөн. Баш мыйзам өлкө жарандарынын укуктарын, эркиндигин биринчи орунга коюп, коррупциянын гүлдөп өсүшүнө жол бербеген негизги, тарыхый, саясий мааниге ээ документ болуп калды.

Ошол учурдун дагы бир маанилүү иш кагазы болуп, Жогорку Кеңештин 2006-жылдын 8-ноябрындагы (№1339-111) "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү"

“Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору жөнүндөгү” токтому, 2006-жылдын 8-ноябрындагы (№1/181-06) “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү” мыйзам долбооруна **“Конституциялык мыйзам чыгаруу, мамлекеттик түзүлүш, мыйзамдуулук, соттук-укуктук реформалар, адам укугу боюнча Жогорку Кеңештин корутундусу”** эсептелет.[14]

Андан көп өтпөй, 2006-жылдын 30-декабрында республикабыздын Жогорку Кеңеши “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү” мыйзамды биринчи окуудан кийин кабыл алышкан. Бул токтомдун I бөлүгүнө ылайык:

1. 2006-жылдын 9-ноябрындагы №180 токтому менен “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү “Кыргыз Республикасынын мыйзамы күчүн жоготту” деп таанылган.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2006-жылдын 8-ноябрындагы №1340-III “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү” “Кыргыз Республикасынын мыйзамын биринчи окуудан кийин кабыл алуу жөнүндөгү токтому” күчүн жоготту деп таанылган.

3. “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү” “Кыргыз Республикасынын мыйзамын экинчи окуудан кийин кабыл алуу жөнүндөгү” республиканын Жогорку Кеңешинин 2006-жылдын 8-ноябрындагы №1341-III токтому күчүн жоготту деп таанылган.[15] Экинчи бөлүктө редакцияга тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.[16]

**Алтынчы этап,** Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолунун бул этабы 2007-жылдын 14-сентябрындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү” мыйзамына, 2007-жылдын 21-октябрындагы референдумдун натыйжасына, 2007-жылдын 23-октябрында Конституциялык сот тарабынан кабыл алынган № 157 чечим менен байланышта.

Бул ирет конституциялык реформага каршы чыккандар көп болгондугун баса белгилеп кетишибиз керек. Алар конституциянын долбооруна 2007-жылда сунушталган өзгөртүүлөр, саясий күчтөрдүн

---

*[14] Текущий архив Жогорку Кенеша. -Дело №01-1 Постановления №№1312-1341 3-го созыва Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и документы к ним. –Л.62,161, 232*

*[15] Текущий архив Жогорку Кенеша. -Дело №01-1. Постановления №№1312-1341 3-го созыва .. -Л.74,75,77.*

*[16] Текущий архив Жогорку Кенеша. -Дело №01-1. Постановления №№1312-1341 3-го созыва -Л.77-115.*

ордуна коюп, текшерүү системаларын салмактуу күчтөрдү баш көтөртпөй, жаңы Президенттин бийликти узурпациялашына, Жогорку Кеңешти партиялык коррупцияга алып бара турган партиялык тизме менен түзүлө турган жолго алып барышын белгилешип, конституциялык жаңы реформаны өнүгүү жолу катары эмес, кризистик процесс ж.б. көптөгөн терс көрүнүштөр катары мүнөздөшкөн.[1]

Кыргызстандагы конституциялык реформанын алтынчы этабында Баш мыйзамга төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилген:

- Президенттин негизги ролу баса белгиленген, ошондой эле Өкмөткө караганда Президенттин ыйгарым укуктары көбөйтүлгөн. Өкмөттү түзүү учурунда, анын структурасын аныктоодо, мындан тышкары Президент алдында Өкмөттүн отчеттуулугунда, милдеттүүлүгүндө Президентке ашыкча ыйгарым укуктар берилген;
- Премьер-министр Президентке коргонуу жана коопсуздук маселесин жетектеген Өкмөт мүчөлөрүнөн башка мүчөлөрүн сунуш кылат;
- Премьер-министр менен кеңешүү менен жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын дайындоо, аларды кызмат ордунан бошотуу ыйгарым укугу Президентке берилген;
- Өкмөттүн, аткаруу бийлигинин башка органдарынын ж.б. нормативдик-укуктук аракеттерин токтотуу ыйгарым укугу Президентке берилген;

Жогоруда көрсөтүлгөндөй парламенттик оппозиция, атуулдук коомчулук менен узак убакка созулган күрөштүн натыйжасында, экинчи Президент аргасыздан конституциялык реформага барууга мажбур болду. Анын натыйжасында өлкөнүн конституциялык реформалоо жолунда, анын алтынчы этабында жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр киргизилди. Бул кыргыз тараптын өзгөртүүсү.

Бирок 2007-жылдын 14-15-декабрындагы Кыргызстандагы конституциялык реформанын шарттары жөнүндөгү эл аралык Венециялык комиссиянын корутундусунда бул жолку редакциянын бир катар терс учурлары белгиленген:

1. Конституциянын сунушталган редакциясында авторитаризм тенденциясы күч алган.

---

[1] *ИА «24 kg» 10 октября 2007 года.*

2. Өлкө Президентинин бийлик бөлүштүрүү принциптеринин бузулушу баамдалган.

3. бийликтин жүргүзгөн аракетине жарандык коом тарабынан көзөмөл жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүгүнүн жетишсиздиги;

4. мамлекеттик бийликти күч менен алмаштыруу тобокелчилиги, анын таасиринде тынчтык жолу менен бийликти өткөрүп берүү механизминин жоктугу.[18]

Бул көз карандысыз Венециялык комиссия көп нерсеге көз жумуп койгондой. Болбосо, 2007-жылдагы конституциялык реформадан кийинки бийлик системасын көптөгөн көз карандысыз эксперттер – 2010-жылдын 7-апрелиндеги каргашалуу окуяга алып келген, Бакиевдин криминалдык-үй-бүлөлүк башкаруусу катары баалашкан.

Жогорудагылардын баары Кыргыз мамлекетинин 1993-жылы кабыл алынган Конституциясына, Кыргызстандын 1996-жылдан баштап 2007-жылдарда жүргүзгөн конституциялык реформаларын камтыды.

**Жетинчи этап**, конституциялык реформанын бул этабы Апрель революциясынан кийинки 2010-жылдын 27-июнунда өткөрүлгөн референдумга байланыштуу.

**Сегизинчи этап**, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын акыркы, сегизинчи этабы 2016-жылдын 11-декабрындагы референдумга туура келет.

Биз бул акыркы эки этапка бул бөлүмдө токтолбойбуз. Анткени өлкөбүздөгү олуттуу, зор тарыхый, саясий жана укуктук мааниге ээ болгон конституциялык реформалардын жетинчи, сегизинчи этаптары боюнча өзүнчө кийинки бөлүктөрдө кеңири токтолуп, кеп кылабыз.

---

[18] *Донжибаев А.А. Конституционные реформы в кыргызской Республике//Кыргызская государственная юридическая академия при Правительстве Кыргызской Республики. Журнал актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук №3, декабрь 2016 года. С.53.*

## 2.2. 2010-ЖЫЛДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАНЫН ДАЯРДАЛУУ ТАРЫХЫ

Конституциялык реформанын кезектеги жетинчи этабы 2010-жылдагы Апрель революциясынан кийин башталган. 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин Кыргыз Республикасында бийликке, өлкөбүздү жетектөөгө келген Убактылуу Өкмөт бардык ыйгарым укуктарды бириктирип - мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигин, Президенттик бийликти өзүнө алган. Дал ошол күнү, 2010-жылдын 7-апрелинде, мамлекеттик башкаруу жоопкерчилигин Элдик курултай өзүнө алып, анын Аткаруу комитетин Р.Отунбаева жетекчиликке алган. Ошондон улам, Р.Отунбаеванын жетекчилиги алдында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү түзүлгөн. Ошол күндөрү тегин жерден Ө.Текебаев: **"...Бийлик толугу менен 14 адамдан турган Убактылуу Өкмөттүн колуна өттү. Эми биз Өкмөт, биз Парламент, биз өлкөнүн Президенти болобуз. Ооба, бул татаал жана жакшы эмес маселе, бирок башка чечим жок..."**– деп айтпаптыр.[1] Ошол эле күнү Убактылуу Өкмөттүн башчысынын Убактылуу Өкмөттүн курамы жөнүндөгү жарлыгы чыккан. Ошентип, Убактылуу Өкөттү **Р. Отунбаева** өзү жетектеп, биринчи орун басары **А.Атамбаев**, орун басарлары **А.Бекназаров, Ө.Текебаев, Т.Сариев** - ошол эле учурда каржы министри, Коргоо министри **И.Исаков**, Ички иштер министри **Б.Шерниязов**, УККнын төрагасы **К.Дүйшөбаев**, Аппарат башчысы, УӨ мүчөсү **Э.Кантагаев** дайындалган.[2] Дал ушул адамдар өлкөбүздүн оор учурунда мамлекетибиз үчүн жоопкерчиликти алышып, мамлекеттик түзүлүштүн жаңы өнүгүү жолуна алып чыгышты. Ошол эле кезде мурдагы Мамлекеттик коргоо кызматы жоюлган.[3] Ошентип, 2010-жылдын 7-апрелинен Кыргыз мамлекетинин кайра жаралуусу жаңы шарттарда, жаңыча нукта башталган. Өлкөбүздө эркин демократиялык шайлоо мүмкүнчүлүгү жаралды. Коррупция менен катуу күрөш башталды. Энергетикалык, транспорттук, азык-түлүк жактан көз карандысыздыкты камсыздоо боюнча натыйжалуу иш-чаралар кабыл алынып, аскер реформасы жүргүзүлө баштаган.

---

[1] *Ош шамы. 2010-ж., 19-апрель. –С.3; Вечерний Бишкек, 22 февраля 2013 г. -С.8.*

[2] *Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. Ф.1. Т.2. К.7535. Б.58-62, 85-87; Нормативные акты Кыргызской Республики. –Бишкек, 2010, апрель, №16. -С. 7-10; Ош шамы. 2010-ж., 19-апрель.*

[3] *Там же. -С.10-11.*

2010-жылдын 7-апрелинде Убактылуу Өкмөт №1декретине кол койгон. Ал декретке ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы кабыл алынганга чейин, 2007-жылдын 21-октябрында референдум жолу менен кабыл алынып, учурда иштеп жаткан Конституциянын ушул декретке карама-каршы келбеген бөлүктөрү иштин улантат деп баса белгиленген. Ал эми 2010-жылдын 21-апрелинде Убактылуу Өкмөттүн Кыргызстандын Конституциясы боюнча референдумга даярданууга жоопттууларды аныктаган жана анын графигин бекиткен №13-токтому кабыл алынган. Анын маанилүү бөлүктөрүнүн көпчүлүгүндө жооптуу тарап катары бир эле адам Убактылуу Өкмөттүн төрагасынын орун басары Ө.Текебаевдин аты аталган. Ошону менен эле ага төмөнкүлөр тапшырылган:

- жаңы Конституция долбоорунун даярдалышы;
- жаңы Конституциянын долбооруна талкуу уюштуруу;
- Конституция долбоорун массалык маалымат каражаттарында жарыялоо жана талкууну уюштуруу;
- 2010-жылдагы жаңы Конституциянын жыйынтыктоочу, акыркы редакциясын даярдоо.[22]

Ошентип, өлкөбүздүн Убактылуу Өкмөтү Ө.Текебаев жетектеген топко Кыргызстандын жаңы Конституциясынын долбоорун кыска убакыт аралыгында даярдап чыгуу милдетин жүктөгөн.

Баса белгилей кетчү жагдай, ага чейин эле референдум өткөрүү боюнча убактылуу БШК түзүү жана анын төрайымы катары Т.Исмаилованы дайындоо, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору ж.б. тууралуу маселелер УӨ 21-апрелиндеги №1 протоколу бар. Аталган протокол 2010-жылкы Апрель революциясынан кийинки алгачкы күндөрү эле ошол кездеги коомдук-саясий шартка жараша, Кыргыз Республикасынын Конституциясын өзгөртүү, түзөтүү жана толуктоолор боюнча маселени карашканы маалым болду. Жогорудагы протоколдун 8-маселеси "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору" деп аталып, ага жооптуулар **О.Ч.Текебаев, Р.И.Отунбаева, А.Ш.Атамбаев, Т.А.Сариев, Э.С.Каптагаев, И.Ш.Омуркулов, Д.Т.Чотонов, Э.С.Ибраимова, И.И.Искакова, Т.Тургуналиев, И.Д.Кадырбеков** болушкан.[23] Демек,

---

[22]*Акипресс 25 октября 2015 года*

[23]*Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. -Ф.1. Т.2. К.7535. Б.58,60.*

2010-жылкы конституциялык реформанын негизги демилгечилери да, түзүүчүлөрү да ушулар десек болот."Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору жөнүндөгү" маселе 2010-жылдын 22,24-апрелиндеги УӨ жыйынын №2,3-протокулунда да каралган. Анда жыйындын катышуучулары сунушталган Конституциянын толукталган жаңы долбоорун, негизинен орус тилинде кабыл алган жана анын мамлекеттик тилге которуута, 26-апрелде бүткүл элдик талкуу үчүн ММК жарыя кылуу чечими чыгарган. Бул жолку жыйында мурдагылардан башка, аталган маселеге жооптулар **А.Бекназаров, А.Эркебаев, Ч.И.Арабаев, Э.Т.Мамыров, Э. Дж. Алымбеков, Э.Т.Осконбаев, Н.Б.Садыков, А.Ж.Салянова** болушканын архивдик документтер тастыктайт.[1]Ошол эле жылдын 30-апрелиндеги УӨ жыйынынын №5-протоколуна ылайык **"Конституциялык кеңешме түзүү жөнүндөгү"** маселе каралып, аталган кеңешмени түзүү жана анын курамын кайра карап чыгуу чечими кабыл алынган. Жооптуулар О.Текебаев, Э.Ибраимова, Э.Мамыров, А.Атамбаев, Р.Отунбаева болушкан.[2]Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы долбоорун Конституциялык кеңешменин сунушуна ылайык талкуулоо 2010-жылдын 18-19-майында (протокол №9,10) улантылып, андагы өзгөртүү, түзөтүү жана толуктоолор негизинен кабыл алынган.[3]Убактылуу Өкмөттүн 2010-жылдын 26-майындагы токтомуна ылайык **"Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбооруна түзөтүүлөрдү киргизүү"**жана **"Кыргыз Республикасынын Конституциясын иштке киргизүү жөнүндөгү"** атайын декрет кабыл алынганы да маалым.[4]

Дагы бир жагдай, 2010-жылдын 6-майында 75 мүчөдөн турган конституциялык кеңешменин курамы түзүлгөн. Тилекке каршы, Конституциянын жаңы долбоорун талкуулоонун жыйынтыгында, аталган кеңешменин мүчөлөрү ага толук кол коюшкан эмес. Алардын көпчүлүгү кийинчерээк эскеришкендей, бул маселе боюнча конституциялык кеңешменин төрагасы Ө.Текебаевге, анын катчылыгына, Д.И.Нарымбаевге нааразычылыктары пайда болгон.

[1]*Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. –Ф.1. Т.2. К.7535. Б.85,88.*
[2]*Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. –Ф.1. Т.2. К.7535 Б.121,121 арткы бети,122.*
[3] *Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. –Ф.1. Т.2 К.7535. Б.159-161;164-166.*
[4]*Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви. –Ф.1 Т.2. К.7535. Б.188-191.*

Ошого карабай, долбоордун акыркы тексттине Убактылуу Өкмөттүн башчысы Р.Отунбаева кол койгон. Баса белгилей кетчү жагдай, конституциялык кеңешме болгону 10 күн эле иштешкен. Ушул түзөтүүнү каршылаштары жактырып айткандай, эки ай эмес, 10 күндө гана бүткөрүшкөн. Кеңешменин иши үчүн да, анын катчылыгына да, эл аралык уюмдар ПРООН менен ОБСЕакы төлөп берген.

2010-жылдын 18-майында Убактылуу Өкмөттүн 1993-жылдагы КР Конституциясын кабыл алуу жөнүндөгү декрети чыккандыгын айта кетишибиз керек. Бул декреттин долбоору А.Бекназаров тарабынан киргизилген. Анда Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү республиканын Конституциясынын жаңы редакциясын иштеп чыгуу боюнча конституциялык кеңештин ишинин жүрүшүндө көп сандагы сунуштар, сын-пикирлер келип түшкөндүгүн, ошондой эле Баш мыйзамдын тексттинин альтернативдик долбоору да келгендигин белгилейт. Бул сунуштардын бардыгы коомдук пикирдин кеңири чөйрөсүн чагылдырат. Бирок алардын көпчүлүгү бири-бирине карама-каршы келгендиктен, кыска мөөнөт аралыгында коомчулукту алар менен тааныштыруу мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, электораттын толук ой-пикирин конституциялык кеңешме эске алган эмес.

Келип түшкөн альтернативалык варианттарда өлкөнүн мамлекеттик курулуш формасы, түзүлүшү жана принциптери боюнча талаш-тартыштар, толук иштелип чыкпаган сунуштар бар эле. Жарандык коом тарабынан Убактылуу Өкмөт сунуш кылган жаңы Конституциясынын долбооруна ачуу сын-пикирлер, олуттуу сунуштар айтылган. Мына ушундай кырдаалда, келечектеги конституциялык түзүлүш боюнча карама-каршы көз караштарга жол бербөө жана жаңы Конституциянын бекитилишинен улам келип чыккан карама-каршылыктарды рационалдуу чечүү максатында, Убактылуу Өкмөт конституциялык түзүлүштүн маселелерин жөнгө салуу жана өлкөдө мамлекеттик бийлик институттарын калыптандыруу үчүн ыңгайлуу негиз катары 1993-жылда кабыл алынган Конституцияга кайтуу зарылдыгын көрүшкөн. Себеби Кыргыз Республикасынын 1993-жылдагы Конституциясы бардык коомдук күчтөр, саясий партиялар, түрдүү кыймылдар, кесипкөй укук таануучулар тарабынан жана эл аралык коомчулуктун катышуусунда кеңири, ар тараптуу талкуудан өткөндөн кийин "легендарлуу парламент" тарабынан кабыл алынган. Ошондон улам,

Убактылуу Өкмөт өлкөбүздө түзүлгөн коомдук-саясий, укуктук кырдаалдан, Баш мыйзамдын текстти катары келип түшкөн варианттардын тегерегиндеги жыйынтыксыз жана узак убакытка созула турган талаш-тартыштардан качууну көздөп, республиканын 1993-жылы кабыл алынган Конституциясын күчүнө киргизип, анын мазмунунда камтылган нормаларга ылайык, өлкө Президенттигине шайлоо өткөрүү туура деп эсептеп, Убактылуу Өкмөт токтом кылат:

**1. Кыргыз Республикасынын парламенти тарабынан 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституциясы Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында күчүндө деп эсептелсин.**

**2. Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 8-апрелиндеги декрети менен жокко чыгарылган нормалардан башка өзгөртүү жана толуктоолор киргизилгенден кийинки, 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституцияда жазылган бардык чечимдери, мыйзамдары жана нормативдик актылары юридикалык күчүндө деп таанылсын.**

**3. Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституциясынын нормаларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону өткөрсүн.**

**4. Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституциясынын негизинде шайланган Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин шайлоосу бекитилсин.**

**5. Декрет жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.**

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн төрайымы
Р.И.Отунбаева.[1]

Ал эми 2010-жылдын 19-майында Убактылуу Өкмөттүн төрайымы Р.Отунбаева Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жөнүндөгү декретке (№40)кол коет.[2]Өлкөбүздө чыныгы демократиялык тартипти киргизүү үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Мамлекеттеги коомдук-саясий жана

---

*[1]Акипресс. 18.05.2010.*

*[2]Декрет Временного Правительства Кыргызской Республики № 40 «О референдуме (всенародном голосовании)*

экономикалык кырдаалдарды турукташтыруу үчүн шарт түзүүгө жол ача турган жаңы Конституцияны кабыл алуу зарылдыгы ачык белгилүү болгон.Убактылуу Өкмөт жаңы Конституция мамлекеттик бийликтин авторитардык салтын бузат деп ишенишкен.Эгемендүүлүктүн ээси, мамлекеттик бийликтин бирден бир булагы болгон элдин эркин аныктоо максатында, УӨ 2010-жылдын 7-апрелиндеги декретин жетекчиликке алып, атайын декрет кабыл алган:

**1. 2010-жылдын 27-июну, жекшемби күнү, Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында референдум (бүткүл элдик добуш берүү) күнү катары дайындалсын.**

**2. Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан кабыл алынышы үчүн Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын долбоору жана "Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүү жөнүндөгү "Кыргыз Республикасынын мыйзамы референдумга коюлсун (тиркелет).[3]**

**3. Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы юридикалык жогорку күчкө ээ болгондугу жана кандайдыр бир бекитүүнү талап кылбагандыгы белгиленсин.**

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн төрайымы: Р.И.Отунбаева.

Ошол эле учурда "Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүү жөнүндөгү" дагы бир республиканын мыйзамы жарыяланган. Анда Конституция референдумдун (бүткүл элдик добуш берүүнүн) жыйынтыгы расмий жарыяланган күндөн тартып төмөнкүлөрдөн башкасы күчүнө кирет:[4]

- үчүнчү бөлүктүн экинчи, төртүнчү бөлүмдөрү, бешинчи-алтынчы бөлүктүн жоболору Кыргыз Республикасынын жаңы шайланган Жогорку Кеңешинин биринчи күнүндөгү жыйынынан кийин күчүнө киргизилет;

---

[3] *Проект Конституции Кыргызской Республики, предложенное Временным Правительством приложен к указанному Декрету; "Эркин Тоо", 20 мая 2010 года. Спецвыпуск №42 (1962).*

[4] *«Закон о введении в действие Конституции Кыргызской Республики», предложенное Временным Правительством Кыргызской Республики. 19 мая 2010 года*

• 30-берененин экинчи бөлүгү 2011-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет;

• Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана "Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол коюу талап кылынбайт.

• эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясынын кабыл алынган күнүнүн тарыхый маанисин эстен чыгарбай, 5-май Кыргыз Республикасынын Конституция күнү деп эсептелсин.

Ушул жерде эске алчу жагдай бар. Ал: "Кыргыз Республикасынын Конституциясы" жана референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жолу менен кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүү жөнүндөгү" мыйзамды кол коюуну талап кылбайт" деген кызык эскертме пайда болгон. Башкача айтканда, бул учурда эл тарабынан кабыл алынган Конституцияны акыры легалдаштыруунун кандайдыр бир процедурасы, референдумдан кийин анын ким тарабынан жарыяланышы керек экендигине байланышкан маселе каралган эмес. Ошентип, 2010-жылдагы принцип алдына ала даярдалып, тагыраак айтканда, Баш мыйзамдын тексти үчүн ким жоопкерчиликтүү экендигин белгилебей, ачык калтырышкан. Архивдик документтерде анын толук жоопкерчилиги жогоруда көрсөтүлгөн 2010-жылдын 21- апрелиндеги Убактылуу Өкмөттүн №13-декрети менен ошол Убактылуу Өкмөткө, тагыраак айтканда, Ө.Ч.Текебаевге тиешелүү болгон. Ал жоопкерчиликти алган тарап катары референдумдан кийинки Конституциянын акыркы нускасын расмий түрдө легалдашуусун камсыз кылган принципиалдуу жобону иштеп чыгууга милдеттүү болчу. Бирок 2010-жылы Конституцияны иштеп чыккандар ал маселени көз жаздымда калтырышкан. 2010-жылдын 20-майында "Эркин Тоо" гезити атайын чыгарылыш катары 42-номеринде жаңы Баш мыйзамдын долбоорунун тексттин, "Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүү жөнүндөгү" мыйзам долбоорун жана референдум жөнүндөгү Убактылуу Өкмөтүн декретин "кол коюу талап кылынбайт" деген сөзү менен басып чыгарган.[32] 2010-жылдын 27-майында "Эркин Тоо" гезитине Убактылуу Өкмөттүн "Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүү жөнүндөгү" мыйзам долбооруна түзөтүү, толуктоо киргизүү

[32] *Эркин Тоо", 20 мая 2010 года. Спецвыпуск №42 (1962).*

жөнүндөгү декрети басылып чыккан.[1] Гезиттин бул чыгарылышы да атайын чыгарылыш болгон. Андагы көп сандагы оңдоп-түзөтүүлөр, негизинен, мамлекеттик тилдеги терминдерге, сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө тиешелүү болгон. Кийинчерээк белгилүү болгондой, одоно кетирилген каталардан улам, орус тилиндеги текст менен дал келбей, мында да толук оңдолбой калган. Оңдоп-түзөтүүлөр эске алынган долбоордун толук тексттин Убактылуу Өкмөт референдумга чейин жарыялаган эмес.

Биздин пикирибизче, алар баштапкы долбоорду эл өз алдынча кандайдыр бир жолдор менен иштеп чыгып, бардык түзөтүүлөрдү бирдиктүү текстке киргизет деген ишенимге келген болуш керек. 2010-жылдын 18-июнунда "Эркин Тоо" гезити "Кыргыз Республикасынын референдуму (бүткүл элдик добуш берүүсү) жөнүндөгү" мыйзамды өзгөртүүлөр жөнүндөгү Убактылуу Өкмөттүн дагы бир декретин жарыялаган.[2] Бул документ июндагы каргашага байланыштуу өзгөчө кырдаал киргизилген айрым аймактарда референдум өткөрүү маселесин жолго салган.

2010-жылдын июнунда, саясий кризистин жана өлкөнүн түштүгүндө этностор аралык карама-каршылык күч алып турган учурда, Убактылуу Өкмөт референдум жолу менен Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алган. Кыргызстандын жаңы тарыхындагы бул белгилүү окуя 2010-жылдын 27-июнунда болуп өткөн. Саясий татаал кырдаалга карабай, референдумда калк активдүүлүгүн көрсөтүп, добуш берүүгө катышкан калктын 90 пайызы Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясына колдоо көрсөткөн. 2010-жылдын 1-июлунда А.Сариевдин жетекчилигиндеги БШК референдумдун жыйынтыгын чыгарып, төмөнкүдөй токтом кабыл алган:

- референдумдун жыйынтыгы жөнүндөгү токтом бекитилсин;
- референдум болуп өттү деп таанылсын;
- конституциянын кабыл алынышы жана аны күчүнө киргизүү жөнүндөгү мыйзам таанылат;

---

[1] Эркин Тоо", 27 мая 2010 года Спецвыпуск

[2] Эркин Тоо",18 июня 2010 года.

- конституцияны күчүнө киргизүү жөнүндөгү декретте мыйзамга берилген тиркемени жүзөгө ашырып, Р.Отунбаева өткөөл мезгилдин Президенти, өлкө Президенти катары катталат.[3]

Ошентип, Кыргызстандын конституциялык реформасынын жетинчи этабы 2010-жылдын 27-июнунда референдум (бүткүл элдик добуш берүү) жолу менен жаңы Конституциянын кабыл алынышы аркылуу ишке ашкан. Конституциялык реформанын бул этабы, мамлекет ичиндеги саясий өзгөрүү, Апрель революциясы, бийликтин жана Кыргыз Республикасынын саясий багытынын өзгөргөндүгү менен белгилүү. Убактылуу Өкмөт мамлекеттик башкаруу системасын түп ордунан өзгөртүүгө, бийликти элге кызмат кылдырууга, авторитаризмди жана үй-бүлөлүк-кландык башкарууну жок кылууга аракет кылып, ошондой эле Кыргызстандын келечек жашоосу үчүн өмүрү кыйылган уул-кыздардын орду толгус жоготуусун актоо максатында жаңы Конституциянын долбоорун бүткүл элдик талкууга алып чыккан.[4] 2010-жылдагы конституциялык реформа төмөнкү жаңылыктарды киргизген:

- **Кириш сөзү (Преамбуласы):** "Биз, куттуу Кыргызстандын эли, элибиздин эркиндиги үчүн каныи төгүп, жанын берген баатырларды эске сактап:

адам, анын өмүрү, саламаттыгы, укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулуктар болуп саналган эркин жана көз карандысыз демократиялык мамлекетти куруу максатына берилгенибизди ырастап;

өлкөнүн келечегине бекем ишенгендигибизди жана Кыргыз мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана чыңдоого, мамлекеттик эгемендикти жана элдин биримдигин сактоого, анын тилин жана маданиятын өнүктүрүүгө майтарылбас эркибизди билдирип;

укуктун үстөмдүгүн камсыздоо менен социалдык адилеттикти, теңдикти, элдин экономикалык бакубатчылыгы менен жыргалчылыгын жана руханий өнүгүшүн өргө сүрөөгө умтулуп;

ата-бабаларыбыздын тынчтыкта жана ынтымакта жашоо, табият менен таттуу болуу жөнүндө айткан ыйык осуятын туу тутуп, ушул Конституцияны кабыл алабыз"- деп жазылган.[5]

- Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, унитардык, демократиялык, светтик, социалдык мамлекет катары белгиленген;

---

[3] КР БМА. -Официальный сайт ЦИК КР 1 июля 2010 года; Акипресс 25 октября 2015 года.
[4] Н.Шерипов Конституционное развитие кыргызской государственности: советский этап. Акипресс. 20.06.2014;
[5] Конституция (Основной закон) Кыргызской Республики. –Б., 2010

• Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат.

• бүткүл элдик шайлоодон өткөн Жогорку Кеңештин жана Президенттин бийлигин камсыз кылып көрсөткөн эл бийлиги – жогорку бийлик катары таанылган;

• мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги бутактарына бөлүнүшү, мамлекеттик жана жергиликтүү органдарынын функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын чеги ажыратылган;

• адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт;

• Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат.Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, башка жагдайлары боюнча колдоого алынышы мүмкүн эмес;

• ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу;

• Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мурдагы редакцияларында жок болгон "фракциялардын коалициясы", "парламенттик көпчүлүк" концепциялары Конституцияга биринчи жолу киргизилген;

• Жогорку Кеңештин депутаты премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордуна депутаттык мандатын жана Жогорку Кеңештин пленардык жыйындарында добуш берүү укугун сактоо менен дайындалышы мүмкүн;

• парламенттик көпчүлүк премьер-министр кызматына талапкерди көрсөтөт. Жогорку Кеңеш Өкмөт ишмердигинин программасын бекитип, анын түзүлүшүн жана курамын аныктайт;

• Өкмөт 2007-жылдагы Конституцияда көрсөтүлгөндөй, Президентке баш ийбей, Жогорку Кеңешке баш ийет;

• Президенттин ыйгарым укуктары бир топ кыскартылган. Ал алты жылдык мөөнөт менен бир жолу шайланат жана кайра шайланууга бара албайт. Президент өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырып жаткан учурда саясий партиянын мүчөсү болобойт, ошондой эле Акаев, Бакиев учурундагыдай, партиянын ишмердигине байланышкан эч кандай аракеттерге бара албайт;

• Президент жеке демилгеси боюнча референдум жарыялашы мүмкүн жана Жогорку Кеңеш өзүн-өзү таркаткан учурда мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүүнү дайындашы ыктымал;

• Президент мамлекет башчысынын жана арбитр ролун аткарат. Президенттин ыйгарым укуктары кескин кыскартылган. Президентти жоопкерчиликке тартуу жана кызмат ордунан четтетүү процедурасы кыйла жөнөкөйлөштүрүлгөн. Президент катар-катар эки мөөнөткө шайлана албайт, мыйзам чыгарууга демилге көтөрүү укугуна ээ эмес, жеке демилгеси боюнча референдум чакырууга укуксуз.

• жаңы Конституция мамлекеттик башкарууга түп ордунан жаңы – парламенттик республика формасын киргизет. Мында чечүүчү роль Жогорку Кеңешке берилип, ал ички жана тышкы саясаттын багытын аныктап, премьер-минстрдин талапкерлигин, Өкмөттүн курамын жана түзүмүн, сот адилеттиги иши боюнча Улуттук кеңешти ж.б. аныктайт;

• оппозициянын коомдук, саясий, социалдык-экономикалык турмушка толук катышуусуна шарт түзүлгөн. Жогорку Кеңеш төрагасынын орун басарлары бардык фракциялардын өкүлдөрүнөн дайындалат, бюджет жана укук маселелери боюнча парламенттик комитеттерди парламенттик азчылыктын же оппозициянын өкүлдөрү жетектейт;

• Кыргыз Республикасы саясий көп кырдуу жана көп партиялуу өлкө катары таанылат. Жогорку Кеңешке шайлоо партиялык негизде жүргүзүлөт жана ал толугу менен жүзөгө ашырылат.

Ошентип, Убактылуу Өкмөт даярдаган дал ушул Конституциянын жаңы долбоору бүткүл элдик референдумда 1777339 же шайлоочулардын 90,55 пайыз добушун алган.[6]Бул жөнүндө 2010-жылдын 2-июлунда БШК расмий түрдө билдирип, референдумдун жыйынтыгын "Эркин Тоо" гезитине Конституцияны жана аны күчүнө киргизген мыйзамды тааныганын жарыялаган.[7] Андан көп өтпөй, 2010-жылдын 3-июлунда өткөөл мезгилдик Президенти Р.И.Отунбаеванын ант берүү аземи уюштурулган. Жаңы Конституциянын акыркы түп нускасы расмий түрдө 2010-жылдын 6-июлунда жарыяланган.[8]

Баса, 2016-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясына байланыштуу жаңжал чыккандыгын белгилей кетишибиз керек. Чатак " 2010-жылы референдум жолу менен кабыл алынган Конституцияга өлкө башчысы тарабынан эмне үчүн кол

---

[6]*Официальный сайт ЦИК КР. 1 июля 2010 года; Акипресс 25 октября 2015 года.*
[7]*Официальный сайт ЦИК КР. 1 июля 2010 года; Акипресс 25 октября 2015 года.*
[8]*Эркин-Too. 6 июля 2010 г.; Акипресс 25 октября 2015 года*

коюлган эмес?" – деген маселеден башталып, ошол Баш мыйзамдын түп нускасы "жоголгону" тууралуу да сөз жүргөн. Билген адамдар: "бүгүнкү күндө өлкө кайсыл баш мыйзам боюнча жашап жатат? 2010-жылдагы Конституциянын жыйынтыктоочу нускасы үчүн жоопкерчиликти ким алат? Ошол Баш мыйзамдын түп нускасы кайда сакталып турат" - деген маселелерди коюшкан. Мындай жүйөлүү маселелертегин жерден чыккан эмес. Ачык-айкын болбой, түшүнүксүз калган бул маселеден улам: "Кандайдыр бир кара санатайлык жасалган жокпу? Кыргыз Республикасынын 2010-жылдагы Конституциясынын түп нускасы кайда болушу мүмкүн?" – деген ар түрдүү баш оорутма суроолор пайда болгон. 2010-жылдагы Конституцияга тиешелүү материалдарды изилдөөнүн жүрүшүндө биз, бул суроолорго жооп таба алган жокпуз.

Ырасында, Жогорку Кеңештин азыркы архивинде конституциялык кеңештин мүчөлөрүнүн колу менен тастыкталган, 2010-жылкы реформалоодон кийинки Конституциянын жыйынтыктоочу тексттинин, 1993-жылкыдай бардык мүчөлөр кол койгон, түп нускасы табылган жок. Ошол архивдин кызматкерлери 2010-жылдагы Конституциянын түп нускасы аларга келип түшпөгөндүгүн, зарыл болсо аны конституциялык кеңештин төрагасы Ө.Ч.Текебаевден сураш керек экендигин айтышты. Бирок расмий документтер менен өз сөздөрүн тастыкташкан жок, кийин-кисинен чочулашты окшойт - деген ойдо калдык. Ал эми биз изилдөөлөрүбүздү жүргүзүп жаткан мезгилде Ө.Текебаев белгилүү себептер менен көпчүлүк үчүн кол жеткис жерде эле. Ошентип, 2010-жылдагы Конституциянын түп нускасына жоопкер катары Р.И.Отунбаева да, Ө.Ч.Текебаев да, БШК төрагасы А.Сариев да кол кой-гон эмес деген божомол калып, Баш мыйзамдын ошол жолку түп нускасы архивдерден табылбай жаткан маселе ачык бойдон калууда. Албетте, Баш мыйзамдын толук иштелип чыккан акыркы түп нускасы, анын жарыяланышы боюнча жоопкерчилик Убактылуу Өкмөттүн төрагасынын орун басары Ө.Текебаевге жүктөлгөндүгү жалпыга белгилүү. Ошондой болсо да 2015-жылы Конституциянын түп нускасы изделип жаткан күндөрү жоопкерчиликти ал БШКга жүктөй салууга аракет жасаган. Бирок ошол эле учурда БШКнын экс-төрагасы А.Сариевден ал карама-каршы жоопту уккан. Натыйжада 2010-жылдагы референдумду уюштуруучулар өлкөнүн кандайдыр бир расмий тарап кол койбогон, бирок массалык-маалымат каражаттарына жарыяланып,

акыркы түп нускасы эл тарабынан кабыл алынган жаңы Конституциянын калтырылкан. Ошондон улам, кийинки учурда Конституциянын түп нускасы катары бир эле учурда эки расмий документти караганга туура келгендигин белгилей кетүү абзел:

1. 2010-жылдын 19-майындагы Убактылуу Өкмөттүн №40-декретине ылайык, УӨ тарабынан жактырылып, 2010-жылдын 20-майында "Эркин Тоо" гезитине жарыяланган, кийин референдумга коюлган жаңы Конституциянын долбоору.[9]

2. 2010-жылдын 26-майындагы Убактылуу Өкмөттүн №52-декретине ылайык, "Эркин Тоо" гезитине 2010-жылдын 27-майында жарыяланган Конституция долбооруна киригизилген оңдоп-түзөтүүлөр.[10]

Өз кезегинде Убактылуу Өкмөттүн Конституцияга жооптуу адамы Ө.Ч.Текебаев Конституция долбоорунун Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү кол койгон "түп нускасы" ошол өкмөттүн архивинде сакталып турганын айткан. Бирок 2010-жылкы Баш мыйзамдын түп нускасы боюнча талаш-тартыш жүргөн күндөрү Убактылуу Өкмөттүн архивинен бул расмий документтин УӨ бир да мүчөсү, чиновниктердин бири да кол койбогон көчүрмөсү гана табылган. Логикага ылайык, дүйнөлүк практика жана тарых тастыктагандай, Убактылуу Өкмөттүн архивинде бар деп анын мурдагы мүчөсү Ө.Текебаев божомолдогон түп нуска, кандайдыр бир конкреттүү тараптын же адамдын пайдалануусунда эмес, Президенттик архивде, көчүрмөлөрү Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик жана Саясий документтер архивинде сакталып туруш милдет эле. Ал документтердин түп нускасынын көчүрмөсү менен кандай учурда, кайсы убакта кааласа, Кыргызстандын ар бир атуулу таанышууга, окуп, изилдеп, үйрөнүүгө акысы да, укугу да бар.Тилекке каршы,биз 2010-жылкы жаңы Конституциянын түп нукскасы менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калыптырбыз. Биз үчүн кандай себептерден улам, ошол жолку конститутуицялык реформага жооптуу, ошол "Баш мыйзамдын атасы" аталган Ө.Ч.Текебаев, мындай мамлекеттик тарыхый, саясий зор мааниге ээ расмий документти Убактылуу Өкмөттүн иш башкармалыгына, Президенттик архивге тапшырбагандыгы дагы эле табышмак бойдон калып, ал суроого ушул күнгө чейин так, конкреттүү жооп алына элек.

---

[9] *Эркин-Тоо, 20 мая 2010 года.*

[10] *Эркин-Тоо, 27 мая 2010 года.*

Ошентип, бизде бүгүнкү күндө референдумга чейин расмий жоопкерчиликтүү тараптардын колу коюлган конституциянын жыйынтыкталган бирдиктүү түп нускасы да, референдумдан кийин 2010-жылда эл тарабынан кабыл алынган Конституция катары анын акыркы түп нускасы да жок болуп чыгууда.[9]Мына ушундан улам, бүгүнкү күнгө чейин 2010-жылдагы Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын,аны иштеп чыккан конституциялык кеңешменин мүчөлөрү макул болуп, кол койгон түп нускасы жөнүндөгү суроолор жоопсуз, дагы эле ачык бойдон калып келет.[10] Ошондуктан тиешелүү тараптардын тастыктоочу колдору коюлган Баш мыйзамдын жыйынтыктоочу түп нускасы деги болгонбу? - деген мыйзамдуу суроо туулат.Чындыгында, бул маселе УӨ тарабынан күчөтүлгөн юридикалык процедураны жар салып, референдумду өткөргөндөн кийин,шайлоочуларды, референдум катышуучуларын тоготпогондук мамиле болуп калгандай сезилет.

Ошондон улам, биз 2010-жылдын 6-июлунда "Эркин Тоо" гезитинде жарыяланган Баш мыйзамды, легитимдүү мыйзам катары кабыл алып, бышыктап, аны жыйынтыктоочу түп нуска катары кабыл алуубуз керек деген ойдобуз. Анткени башка түп нуска жок, жаңы Конституция ошол боюнча күчүнө киргизилген. Ошентсе да өлкөбүз андан кийинки алты жыл жашаган, 2010-жылкы Баш мыйзамдын алкагында турмуш кечиргени да тарыхый чындык. Бирок расмий кол коюлбаган, жок дегенде Убактылуу Өкмөттүн жогорку бийлиги тарабынан виза коюлган бирдиктүү документ – жаңы Конституциянын түп нускасынын жоктугунан улам, кабыл алынган Баш мыйзам ар башка басылмаларда ар башкача басылып чыгарылгандыгынын натыйжасы, жогоруда айтылгандай, чырчатакка келип такалгандыгын белгилей кетүү абзел. Албетте, бул ошол кездеги бийлик тарабынан укуктук мамлекеттин принциптерин бузгандык жана аларды көзгө илбегендик болуп эсептелээри бышык.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн фактылар 2010-жылдагы Конституция "өз атасы" тарабынан шашылыш жазылганын, жалпы кабыл алынган процедураларды көзгө илбеген укуктук нигилизмден кабар берет. Белгиленген мүчүлүштүктөр, кетирилген

---

[9]*Акипресс 25 октября 2015 года.*

[10]*Как разработчики Конституции 2010 года (О.Текебаев и др.) оставили страну без подписанного подлинника Основного закона. Отдел информационной политики Аппарата Президента Кыргызской Республики// Акипресс 25 октября 2015 года.*

катачылыктар сөзсүз оңдолушу керек эле. Дагы бир маселе 2010-жылдагы Конституциянын мамлекеттик тилдеги түп нускасы менен расмий тилдеги түп нусканын дал келбеген учурлары оңдолуп, түзөтүлүүсү, алар бири-бирине дал келгенден кийинки расмий түрдө жарыяланышы керек болчу. Бул жолку конституциялык реформанын дагы бир өзгөчөлүгү 2010-жылдагы жаңы Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасынын кабыл алынган Баш мыйзамына 2020-жылга чейин өзгөртүү киргизилбейт деген чечим кабыл алынгандыгын баса белгилей кетишибиз керек. Бирок 2020-жылга чейин өзгөртүү киргизүүгө коюлган мораторий, дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү көрүп биле албай шашылыш түрдө (революциялык эйфория толкунунда), өзүн-өзү актай албай турган чечим катары кабыл алынгандыгын көрсөттү. Ошондуктан аны келечектин Баш мыйзамы деп айтууга болбойт эле. Себеби ага тиешелүү негиздер жок болгон. Бирок биз, Кыргызстан элдери, дал ошол Конституция менен оор абалдан чыктык. Өлкөбүздүн саясий, социалдык-экономикалык абалын оңдоо менен туруктуулукка жетиштик, мамлекеттик, улуттук коопсуздукту бекемдей алдык. Чынчынында 2010-жылда кабыл алынган Баш мыйзамыбыз негизги вазыйпасын аткара алды десек болот.

2010-жылкы жаңы Конституция кабыл алынгандан кийинки коомдук-саясий кырдаал, өлкөдөгү абал, киргизилген мораторийге карабай жаңы кадамдарга барууга мажбур кылды. 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына мажбур түрдөгү кээ бир өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү зарылдыгын көрсөтүп койду. Анын натыйжасында Кыргызстан дагы бир жолу конституциялык реформага барууга аргасыз болуп, акыркы конституциялык өзгөртүүлөр 2016-жылы өткөрүлгөн. Бул жолку конституциялык реформалар тууралуу кийинки бөлүмдө кеңири сөз кылабыз.

## 2.3. 2016-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗСТАНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМА

Ошентип 2010-жылкы конституциялык реформадан кийинки өлкөдө түзүлгөн коомдук, саясий, социалдык жана укуктук абал жаңы конституциялык өзгөртүүлөргө баруу кечиктирилгис курч маселе экендиги 2015-2016-жылдары ачык байкалды.Анткени Конституция ошол 2010-жылдагы саясий, социалдык-экономикалык абалга жараша шашылыш кабыл алынганы талашсыз.Дал ошол жылдары мамлекеттик деңгээлдеги олуттуу да, омоктуу да маселе – элибиздин, мамлекетибиздин келечегин камсыз кылуучу, болочоктун мыйзамдык өбөлгөсү боло турган Баш мыйзамга кээ бир түзөтүүлөрдү, толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү жана ага байланыштуу бүткүл элдик референдумду өткөрүү тууралуу маселе келип чыкканына баарыбыз күбө болгонбуз. Мындай жаңы конституциялык реформанын обьективдүү себептерин, реалдуу зарылдыгын республиканын өнүгүшүнө ар түрдүү тоскоолдуктарды жараткан 2010-жылкы жаңы Конституциянын мазмунундагы бир катар карама-каршылыктарга алып келген айрым кемчиликтер, мүчүлүштүктөр, парламенттик демократиянын маани-маңызы максатка толук жетпей калганын байкоого болот.

Мамлекетибиздин, эл, жерибиздин саясий, экономикалык, социалдык туруктуулукка жетишүүсүн, эл аралык аренадагы ордун жана абалын, республиканын өнүгүү жолунда кетип бара жатканын эске алуу менен дал ошол 2010-жылкы Конституциянын преамбуласында жазылгандай 2020-жылды күтүп олтурбастан, ошол 2015-16-жылга түзүлгөн саясий, социалдык, экономикалык шарттарды, андан берки мамлекеттик түзүлүштөгү, курулуштагы өзгөрүүлөрдү эске алуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө негиз болгон деген ойдобуз. Деги эле эске алчу дагы бир жагдай, дүйнөдө бир да мамлекет өз Конституциясынын өкүм сүрүүсүнө мөөнөт же чек койбойт. Болгону ошол кездеги оор шарттарды, боло турган өзгөрүүлөрдү, саясий туруктуулукту, коопсуздукту камсыз кылуу максатында гана Конституция 2020-жылга чейин өзгөрүлбөсүн - деп кабыл алынган. Ошол кезде ал туура болгону талашсыз, бирок Кыргызстандагы 2010-жылдан кийинки жылдардагы саясий системадагы, социалдык-экономикалык тариздеги, мамлекеттик түзүлүштөгү өзгөрүүлөр баш мыйзамды кайра кароого мажбурлап жатканы да талашсыз болгон. Ошол маселе боюнча коомчулукта ар түрдүү пикирлер пайда болуп, анын күнгөй-тескейи териштирилип, өзгөртүүгө макулдар да,

каршылар да болгону талашсыз көрүнүш болгон. Демократиялык өлкөлөрдө мындай көрүнүштөр анча деле одоно көрүнүш эмес.

2016-жылга калктын көпчүлүк бөлүгү, эмгек жамааттары Конституциялык реформаны бышып жетилген саясий аракети катары колдоого ала баштаган. Натыйжада күндөн-күнгө так, даана көрүнүп калган эң негизги маселелер катары - Баш мыйзамга мезгил талабына, саясий кырдаалга, мамлекеттик түзүлүш, курулуш жагдайларына, социалдык-экономикалык талаптарга, өлкөдөгү ички туруктуу абалыбызга шайкеш келген кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү керек экени анык болуп калган эле.

Дагы бир баса белгилей кетчү жагдай бар. Акыркы конституциялык реформада 2010-жылкы Конституциянын бардык **114** беренеси толугу менен алмашылат деген эмес. Бул жолу болгону ошол учурдун талаптарына ылайык келбеген кээ бир беренелер, биздин эсепте бардыгы болуп **26** беренеге эле өзгөртүүлөр киргизилүүсү каралган. Анткени сунушталгандай, өзгөртүүлөрдү киргизбесе кээ бир - саясий система, мамлекеттик түзүлүш, экономикалык, социалдык, мамлекеттик, улуттук коопсуздук маселелери боюнча шарттар менен 2010-жылкы Конституциянын тиешелүү беренелери дал келбей калганы талашсыз көрүнүш болгон.

Биздин баамыбызда 2016-жылкы сунушталган түзөтүүлөр, толуктоолор, өзгөртүүлөр негизинен 4-5 багытта каралган:[19]

1. **Мамлекеттик статус, мамлекеттин улуу дөөлөттөрү, баалуулуктары** – *1-2-берене;*

2. **Адам укуктары** – *6.3, 24-2, 26-7, 36-5, 41-2;*

3. **Президент, Жогорку Кеңештин, көпчүлүк коалициянын укуктары, вазыйпалары**– *64-68,70-72, 74-75-беренелер;*

4. **Өкмөт башчы – Премьер-министрдин укуктары**– *85, 86, 87-1, 89 – беренелер;*

5. **Сот тармагы** – *93, 94-1, 95-2,3,4,5,6 ж.б.*

Дал ушул багыттар боюнча тиешелүү иштер алып барылганын эске сала кетели.

Ошентип, акыркы конституциялык реформага баруу 2015-жылдын 22-майында башталган. Дал ошол күнү Жогорку Кеңеште **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөрүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү"** мыйзамын депутаттар Ф.Кулов - «Ар-намыс»,

---

[19] *Абытов Б.К. Баш мыйзамды өзгөртүү мезгил талабы. Ош шамы. 30-сентябрь 2016-ж.*

Ч.Турсунбеков - «СДПК», Ө.Текебаев - «Ата Мекен» партиясынын өкүлдөрү тарабынан коомдук талкууга киргизилген эле. Демек, акыркы реформанын демилгечилер дал ушул республикабызга белгилүү болгон 3 адам.

Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча ошол учурда көтөрүлгөн демилге 2010-жылдагы Баш мыйзамды өзгөртүү боюча биринчи, ал эми 30 жылды толук багындыра элек эгемендүү жана көз карандысыз кыргыз мамлекетинин өнүгүү жолунда көтөрүлүп жаткан реформалык сегизинчи демилге болуп калган.

Эми дагы бир жолу 2016-жылкы конституциялык реформанын зарылдыгына, ага алып келген шарттарга кененирээк токтололу:

• 2010-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы өлкөбүз үчүн өтө оор жана коркунучтуу кырдаалда кабыл алынгандыгы баарыбызга белгилүү. Ошол Баш мыйзамдын негизинде өлкөдө өтө маанилүү окуялар, зор тарыхый, саясий өзгөрүүлөр болуп өткөн. Мамлекеттик түзүлүштүн мазмуну өзгөртүлгөн.

• 2010-жылкы конституциялык реформа - мамлекеттик түзүлүштү жана башкаруу принциптерин, өлкөбүздөгү коомдун өнүгүү жолун өз-гөрткөн Кыргызстандын жаңы тарыхындагы маанилүү окуя болуп эсептелет. Бул Конституция 2010-жылдагы элдин баатырдык чыңалуу күчүн бышыктап, өзүнө жеке улуттук тажрыйбаны эле сиңирбей, өнүккөн өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлүшүн, демократиялык өнүгүү жолундагы жетишкен көптөгөн ийгиликтерин пайдаланган.

• жогорудагылар менен катар эле, жаңы Конституциянын айрым жоболору боюнча коомчулукта талаш-тартыштар жаралып, ал 2016-жылга чейин уланган. Ошондон улам, ар жыл сайын саясий күчтөр тарабынан Баш мыйзамга өзгөртүү киргизүү маселелер бир нече жолу көтөрүлгөн. Көз карандысыз Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу мамлекет менен эл конституциялык реформасыз алты жыл катар жашады. Бул алты жылдын ичинде келип чыккан көйгөйлөрдү жөнгө салуу үчүн башка мыйзамдарды кабыл алуу жана аларды пайдалану жолуна барууга аргасыз болгонбуз. Көпчүлүк учурларда мындай көйгөйлөрдү чечүү жолдорун Жогорку Кеңештин депутаттары таба албай, ал Өкмөт тарабынан изделген учурлар да болгон. Бирок жаңы Конституция боюнча V чакырылыштагы депутаттардын беш жылдык иши жана VI чакырылыштагы Жогорку Кеңештин бир жылдык иши

конституциялык жоболордогу айрым көйгөйлөрдү, Баш мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизбей туруп, жолго салуу мүмкүн эмес экендигин көрсөттү. Ал эми мындай көйгөйлөрдүн чечилбегендиги, адам укугун жана эркиндигин турмушка ашырууга, республиканы туруктуу өнүгүү жолуна жана анын коопсуздугун камсыз кылууга жолтоо болушуп бышыктады.

- 2010-жылдагы Конституцияны кабыл алуу учурунда эле бир топ талаш-тартыштар келип чыккан. Бирок ошондогу коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кырдаал ошол жылдын июнунда кабыл алынган Баш мыйзамдын ошол вариантын кабыл алынышына аргасыз кылган. Албетте, бул талаш жаратпай турган факт. Демек, бул Конституция толугу менен келечектин Конституциясы катары эсептелиши мүмкүн эмес эле.
- 2010-жылдагы Конституция өзүнүн тарыхый миссиясын, негизги тапшырмаларын 2016-жылга чейин негизинен аткарып бүткөн деп божомолдоого болот.
- Жогорудагылардан улам, өнүгүү жараянындагы өлкөбүздүн саясий, коомдук, социалдык экономикалык турмушундагы өзгөрүүлөрүнө байланыштуу бүткүл элдин макулдугу менен саясий элита 2020-жылга чейин Конституцияга өзгөртүү киргизүүгө болбойт деген жобого карабай, өлкө Конституциясына бир нече өзгөртүү жана толуктоо киргизүү зарылдыгын туура көрүштү.
- Буга чейин туура деп эсептелген саясий системага, мамлекеттик башкарууга тиешелүү бир топ Баш мыйзамдагы жоболор 2016-жылда мамлекеттин коомдук-саясий муктаждыгын толук канааттандыра албай тургандыгы айкын болду.
- Акыркысы 2016-жылы сунуш кылынган конституциялык реформа жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү жөнгө салууга, аракеттеги Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө багытталып, мамлекеттин жана коомдун акыркы 6 жылдагы арбын, жаңы тажрыйбасын эске алган.

Белгилей кетчү жагдай, бүткүл элдик референдумдун алдында Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү мыйзам долбооруна негиздеме"** беришкен. Анда 2016-жылдагы референдумдун конституциялык реформасынын себептери

боюнча төмөнкүдөй түшүндүрмө берилип, төмөнкү маселелерди чечүүгө чакырык ташталган:[12]

1. Көз карандысыздыктын негизинде, Кыргыз Республикасын бекемдөө жана адам, анын турмушун, саламаттыгын, укугун, эркиндигин мамлекеттин жогорку баалуулугу катары таануу.

2. Парламенттик коалициянын туруктуулугун, ага ылайык бийликтин аткаруу бутагынын туруктуулугун жогорулатуу максатында, мамлекеттик бийлик бутактарынын өз ара кызматташуу принциптерин тактоо.

3. Сот реформасы жана өлкөнүн укук коргоо органдарын реформалоо үчүн конституциялык шарттарды түзүп, негизди жакшыртуу.

4. Шашылыш которулгандыгынын натыйжасында, аракеттеги Конституциянын расмий тилдеги (орус тилиндеги) текстине мамлекеттик тилдеги (кыргыз тилиндеги) текстинин дал келбестиктерин жоюу жана 2010-жылдын 27-июнунда референдум алдында жарыяланышын жолго коюну конституциялык деңгээлде талап кылат.

"Кыргыз Республикасынын укуктук нормативдик актылар жөнүндөгү" мыйзамынын 22-беренесиинин коомдук талкууга коюлушун жана жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу үчүн, жаңы Конституция боюнча белгиленген мыйзам долбоор 2016-жылдын 29-июлунда Жогорку Кеңештин расмий сайтына (www.kenesh. kg) жайгаштырылган.[13] Кийинчерээк Конституциянын жаңы долбоорундагы оңдоп-түзөтүүлөр, өзгөртүүлөр, толуктоолор "Эркин Тоо" гезитинин 2016-жылдын 15-ноябрындагы атайын чыгарылган санында жарыяланган.[14]Коомдук талкуу 2016-жылдын 17-сентябрына чейин (1,5 ай) уланган. Анын жүрүшүндө 4 тегерек стол өткөрүлүп, сунуш, сын-пикирлери менен 60 концептуалдык кайрылуу алынган.

Мурдагы конституциялык реформалардан айырмасы, бул жолку конституциялык реформанын алдында "Колдоо" жана "Каршы" үгүт топторунун түзүлүшү болду. Бул да 2016-жылдагы реформанын дагы бир өзгөчөлүгү болуп калды. Ошентип, 2016-жылдагы өлкөнүн

---

[12] Раздаточные материалы всенародного референдума 2016 г. «Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в Конституцию Кыргызской Республики» -С. 1-3// Из материалов референдума 2016 года; «Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений....»// Официальный сайт Жогорку Кенеша Кыргызской Республики//www.kenesh.kg 26 июля, 17 сентября 2016 года. –С.2-4.
[13] www.kenesh. kg, 29 июля 2016 года
[14] Эркин Тоо. 15-ноябрь 2016-жыл.

Конституциясына түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча өткөрүлгөн референдумдун чегинде шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясы 13 биримдиктеги демилгечи топторду каттаган. Алар 11-декабрдагы референдумга коюлган Конституцияга сунушталган өзгөртүүлөргө шайлоочулар арасында "колдоп" же " каршы" болушуна үгүт иштин жүргүзүүгө укуктуу болушкан. Бул үгүт топторунун ичинен тогузу жактоочу (плебисцит), төртөө каршы топ болушканын баса белгилей кетишибиз керек.

Ошентип, Конституцияга сунушталган өзгөртүүлөргө №1-"каршы" турган демилге тобу Б.М. Керимбековдун жетекчилигинде 11 адамдын курамынан туруп, 2016-жылдын 14-ноябрында катталган. Ошол эле күнү Р.Р.Карасартованын жетекчилигинде курамы 11 адамдан турган №2-"каршы" демилге тобу, КР ЖК экс депутаты Б.М.Наргозуев башында турган, курамын 11 адам толуктаган №3-"каршы" демилге тобу, Э.Ж.Айтбаевдин жетекчилигиндеги №4-"каршы" демилге тобу катталган. Бир эле учурда И. Айтмамбетовдун жетекчилигинде курамы 11 адамдан турган №1-"колдоо" демилге тобу, Т.Б.Усубалиевдин жетекчилигиндеги курамы 49 адамдан турган №2-"колдоо" демилге тобу катталган. 2016-жылдын 15-ноябрында Н.Б.Байышев башында турган курамына 25 адам кирген №4-"колдоо" демилге тобу, А.З.Кылычев жетектеген 14 адамдантурган №5-"колдоо" демилге тобу катталган. 2016-жылдын 17-ноябрында А.Т.Мырзалиев жетектеген, курамы 16 адамдан турган №6-"колдоо" тобу, О.Э.Сарбагышевдин жетекчилигиндеги курамы 82 адамдан турган №7-"колдоо" демилге тобу, М.У.Молдобаевдин жетекчилигиндеги курамы 11 адамдан турган №8-"колдоо" тобу, ушул китептин авторлорунун бири Б.Абытовдун жетекчилигиндеги курамы 14 адамдан турган №9-"колдоо" демилге тобу катоодон өткөн.[17] Профессор Б.К.Абытовдун жетекчилигиндеги №9-"колдоо" демилге тобу ошол акыркы референдумга даярдык көрүү жана өткөрүү күндөрүндө республиканын түштүгүндө иш алып барган жалгыз топ болгондугун белгилей кетүү абзел.

Тегерек столдордун материалдары жана жазуу түрүндө түшкөн кайрылуулар парламенттик СДПК, "Республика-Ата Журт",

---

*[17] Бул маалыматтар профессор Б.К. Абытовдун жеке архивинен алынган, анткени ал киши ошол референдумга түздөн-түз тиешеси болуп, №9 "колдоочу" демилгечи топту жетектеген , Kaktus media, 23 ноября 2016 года.*

"Кыргызстан", "Өнүгүү-Прогресс" фракцияларынын лидерлери тарабынан түзүлгөн эксперттик топ тарабынан жалпылаштырылган. Эксперттик топ келип түшкөн сунуштарды жалпылаштырып, алгач жогоруда көрсөтүлгөн фракцияларга көрсөтүшкөн. Келип түшкөн сунуштардын иликтөөнүн, ар тараптуу анализдердин жыйынтыгы боюнча 10 сунуш кабыл алынган. Фракциялардан кийин Баш мыйзамдын жаңы редакциясынын түп нускасы Жогорку Кеңештин кароосуна жиберилген. Натыйжада Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү боюнча жаңы мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин 85 депутаты колдогон.[18]Баш мыйзамга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү зарылдыгын түшүндүрүү ишинин жүрүшүндө, референдумдун ар бир катышуучусу, калк катмарына түшүнүктүү, жеткиликтүү болушу үчүн түрдүү көмөкчү материалдар басылып чыгарылган. Алар төмөнкүдөй аталыштарда жана мазмундарда болгон:

1. **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү мыйзам долбооруна салыштырма таблица"**.[19] Анын биринчи графасында республиканын Конституциясынын аракеттеги беренелери, экинчи графасында өзгөртүүгө сунушталган беренелер көрсөтүлгөн. Бул таблицага анда 24 берене жайгаштырылган.[20]

2. Конституциядагы өзгөртүүлөр түшүндүрмөсү менен **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү"**таблица түрүндө берилген. Анын биринчи катарында кайсыл беренеге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизиле тургандыгы көрсөтүлсө, экинчи катарында түшүндүрмөлөр жана ал кимге пайдалуу экендиги белгиленген.[21]

3. Референдумдун алдында киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор жеткиликтүү түшүнүктө болушу үчүн үч бөлүктө **"Иштеп жаткан конституциянын салыштырма таблицасы, конституциядагы өзгөртүүлөр, коомдук талкууга коюлушу,**

[18] *«Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в Конституцию Кыргызской Республики» -С. 3-9// Из материалов референдума 2016 года; «Справка-обоснование к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в Конституцию Кыргызской Республики»*
[19] *Сравнительная таблица к проекту закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в Конституцию Кыргызской Республики//Эркин Тоо. 15-ноябрь 2016-жыл.*
[20] *Сравнительная таблица к проекту... –С.9-14; Эркин Тоо. 15-ноябрь 2016-жыл.*
[21] *Раздаточные материалы всенародного референдума 2016 г. «Таблицы поправок в Конституцию Кыргызской Республики». Июль 2016 года.*

**ошондой эле толук иштелип чыккан редакциясы"** (2016.29.08. карата) коомдук талкуунун жүрүшүндө келип түшкөн сунуштар жана сын пикирлер жана алардын Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан колдоо тапкандыгы эске алынып жарыяланган. Үч бөлүктөн турган таблицанын биринчи сабында:

**1. 2010-жылдагы Конституциянын иштеп жаткан беренелери;**

**2. Коомдук талкуу үчүн редакция;**

**3. Толук иштелип чыккан редакция коомдук талкуу учурунда келип түшкөн сунуш, сын-пикирлерди, алардын Президент тарабынан колдоо тапкандыгын эске алып жайгаштырылган.**[20]

Талкуудан кийин 2016-жылдын декабрында 2010-жылкы Конституцияга референдумдун - бүткүл элдик добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Ошол 2016-жылы Конституцияга төмөндөгү өзгөртүүлөр, толуктоолор, тиешелүү жоболор киргизилгенин белгилей кетели:

- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу процедураларына өзгөртүү киргизилди;
- депутаттык кол тийбестик жана иммунитет жөнүндөгү жоболордун кайра каралды;
- фракциядан чыгаруу жана Жогорку Кеңештин депутаттарын чакыртып алуу жөнүндөгү жаңы процедураларын киргизилди;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасын жана төрага орун басарларын шайлоо процедуралары өзгөртүлдү;
- Жогорку соттун Конституциялык палатасынын укуктук статусу кайра каралды;
- Кыргыз Республикасынын парламенти тарабынан Конституцияга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү механизмдери өзгөртүлдү;
- мыйзам долбоорунун демилгечилеринин пикири боюнча, Өкмөткө премьер-министр катары өткөн депутатка анын отставкасынан кийин депутаттык кызматка кайтууга берилген мүмкүнчүлүк дагы бир "жаңылык" болуп саналат. Ушундай өзгөртүү Конституциясынын 72-беренесине киргизилди;

---

[20] *Раздаточные материалы всенародного референдума 2016 г. Трехглавая «Сравнительная таблица действующей редакции Конституции, поправок в Конституцию, вынесенных на общественное обсуждение, а также доработанной редакции (на 29.08.2016 г.), с учетом предложений и замечаний, поступивших в ходе общественного обсуждения и поддержанная Президентом Кыргызской Республики". Августь, 2016 года.*

• жаңы Конституцияда эркек менен аялдын ортосундагы үй-бүлөлүк мамилени нике аркылуу тааный тургандыгы аныкталды;

• фракция парламенттик көпчүлүктөн чыгуу жөнүндөгү токтомго кол коюуга милдеттүү болгон өзүнүн депутаттарынын 2/3 добушунун негизинде чыгаары такталды;

• парламенттик көпчүлүк (коалиция) бузулган учурда көпчүлүк депутаттар кайрадан ЖК төрага кызматына жаңы талапкерди бекитишээри бекитилди;

• Президент, депутаттар, Өкмөт мүчөлөрү, Баш прокурор, Эсептөө палатасынын башчысы, БШК төрагасы жана анын орун басарлары, соттор конституция өзгөртүлгөндөн кийин, өз ыйгарым укуктарын өз мөөнөтү бүткөнгө чейин сакташаары баса белгиленди.

2016-жылдын 3-ноябрында **"Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча "Референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) белгилөө жөнүндөгү"** мыйзамына ылайык, 2016-жылдын 11-декабры референдум өткөрүү күнү катары белгиленгени маалым. Ошентип, ушул чечимге ылайык, шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссия аталган мыйзам долбоору боюнча 2016-жылдын 11-декабрында референдумду өткөрүүгө даярдыктар менен камсыз кылып, бүткүл элдик добуш берүүнү ийгиликтүү өткөргөн.[23] 2016-жылдын 22-декабрында референдумдун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын токтому чыккан. Анда референдумга катышуу тизмесине киргизилген жарандардын бардыгы - 2816423; референдумга катышкандардын, добуш берүүгө келгендердин жалпы саны - 1190752 же референдумга катышуу үчүн тизмеге киргизилген жарандардын жалпы санынын 42,28 пайызын түзгөн. Референдумда добушка коюлган маселени: "колдогондордун саны 948185 же катышуучулардын 79,63 пайызы; "каршы" 185140 же референдумга катышкандардын, добуш берүүгө келгендердин 15,55 пайызын түзгөн. "Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндөгү" конституциялык мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча

---

*[23]Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви -Ф.1. Т.1.К.14869. Б.111-114//Материалы к закону Кыргызской Республики от 28 декабря 2016 года. №218. С.87-119; Официальный сайт ЦИК КР. 22 декабря 2016 года.*

Борбордук комиссиясы токтом кылат: "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөтүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" республиканын Жогорку Кеңешине 2016-жылдын 3-ноябрында кабыл алууга жиберилген жана 2016-жылдын 4-ноябрында "Эркин Тоо" гезитинин 94-номерине жарыяланган Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча болуп өткөн референдумдун (бүткүл элдик добуш берүү) жыйынтыгы таанылсын.[22] Бул токтом "Эркин Тоо" газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.[23]

Ошентип, 2016-жылдын 11-декабрындагы референдумдун (бүткүл элдик добуш берүүнүн) жыйынтыгына ылайык, өлкөнүн Конституциясына 2016-жылдын декабрында өзгөртүүлөр киргизилген. Кыргыз мамлекетинин Конституциясынын өзгөртүлгөн жаңы, расмий түп нускасы өлкө Президентинин жарлыгы менен 2017-жылдын 27-январында расмий сайттарга, ММК жана өзүнчө китепче болуп жарыяланган.[24]

Дал ушул жолку конституциялык реформалоодо, биринчи жолу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын түп нускасы Президенттик Аппаратта сакталышы тууралуу жобо күчүнө кирген. Биздин пикирде, 2010-жылдагы Баш мыйзамдын түп нускасына байланышкан чуулгандуу казустар болбосун деген саксынуудан улам ушул кадамга барышкан болуш керек.

Натыйжада, биз Кыргызстан элдери, Кыргыз мамлекети, ошол учурдан баштап, бүгүнкү күнгө чейин Конституциянын акыркы, сегизинчи редакциясынын алкагында жашап келе жатабыз. Акыркы конституциялык реформанын натыйжалары бизди, өлкөбүздү туруктуулукка, өнүгүү жолуна, саясий жактан өз ара түшүнүшө билүүгө, өлкөбүздүн гүлдөп өсүп-өнүгүшүнө алып барат деген үмүтүбүз чоң. Бул акыркы жана жыйынтыктоочу конституциялык реформа деп айта албайбыз. Келечекте бул багыттагы мамлекетибиздин кадамдары кандай болушун убакыт менен турмуш көрсөтөт.

---

[22] *Официальный сайт ЦИК КР. 22 декабря 2016 года. Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви Ф.1.Т.1.*
*К.14869.Б.109,109 арткы бети,110.*

[23] *Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. Ф.1.Т.1.К.14869.Б.109,109 арткы бети,110*

[24] *Конституция Кыргызской Республики// Официальный сайт Президента Кыргызской Республики от 27 января 2017 года; Конституция Кыргызской Республики. –Бишкек, 2017.*

Улуттук мамлекеттин укуктук бирдиктүү эволюциялык жараяны катары Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолунун этаптарын аныктоо маселесине кайрылышыбыздын натыйжасы, жалпысынан, тарых үчүн да, юриспруденция үчүн да актуалдуу илимий көйгөйлөрдү коюп, заманбап илимий принциптер менен анын тарыхый маанисин жана обьективдүүлүгүн аныктоо талабын коюуга жасалган аракет болуп саналат.

Кандай болсо да, 2016-жылдагы акыркы конституциялык реформа, Баш мыйзамды толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен биз эгемендүү, көз карандысыз Кыргыз Республикасынын келечегин тандаганыбызды эстен чыгарбоо керек. Акылман кыргыз эли, жалпы эле кыргызстандыктар "жети өлчөп, бир кесип", мамлекетибиздин ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылган жолду туура тандаган деген ишенимдебиз.

Ошентип, биз өз изилдөөлөрүбүздүн натыйжасында эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык реформаларынын тарыхын ар тараптан иликтеп төмөнкү тыянактарга келдик:

- Биз алгачкылардан болуп кыргыз тарыхында көз карандысыз Кыргыз Республикасынын конституциялык реформаларынын тарыхый өнүгүү жараянына кеңири сересеп салып, колдо бар архивдик расмий документтерди, кошумча материалдарды терең изилдеген аракеттерибиздин натыйжасында, эгемендүү кыргыз мамлекетинин конституциялык өнүгүүсүнүн негизги этаптарын, өзгөрүү мезгилдерин тактап чыктык;
- Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы жылдарынын зор тарыхый, саясий, укуктук мааниге ээ болгон, жаңы доордогу, жаңы мамлекеттин Баш мыйзамынын долбоорун даярдоо боюнча 1990-жылы түзүлгөн, бирок өз ишмердүүлүгүн 1991-жылы баштаган атайын конституциялык комиссиянын ишмердүүлүгүн кенен чагылдырдык;
- Изилдөө мезгилинде кыргыз мамлекетинин тарыхында биринчи жолу улуттук мамлекеттин Конституциялык концепциянын атайын чакан жумушчу топ иштеп чыкканын, анын натыйжасында болочок Конституциянын долбоору даярдалганын аныктадык;
- Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин алгачкы Баш мыйзамын даярдоо үчүн ошол кездеги Президент А.Акаев жетектеген, курамы 50 адамдан атайын конституциялык комиссиянын толук тизмеси такталып, алардын ээлеген кызматы, кесиптик жана улуттук курамы аныкталып, анализ жүргүзүлдү;
- Жогорудагы конституциялык комиссиянын курамындагы 50 адамдын болгону 8 мүчөсү эле практик юристтер жана окумуштуу укук

таануучулар болгону аныкталды. Мамлекеттик курулуштан, түзүлүштөн жана конституционализмден кабары бар, дал ушулар адистер жаңы Конституциянын долбооруна олуттуу, омоктуу, жүйөлүү, конкреттүү сунуштары, кошкон салымдары тастыкталды;

• 1993-жылкы Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын долбоорунун даярдалуусу, анын ар тараптуу талкуусу жана кабыл алынуусу кеңири изилденип, көптөгөн тарыхый, саясий документтер илимий айлампага киргизилди.

• Кыргыз Республикасынын биринчи Баш мыйзамынын тарыхый, саясий, укуктук мааниси, анын мазмуну, маңызы жеткиликтүү деңгээлде иликтенди;

• Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык реформаларынын, 1996-жылда башталган алгачкы этаптарын, алардын өзгөчөлүктөрүн, башка өзгөрүүлөрдөн айырмачылыгын аныктап, тактап көрсөтүүгө аракет кылдык;

• Эгемендүү Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында өзгөчө орунду ээлеген, Кыргыз мамлекетинин тарыхында бурулуш окуяны жасаган, бир катар олуттуу коомдук, саясий өзгөрүүлөргө алып келген 2005-жылкы Март революциясынан кийинки конституциялык реформаны турмушка ашырган, 24 коомдук уюм жана 50 саясий партия тарабынан сунушталып, Президент К.Бакиев тарабынан түзүлгөн жана өзү жетектеген Конституциялык кеңешменин 277 мүчөсүнүн тизмеси табылып, ар тараптан иликтенип, алардын курамы архивдик документтерден аныкталды;

• Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолунда 2010-жылдагы реформалык кадамдар, Баш мыйзамдын Апрель революциясынан кийинки коомдук, саясий, мамлекеттик курулуш жана түзүлүштөгү абалды эске алуу менен өзгөртүлүүсү да өзгөчө мааниге ээ экендиги аныкталды;

• 2010-жылдагы конституциялык реформага толугу менен Р.Отунбаева жетектеген Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү жана Баш мыйзамды өзгөртүүгө жооптуу, ошол "Конституциянын атасы" аталган Убактылуу Өкмөттүн мүчөсү Ө.Текебаевдин жоопкерчилигинде болгону тастыкталды;

• Кыргызстандын келечектеги кадамдары, өсүп-өнүгүүсү 2020-жылга чейин мораторий коюлганына карабай өзгөртүүгө мажбур болгон 2016-жылдагы конституциялык реформага байланыштуу экендиги аныкталып, ага ар тараптуу сересеп салынды. Албетте, бул конституциялык реформа Кыргызстанда жүргүзүлгөн акыркы этап болуп калат, мындан башка өзгөрүү болбойт дегенге эч ким кепилдик бербесин баса белгилегибиз келет;

• Биз экинчи баптын жыйынтыктоосунда дагы бир жолу, болочок муундар үчүн эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасынын конституцялык концепциясына, биринчи Конституциясынын, андан кийинки Баш мыйзамдардын өзгөртүлгөн долбоорлорун даярдап, элге тартуулап, Кыргыз мамлекетинин өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн, атайын жумушчу топтун, конституциялык комиссиянын жана кеңешменин персоналдык курамын төмөндө таблица иретинде бердик. Максатыбыз Кыргызстандын келечек муундары, эгемендүүлүк доорунун Баш мыйзамдарын кимдер даярдап, долбоорун жазган, ошол Констиитуциялар үчүн кимдер жооптуу экенин, колдо бар архивдик документтерге таянып, келечек муундар билсин деген таризде маалымат берип жатабыз.

**Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасынын доорундагы**
**Конституциялык жумушчу топтун, комиссиялардын жана кеңешменин курамы**

<table>
<tr><td>1992-жылы. түзүлгөн Констититуциялык камиссиянын жумушчу тобунун чакан курамы</td><td colspan="3">• Левитин Л.И. –мамлекет башчысынын кеңешчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор, жумушчу топтун жетекчиси:<br>• Нарымбаев Д.И.- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын укук бөлүмүнүн башчысы, мүчө;<br>• Косаков С.К. - Кыргыз Республикасынын Юстиция министринин биринчи орун басары, мүчө;<br>• Укушов М.К.- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин башкармалыгынын башчысы, мүчө;<br>• ЧолпонбаевМ. - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин башкармалыгынын башчысы, мүчө (комиссиянын курамы 5 адам)</td></tr>
<tr><td><u>1992-жылкы</u><br><u>Конституциялык</u><br><u>комиссия</u><br>(кеңейтилген курам</td><td>• Акаев А. – төрага<br>• Шеримкулов М. – төраганын орун басары<br>Мүчөлөрү:<br>• Абакиров Э.<br>• Абакиров О.<br>• Абдыдлаев М.<br>• Ахималиев Ж.<br>• Акматов К.</td><td>• ДжумагуловА.<br>• Усубалиев И.<br>• Забара В.С.<br>• Кулов Ф.Ш.<br>• Косаков С.<br>• Левитин Л.И.<br>• Логвинов М.И.<br>• Мамыров А.<br>• Мукамбаев У.<br>• Муралиев А.М.</td><td>• Кенесариев А.<br>• Кузнецов Г.С.<br>• Айтматов<br>• .Сугалинов А.<br>• Сыдыков Б.<br>• Табалдиев С.Р.<br>• Текебаев О.Ч.<br>• Топчубек Тургуналы<br>• Кожомбердитегин</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | • **Аманбаев Ж.**<br>• **Ашыралиев К.**<br>• **Баекова Ч.Т.**<br>• **Базаркулов М.**<br>• **Бердалиев К.**<br>• **Бобулов К.**<br>• **Ибраибаев С.И.**<br>• **Ишимов Б.Б.**<br>• **Кальчинов Д.А.**<br>• **Касымбеков Г.** | • **Осмонов Б.О.**<br>• **Орионов Э.**<br>• **Саидалибеков Ж.**<br>• **Сабиров Д.М.**<br>• **Садыков Ж.**<br>• **Сарыгулов Д.И.**<br>• **Аматов Б.**<br>• **Султангазиев А.** | • **Турганов К.А.**<br>• **Усубалиев Т.У.**<br>• **Хакимов З.Х.**<br>• **Чолпонбаев М.**<br>• **Чистиков В.П.**<br>• **Чынгышев Т.**<br>• **Щелочков Г.Г.**<br>**(50 адам)** |
| ***2005-жылкы Конституциялык кенешменин курамы – баары 277 адам***<br><br>К.С. Бакиев – төрага;<br>мүчөлөрү:<br>А.А.Сасыкбаев,<br>А.Т.Керимкулов,<br>Б.Р.Зулпиев,<br>И.Абдразаков,<br>А.Абдрасулова,<br>Ө.Абдрахманов,<br>И.Э.Абдурасулов,<br>Н.Т.Аб дылдаев,<br>Н.К.Абдымажитов,<br>Н.А.Аблова,<br>Р.Авазбеков,<br>К.Ажибекова,<br>Б.Э.Ажикеев,<br>Н.Азимжанов,<br>Ж.К.Азылов,<br>Д.Н.Аильчинова,<br>И.Р.Айдаралиев,<br>С.Айжигитов,<br>Т.С.Айтбаев,<br>К.Айтикеев,<br>А.Акматалиев,<br>Н.К.Алиев,<br>Э.Алиев,<br>А.Алиппева,<br>Т.Алыбаев,<br>Э.Ж.Алымбеков,<br>Т.Андашев,<br>А.Арабаев,<br>А.Арзиев,<br>Б.Арстанбекова,<br>О.М.Артык баев,<br>С.Артыкбаев, | Л.В.Гутниченко,<br>А.А.Даалетов,<br>А.Жекшенкулов,<br>Ж.Жолдошев,<br>М.К.Жураев,<br>Ж.А.Жээнбеков,<br>В.И.Диль,<br>Г.Доморбекова,<br>Ж.Д.Досматов,<br>И.Досонов,<br>О.Дүйшеев,<br>А.А.Дүйшөмбиев,<br>К.С.Дыйканбаев,<br>З.И.Жамалдинов,<br>А.Жаманкулов,<br>З.Жамашев,<br>Н.Б.Жангараев,<br>Д.Жандаралиев,<br>Ж.Жандаралиев,<br>А.Ү.Жапаров,<br>С.Ш.Жээнбеков,<br>Ж.Жекшеев,<br>В.Г.Житенова,<br>К.Жолдошбаев,<br>Л.Жолмухамедова,<br>Т.А.Жоробеков,<br>Т.Жумабаева,<br>Д.И.Жусупов,<br>Р.Жусупова,<br>З.А.Зажигаева,<br>Н.Имакеев,<br>К.К.Иманалиев,<br>Э.Иманкожоева,<br>Ж.Исаков,<br>И.И.Исаков,<br>К.А.Исаков,<br>Э.Исаков,<br>Э.А.Исаков,<br>И.И.Исамидинов,<br>Б.Исмаилов,<br>Т.К.Исмаилова, | Ш.Кудабаева,<br>Т.И.Калмурзаев,<br>Ф.Ш.Кулов,<br>Э.Кулупбаев,<br>Т.Курманалиев,<br>А.Т.Курманов,<br>З.К.Курманов,<br>С.Кушубаков,<br>М.Лисицына,<br>С.Маатов,<br>А.К.Мадумаров,<br>Ш.Ю.Майчиев,<br>К.Макеев,<br>К.Макежбаева,<br>Ю.Максимов,<br>Ж.Максимова,<br>Б.Малабаев,<br>О.А.Малеванная,<br>М.Т.Мамасаидов,<br>А.Мамасалиев,<br>К.Мамбеталиев,<br>К.И.Мамбеталиев,<br>О.Ш.Мамаюсупов,<br>Э.А.Мамыркалиев,<br>Б.М.Мамытов,<br>Б.Марипов,<br>И.М.Масалиев,<br>К.Масиров,<br>С.Медеров,<br>Ш.Медетбеков,<br>М.Миррахимов,<br>К.М.Молдобаев,<br>К.Молдогазиева,<br>К.Молдокасымов,<br>М.Мукашев,<br>М.Мураталиев,<br>Р.М.Мурзалимов,<br>Б.Мурзубраимов,<br>Б.Назаралиев,<br>А.А.Назаров,<br>Д.И.Нарымбаев, | Д.Садырбаев,<br>К.Садыров,<br>Б.Сайдылдаев,<br>Р.А.Салиев,<br>К.С.Самаков,<br>А.С.Сапарбаев,<br>Т.А.Сариев,<br>Д.И.Сарыгулов,<br>Ж.Сатыбалдиев,<br>Б.Сатыбалдиева,<br>Т.Сеитов,<br>Г.Г.Семененко,<br>Г.А.Скрипкина,<br>А.Ф.Султанбеков,<br>М.А.Султанов,<br>М.А.Суталинов,<br>И.Сыдыков,<br>К.Сыдыкова,<br>Б.Б.Табалдиев,<br>Р.Т.Тагаев,<br>М.Тазабеков,<br>К.Талиева,<br>Д.Ташбулатов,<br>К.К.Ташиев,<br>С.Ташматов,<br>О.Ч.Текебаев,<br>К.Т.Темирбаев,<br>Г.Темирбекова,<br>М.Тилебалиева,<br>А.М.Товмаш,<br>А.Тогусаков,<br>Ю.Ж.Тойчубеков,<br>И.Н.Токоев,<br>Г.А.Токомбаев,<br>М.Токомбаева,<br>Э.Токтомамбетов,<br>М.Токтомушев,<br>Э.Токторов,<br>Б.Г.Түгөлбаева,<br>Б.Түлөбаев,<br>Т.Т.Тургуналиев, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| А.А.Артыков, | А.Исраилов, | М.Ниязакунов, | М.Т.Түркменов, |
| Асаналиев, | К.Каамытов, | Ж.Ниязов, | А.А.Турсунбаев, |
| А.Атамбаев, | А.Кадырова, | А.Н.Ниязова, | К.К.Турсунбаев, |
| Ашыркул | Б.К.Кадыркулов, | А.Ногоев, | Турсунбек Акун, |
| уТокторбек, | Р.Кадырова, | Нур уулу Досбол, | Ч.Турсунбеков, |
| С.Ашырбеков, | М.Т.Каипов, | А.Нургазиев, | К.Турумбеков, |
| Ө.Т.Бабанов, | А.А.Калыбаева, | Р.М.Нурматов, | Б.А.Тухтаматова, |
| Ч.Т.Баекова, | К.А.Каниметов, | Д.Нусупов, | Б.Тыналиев, |
| К.К.Байболов, | Э.С.Каптагаев, | С.Нышаналиев, | Э.С.Үмөталиев, |
| А.Байбураева, | Э.Ө.Карабаев, | К.Б.Өмүралиев, | С.И.Урманаев, |
| Ж.Байгуттиев, | У.С.Каратаева, | К.Өмүралиев, | Т.У.Усубалиев, |
| М.Баймлер, | С.С.Касманбетов, | И.Ш.Өмүркулов, | Ш.Үтөбаев, |
| Э.Байсалов, | А.Касымбаев, | Р.Онолбеков, | В.П.Хон, |
| А.Б.Байтиков, | К.Касымбеков, | Б.Орел, | В.П.Цой. |
| Б.М.Байходжаев, | А.Касымов, | А.Ормонов, | Д.Чотонов, |
| О.Бакиев, | А.К.Келдибеков, | Э.Осмоналиева, | А.И.Чудинов, |
| А.З.Бакиров, | Т.Кененсариев, | А.Осмонов, | Р.Чыныбаев, |
| А.К.Бакыев, | А.Ш.Кенжетаев, | К.Э.Осмонов, | Р.Шаботоев, |
| Р.Ш.Баратов, | Д.Кенжетаев, | О.М.Панкратов, | А.А.Шадиев, |
| К.Б.Бекмуратов, | К.Керезбеков, | К.Райымбеков, | Т.Шайхутдинов, |
| Т.Н.Беков, | Т.К.Койчуев, | К.Райымкулов, | Ч.Б.Шамшиев, |
| К.А.Бектемиров, | С.Колдошева, | М.Рустамбеков, | В.И.Шаповалов, |
| С.Белеков, | К.Т.Конгантиев, | А.О.Рысбекова, | С.Шаршеев, |
| К.Бердалиев, | Х.З.Коркмазов, | А.Рыскулова, | М.Шеримкулов, |
| А.Бердыев, | А.К.Кочкоров, | Б.Р.Рыскулова, | Б.Э.Шерниязов, |
| Ж.Биримкулов, | А.Кочкорбаев, | Д.Сабиров, | А.Э.Эркебаев, |
| А.Биялинов, | Р.Кошмуратов, | А.Сагындыков, | З.С.Эсенаманов, |
| Б.Ү.Бозгорпоев, | А.Ш.Кошобеков, | Садык Шер-Нияз, | А.К.Эстебесов, |
| М.А.Борбиев, | А.Б.Красин, | Садыр уулу | М.А.Эшимканов |
| Т.Боромбаева, | Н.Вовнейко, | Жумагазы, | И.Ганикулов, |
| Р.Бостонов, | З.Вудженью | | А.Гафаров, |

| | | |
|---|---|---|
| ***2010-жылкы Конституциялык комиссиянын курамы*** | • **Жооптуулар:** | • **И.Д.Кадырбеков** |
| | • **Р.И.Отунбаева** | • **А.Бекназаров** |
| | • **А.Ш.Атамбаев** | • **А.Эркебаев** |
| | • **Т.А.Сариев** | • **Ч.И.Арабаев** |
| | • **Э.С.Каптагаев** | • **Э.Т.Мамыров** |
| | • **И.Ш.Омуркулов** | • **Э.Алымбеков** |
| | • **Д.Т.Чотонов** | • **Э.Т.Осконбаев** |
| | • **Э.С.Ибраимова** | • **Н.Б.Садыков** |
| | • **И.И.Искакова** | • **А.Ж.Салянова** |
| | • **Т.Тургуналиев** | |

Ошентип, авторлор бул баптагы койгон максатарыбызга жетишип, милдетибизди толук аткарып, окурмандарга биз иликтеген маселелер боюнча кеңири маалыматтарды берип, аларга өлкөбүздүн архивдеринен табылган материалдарыбызды жеткиликтүү деңгээлде тартуулай алдык деген пикирдебиз.

## КОРУТУНДУ

Ошентип, биз өз изилдөөбүздө Кыргызстандын конституциялык өнүгүү жолун, Кыргыз мамлекетинин ар түрдүү мезгилдерде, коомдук, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий шарттарга байланыштуу кабыл алынган, өз доорунун талаптарына шайкеш, Баш мыйзам иретинде вазыйпаларын, дээрлик, толук аткарган өлкөбүздүн Конституцияларынын пайда болуу, жазылуу, талкуулоо жана кабыл алуу тарыхын ар тараптан, терең изилдеп чыктык. Классикалык Конституция түшүнүгү, анын өзү пайда болгон Кеңеш доорунан бүгүнкү күнгө чейинки Баш мыйзамдардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн атайын комиссиялардын курамы, ишмердүүлүгү, алардын ар тараптуу кадамдарына байланышкан маселелерди иликтеп чыктык. Негизинен, бизге чейин Кыргыз АССРинин (1929-ж.), Кыргыз ССРинин (1937,1978-жж.) Конституцияларынын, ошондой эле эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын конституциялык реформаларына байланышкан маселелерди кыргыз тарыхчыларынын арасынан эч ким изилдеген эмес. Дагы бир жагдай, убагында кабыл алынган ар бир Конституциянын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн атайын комиссиялардын персоналдык жана улуттук курамын, алардын ишмердүүлүгүн жана натыйжасын, аларды талкуу жана кабыл алуу жараянын тарыхый өңүттө бир да тарыхчы изилдөөгө кызыккан эмес. Биздин пикирибизче, ар бир Конституциянын укуктук негиздерин, маани-маңызын терең иликтеген Кыргызстандын юристтери да бул жараяндын тарыхый жагына кызыгышкан эмес. Демек, дал ошол актай калган тарых барактарын толуктоого биз бар дараметибизди жумшап, аракет кылдык.

Ошондон улам, биз архивдик документтерге, андагы тарыхый булактардын кең чөйрөсүнө жана бир катар көмөкчү материалдарга таянып, бул маселени терең изилдөөнү ишке ашыра алдык. Биз өз изилдөөлөрүбүздүн жүрүшүндө, бир топ тарыхый, саясий, персоналдык фактыларды аныктадык. Айрыкча, биздин Баш мыйзамдарыбызды кимдер, качан, кантип даярдагандыгы жөнүндө тарыхый чындыкты калыбына келтиргендигибиз өзгөчө маанилүү иш болуп саналат. Архивдик документтерге таянып, биз биринчи жолу 1929-жылдагы Кыргыз АССРинин, 1937-1978-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн атайын комиссиялардын бардык мүчөлөрүнүн тизмесин аты-жөнүн, ээлеген кызмат орду, алардын улуттук, кесиптик курамы менен толук калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк алдык. Мисалы, 1926-жылдын 25-февралында

Кыргыз облустук аткаруу комитетинин алдында болочок Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын долбоорун даярдоо боюнча атайын комиссия алгач 4, андан соң 7 адамдан турган. Кийинчерээк Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясынын долбоорун даярдоо боюнча түзүлгөн комиссиянын курамы 21 адамга чейин көбөйтүлгөнү, биринчи конституциялык комиссиянын төрагасы А.Орозбеков болгонун аныктадык. Биз алардын баарын таап, тактап, илимий -тарыхый айлампага киргиздик. Дал ошолор алгачкы Баш мыйзамдын долбоорун даярдап, тиешелүү бийлик органдарынын назарына, баалоосуна жана бүткүл элдик талкуууга алып чыгышкан. Ошол эле кезде Кыргыз ССРинин 1937-жылкы Конституциясын даярдоо боюнча түзүлгөн, курамында 21 адамдан турган атайын конституциялык комиссияны кызмат абалы боюнча укуктуу болгон, Кыргыз АССРинин, Кыргыз ССРинин Борбордук аткаруу комитетинин Президиумунун төрагасы Абдыкадыр Орозбеков эмес, Кыргызстан ОК, кийин КП БК(б) нын биринчи катчысы М.Л.Белоцкий жетектеп калган. Мунун өзү эле укуктук жактан да, кызматтык жактан да туура эмес болуп, ошол кездеги коммунисттик партиянын чексиз үстөмдүгүн дагы бир жолу көрсөтүп койгон. Анткени 1936-жылдан баштап А.Орозбековдун башынан кара булут айлана баштаган эле. Ошондон улам кыргыз эли, мамлекети үчүн мындай маанилүү миссия, вазыйпа Москванын адамы болгон М.Л.Белоцкийге жүктөлгөнү талашсыз.

Кыргыз ССРинин 1978-жылы кабыл алынган Конституциясынын долбоорун даярдоо, талкуулоо жана кабыл алуу жараянын уюштуруу, ошол эле жылы түзүлгөн курамы 47 мүчөдөн турган республиканын Конституциялык комиссиясын Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Т.У.Усубалиев жетектеген. Башкача болушу мүмкүн эмес эле. Партиялык жетекчилердин иш тартиби бизде эле эмес, башка республикаларда жана борбордо да ушундай болгон. Албетте, биздин республикабыз ал тартиптен сыртта калган эмес. Бирок кызмат орду боюнча республикалык конституциялык комиссияны Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы Т.Кулатов жетектеши керек эле. Тилекке каршы, андай болгон эмес. Биз ал адамдын жаш курагына байланыштуу конституциялык комиссиянын ишине аралаштыргылары келбесе керек деген ойдо калдык. Дал ошол комиссия эсеп боюнча өлкөбүздүн үчүнчү Конституциясын иштеп чыгып, бүткүл элдик талкууга алып чыгып, тийиштүү органдар аркылуу кабыл алган.

Тарыхчылар катары да, Кыргыз Республикасынын жарандары катары да 1993-жылдагы Кыргыз Республикасынын, эгемендүү улуттук

мамлекетибиздин, алгач Конституциялык концепциясын, кийин Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн жумушчу топтун, биринчи конституциялык комиссиянын курамынын аныкталышы, алардын ар тараптуу ишмердүүлүгү биз үчүн абдан маанилүү экени талашсыз. Белгилүү болгондой, 1990-жылдын 27-октябрында республиканын 12 чакырылыштагы Жогорку Кеңеши **"Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясынын (Баш мыйзамынын) долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссия түзүү жөнүндө токтом"** кабыл алган. Ал учурда кырдаал башка, мамлекетибиздин расмий аталышы да башка эле. 1990-жылы түзүлгөнүнө карабай бул комиссия өз ишин, ошол кездеги коомдук, саясий, социалдык-экономикалык кырдаалга, коомдогу олуттуу өзгөрүүлөргө байланыштуу, аталган конституциялык комиссия өз ишин 1991-жылдын апрель айында араң баштаган. Ишти алгач курамына 5 адам кирген, профессор Л.И.Левитин башында турган жумушчу топ баштаганы такталды. Бул топ алгач жаңы Кыргызстандын конституциялык концепциясын, андан кийин гана анын негизги жоболоруна шайкеш келген, эгемендүү Кыргызстандын жаңы Баш мыйзамынын долбоорун иштеп чыгышкан. 1992-жылдын июнунда жогорудагы чакан топко 50 адамдан турган кеңейтилген курамдагы конституциялык комиссия кошулуп, натыйжалуу иш аракеттерге киришкен. Алар өз ишмердүүлүгүн **"Республика Кыргызстандын жаңы Конституциясынын (Баш мыйзамынын) долбоорун иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн комиссия"** тууралуу токтомдун алкагында баштаган. Бул жолку конституциялык комиссиянын ишмердүүлүгүн тунгуч Президент А.Акаев өзү жетектегени да маалым. Дал ушул конституциялык комиссия, эгемендүү Кыргыз Республикасынын алгачкы Баш мыйзамынын долбоорун иштеп чыгып, тиешелүү талкууларды уюштуруп, алардын натыйжасында республиканын "легендарлуу парламент" атка конгон Жогорку Кеңешинде 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган. Бул көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин тарыхындагы зор саясий, тарыхый мааниге ээ болгон окуя экени шексиз.

Бирок бул жолку Баш мыйзам, Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсүнүн жаңы доорунун башаты болгонун кийин билдик. Өлкөдөгү коомдук, саясий турмуштагы, мамлекеттик курулуштагы жана түзүлүштөгү өзгөрүүлөр, тунгуч жана кийинки Президентибиздин жеке амбицияларынын күчөшү, алардын бийлик укуктарын кеңейтүүгө, үй-бүлөлүк режимди орнотууга болгон аракеттери конституциялык өзгөртүүлөргө тез-тез барууга жол ачты. Ошентип, Баш мыйзамды реформалоо 1996-жылы башталып, кыска мөөнөттө, 2010,2016-жылдары

уланган конституциялык өзгөрүүлөрдү кошкондо, эгемендүүлүктүн доорунда эле **сегиз** жолу Баш мыйзамды реформалоону баштан кечирдик.Эгер математикалык эсепке салсак, бул деген 26 жылдын, ар бир 3 жылда бирден өзгөрүү болуптур дегенге тете болот.

Ошентип, биз өлкөбүздүн ар бир Конституциясынын жаңы долбоорлору качан, ким тарабынан, кантип даярдалгандыгы, кандай талкууланып, кабыл алынган тарыхын, ошол Баш мыйзамдардын мазмуну, маани-маңызын ар тараптуу изилдеп, аларды иштеп чыккан ар бир комиссия мүчөлөрүнүн тизмесин, аты-жөнү, ээлеген кызматы менен тактоого жетиштик. Ошондой эле Кыргызстандагы конституция түшүнүгүнүн келип чыгуусу, калыптануусу жана өнүгүү жараяны, эгемендүү Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформалардын негизги этаптары, алардын кандай жол менен өнүккөндүгүн изилдедик. Жогорудагылардын бардыгы азыркы жана кийинки муундагы кыргызстандыктар үчүн, дал ошол Баш мыйзамдарыбызды кимдер, кантип, кандай маани-мазмунда даярдаганын жөнүндө толук маалымат берүү үчүн жасалды. Кыргызстандын тарых илиминде ушул күнгө чейин өлкөбүздүн конституциялык өнүгүү жолуна тиешелүү, биз көтөргөн маселеге эч ким кайрылгандыгын дагы бир жолу баса белгилөөгө болот. Ошондон улам, биз колубузга тийген архивдик иш кагаздардын негизинде, тандап алган маселебизди ар тараптуу ачып берүүгө аракет жасадык. Биз өз максатыбызга толук жетип, алдыга койгон милдеттерибизди аткардык деген пикирдебиз. Албетте, кийинчерээк биз көтөргөн маселелер боюнча башкача ой-пикирлер, көз караштар болушу толук ыктымал. Андай аракеттер биздин изилдөөбүздү дагы толуктаарына терең ишенебиз.

Ошентип, биз **“Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсү: тарыхый сересеп”** аттуу эмгегибизде Кыргызстандын 1929-жылдан 2016-жылга чейин кабыл алынган Баш мыйзамдарын ар тараптан терең изилдеп, болгон тарыхый маалыматтарды сиздерге тартуулай алдык. Демек, биз өз вазыйпабызды дээрлик толук аткардык десек болот.

Басуута берилди: 15.12.2020-ж.
Форматы 60х84 1/16 Көлөмү: 11,7 б.т.
Нускасы: 600 д. Буюртма: №36
«Book-дизайн» компьютердик кызматтары
Ош шаары, И.Сулайманов к. №3.